**Койлубаева А.К., Түмөнбаева Ж.А.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА АЗЫРКЫ САБАКТЫН МОДЕЛДЕРИ

## (экинчи бөлүк)

**Каракол - 2015**

УДК

Эмгек К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасында аткарылды

Койлубаева А.К., Түмөнбаева Ж.А.

Кыргыз тили боюнча азыркы сабактын моделдери. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети. – Каракол, 2015

Колдонмодо кыргыз тили сабактарынын учурдун талаптарына ылайык өтүүнүн жолдору, үлгүлөрү сунушталат. Кыргыз тили мугалимдери жана ЖОЖдордун студенттерине арналат.

Колдонмо кафедранын, факультеттин жана университеттин окуу-методикалык кеңешинде талкууланып, басууга сунуш кылынды

Жооптуу редактор: филология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу А.Т.Дунканаев
Корректор: кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу Э.Наматова

## Кириш сөз

Колуңуздардагы китеп «Кыргыз тили боюнча азыркы сабактардын моделдери» деген колдонмонун 2-бөлүгү болуп эсептелет.

Колдонмого жалпы билим берүүчү орто мектептерде өтүлүүчү кыргыз тили сабагынын азыркы заманбап, интерактивдүү методдорду колдонуу менен түзүлгөн үлгүлөрү киргизилди.

Сабактардын натыйжалуу өтүшү мугалимдин жеке адистик чеберчилигине, тажрыйбасына, чыгармачылык изденүүсүнө, өз кесибине, балдарды окутуп, тарбиялоодогу жогорку жоопкерчилик мамилесине байланыштуу.

Бүгүнкү педагогиканын жана методиканын талабы булардан тышкары да сабакта жаңычыл методдорду колдонууну, окуучулардын көмүскө таланттарын, жөндөмдүүлүктөрүн ойготууну, тегерегинде болуп жаткан кубулуш, көрүнүштөрдү анализдеп, өз баасын бере алууга жөндөмдүү инсандарды окутуп, тарбиялоону максат кылат. Ошондуктан бул максатты ишке ашырууда биз, мугалимдер, сабакты жөн гана күнүмдүк милдет катары эмес, инсандын келечегин калыптандыруучу, жолго салуучу, асыл максаттарга багыттоочу кымбат, кайталангыс сааттар катары пайдаланып калышыбыз керек.

Колдонмо мына ушул багытта жалпы мугалимдерге, жаш бүтүрүүчүлөргө, практикант студенттерге, методисттерге ишенимдүү жардамчы, таяныч боло алат деген ойдобуз.

Урматтуу кесиптеш, аталган колдонмо – К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун кыргыз тили кафедрасынын мүчөлөрү, «Кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча алдыңкы бүтүрүүчүлөрү, студенттери тарабынан иштелип чыгып, программа боюнча өтүлүүчү сабактардан турду. Келечектеги биздин максат – кыргыз тили боюнча сабактын пландарынын үлгүлөрүн ар бир класс боюнча өз-өзүнчө иштеп чыгуу. Демек, Сиз да

кошулуп, педагогикалык тажрыйбаңызды бөлүшсөңүз болот. Анткени Сиз да мектеп практикасында жараткан ийгиликтериңиз арбын деп ишенебиз жана биз менен байланышууга чакырабыз

**Биздин дарек:** Каракол шаары, К. Тыныстанов көч №32
ЫМУнун 1-окуу корпусу
Кыргыз тили кафедрасы, 317-кабинет

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

## Сабактын темасы - Уңгу, мүчө. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (5-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар сөздүн составдык бөлүктөрү, тагыраак айтканда, уңгу, мүчө, алардын мүнөздүү белгилери жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетишет. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жөнүндө түшүнүк алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучуларды морфологиялык талдоого, сөз жасоочу мүчө жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү бири-биринен айырмалай билүүгө үйрөнүшөт. Ал мүчөлөргө тиешелүү өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Өз оюн эркин жана толук айтууга, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) сөздүн составдык бөлүктөрү, уңгу, мүчө боюнча түшүнүктөрүн тереңдете алса; сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөр боюнча түшүнүк алса;

б) морфологиялык талдоо жүргүзө билсе: сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн өзгөчөлүктөрүн айырмалап билсе;

в) өз оюн эркин, толук айта алса, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе;

**Сабактын тиби** - Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу**: проблемалуу метод жана интерактивдүү методдордун айрым ыкмалары.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, дидактикалык карточкалар жана методикалык колдонмо.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**

**2. Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө тапшырманы текшерүү**

1.Көп маанилүү сөздөр деп кандай сөздөрдү айтабыз?

2.Көп маанилүү сөздөргө мисалдар келтирип, алардын маанилерин түшүндүрүп бергиле?

3.Көп маанилүү сөздөр менен омонимдерде кандай өзгөчөлүктөр бар деп ойлойсуңар?

4.«Көз» деген сөздүн берген маанилерин аныктагыла. Бул омонимби, же көп маанилүү сөзбү? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?

5.Сөздүн өтмө мааниси дегенди кандай түшүнөсүңөр? Мисал келтиргиле.

**Мугалим:** Демек, балдар, биз силер менен өткөн сабакта көп маанилүү сөздөр жөнүндө түшүнүк алганбыз. Өзүңөр белгилеп айткандай, сөздөр бир нече мааниге ээ болсо, анда аларды **көп маанилүү сөздөр** деп айтат экенбиз. Көп маанилүү сөздөр берген бардык маанилеринде бир гана сөз түркүмүнө тиешелүү болот. Анан алардын чыгыш теги бир сөз болот. Ошол сөздүн берген маанисине окшоштуруп, калган маанилери келип чыга турганын да билдик.

Бүгүнкү сабакта силер менен «Уңгу, мүчө. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр» деген теманы өтөбүз. (Мугалим сабакка даярдалган таблицаны доскага илет). Сөз уңгу жана мүчөдөн турат.

**Уңгу дегенибиз** – сөздүн маани берип турган эң кичине бөлүгү болуп саналат. Алар өз алдынча туруп бир маанини билдиришет жана башка сөздөрдүн жасалышына негиз болушат. Ошондой эле тыбыштык жактан өзгөрүүгө учурабаган туруктуу бөлүк болуп саналат.

**Мүчө** – уңгуга уланган, өз алдынча турганда маани бербеген бөлүк болуп саналат. Уңгунун аягындагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга карай бир нече вариантта өзгөрөт. Мүчөлөр уңгуга уланганда гана лексикалык мааниге ээ болот. **Мисалы:***китепкана* деген сөздүн уңгусу – *китеп,* мүчөсү *кана* ж.б. Мүчөлөр аткарган кызматына карай **сөз жасоочу** жана **сөз өзгөртүүчү** деп бөлүнөт. Сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга улангандан кийин анын лексикалык маанисин толук өзгөртүп, жаңы маанидеги сөз жасайт, ошондуктан алар **сөз жасоочу мүчөлөр** деп аталат. **Мисалы:** *самында* деген сөздүн уңгусу – *самын,* мүчөсү -*да*. Бул мүчө сөз жасоочу мүчө болуп саналат, жаңы маанидеги сөз жасады. Тагыраак айтканда, *самын* – зат атооч болсо, *самында* дегенде этиш сөз болду. Демек, -*да* мүчөсү сөз жасоочу -ла мүчөсүнүн өзгөргөн варианты. Мындай мүчөлөр тилибизде өтө көп кездешет.

**Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр болсо,** уңгуга улангандан кийин анын лексикалык маанисин өзгөртпөйт, жаңы маанидеги сөз да жасабайт. Жөн гана ошол сөздүн ар кандай формаларын пайда кылат. Мындай мүчөлөргө жөндөмө мүчөлөр, жак мүчөлөр жана таандык мүчөлөр кирет. Мисалы: *тоого* деген сөздүн уңгусу -*тоо*, мүчөсү -*го*. Бул мүчө уңгуга улангандан

кийин, анын лексикалык маанисин өзгөрткөн жок, жаңы маанидеги да сөз жасаган жок. Жөн гана уңгунун (тоо) ар түрдүү формасын пайда кылды. *Мугалимим* деген сөздүн уңгусу – *мугалим,* мүчөсү – *им.* Бул мүчө (-ым) *мугалим* деген сөзгө уланганы менен анын лексикалык маанисин өзгөрткөн жок. Жаңы сөз да жасай албады. Демек, бул мүчө сөз өзгөртүүчү мүчөгө кирет.

**Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү аткаруу.**

**Берилген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кандай түрү экендигин аныктагыла.**

*Сөзмөр, учкуч, дарыкана, арабачы, кыргызча, атасы, үйдө, толук, энелер, кызматкер, көлдүн, шаарга* ж.б.

**Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп окугула жана алар кандай мүчө экендигин түшүндүргүлө.**

| | |
|---|---|
| *Зергерлер сатат базар…* | *Китеп – билим булаг…* |
| *Билек… салчу жасалга.* | *Билим – өмүр чыраг…* |
| *Акыл ай… жеткирет,* | *Убакыт алтын… кымбат* |
| *Билим көк… жеткирет.* | *Уста темир… да кылыч жасайт* |

Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөндөгүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат:

а) 4-5 окуучуга дидактикалык карточкалар таратуу (1-топ).

б) Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдөн табуу (2-топ).

в) Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрдөн табуу (3-топ).

**Окуучулар өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскада кийинки тапшырманы даярдайт.**

(Сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөгө Венндин диаграммасын түзүү боюнча доскага чиет).

Таратылган дидактикалык карточкалардын жоопторун алат. Андан кийин 2-топко берилген тапшырманын жообун угат жана эмне үчүн бул мүчөлөр сөз өзгөртүүчү мүчө экендигин сурайт. Аягында 3-топко берилген тапшырманы сурап, окуучулар сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрүн айтышат. Мында да мугалим булардын эмне үчүн сөз жасоочу экендигин сурап, түшүнүктөрүн бекемдейт. Сабактын кийинки бөлүгүндө мугалим жалпы окуучулар менен сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө Венндин диаграммасын түздүрөт.

**Сабакты жыйынтыктоо:** Ошентип, биз бүгүн силер менен уңгу, мүчө жана алардын түрлөрү боюнча түшүнүк алдык. Сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга улангандан кийин анын лексикалык маанисин толук өзгөртүп, жаңы

маанидеги сөз жасаса, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уңгунун лексикалык маанисин өзгөртө албай тургандыгын, жаңы маанидеги сөз да жасабай тургандыгын билдик. Алар жөн гана ошол сөздүн ар кандай формасын пайда кылат экен. Мындай мүчөлөргө жөндөмө, жак, таандык мүчөлөр кирет.

**Үйгө тапшырма берүү, аны аткаруунун жолун түшүндүрүү**

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо**

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы: Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөм.**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм жөнүндө маалымат алышат. Анын тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөм, алардын өз ара байланышуу жолдорун үйрөнүшөт.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн жана жөнөкөй сүйлөмдөн болгон айырмачылыктарын билишет. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдө тыныш белгилеринин коюлушун жана оозеки кептеги абалын өздөштүрүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормаларына ылайык туура сүйлөөгө, кыргыз орфографиясынын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга машыгышат. Адептүүлүктүн үлгүлөрүнө тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) кошмо сүйлөмдөр боюнча түшүнүктөрүн тереңдете алса жана багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөм боюнча түшүнүк алса;

б) окуучулар багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн жана жөнөкөй сүйлөмдөн айырмалай билсе, баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдө тыныш белгилерин коө билсе;

в) өз оюн эркин, толук айта алса, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе;

**Сабактын тиби** - Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо**

1.Татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз?

2.Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?

3.Тең байланыштагы татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Мисал келтиргиле.

4.Тең байланыштагы татаал сүйлөм өз ичинен канчага бөлүнөт?

5.Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай жолдор менен байланышат?

**Жаңы тема:** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири айтылып жаткан ойду жыйынтыктаса, экинчиси ага көз каранды болот. Мына ушул өзгөчөлүккө ылайык багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумунда **баш сүйлөм** жана **багыныңкы сүйлөмдөр** болот. **Мисалы:** *Жоо кеткен соң, кылычыңды ташка чап* деген сүйлөмдөгү айтылып жаткан ой *кылычыңды ташка чап* деген бөлүгүндө жыйынтыкталды. Ошондуктан бул бөлүк **баш сүйлөм** деп аталат. Ал эми *жоо кеткен соң* деген бөлүк баш сүйлөмгө көз каранды болуп турат, ошондуктан бул **багыныңкы сүйлөм** болот. Баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн араларына жазууда үтүр белгиси коюлса, оозеки кепте ошол белги коюлган жерде пауза (тыным) болот. Анда, төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп көрөлү:

1. *Булут кайда жылса, көлөкө да ошол жакка жылат.*
2. *Жакшы адамды тапсаң, өмүр бою кол үзбө.*

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу баш сүйлөм менен бирдей формада байланышса дагы, алар ар кандай мааниде колдонулушат. **Мисалы:** 1. *Тартип кайда болсо, жеңиш ошол жерде болот. 2. Акындар сайрап ырдаса, элдин көөнү ачылат. 3. Ал жумуштан үйгө келсе, бөлмөнүн ичи капкараңгы экен.*

Жогорудагы сүйлөмдөрдө баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөм шарттуу ыңгайдын *–са* мүчөсү аркылуу байланышса дагы, берген маанилерине карай ар башка болду. Биринчисинде баш сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдун ордун, экинчисинде айтылып жаткан ойдун шартын, ал эми үчүнчү сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун мезгилин билдирди.

Кээде тескерисинче, багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен ар түрдүү формада байланышса да, берген мааниси боюнча багыныңкы байланыштагы сүйлөмдүн бир эле түрү болот. **Мисалы:** *1. Абай кагазын берип жатканда, Кунанбай жолдогу шаарларды сурады. 2. Лыжачылар тумшукту айланышкандан кийин, алды жактан Чоң-Төр көрүндү. 3. Ал сөзүн бүткөн*

*убакта, студенттер кызуу кол чабышты. 4. Окуучу жооп бергенче, эшиктен атасы кирип келди.*

Жогорудагы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору ар түрдүү формада болгондугуна карабай, бардыгы баш сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдун мезгилин көрсөтүп, мезгил багыныңкы сүйлөм болушту. Мына ушундай өзгөчөлүктөргө байланыштуу багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн бир нече түрлөрү келип чыгат (алардын ар бири өзүнчө саат катары өтүлөт).

**Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат.**

**164-көнүгүүнү окуп, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү таап, баш жана багыныңкы бөлүктөрүн ажыратуу (оозеки).**

**166-көнүгүүнү көчүрүп жазып, татаал сүйлөмдүн бөлүктөрүн үтүр менен ажыратуу. Баш жана багыныңкы бөлүктү аныктап, кайсыл бөлүктө ойдун жыйынтыкталгандыгын аныктоо.**

*Батийна үйдөн чыкса, мамыда эки жылкы байланып туруптур… Жайыт от болгондуктан, Орто-Сай айылынын малы жакшы эттенди. Ынтымак бар жерде ырыс да бар. Шагылы болбой зоо болбойт, шайыры болбой эл болбойт. Ишиң калганча, ашың калсын.*

**167-көнүгүүнү окуп, кайсынысы тең байланыштагы жана кайсынысы багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм экендигин аныктоо (оозеки).**

**Андан кийин окуучулар менен төмөнкүдөй өз алдынча тапшырмалар аткарылат. Мында классты топторго бөлүп алса да болот.**

**1-топ үчүн: Баш сүйлөмдөгү айтылган ойго карата багыныңкы сүйлөмдү таап толуктагыла.**

Ал келгенде
Ал келгенден кийин
Ал келгенге чейин
Ал келгенге дейре
Ал келген соң
Ал келген учурда
Ал келген мезгилде
Ал келген убакта — мен барамын
Ал келген кезде
Ал келсе
Ал келгиче
Ал келгенче
Ал келери менен
Ал келер замат

**2-топ үчүн: Тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө кластер түзүлөт.**

**3-топ үчүн: Берилген сүйлөмдөр грамматикалык түзүлүштөрүнө карай жөнөкөй сүйлөмгө киреби же татаал сүйлөмгө киреби? Аны кантип далилдей аласыңар?**

**170-көнүгүү. «Манас» эпосунан тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн ар бирине төрттөн мисал жазып келүү.**

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо.**

**Күндөлүктөрүнө баа коюу.**

**Койлубаева А.К.**
**ф.и.к., доцент**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын башчысы**

**Сабактын темасы: Үндүүлөр системасын кайталоо.**
**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулардын үндүүлөр жана алардын түрлөрү боюнча алган билимдерин бекемдөө.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Үндүүлөргө толук мүнөздөмө берүүгө машыктыруу

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлоого, эне тилин сүйүүгө тарбиялоо

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) үндүүлөр, алардын түрлөрү боюнча алган билимдерин бекемдей алса;

б) үндүүлөргө толук мүнөздөмө (жаакка, эринге, тилге жана үндүн созулушуна карай) бере алса;

в) топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса жана эне тилин сүйүп, анын баркын билсе.

**Сабактын тиби** – Алган билимди бышыктоо, чыңдоо сабагы.

**Сабактын түрү** – Аукцион сабак

**Сабактын методу:** проблемалуу метод

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби боюнча методикалык колдонмо, дидактикалык карточкалар, «Үндүү тыбыштар» деген таблица, ватман, маркер жана аукционго керектүү буюмдар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалимдин сөзү:**

- Балдар, силер буга чейин үндүү тыбыштар, алардын түрлөрү, тагыраак айтканда, үндүүлөрдүн тилге карай, эринге карай, жаакка карай жана үндүн созулушуна карай бөлүнүшү тууралуу маалымат алдыңар. Бүгүн болсо, мына ушуларды кайталайбыз. Бул сабагыбыз башкача формада өтөт. Азыр мен силерге аукцион өтөм. Демек, жакшылап көңүл буруп отургула. Аукцион деген эмне? Аукцион деген – бир нерсени чоңойтуп отуруп, жогорку чекке жеткирүү болуп саналат. Негизинен, аукционго бай адамдар катышып (аларды аукционерлер дейбиз), чоң-чоң обңектилерди, мекеме-

ишканаларды сатып алышат. Силер болсо, билимге бай окуучусуңар. Бүгүнкү өтүлүүчү аукциондо «үндүү тыбыштар» сатылат, силер аукционерлер катары үндүү тыбыштарды сатып алышыңар керек.

Аукцион өткөрүүнүн тартиби төмөнкүдөй: Команда берилгенден кийин, колуңарды көтөрүп, бирден үндүү тыбыштар боюнча билгениңерди кыскача айтып бересиңер. Бирок эсиңерде болсун: мурунку айтылган жооп кайра кайталанбасын. Ошондуктан ким кандай маалыматты бергенин кунт коюп угуп, айтыла элек маалыматты бергиле. Сабак ушундай тартипте улана берет. Эң акыркы жоопту ким айтса, ошол окуучу жеңүүчү болот.

Дагы бир эске алуучу нерсе: эң аягында гана айтайын деп да отура берүүгө болбойт, себеби аны башка окуучу озунуп айтып коюусу мүмкүн. Ошондуктан үндүүлөргө байланыштуу билгениңерди тынымсыз айта беришиңер керек. Анда баштадык! Бир, эки, үч!

**1-окуучу:**

- Үндүүлөрдү айтканда, аба эч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыгат. Мында жалаң гана үн катышат.

**2-окуучу:**

- Кыргыз тилинде 14 үндүү тыбыш бар. Алардын алтоо созулма үндүүлөр болуп саналат. Созулма үндүүлөр окшош эки тамга менен белгиленет.

**3-окуучу:**

- Үндүү тыбыштар төмөнкүлөр: *а, о, ө, у, ү, э, и, ы, аа, оо, өө, уу, үү, ээ.*

**4-окуучу:**

- Үндүүлөрдү айтканда, сүйлөө органдарыбыздан тил, жаак, эрин активдүү катышат. Тилдин абалына карай үндүүлөр жоон жана ичке деп экиге бөлүнөт.

**5-окуучу:**

- Жоон үндүүлөрдү айтканда, тил артка карай тартылып, анын түп жак бөлүгү жумшак таңдайды карай көтөрүлөт. Жоон үндүүлөргө: *а, о, у, ы* кирет.

**6-окуучу:**

- Ичке үндүүлөрдү айтканда, тилдин учу алдыга карай жүткүнүп, анын ортосу таңдайды карай бир аз өйдө көтөрүлөт. Ичке үндүүлөргө *э, ө, и, ү* кирет.

**7-окуучу:**

- Үндүү тыбыштар эриндин катышына карай эриндүү жана эринсиз болуп бөлүнөт. Эриндүү үндүүлөрдү айтканда эки эрин алдыга карай жүткүнүп, чормойгон абалда болот. Мындай үндүүлөргө *о, ө, у, ү* кирет.

Келгиле, чогуу айтып, эриндин абалын байкап көрөлү (окуучулар чогуу айтып көрүшөт).

**8-окуучу:**

- Эринсиз үндүүлөрдү айтканда, эрин алдыга карай жүткүнбөйт. Аларга *а, э, и, ы* кирет. Келгиле чогуу айтып, эриндин абалын байкап көрөлү (окуучулар чогуу айтып көрүшөт).

**9-окуучу:**

-Үндүүлөрдү жасоодо жаак да активдүү катышат. Жаактын катышына карай үндүүлөр кең жана кууш деп экиге бөлүнөт.

**10-окуучу:**

- Кең үндүүлөрдү айтканда, тил таңдайга карай бир аз көтөрүлүп, жаак кең ачылат. Мындай үндүүлөргө *а, о, э, ө* тыбыштары кирет.

**11-окуучу:**

- Кууш үндүүлөрдү айтканда тил таңдайга карай бийигирээк көтөрүлүп, жаак анчалык ачылбайт. Мындай үндүүлөргө *у, и, ы* тыбыштары кирет.

**12-окуучу:**

- Үндүн созулушуна карай үндүүлөр созулма жана кыска болуп экиге бөлүнөт. Созулма үндүүлөрдү айтканда, кыска үндүүлөргө караганда үн белгилүү өлчөмдө созулуп айтылат. Аларга *аа, оо, уу, үү, ээ* тыбыштары кирет.

**13-окуучу:**

- Созулма үндүүлөр сөздүн маанисин өзгөртүп жиберүүчү касиетке ээ. Мисалы, *сат-саат, ток-тоок ж.б.*

**14-окуучу:**

- Бир сөз ичинде үндүү тыбыштардын өз ара таасирлеринин натыйжасында бири-бирине окшошуп өзгөрүшөт. **Мисалы**, ата деген сөзгө бир нече мүчөлөрдү уласак, *ата+лар+ыбыз+дыкы+на* болуп, биринчи муундагы жоон үндүүгө карай кийинки муундагы үндүүлөрдүн бардыгы окшошуп, жоон үндүү болуп ээрчишип өзгөрдү.

**15-окуучу:**

- Эгер *ата* деген сөздү *эне* деген сөзгө алмаштырып, ошол эле мүчөлөрдү уласак, *эне+лер+ибиз+дики+не* болуп кийинки муундагы үндүүлөр ичке үндүүгө өтүп окшошуп ээрчишет.

**(Ушундай тартипте сабак улана берет. Анан жооптор да акырындык менен азая баштайт. Ошондо мугалим класска бир.., эки… деген команда берет. Үндүүлөргө байланышкан кандай маалымат айтылбай калды? Кана ким айтат? - деген суроолор болот. Ошондо акыркы окуучу кол көтөрөт).**

**16-окуучу:**

- Бүгүн биз үндүүлөргө байланыштуу аукцион сабак өтүп жатабыз. Биз үчүн абдан кызыктуу болду. (Мына ушул жообу менен жеңүүчү аныкталат. Үндүүлөр боюнча терең билими менен башкалардан айырмаланган бул окуучуга арналып кол чабылат, же болбосо, мугалим тарабынан мурдатан даярдалган белек тапшырылат. Демек, аукционго коюлган үндүүлөрдү бул окуучу сатып алды. Аукцион башынан аягына чейин 15-20 минуталык убакытты алат).

Сабактын кийинки бөлүгүндө мугалим класста бир, эки, үч деп санатуу менен 3 топко бөлүнөт. Ал топторго карточкалар таратылып, төмөнкүдөй тапшырма берет:

**1-топ үчүн:**

1. Төмөнкү сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар? Алардын саны эмне үчүн бирдей эместигин түшүндүргүлө: *тоо, окучу, аары, аюу, чие ж.б.*

2. Жоон үндүүлөр менен ичке үндүүлөрдү салыштырып Венндин диаграммасын түзгүлө.

**2-топ үчүн:**

1.Окугула. Уйкаш сөздөрдү таап, ошол сөздөгү үндүүлөргө мүнөздөмө бергиле.

Атың болсо качанаак,
Айтканыма ишен.
Салып койсоң узабайт,
Кош бутуна… (кишен)

2.Сөздө канча муун болот? Аны кантип аныктайбыз?

**3-топ үчүн:**

1.Окугула. Уйкаш сөздөрдү таап, ошол сөздөгү үндүүлөргө мүнөздөмө бергиле.

Көп иш тиксе колдоруң
Өйкөйт го деп ойлодум.
Таап бердим аныктап
Чоң энемдин… (оймогун)

2. Эмне үчүн тыбыштарды үндүү жана үнсүз деп бөлүштүрөбүз?

**Топтор өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскада кыргыз тилине байланыштуу төмөнкүдөй ыр саптарын жазат. Окуучулар муундарга ажыратышат.**

Кыргыз болбойт, кыргыз тили болмоюн,
Калк байыбайт казынасы толмоюн.
Жарды болсоң, жарып кетер күн келер,
Бирок тилге түк караба тоң моюн

(Ү.Асаналиев)

(Тилге байланыштуу өздөрү чыгарган, же жатка билген ырларынан айтса да болот)

Ар бир топ таратылган карточкалар боюнча жоопторун беришет. Кемчиликтери толукталат. Ошондон кийин доскадагы ырды окуп, маанисин түшүндүрүшөт. Кыргыз тилинин улуулугун даңазалап, өз ойлорун айтып беришет да, жалаң жоон, же болбосо, жалаң ичке үндүүлөр менен келген сөздөрдү табышат. Муну да топторго бөлүштүрүү менен аткарса болот.

**1-топ** жалаң жоон, **2-топ** жалаң ичке үндүүлөр менен келген сөздөрдү аныкташат жана андагы үндүүлөргө мүнөздөмө беришет. **3-топ** болсо, үндүү тыбыштарга кластер түзүшөт. Бул учурда мугалим доскада төмөнкүдөй сүйлөмдөр жазат.

*1. Адамдын көркү – адеп. 2. Эненин мээрими күндөн жылуу.*

Ар бир топтон лидерлер чыгып, тапшырманын жообун айтышат, кемчиликтери толукталат. Ошондон кийин доскадагы сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүрүшөт жана үндүүлөргө толук талдоо жүргүзүшөт.

Сабактын акырында мугалим «үндүү тыбыштар» деген таблицаны илип, класска: *«Биз бүгүн эмнени үйрөндүк»,* - деген суроо берип, кайтарым-байланыш методунун негизинде (окуучулар билгендерин өздөрү кол көтөрүп айтып беришет) сабак жыйынтыкталат. Эгер убакыт болсо, мугалим үндүүлөр гана муун түзө ала тургандыгын, үндүүлөрдү (үнсүздөргө караганда) созуп айтууга мүмкүн экендигин, ошондой эле үндүүлөрдүн обондук касиетин, үндүн ыргактуу чыгышын жана аларды басыңкы, көтөрүңкү тон менен айтууга мүмкүн экендигине токтолсо да ашык болбойт.

**Түмөнбаева Ж.А.**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу,**

## Сабактын темасы – Сөздүн составдык бөлүктөрү, сөз түркүмдөрү, зат атооч боюнча кайталоо сабагы (5-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар уңгу жана мүчө, сөз түркүмдөрү, зат атооч боюнча алган билимдерин тереңдетишет.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Алган билимдерин практикада колдоно алуу көндүмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшөт, эске тутуусун өстүрүшөт, сүйлөө кебинин байлыгын, реакциясынын тездигин калыптандырышат.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Улуулардын сөзүн угуп, урматтоого, башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымактуу мамиле күтүүгө, Мекенибизди сүйүүгө тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** уңгу жана мүчө, сөз түркүмдөрү, зат атооч боюнча алган билимдери тереңдесе;

**б)** алган билимдерин практикада колдоно алуу көндүмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшсө, эске тутуусун өстүрүшсө, сүйлөө кебинин байлыгын, реакциясынын тездигин калыптандырышса;

**в)** улуулардын сөзүн угуп, урматтоого үйрөнүшсө, башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымактуу мамиле күтүүгө, достуктун маанисин билүүгө, Мекенибизди сүйүүгө тарбияланышса.

**Сабактын түрү** – Стандарттуу эмес сабак

**Сабактын тиби –** Кайталоо сабагы

**Сабактын методу**: интерактивдүү методдордун ыкмалары

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, таблица, дидактикалык карточкалар, А4 формасындагы барактар ж.б.

**Сабактын формасы** – Кичине топтордо иштөө

**Баалоо усулу:** түздөн-түз байкоо, өз ара баалоо.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**.

- Саламатсыңарбы, балдар! Эмесе, сабагыбызды баштайлы. Саноо жолу менен үч топко бөлүнөбүз.

**2. Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө тапшырманы текшерүү**

- Балдар, биз буга чейин сөздүн составдык бөлүктөрүн, уңгу жана мүчөнү, сөз түркүмдөрүн, анын ичинен зат атоочту өтүп келдик. Бүгүнкү сабакта биз буларды кандай деңгээлде өздөштүргөнүбүздү сынайбыз. Ошондуктан тапшырмалардын бардыгы мына ушул темаларга байланыштуу тандалды.

**3. Кайталоо, бышыктоо:**

**1-тапшырма «Топто иште»** деп аталат.

Топтор мугалимден тапшырмалар жазылган баракчаларды алып кетишет.

***№1 баракча***

Уңгу деген эмне? (Синквейн түз).

*Үлгү:*

*1.Уңгу*

*2. тубаса, туунду*

*3. маани берет, талданат, ажырайт.*

*4. Уңгу – сөздүн бир бөлүгү*

*5. Морфема*


***№2 баракча***

Мүчө деген эмне? (Кластер түз).

***№3 баракча***

Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү Венндин диаграммасын түзүү аркылуу салыштыргыла.

*Сөз жасоочу мүчөлөр*



*Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр*

*(Тапшырманы аткарууга киришерден мурда окуучулардын бул ыкмаларбоюнча түшүнүктөрү суралып, дагы бир жолу эстерине түшүрүлөт).*

Мындан соң карточка таратылып, сөздүн составы боюнча талдоо жүргүзүлөт.

**2-тапшырма «Пикир алмашуу»** деп аталат да, 1-топ 2-топко, 2-топ 3-топко суроо берет. 3-топ жооп берип, 1-топко суроо узатат. Суроолор сөз түркүмдөрү боюнча берилиши керек.

**3-тапшырма Тексттер менен иштөө** (топторго баракчалар таратылат)

**1-топко:** Зат атоочторду таап, уңгу, мүчөлөргө ажыраткыла, маанилерин түшүндүргүлө

*Уулум, тирүү адам, албетте, доссуз болбойт. Ким менен дос тутунсаң дагы достук каадаларына көңүл бургун. Кимде-ким досун эсине албаса, досу дагы аны эсине албайт. Кимдин досу көп болсо, айыптары жабылат. Жаңы дос тапсаң, эски досторуңдан жүзүңдү үйүрбөгүн. Досуңа душман, душманыңа дос болгон кишилер менен, ошондой эле акылсыз менен асти дос болбо.*

*Жакшы дос – адамга улуу казына.*

**2-топко: Энчилүү зат атоочторду таап, туура жазып чыккыла**

*Борбордук азия жана казакстан республикасы коңшулаш турушат. Алар экономика, маданият жагынан бири-бирине тыгыз байланышта жашашат. Алардын бири – кыргыз Республикасы. Республика борбордук азиядан орун алган. Борбору – бишкек. Кыргыз республикасында ош, токмок, кара-балта, талас, нарын, жалалабат, ташкөмүр, сүслүктү, кара-кол шаарлары бар. Бул шаарларда ар түрдүү улуттагы элдер ынтымакта жашашат.*

**3-топко: Энчилүү зат атоочторду таап, туура жазгыла**

*Тоголок молдо (байымбет абдрахманов) – кыргыз элинин көрүнүктүү акындарынын бири. Ал 1860-жылы куртка деген жерде (азыркы ак-талаа району) кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы абдракман алты балалуу болуп, кедейчиликтин азабын далай тарткан. байымбет кичине кезинде чоң атысынын бир тууганы музоокенин тарбиясында калат.*

*Жаш кезинен эле байымбет элдик ырларды, жомокторду, макал-ылакаптарды, табышмактарды өтө ынтаа коюп жаттайт, андан кийин өзү да ыр чыгарып көрөт.*

**4-тапшырма**

**Суроолорго кайсы топ көп жооп берет?**

1. **Энчилүү зат атоочтор деген эмне? Мисал келтир.**
2. **Жалпы зат атоочтор деген эмне? Мисал келтир.**
3. **Зат атооч кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат?**

4. **Жак таандык мүчөлөрдү атагыла?**

**Мугалим:**

Азыр мен силерге кичинекей текст окуп берем. Силер таандык мүчөлөр уланган сөздөрдү жазып алгыла  да, кайсы жакта, кайсы санда экендигин аныктагыла.

*Жыргал чанасын алды. Жылгаяк тебүүгө кетти. Чоң апасынын тилин албады. Сайкал апа мешке от жакты. Небересине тамак жасады. Бир кезде үйгө ыйлап Жыргал кирди. Кийими суу, колу-буту үшүгөн.*

- *Эмне болду? – деп сурады энеси.*
- *Колум, бутум үшүдү, мээлейим суу болду,* - *деди Жыргал.*
- *Жыгылдыңбы?*
- *Ооба, топчум да үзүлдү.*
- *Мындан ары чоң апаңдын сөзүн угуп жүр,* - *деди Сайка л апа.*
- *Кечирип кой, чоң апа, экинчи кайталабайм,* - *деди Жыргал.*

**Жыйынтыктоо:** Ошентип, биз бүгүн морфологиядагы негизги түшүнүктөр боюнча алган билимдерибизди кайталап, эсибизге түшүрдүк бышыктадык. Бирок биз буларга ар дайым кайрылып турабыз, талдоолорду жүргүзөбүз.

**Үйгө тапшырма берүү**

**Сөз түркүмдөрү боюнча жомок жазып келүү тапшырмасы берилет**

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо**

Активдүү топ, окуучулар белгиленет. Алар мугалимдин түздөн-түз байкоосу жана топтордун бири-бирине берген баасы боюнча аныкталат

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Түмөнбаева Ж.А.**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу,**

## Сабактын темасы –Диалогдун түрлөрү боюнча машыгуу иштери (6-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар диалог, диалогдун түрлөрү боюнча алган билимдерин тереңдетишет, бышыкташат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Алган билимдерин практикада колдоно алуу көндүмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшөт, эске тутуусун өстүрүшөт, сүйлөө кебинин байлыгын, реакциясынын тездигин калыптандырышат.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар сылыктыкка, адамгерчиликтүүлүккө, сүйлөшүү адебине тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** окуучулардын кептин түрлөрү боюнча алган билимдери тереңдесе;

**б)** алган билимдерин практикада колдоно алуу көндүмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшсө, эске тутуусун өстүрүшсө, сүйлөө кебинин байлыгын, реакциясынын тездигин калыптандырышса;

**в)** сылык, адамгерчииликтүү, маданияттуу болуп тарбияланшыса.

**Сабактын түрү** – Кайталоо, машыгуу, алган билимди бышыктоо сабагы

**Сабактын тиби –** Стандарттуу сабак.

**Сабактын методу**: интерактивдүү методдордун стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, таблица, дидактикалык карточкалар, А4 формасындагы барактар ж.б.

**Сабактын формасы** – Кичине топтордо иштөө

**Баалоо усулу:** түздөн-түз байкоо, өз ара баалоо.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу** (окуучулар менен саламдашуу, аларды төрт кичи топторго саноо жолу менен бөлүү).

**2.Өтүлгон теманы кайталоо**

**Текст, кептин түрлөрү боюнча жалпы кайталоо жүргүзүлөт**

1. Текст деген эмне?
2. Текст кандай түзүлөт?
3. Текст болуш үчүн кандай шарттар керек?
4. Кептин түрлөрү кандай болот?
5. Баяндоо кеби өзгөчөлүгү кандай?
6. Сүрөттөө кеби кандай өзгөчөлүктөргө ээ жана кандай түрлөрү бар?
7. Ой жүгүртүү кеби кандай түзүлөт? Кандай бөлүктөрдөн турат?

**3) Машыгуу, көнүгүү**

Балдар, биз буга чейин кептин түрлөрү, диалог, анын түрлөрү боюнча темаларды өтүп келдик. Кайрадан эсибизге түшүрөлү.

Кыргыз адабий тилинде оозеки жана жазма тил (кеп) болуп экиге бөлүнөт.

Адабий тил → Оозеки тил
Адабий тил → Жазма тил

Оозеки тил → Диалог
Оозеки тил → Монолог

Диалог → Жай диалог
Диалог → Суроо иретинде айтылган диалог
Диалог → Күчтүү сезим менен айтылган диалог
Диалог → Буйрук иретинде айтылган диалог

Монолог → Баяндоо
Монолог → Сүрөттөө
Монолог → Ой жүгүртүү

→ Изложение

Жазма тил → Сочинение

**Студенттер жооп беришет:**

## Оозеки тил (кеп)

Адам баласынын күндөлук турмушунда бири-бири менен пикир алышып, оозеки сүйлөшкөн сөздөрүн оозеки тил (кеп) деп аталат. Оозеки кеп диалогдук жана монологдук кеп болуп экиге бөлүнөт.

**Диалогдук кеп жөнүндө түшүнүк**

Диалог гр. **диалогос** - аңгеме деген сөзүнөн алынган. Эки же бир нече кишинин өз ара сүйлөшүүсү деген маани билдирет.

Диалогдук кепте окуучулар төмөндөгү талаптарды эске алышы мүмкүн. Сүйлөгөндө сүйлөшүп жаткан кишини тандашы керек: өзүң жөнүндө көп мактанып сүйлөбө, сүйлөшүп жаткан жолдошуңдун кебин көңүл коюп ук. Ал сүйлөп бүтмөйүнчө сөзүн бөлбө. Аягына чейин тыңша. Сүйлөгөндө катуу кыйкырып, жинденип сүйлөбө. Акырын, жайдары, адабий тилдин нормасында сүйлө.

Диалогдук кеп төмөндөгүдөй бөлүнөт:

### Жай диалог

Адамдардын өз ара сүйлөшүүсү, пикир алышуусу, суроо-жообу жайынча гана баяндалат. Курамында бир же эки курамдуу жайылма сүйлөмдөр колдонулат.

### Буйрук маанисиндеги диалог

Аңгемелешүүгө катышкан адамдардын бири-бирине берген буйругун, өтүнүчүн, тилегин ж.б. билдирүү максатында айтылат.

### Суроолуу диалог

Аңгемелешүүгө катышкан адамдарды кызыктырган маселелер боюнча пикир алышат:

Диалогдун **буйрук маанисиндеги диалог** деген түрү бар

***Мисалы:***

- *Чоң ата, сүйүнчү!*

- *Болсун тилегим, болсун!*

- *Бах, жаратылыштын көркүн кара!*

- *Ооба, тим эле укмуш! Абанын тазалыгычы!*

Балдар, бул кандай диалог? (окуучулар өз ой-пикирлерин айтышат).

**Мугалим:**

Балдар, жогоруда силерди бекеринен 4 топко бөлгөн жокпуз. Сабактын мындан аркы бөлүгүндө мына ушул топтор эриш-аркак иштейбиз. Алгач топтор бири-бирибиз менен таанышып алып, анан тапшырмаларды аткарууга киришели

**Интерактивдүү оюн – "Биз..." (тааныштыруу)**

4 бөлүккө бөлүнгөн барактар чыгармачылык эркин формада толтурулуп, аларды топ бардыгына окуп, айтып беришет:

| | |
|---|---|
| **Биздин атыбыз....** | **Биздин жакшы жактарыбыз...** |
| **Биздин жөндөмдүүлүгүбүз жана талантарыбыз...** | **Биздин артыкчылыктарыбыз...** |

**1-тапшырма.** Топтордон бирден окуучу келип карточкалардагы тапшырмаларды алып кетишет. Мында тапшырмалар жазылган бети ары каратып коюлуп, кандай тапшырма берилгендиги белгисиз болот.

***№1 баракча***

Каалаган темада жай диалог түзгүлө

***№2 баракча***

Каалаган темада суроолуу диалог түзгүлө

***№3 баракча***

Каалаган темада буйрук маанисиндеги диалог түзгүлө

***№4 баракча***

Каалаган темада күчтүү сезим менен айтылган диалог түзгүлө

**Мугалим:**

*Диалогдук кептин өзүнө тиешелүү тыныш белгилери болот. Диалогго катышкан ар биринин сөзү жаңы сап башынан астына сызыкча коюлуу менен жазылат. Диалог кандай мааниде болсо, тиешелүү тыныш белгилери коюлат. Ал эми сүйлөмдүн ичине коюлуучу тыныш белгилер, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө коюлуучу тыныш белгилер өз эрежесине ылайык коюлат.*

Кийинки тапшырма тыныш белгилерди туура кое алууңарды текшерет

**2-тапшырма «Тыныш белгилерди кой»** деп аталат да, топторго тексттер таратылып, диалогдогу катышуучулардын кебин ажыратып, тыныш белгилерин коюу, диалогдун түрүн аныктоо тапшырмасы берилет.

**1-текст**

*Калпагыңыз кана чоң ата деди Динар. Калпак эмес, кара жан эске келбей калбадыбы Динарым. А эмне үчүн чоң ата. Койлор жоголбодубу. Кайсы койлор.* (Т.С.).

**Үлгүсү:**

- *Калпагыңыз кана, чоң ата? - деди Динар.*
- *Калпак эмес, кара жан эске келбей калбадыбы, Динарым.*
- *А эмне үчүн чоң ата? Койлор жоголбодубу!*
- *Кайсы койлор?* (Т.С.).

**2-текст**

*Балам ушул жерде окуйсуңарбы. Ооба. Эмне кылып жатасың. Буюм жасап. Кандай буюм. Ар түрдүү.* (Н.Б.)

**Үлгүсү:**

- *Балам, ушул жерде окуйсуңарбы?*

- *Ооба.*

- *Эмне кылып жатасың?*

- *Буюм жасап.*

- *Кандай буюм?*

- *Ар түрдүү.* (Н.Б.)

**3-текст**

*Кое бергиле агайды. Урбагыла.Качкыла балдар. Кач Алтынай. Кызды кое бергиле иттер. Кое бергиле азыр.*

**Үлгүсү:**

- *Кое бергиле агайды! Урбагыла!*

- *Качкыла, балдар! Кач, Алтынай!*

- *Кызды кое бергиле, иттер! Кое бергиле азыр!*

**4-текст**

*Кечиресиз, шаардык китепканага кандай барам, айтып кое аласызбы. Ушул жол менен түз барып кесилишүүчү жолдун оң жагына Абдрахманов көчөсүнө бурулуңуз. Рахмат жакшы болбодубу. Жакшы барыңыз.*

**Үлгүсү:**

- *Кечиресиз, шаардык китепканага кандай барам, айтып кое аласызбы?*

-*Ушул жол менен түз барып кесилишүүчү жолдун оң жагына, Абдрахманов көчөсүнө бурулуңуз.*

- *Рахмат, жакшы болбодубу!*

- *Жакшы барыңыз!*

**3-тапшырма** –Топтордун тапшырмасы

Ар бир топ экинчи бир топко каалаган темадагы диалогдун башын баштап, оозеки улоо тапшырмасы беришет. 2-топ 1-топтун, 3-топ 2-топтун, 4-топ 3-топтун, ал эми 1-топ 4-топтун тапшырмасын улап диалог түзүп, доскага чыгып көркөм айтып беришет.

***Үлгү:***

*1) - Уулум, кимдин баласы болосуң?*

*- Үсөндүн.*

*- …*

*2) – Бүгүн сабакка ким келген жок, балдар?*

*- Бүгүн сабакта Айбек жок, эжей?*

*- …*

**4-тапшырма – бышыктоо тапшырмасы.** (Доскага БББК стaратегиясынын таблицасы илинет да, окуучулар диалог боюнча окуп, билгендерин толтурушат. Мында кайсы топтун мүчөлөрү көбүрөөк чыгып жазышса, эске алынары эскертилет).

| **Билем…** | **Билдим…** | **Билгим келет?** |
|---|---|---|
| 1)…<br>2)… | 1)…<br>2)… | 1)…<br>2)… |

**Үйгө тапшырма берүү**

Китепканада, спорттук мелдештерде, дарыгердин кабыл алуусунда ж.б. коомдук жайларда адамдардын пикир алышуусуна диалог түзүп, тыныш белгилерин коюу тапшырмасы берилет.

**Окуучулардын билимдерин анализдеп, баалоо.**

Активдүү топ, окуучулар белгиленет. Алар мугалимдин түздөн-түз байкоосу жана топтордун бири-бирине берген баасы боюнча аныкталат

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Түмөнбаева Ж.А.**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**Кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу,**

## Сабактын темасы – Фонетика бөлүмүн кайталоо. Машыгуу, көнүгүү сабагы (10-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар фонетика, үндүү, үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү боюнча алган билимдерин бекемдешет, бышыкташат. Сөздөрдү айтууда жана жазууда тыбыштарды туура колдонууга көнүгүшөт;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар реакциясынын тездигин, ой жүгүртүүсүн, эске тутуусун өнүктүрүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилибизди сүйүүгө жана анын тазалыгын сактоого тарбияланууга багыт алышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** Окуучулар фонетика, үндүү, үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү боюнча алган билимдерин бекемдешсе, бышыкташса. Сөздөрдү айтууда жана жазууда тыбыштарды туура колдонууга көнүгүшсө;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

реакциясынын тездиги, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу өнүксө;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилибизди сүйүүгө жана анын тазалыгын сактоого тарбияланууга багыт алышса;

**Сабактын түрү** – Стандарттуу эмес сабак. Сабак-мелдеш

**Сабактын тиби –** Машыгуу, көнүгүү сабагы

**Сабактын методу**: интерактивдүү методдордун ыкмалары.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, таблицалар, сүрөттөр, дидактикалык карточкалар ж.б.

**Сабактын формасы** – Кичине топтордо иштөө

**Баалоо усулу:** түздөн-түз байкоо, өз ара баалоо.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**.

Саламдашуу. Окуучуларды «үндүүлөр», «үнсүздөр», «тыбыштар» деген топторго бөлүп алуу.

**2. Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө тапшырманы текшерүү**

- Балдар, биз бүгүнкү сабакка чейин тил илиминин фонетика бөлүгүн өтүп келдик. Үй тапшырмасына бардыгын кайталап окуп келүү берилген эле. Сабакка даярбызбы?

Суроо-жооптор менен эске түшүрүлөт:

1. Фонетика деген кайсы тилден алынган, ал эмнени билдирет?
2. Кыргыз тилинде канча тыбыш бар? Алардын канчасы үндүү, канчасы үнсүз, балдар?

**3. Көнүгүү, машыгуу:**

**1-тапшырма «Кайсы топ көп билет?»** деп аталып, берилген суроолорго жооп беришет:

1. Тыбыш деген эмне?
2. Тамга деген эмне?
3. Тыбыш менен тамганын бири-биринен айырмачылыгы эмнеде?
4. Кыргыз тилиндеги тыбыш менен тамганын саны эмнеге бирдей эмес? Түшүндүрүп бергиле?
5. Үндүү тыбыштар кандай жасалат? Аларга кайсы тыбыштар кирет?
6. Үнсүз тыбыштар кандай жасалат? Үнсүз тыбыштарды атагыла.
7. Сүйлөө органдарына кайсы органдар кирет?

**2-тапшырма - Карточкалар менен иштөө**

***№1 карточка***

1.Жоон үндүүлөр жана ичке үндүүлөр кандай жасалат жана аларга кайсы тыбыштар кирет?

2.Текст түзүп, андагы жоон жана ичке үндүүлөрдү белгилегиле.

***№2 карточка***

1.Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр кандай жасалат жана аларга кайсы тыбыштар кирет **?**

2.Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр катышкан кыргыз макалдарынан мисал келтирип, түшүндүрүп бергиле**.**

***№3 карточка***

1.Жаактын ачылышына карай үндүүлөр кандай бөлүнөт, аларга кандай тыбыштар кирет?

2.Кыргыз табышмактарынан алып, андагы кеӊ, кууш, жарым кууш үндүүлөрдү белгилегиле.

**3-тапшырма – фонетикалык талдоо** (топтор мугалим даярдаган карточкаларды алып кетишет)

**1-карточка:** айырмалуу, коөнек.

**2-карточка:** адабият, көпүрө.

**3-карточка:** коюлуп, ажыдаар.

**Үлгү**: ***айырмалуу*** – 9 тамга, 8 тыбыш; 4 үндүү, 4 үнсүз; 4 муундан турат: а-йыр-ма-луу: 1-муун *(а)* аякталашына карай ачык, башталышына карай жабылбаган; 2-муун *(йыр)* аякталышына карай жабык, башталышына карай жабылган; 3-муун *(ма)* аякталышына карай ачык, башталышына карай жабылган муун; 4-муун (*-луу*) аякталышына карай ачык, башталышына карай жабылган.

***а*** - үндүү; тилдин горизонталдык абалына карай жоон; эринге карай - эринсиз; жактын ачылышына карай – кеӊ; үндүн созулушуна карай – кыска;

***й*** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяӊ; жасалуу ыгына карай – жылчыкчыл; жасалуу ордуна карай – орточул; жумшак таӊдайдын абалына карай – оозчул.

***ы*** - үндүү; тилдин горизонталдык абалына карай жоон; эринге карай - эринсиз; жактын ачылышына карай – кеӊ; үндүн созулушуна карай – кыска;

***р*** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяӊ; жасалуу ыгына карай – дирилдеме; жасалуу ордуна карай – уччул; жумшак таӊдайдын абалына карай – оозчул.

***м*** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяӊ; жасалуу ыгына карай – жарылма; жасалуу ордуна карай – кош эринчил; жумшак таӊдайдын абалына карай – мурунчул.

***л*** - үнсүз, үн менен шыбыштын катышына карай – жумшак, уяӊ; жасалуу ыгына карай – жылчыкчыл, капталчыл; жасалуу ордуна карай – уччул; жумшак таӊдайдын абалына карай – оозчул.

***уу*** - үндүү; тилдин горизонталдык абалына карай жоон; эринге карай - эринсиз; жактын ачылышына карай – кууш; үндүн созулушуна карай – созулма;

**4-тапшырма – «Аукцион» деп аталат**

Мугалим «фонетика» деген бир гана сөз айтат. Окуучулар фонетика эмнени изилдеп-үйрөтөрүн, тыбыштар жөнүндө, алардын касиеттери, өзгөчөлүктөрү, тамгалардан айырмачылыгын, үндүү, үнсүз тыбыштардын белгилерин, ксиеттерин ж.б. аташат. Кайсы топ, кайсы окуучу эӊ көп

белгилерин айтып берсе, аягында ким чекиити койсо, ошол топ же окуучу жеңүүчү аталат.

**Мугалим фонетика бөлүмү боюнча жыйынтыктоочу сөзүн айтат.**

**Үйгө тапшырма берүү**

Фонетиканы, тыбыштарды билүүнүн мааниси жөнүндө эссе жазып келүү жана үч сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүү тапшырмасы берилет.

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо.**

Активдүү топ, окуучулар белгиленет. Алар мугалимдин түздөн-түз байкоосу жана топтордун бири-бирине берген баасы боюнча аныкталат

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Абылаканова Айзада**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Сын атоочтун күчөтмө даражасы (5-класс)**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар күчөтмө даража заттагы белги, сапаттын өтө эле жогору же төмөн даражада экендигин билишет.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Сын атоочтун күчөтмө даражасынын кандай жолдор менен жасаларын үйрөнүшөт.

в) **тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдо окуучулар бири-бирин оюн угуп, өз ара сыйлашууга калыптанышат.

**Сабактын тиби:** Жаны билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү усулдардын ыкмаларын колдонуу жана топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Карточкалар, таблица, сүрөттөр жана табышмактар.

**Сабактын жүрүшү**:

**1)Уюштуруу**

**2) Өтүлгөн теманы кайталоо**


**Мугалим:**

- Саламатсынарбы, балдар! Кутман күнүнөр менен! Бүгүнкү сабакка болгон маанайыбыз жакшыбы? Биз силер менен өткөн сабакта сапаттык сын атоочтун салыштырма даражасы деген теманы өткөнбүз, туурабы, балдар? Азыр кайталоо иштерин жүргүзөбүз.

Өтүлгөн теманы кайталоодо окуучулар 1, 2, 3 деп саноо менен топторго бөлүнүшөт жана ар бир топко өзүнчө дидактикалык карточкалар таратылып, төмөнкүдөй тапшырмалар берилет:

**1-топ үчүн:** Жай даража менен салыштырма даражага Венндин диаграммасын түзгүлө.

Жай даража Салыштырма даража



1- **топ үчүн**: Салыштырма даража кандай жолдор менен жасалат? Мисалдар келтирүү менен түшүндүргүлө.

2- **топ үчүн**: Берилген сүйлөмдөрдөн сын атоочту таап, анын сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла.
*Ак эмектин наны таттуу.*
*Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат.*
*Ысык-Көл жайда салкын, кышта жылуу.*
*Кайрымдуу жүрөк картайбайт.*

Жалпы окуучулар бул сүйлөмдөрдүн да маанисин да түшүндүрүп беришет.

**Жаңы тема - Сын атоочтун күчөтмө даражасы**

**Мугалим:** Балдар, күчөтмө даража сын атоочтун жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт да, төмөнкүдөй жолдор менен жасалат.

№1 таблица

1) *Эң, абдан, өтө, аябай, аябагандай, чымкый,чылк* деген күчөтмө бөлүкчөлөрдүн сын атоочко айкалышып, айтылуу менен жасалат. **Мисалы:** *бийик – эң бийик, кызыл-өтө кызыл,чылк семиз, аябай сулуу.*
2) Сын атоочтун биринчи муунуна ***п*** тыбышын кошуп, айтуу менен:

*жаңы-жапжаңы, кара-капкара, көк-көпкөк, тунук-туптунук, кыпкызыл.*

3) Заттык мааниге өтүп, кайталанган сын атоочтор да, күчөтмө сынды уюштурат. Мындай учурларда 1-айтылган сын атооч илик (-нын) жөндөмөсүнөн турат. **Мисалы:** *Жакшынын жакшысы, сулуунун сулуусу, актын агы, мыктынын мыктысы, жамандын жаманы.*

4) Кээде ***жаман, иттей*** деген сөздөрдөн өтмө мааниде колдонулушу менен да күчөтмө даража жасалат. *Жаман кооз экен, жаман таттуу экен, иттей сонун, иттей арык, иттей саран* ж.б.

Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө

**231- көнүгүү**

Сүйлөмдөрдөн күчөтмө даражадагы сөздөрдү тапкыла

**232- көнүгүү**

Күчөтмө даражадагы сын атооч сөздөрдү кошуп, сүйлөм түзгүлө.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар менен төмөнкүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат ( Бул учурда окуучулар 3 топко бөлүнүшөт).

Эми келгиле, балдар, сабакта «**Туура, туура эмес»** деген оюн ойнойбуз. Ушул тапта бири туура, бири туура эмес деген 2 отургуч коюлат. Берилген суроого жооп беришип, столго отурушат (жарыш). Окуучулар туура сүйлөмдөргө кошуу (+) белгисин, туура эмес сүйлөмдөргө алуу (-) белгисин коюшат.

**Суроолор:**

*1) Алмалар кыпкызыл, Чүйдүн дайыны так ушул* +

*2) Бишкекке иттей сараң үйлөр көп курулуптур* -

*3) Ысык-Көлдун алмасы аябагандай таттуу болот* +

*4) Өз өкүмүн аябай жоош билет экен карылык –*

*5) Аппак болгон муруту, жаштыгын аны билгизет –*

*6) Абдан жакшы эмеспи, байчечекей гүлдөгөн* +

*7) Боппоз болуп кар болгон, чөлдө болот аккан суу –*


*8)Өтө тандап алдым жакшысын* -

*9) Байдаалы-эстүүнүн эстүүсү*+

*10) Ошондогу кымыз, толкун ай таш жарган, эсиндеби –*

Топтордо иштөө:

**1-топ:** Кластер түзүү




**2-топ үчүн:**

Макалдарды окуп, алардагы сын атоочтордун даражасын аныктагыла жана маанисин түшүндүргүлө.

*Өтө алыс жол атты сынайт.*

*Эң оор жумуш эрди сынайт*

*Акылдуураак бала элпек болот, акылсызыраак бала тентек болот.*

**3-топ үчүн:**

Табышмакты таап, сын атооч сөздүн даражасын аныктоо

*Өтө баалуу бир зат бар, сүйлөгөндү билбеген.*

*Кызыл, жашыл көздөрүн ирети менен ирмеген* (сфетофор).

Топтор өз алдынча иштеп жатканда, мугалим доскага төмөнкүдөй сүйлөмдөрдү жазат.

*Биздин жер берекелүү, кооз, малга жагымдуу. Айлана - жымжырт, карачы. Максатсыз жашаган адам агып бараткан дөңгөчкө тете*.

Ар бир топтон лидерлер чыгып, өз тапшырмаларын презентациялап беришет. Кемчиликтерди калгандар толуктап, түшүндүрүп беришет.

Доскадагы сүйлөмдөрдү окуп, сын атоочтун сүйлөмдөгү кызматын аныкташат.

***Үлгү:*** *Өтө баалуу бир зат бар, сүйлөгөндү билбеген. Кызыл, жашыл көздөрүн ирети менен ирмеген* (сфетофор).

*Өтө баалуу, кызыл* – сын атооч, сүйлөмдө аныктоочтун милдетин аткарды

**Окуучулардын билимин баалоо.** Топторду баалоо.

**Үйгө тапшырма берүү**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Алекова Бермет**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Каратма сөз (9-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты***:* Окуучулар сүйлөмдүн үчүнчү даражадагы мүчөлөрү, анын ичинен каратма сөз тууралуу маалымат ала алышат. Каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөздөрдү, каратма сөздөрдүн түзүлүшүн билишет. Каратма сөздөрдү жазуудагы жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Эне тилди сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга машыгышат.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп өз ара сыйлашууга үйрөнүшөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

**а)** сүйлөмдүн үчүнчү даражадагы мүчөлөрүн, каратма сөз тууралуу маалыматтарды билишсе;

**б)** эне тилди сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга машыгышса;

**в)** топтордо иштөөдо бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга үйрөнүшсө.

**Сабактын тиби** - Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** айтып-берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк методдор. Интерактивдүү ыкманын айрым стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, дидактикалык карточкалар, ватман, маркер.

**Сабактын жүрүшү:**


**1) Уюштуруу.**

**2) Өтүлгөн теманы кайталап, үй тапшырманы текшерүү.**

- Саламатсыңарбы, балдар! Бүгүнкү сабакка болгон маанайыңар кандай? Кана, анда эмесе, сабагыбызды баштайлы!

Өткөн сабакта биз силер менен сүйлөмдөрдү баш мүчөлөрүнүн катышыны карата *жалаң сүйлөм* жана *жайылма сүйлөм* болуп бөлүнөрүн өткөнбүз.

Өткөн сабакты кайталоо максатында окуучулар жалан жана жайылма сүйлөмдү салыштырып, Венндин диаграммасын түзүшөт.



Доскага эки окуучу чыгып, диаграмманы толтурушат. Калган окуучуларга төмөнкүдөй тапшырма берилет:

Жалаң сүйлөмдөрдү жайылма сүйлөмдөргө айландыргыла, талдоо жүргүзгүлө. Алардын эмне үчүн жалаң же жайылма экенин түшүндүргүлө.

1) *Ысык-Көл тоңбойт. Ысык-Көл кышында тоңбойт.*
2) *Топурагы — алтын. Туулган жердин топурагы — алтын.*
3) *Мугалим кирди. Мугалим класска кирди.*
4) *Жылдыздар жымыңдайт. Жылдыздар асманда жымыңдайт.*
5) *Кар жаады. Асмандан аппак, бапылдаган кар жаады.*
6) *Ата-энелер келишти. Ата-энелер бүгүн боло турган чогулушка*

*келишти.*

Окуучулардан жооптор алынат.

- Азаматсыңар, балдар! Туура айтасынар, жалан сүйлөм баш мүчөлөрдөн гана (ээ, баяндооч) түзүлөт, башкача айтканда, айкындооч мүчөлөр катышпайт.**М.:***Сабак башталды. Ай чыкты.*

Бул сүйлөмдө баш мөчөлөр (ээ, баяндооч) гана катышты.

Ал эми жайылма сүйлөмдө болсо, баш мүчөлөрдөн тышкары айкындооч мүчөлөр да катышат. **М.:** *Эмгек адамды багат.*

- Келгиле анда, бүгүнкү сабакты баштайлы. Бүгүн кайсы күн? Баарыбыз доскага көнүл бөлөбүз! (Мугалим доскага датаны, теманы жазат.)

**Жаны тема**

**Мугалимдин сөзү:**

Бүгүнкү сабагыбыздын темасы – каратма сөз. Буга чейин силер каратма сөз дегенди уктуңар беле?

(Окуучулар билгендерин айтышат.)

Ал эми сүйлөмдүн үчүнчү даражадагы мүчөлөрү дегенди кандай түшүнөсүңөр? (Окуучулар өз ойлорун айтышат.)

Балдар, сүйлөмдү уюштурууга сүйлөмдүн баш (ээ, баяндооч) жана айкындооч (аныктооч,толуктооч, бышыктооч) мүчөлөрү гана катышпастан, үчүнчү даражадагы мүчөлөрү да катышат. Сүйлөмдүн үчүнчү даражадагы мүчөлөрү сүйлөмдүн тутумуна кирсе да, андагы сөздөр менен грамматикалык тике байланыш түзө албаган жана өзгөчө интонация аркылуу обочолонуп, бөлүнүп айтылат. Булар 2 топко бөлүнөт (доскага таблица илинет):

1) каратма сөз;
2) киринди сөз;

Ал эми сырдык сөз, чынында, экөөнө тең кирбеген өзгөчө сөз түркүмү;

Сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге, эмнеге арналгандыгын билдирүүчү сөз, же сөз тизмеги **каратма сөз** деп аталат.

**Мисалы:** *Көкөтай чалга аш бердик, Манас.*
*Ашка аралаш баш бердик, Манас.*

Каратма сөз адабий тилдин бардык жанрларында бирдей колдонулбайт. Ал оозеки кептеги диалогдордо, кулактандырууда, чакырыктарда, көркөм адабий чыгармаларда кеңири колдонулса, публицистикалык чыгармаларда, илимий эмгектерде өтө эле сейрек жолугат.

Каратма сөз сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып кайрылуу, чакыруу иретинде айтылат. **Мисалы:** *Алина, сен качан айылга барасын? Достор, дайыма ынтымактуу бололу!*

Каратма сөздүн милдетин төмөнкүдөй сөз түркүмдөрү аткарат.

***Зат атооч:*** *Аскар, бугун Айбекти көрдүңбү?*

***Заттанган сын атооч:*** *<u>О жаман</u>, анык кеп жебес, тилге келбес неме турбайсынбы?*
***Атоочтук:*** *<u>Кудага келгендер</u>, төр тарапка өтүңүздөр.*

Булардан тышкары ***заттанган сын атооч*** да каратма сөз катары колдонулат: Ой, коркок, сен эмне бүрүшүп отурасың?

***Заттанган сан атооч*** да каратма сөз катары колдонулат: *<u>Биринчи, биринчи</u>, мени угуп жатасыңбы?*

Айтуучунун өзүнө өзү кайрылган учуру да, каратма сөз катары колдонулган абалда болот: *Оо, <u>шордуу башым</u>, таалайым тайкы беле?*

Ал эми каратма сөздөргө тыныш белгилер төмөндүгүдөй коюлат:

Каратма сөз сүйлөмдүн башына келсе, өзүнөн кийин үтүр (,) коюлат. **М.:** ***Балдар,*** *эртен сабака баарыңар катышкыла!*

Сүйлөмдүн ортосуна келсе, өзүнөн мурда жана кийин үтүр коюлат. **М.:***Келип калдынарбы,* ***айланайындар,*** *келип калдынарбы?*

Каратма сөз сүйлөмдүн аягына келсе, үтүр өзүнөн мурун коюлат. **М.:** *Дайыма чогуу бололу,* ***достор!***

Каратма сөздөр катышкан сүйлөмдөр оозеки кепте тыныш белги коюлган жерде тыным менен окулат. Жазууда арасы үтүр менен ажыратылат.

Каратма сөздөр түзүлүшүнө карай **жөнөкөй** жана **татаал** болуп бөлүнөт. **М.:** *Кет, жогол,* ***арамдык,*** *жолобо! Айланамды карасам,* ***жан боордош дыйкан талаам****, сен дагы жайдак калып, караан да жок, үн да жок, томсоруп жаткан экенсин! Жур,* ***бөбөгүм****, үйгө кирип уктайлы!*

Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө.

**137-көнүгүү**

**Көчүрүп жазып, каратма сөздөрдүн сүйлөмдөгү ордун аныктагыла. Тыныш белгилерин койгула.**

*1) Балдар коомдук жерлерде маданияттуу жургуло. 2) Эй эй каркыра турна кайдан келе жатасын? (А.О.) 3) Талант сен досторун менен келдинби? 4) Рахмат сизге энеке.*

5) *Белсенип жумуш кылгандан,*
*Акылсыз адам эринет.*
*Кызыкпа балдар бекерге,*
*Саргайып адам зеригет. (Токтогул)*

(Окуучулардан жооп алынат)

**138-көнүгүүнү** оозеки иштейбиз.

**Ээсин каратма сөз катары колдонуп, сүйлөмдү өзгөртүп түзгүлө. Тыныш белгилерин койгула**.

*1) Элдос чоӊ атасына жардам берди. 2) Бакдөөлөт менен Бекдөөлөт экөө бир тууган. 3) Окуучулар кечеге активдүү катышты. 4) Эжей эртенки тапшырманы айтты.*

(Хлгүсүн мугалим доскага жазат.)

**Хлгү:** *Элдос чон атасына жардам берди. - Элдос, чон атаӊа жардам бердиӊби?*

Окуучулар тапшырманы иштеп жатканда, мугалим доскага төмөнкүдөй схема чиет.

Кийинки тапшырманы аткарууда окуучулар үч топко бөлүнөт, карточкалар таратылат.

**1-топ:** 1) ______

2) Зат атооч ______ ! ______

Зат атоочту каратма сөз катары колдонот.

**2-топ:** 1) , ______ , ______ !

2) Заттанган сын атооч ______ , ______ ?

Заттанган сын атоочту каратма сөз катары колдонушат

3-топ; 1) ____ , ______ ____

2) ______ , ______ Сан атооч

***Схемадагы шарттуу белгилер:***

______ - сүйлом .

ратма сөз.

з.

Бул тапшырмага 5 мүнөт убакыт берилет. Түшүнбөгөн жерлерге мугалим жардам берет.

Окуучулар тапшырманы аткарып жатканда мугалим доскага «Каратма сөз» деген темада кластердин схемасын түзөт.




Схема боюнча жооптор алынат, кемчиликтери толукталат.

Келгиле, балдар, обондуу ырларда катышар бекен, байкап көрөлү, же

даяр ырдан уксак да болот. Андан соң окуучулардын көңүлүн көтөрүү максатында каратма сөздөр катышкан обондуу ыр ырдашат:

*Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,*
*Аскасы көк асманга тийген кезде,*
*Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*
*Кучактап ой-кырларын нурга кошо.*
*Улуусуң, кыргыз жери, ырдан бүткөн.*
*Сулуусуң, кыргыз жери, нурдан буткон.*

*Ысык-Көл - жердин көзү, кырлар - кашы,*
*Адырлар - көкүрөгү, токой - чачы.*
*Дайралар - кан тамыры, чоку - таажы,*
*Седеби, топчулары ар бир ташы.*

Азаматсынар, балдар! Бүгүнкү теманы жакшы түшүнүпсүңөр. Келгиле анда теманы бышыктайлы.

**Сабакты бышыктоо:** (Теманы бышыктоодо доскадагы кластер окуучулар тарабынан толтурулат).
**Үйгө тапшырма берүү:** Каратма сөздөрдү катыштырып, досуңарга кат жазасынар, тыныш белгилерин коөсуңар.
**Окуучулардын билимин баалоо, күндөлүктөрүнө баа коюу.**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Алекова Бермет**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Эсептик сан атооч (6-класс)**

**Сабактын максаттары**:

| **а) билим берүүчүлүк максаты:** | **б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **в) тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Окуучулар сан атооч боюнча алган билимдерин бекемдешет жана эсептик сан | Окуучулар морфологиялык талдоого машыгышат жана сан атоочту | Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга, сабаттуу жазууга |

| | | |
|---|---|---|
| атоочтун сүйлөмдөгү аткарган кызматтарын үйрөнүшөт. | составдык бөлүктөргө ажыратууга үйрөнүшөт | үйрөнүшөт |

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар сан атооч боюнча алган билимдерин бекемдешип жана эсептик сан атоочтун сүйлөмдөгү аткарган кызматтарын үйрөнүшсө; | Окуучулар морфологиялык талдоого машыгышып жана сан атоочту составдык бөлүктөргө ажыратууга үйрөнүшсө; | Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга, сабаттуу жазууга үйрөнүшсө; |

**Сабактын тиби:** Алган билимди бышыктоо сабагы

**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк, проблемалык жана интерактивдүү методдордун ыкмалары
**Сабактын формасы:** Жомок сабак
**Сабактын жабдылышы**: китеп, ватман, скотч, маркер, дидактикалык карточкалар, сүрөт, көрсөтмө куралдар
**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу**

**2) Өткөн теманы кайталоо**

Өтүлгөн теманы кайталоодо окуучулар үч топко бөлүнүшөт, ар бир топко дидактикалык карточкалар таратылат.

**1-топ:** Сан атоочтун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турган белгиси кайсы? Сан атоочтун грамматикалык белгилерин атагыла.

**2-топ:** Сын атооч грамматикалык түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт, мисал келтиргиле. Сүйлөмдүн сын атоочун таап, аткарган кызматын аныктагыла.

*Класста жыйырма беш окуучу бар. Элүүнүн жарымы – жыйырма беш*

**3-топ:** Сын атоочтун кандай түрлөрүн билесиңер? Берилген сүйлөмдөрдүн сын атоочун таап, кызматын айтып бер.

*Берерде бешөө - көп, аларда алтоо - аз.*

**3) Жаңы тема - Эсептик сан атооч**

**Мугалимдин сөзү:**

Балдар, бүгүнкү сабакта эсептик сан атоочту өтөбүз. Бул сабакты адаттан тышкары жомок формасында өтмөкчүбүз.

*Илгери-илгери Сан атооч карыя жашаптыр. Анын 6 уулу: эсептик, иреттик, жамдама, чамалама, бөлчөк жана топ сан болуптур. Бир күнү атасы ойлонуп балдарын чакырып мындай дейт:*

- *Мен жаш кезде көп өнөр үйрөндүм. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат. Силердей кезде эл, жер кыдырып, көп өнөр үйрөндүм. Силер да эл көрүп, жер көрүп, өнөрлөрдүн ээси болгула. Атасынын сөзүн угуп, балдары эл кыдырып кетет. Ошентип арадан айлар өтөт. Балдары өнөр үйрөнүп, четинен келет. Эң биринчи болуп эсептик сан деген уулу келет. Ал атасы менен көрүшүп, учурашып, өзүнүн үйрөнгөн өнөрү жөнүндө айта баштайт:*
- *Мен Математика деген мамлекетке барып, жакшы өнөрдүн ээси болдум, ал жактан заттардын так санын көрсөтүп, канча? нече? деген суроо берерин билдим.*

*Атасы:*

- *Азаматсың, уулум! - деди да, калган уулдарынын келишин күтө баштады.*

Бул жомоктон эмнени түшүндүңөр (кластер боюнча кайрадан түшүндүрүү)

Мугалим доскага кыргыз акчаларын илет. Булар кыргыз акчалары болуп саналат. Мамлекеттин мамлекеттигин даңазалаган герб, гимн сыяктуу акчалар да мамлекеттик белги болуп саналат ( Мугалим окуучулардан ар бир акчада кимдин сүрөтү , алар ким болгондугун сурайт).

Төмөнкү бөлүнгөн боюнча ар бир топко тапшырма берилет.

**1-топ:** Сан атооч катышкан макал айткыла.

**2-топ:** Сан атооч катышкан табышмак айткыла.

**3-топ:** Сан атооч катышкан жаңылмач айткыла (Ар бир топтон лидерлер чыгып жооп беришет).

Балдардын тез ойлоосун өстүрүү максатында суроолор берилет.

Бир жылда канча күн бар?

Бир жылда канча ай бар?

Бир айда канча күн бар?

Бир жумада канча күн бар?

Бир сабак канча убакытка созулат?

Мындан кийин окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат.

**Окуучулардын билимин анализдеп баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү, аны аткаруунун жолун түшүндүрүү.**

Сабакты жыйынтыктоо

**Алмазбек кызы Жанара**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү. Мезгил жана орун багыныңкы сүйлөм (9-класс)**

**Сабактын максаттары**:

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар татаал сүйлөм, анын тен байланыштагы түрү боюнча түшүнүктөрүн терендетишет, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм боюнча маалымат алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багынкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрүн (мезгил, орун), баш жана багынынкы сүйлөм, алардын өз ара байланышуу жолдорун өздөштүрүшөт.

**в)тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга, өз оюн эркин айтууга, баш жана багыныңкы сүйлөмдүн тыныш белгилерин, оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын жабдылышы:** маркер, ватман, таблица, дидактикалык карточкалар.

**Сабактын методу:** интерактивдүү методдор.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Үй тапшырманы текшерүү:** үйгө тапшырманы кайталоодо 1, 2, 3 деп саноо менен 3 топко бөлүнүп, ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет.

**1-топко:** 1)Татаал сүйлөм жана жөнөкөй сүйлөмгө Венндин диаграммасын түзүшөт.

**2-топко:** 1) Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө *да, дагы, бирок, ал эми, анткени* деген байламталарды катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Хтүр белгисинин коюлуш эрежелерин айтып бергиле.

**3-топко***: жана, менен* байламталарын катыштырып, тен байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн тең байланыштагы татаал сүйлөм

экендигин түшүндүргүлө. Үтүр белгиси кандай учурда коюлуп, же коюлбай тургандыгын айтып бергиле.

**Жаңы тема**

Мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча багыныңкы сүйлөмдүн төмөндөгүдөй түрлөрү бар. (Таблица доскага илинет).

**№1 таблица**

1) мезгил,
2) орун,
3) шарттуу
4) карама-каршы
5) сыпат
6) салыштырма
7) себеп
8) максат
9) сан өлчөм

→ багыныңкы сүйлөм

Ал эми бүгүнкү өтө турган темабыз - **мезгил** жана **орун багыныңкы сүйлөмдөр.**

Мезгил багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирет. Качан? качанга чейин? качантан бери? кайсы учурда? кайсы убакта? деген суроолор берилет. (Доскага таблица илинет).

Баш сүйлөм менен байланышууда мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна төмөнкү мүчөлөр уланат.

**№2 таблица**

1) Чакчыл мүчолор: -*а(й)*, -*ганча*, -*ганы*, -*майынча*, -*майын*. *Атам устаканадан кайтканча, мен келдим.*
2) Атоочтуктун -*ган* мүчөсүнө жөндөмө мүчөлөр (барыш, жатыш, чыгыш (-*га,-да,-дан*) уланат же жандооч (*кийин, соң, чейин, бери*) ж.б. менен колдонулат. **М.:** ***Биз ээрчишип келе жатканда****, дүйнө башкача сезиле турган*. Ай чыккан соң, айлана жарык болду.
3) шарттуу ыңгайдын –*са* мүчөсү. ***Нурлан жайлоого барса****, жолдоштору алдынан чыгат.*

**Орун багыныңкы сүйлөм**

Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун ордун көрсөтсө, **орун багыныңкы** сүйлөм деп аталат. Орун багыныңкы сүйлөмдүн составында көпчүлүк учурда кайда? каерде? кайсы жерде? кайда? деген сыяктуу суроолуу мүнөздөгү сөздөр болот.

-*<u>са</u>* мүчөсү айрым учурда *-да(-до,-до, -де)* мүчөсү менен аяктайт

**М.:** Билим кайда болсо, өнөр ошол жерде болот.


Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү аткарышат(155,156).

Класс экиге бөлүнүшөт.

**1-топтун аты** - Мезгил багыныңкы сүйлөм

**2-топтун аты** - Орун багыныңкы сүйлөм

Окуучулар мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмдөргө Венндин диаграммасын толтурушат. Окшоштук, айырмачылыктарын табышат. Эки топтун лидерлери чыгып, чечмелеп айтып беришет.



**2 топко** карточкалар таратылат.

**1 топ:** Мезгил багыныңкы сүйлөм.

Көп чекиттин ордуна баш сүйлөмдү, тескерисинче, багыныңкы сүйлөмдү ойлоп таап жазышат

*Кызмат аяктаган соң,* …………

*Сен бак-даракты сугарып бүткөнчө,* ……………

**2-топ:** Орун багыныңкы сүйлөмгө карата баш сүйлөмдү ойлоп таап, татаал сүйлөм түзүшөт.

*Биз каякка барсак ,* ………

*Менин балдарым кайсы жерде иштесе ,* ………

**( ) - багыныңкы сүйлөм**

**[ ] - баш сүйлөм**


Эки топко шарттуу белгилер берилет. Баш жана багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

1- **топ** багыныңкы сүйлөмү мезгил багыныңкы болгудай кылып сүйлөм түзүшөт ( ), [ ].

**2-топ** топко багыныңкы сүйлөмү орун багыныңкы болгудай кылып сүйлөм түзүшөт. [ ], ( ) .

Эки топ бөлүнгөн боюнча, мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмгө


кластер толтурушат.




**Сабакты жыйынтыктоо:** Мугалим кайтарым байланышы аркылуу «Биз бүгүн эмнени билдик?» - деген кайрылуу менен жооп алат.
**Хгө тапшырма берүү:** Мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмдөн турган баш жана багыныңкы сүйлөмдү түзүп, толук синтаксистик талдоо жүргүзүү.
**Окуучулардын билимин баалоо:** Жооп бергендерине жараша фигуралар менен бааланышат.



Кызыл -5



Көк - 4,



Жашыл - 3

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Антонова Айзада**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Расмий эмес иш кагаздары, анын түрлөрү**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар расмий эмес иш кагаздары боюнча түшүнүк ала алышат.

**б)өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар расмий эмес иш кагаздары жана анын түрлөрүнүн (арыз, кулактандыруу, чакыруу), жазылыш өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар бири-биринин оюн угуп, сылык, маданияттуу болууга, кыргыз тилин сүйүүгө тарбияланышат;

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу. . .**

**а)** Расмий эмес иш кагаздары жана анын түрлөрү боюнча түшүнүк ала алышса;

**б)** Расмий эмес иш кагаздары жана анын түрлөрүнүн (арыз, кулактандыруу, чакыруу) жазылыш өзгөчөлүктөрүн үйрөнсө;

**в)** Бири-биринин оюн угуп, сылык, маданияттуу болууга, кыргыз тилин сүйүүгө тарбиялана алышса.

**Сабактын тиби:**

Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:**

Интерактивдүү методдун айрым ыкмалары.

**Сабактын жабдылышы:**

Дидактикалык карточкалар жана методикалык колдонмолор.

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу**

**2) Өтүлгүн теманы кайталоо** (Бул учурда окуучулар топторго бөлүнүшөт).

**1- топ үчүн:** - Биз ой пикирибизди эмнелер аркылуу башкаларга түшүндүрөбүз?

**2-топ үчүн:** Кептин түрлөрү канчага бөлүнөт?

**3-топ үчүн:** Ар бир кептин түрлөрүнүн аныктамасын атап бергиле?

**Мугалим**:

Ошентип, биз өткөн сабакта кептин түрлөрү боюнча терең түшүнүк алганбыз. Демек, ой-пикирибизди баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү аркылуу түшүндүрө алабыз.

Ал эми кептин түрлөрү **баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү** болуп үчкө бөлүнөт

**Баяндоо** – турмушта болуп жаткан, болуп өткөн жана боло турган окуяны жаратылыштын кубулушун, ирети менен кабарлоо.

**Сүрөттөө** – кабарлоо оозеки же жазуу түрүндө берилет.

Ал эми **ой жүгүртүү** болсо – аңгеме, жомок, уламыштарда кептин баяндоо түрү кеңири колдонулат.

Балдар, өткөн тема баарыңарга түшүнүктүү болду окшойт.

Бүгүн биз «Расмий иштиктүү стиль жана анын түрлөрү» деген теманы өтөбүз.

**Жаңы тема:**

Коомдо эл чарбасында, тармактарында колдонулган иш кагаздары сан жагынан өтө көп. Иш кагаздарынын ар бир түрү өзүнчө бир формага ээ. Анын жазылышында же толтурушунда өзгөчөлүктөр бар. Иш кагаз таануу илиминде алар биринчи иретте өздөрү жаратылган орду боюнча ички жана тышкы иш кагаздары болуп айырмаланат.


Белгилей кетүүчү жагдай, жазма стилде расмий иштиктүү стиль өз ара 2 чоң топко бөлүнүү менен иш кагаздарын жүргүзүүдөгү негизги стиль болуп саналат.

Булар: 1. Расмий иш кагазы.
2. Расмий эмес иш кагазы.

**Расмий иш кагазы** – бул мекеме-уюмдардын, ишканалардын иштерин жүзөгө ашырууда колдонулган иш кагаздары.

**Расмий эмес иш кагаздары** – жөнөкөй формада жазылган, бир мекеменин ички талаптарын камсыз кылуу үчүн колдонулган иш кагаздары. Буларга: **арыз, кулактандыруу, чакыруу** кирет. **Мисалы: Арыз** - уюмдун жетекчисине ошол эле же башка уюмдун мүчөлөрү тарабынан сунуш, сураныч, арыздануу мазмунунда жазылат.

Адам ишмердигинде арыздын көптөгөн түрлөрү колдонулат. Бирок айрым арызды кошпогондо, алардын дээрлик бардыгы бирдей реквизиттерге ээ. Аны төмөнкүдөй схема менен көрсөтөбүз:




**Бул реквизиттер төмөнкүдөй чечмеленет:**

**1-реквизитте** мекеменин аталышы, жетекчинин кызматы жана аты-жөнү жазылат. Жетекчинин аты жана атасынын аты кыскартылат, фамилиясы толук көрсөтүлүп, ал барыш жөндөмөгө келтирилет: ***А.К.Жолдошевге***.

**2-реквизитте** арызданууччунун каерде, ким болуп иштээри, же каерде жашаары, аты, атасынын аты жана фамилиясы көрсөтүлүп, фамилия чыгыш жөндөмөгө келтирилет: ***А.К.Базарбаевден***.

**3-реквизитте** иш кагазынын аты жазылат: ***Арыз*** деп.

**4-реквизит** – текст. Ал абзац менен башталып жазылат. Арыздын тексти түшүнүктүү, так жана кыска болушу талап кылынат. Зарыл болсо, бир канча абзацка бөлүнүп жазылышы мүмкүн.

**5-реквизитте** арызга тиешелүү тиркемелер берилет.

**6-реквизитте** арыз жазылган дата алты цифра менен же цифра-сөз менен көрсөтүлөт.

***00.14.04. же 2000 - жылдын 14- апрели.***

**7-реквизитте** арызданууучунун аты, фамилиясы көрсөтүлөт.

**6-7-8- реквизиттер** бирдей деңгээлге жазылат.

**9-реквизитте** мекеменин айрым тиешелүү кызматкерлеринин арыз менен таанышкандыгы жөнүндө, арыздын текстинин мазмунуна карата пикирлерин туюнткан визалары коюлушу мүмкүн.

**10-реквизитте** арыздын индекси белгиленет.

Арыздын түрлөрү өтө көп. **Мисалы:**

*Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы К.Салиев атындагы орто мектептин директору А.Белековго Дархан айылынын тургуну С.Акуловдон*

*Арыз*

*Башка мектепке которулгандыгына байланыштуу, уулум Акунов Айдар Сапарбековичтин өздүк делосун берүүңүздү өтүнөм.*


*09.15.12* *Колу:_____ С.Акунов.*

**Кулактандыруу**

**Кулактандыруу** – бул мекеменин жана уюмдун жаамат мүчөлөрүнүн кандайдыр бир иш чараны өткөрүү жөнүндө жарыя кылуусу. Ал оозеки жана жазуу жүзүндө болот.

Кулактандыруу бул иш-чаранын (жолугушуунун, чогулуштун) өткөрүлгөн күнү, орду жана убактысы көрсөтүлөт.

Аны төмөнкүдөй схема менен көрсөтөбүз:



Бул маалымдаректер төмөнкүдөй чечмеленет:
1. Иш кагаздын аты (Кулактандыруу);
2. Текст;
3. Өткөрүү убактысы;
4. Кошумча маалыматтар;
5. Өткөрүлүүчү орду;
6. Бул иш чараны өткөрүүчү же мекеменин аты.

**<u>Үлгүсү:</u>**

***Кулактандыруу***

*2010-жылы, 25-май саат 14:00 до Т.Сатылганов атындагы окуу тарбия комплекс гимназиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн кечеси өткөрүлөт.*

*Уюштуруу комитети*

**Чакыруу**

Чакыруу каты чогулушта, салтанаттуу жыйынга белгилүү адамдарды чакыруу үчүн жиберилет.

Чакыруу катынын негизги реквизиттери:
1. Катты алуучунун иштеген мекемеси: кызматы жана аты – жөнү;
2. Каратма сөздүү сүйлөйт;
3. Текст;
4. Катты жиберген мекеме жетекчинин кызматы жана аты – жөнү;

Чакыруу катынын үлгүсү төмөнкүдөй болот.

***Чакыруу***

*Урматтуу Акылай апа, Турар ата!*

*Сиздерди бүтүрүү кечебизге чакырабыз.*
*Кече 2015-жылдын 25-майында саат 13:00 дө мектепте өткөрүлөт.*

*11-класстын бүтүрүүчүлөрү*

**Мугалим:**

Балдар, бүгүнкү биздин темабыз баарыңарга түшүнүктүү болду окшойт. Анда, балдар, бөлүнгөн топ боюнча көнүгүү иштейбиз.

(Ар бир топко карточка таратылат).

**1-топ үчүн:** 46 көнүгүү.

**Мектеп директорунун наамына экскурсияга баруу жөнүндө арыз жазгыла.**

**2-топ үчүн:** 47 көнүгүү:

**Чакыруу кагазынын түрүн (жолугушуу ж.б.) жазгыла**

**3-топ үчүн:** 48 көнүгүү:

**Класстын чогулушу, ар кандай конкурстар боюнча кулактандыруу жазгыла.**

Окуучуларга 5 мин убакыт берилет.

Топтор өз алдынча иштеп жатканда, мугалим доскага туура эмес жазылган арыз, кулактандыруу жана чакырууну атайын таблицада илет.

**1.**

Арыз

Эжей, мага уруксат бериңиз ооруп жатам.

**2.**

Чакыруу

Сизди тойго чакырабыз.

**3.**

Кулактандыруу

Ата – энелер чогулушу болот кечикпей келгиле

Ар бир топтон окуучулар чыгып берилген тапшырма боюнча жооп айтышат. Окуучулардын жооптору төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

1). *Каракол шаарындагы*

*№1 орто мектептин*

*директору А.Бектургановага*

*5-класстан*

*Арыз*

*Бизди, 5- класстын окуучуларын, Рыспек кызы Эркингүл эжей менен бирдикте 18-майда экскурсияга жиберүүңүздү өтүнөбүз.*

*10.05.15.* *Арыз ээси:* *Ашир.*

**2. Чакыруу**

*Урматтуу Зина апа, Төлөгөн ата!*

*Сиздерди 2005-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн жолугушуу кечесине чакырабыз.*

*Кече 2015-жылдын 25-майында саат 13:00 дө №1 инновациялык мектеп гимназиясында өткөрүлөт.*

*Уюштуруу тобу*

*3.* ***Кулактандыруу***

*2015-жылы 25-майда саат 14:00 дө №1 инновациялык мектеп гимназиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн кечеси өткөрүлөт.*

*Уюштуруу комитети*

Азаматсыңар, балдар, бүгүнкү теманы бардыгыңар эң мыкты түшүнүптүрсүңөр.

Эми досканы карап, ар бир таблицадагы тексттин (арыз, кулактандыруу, чакыруу) каталарын маркерди алып оңдоп чыгуу керек (Текст берилет. Окуучулар маркердин жардамы аркылуу каталарды оңдоп жазышат).

Азыр биз бир аз оюн ойнойлу.

Оюндун аты: **«Мен мактанбайм бирок......»** деп аталат.

Кана анда, катары менен айтып чыгалы.

**1 – окуучу:** *«Мен мактанбайм, бирок класста эң мыкты окуйм».*

*«Мен мактанбайм, бирок мен жакшы ырдайм»* ж.б.

Балдар, баарыбыз бир аз ойноп, күлүп алдык. Кийинки тапшырмага өтөлү.

Кийинки тапшырма **«Ысык стол»** деп аталат.

**1-топтон** бир лидер чыгат, ал эми **2-3 топтун** лидерлери 1-топтун лидерине расмий иштиктүү стиль жана анын түрлөрү боюнча сурролорду беришет, жооп берип, суроо бергендер өздөрүнө упайларды алышат.

Суроолор – жооптор менен сабакты бышыктоо:

1) Расмий иш кагазга аныктама бер?
2) Расмий эмес иш кагаздарга кайсы иш кагаздары кирет?
3) Расмий эмес иш кагаз кандай формада жазылат?
4) Арыз эмне себептен жазылат?
5) Чакыруунун үлгүсүн айтып бер.
6) Кулактандыруунун үлгүсүн айтып бер.

**Теманы жыйынтыктоо:**

- Балдар, бүгүнкү сабак силерге жактыбы? Силерде кандай ойлор пайда болду? (Окуучулар өз ойлорун айтышат). Демек, балдар, кандай гана иш кагазы болбосун, алардын бардыгы турмушубузга абдан керек.

**Үйгө тапшырма берүү:** Чакыруу кагазынын түрлөрүн жазуу.

**Окууучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Асанкадырова Гүлжамал**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Орфографиянын эрежелери

(10-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Орфография жөнүндө маалымат алуу менен бирге берилген материал аркылуу окуучулар алган билимдерин тереңдетишет. Алган билимдери жазуу

жүзүндө кеңири пайдалануусу камсыз кылынат. Адабий тилди жазууда колдонула турган бирдиктүү нормаларын туура сактап, жазууда кыргыз тилин жазууда орфографиялык эрежелерин үйрөнө алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар өз көз караштарына ээ болуп аны эркин айтууга, коргой алууга, ой жүгүртүүлөрү менен сабаттуу айтууга көнүгүшөт. Көрүү жана угуу аркылуу эске тутумдарын өстүрүшөт. Топ ичинде иштөөдө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт;

**в) тарбиялык максаты:**

Окуучулар патриоттуулукка, эл жерин сүйүүгө, улуттук баалуулуктарды сактоого тарбияланышат жана топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлап, өз ара түшүнүүгө багыт алышат. Сабакта алган билимдерин колдонууга үйрөнүшөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

**а)** кыргыз тилиндеги орфографиянын эрежелерин жана анын түрлөрүн ажыратып так айтып бере алышса, адабий тилди жазууда колдонула турган бирдиктүү нормаларын туура сактап, жазууда кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин колдоно алышса;

**б)** окуучулар өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айтууга, коргой алууга, ой жүгүртүүлөрү менен сабаттуу айтууга көнүгүшсө; көрүү жана угуу аркылуу эске тутумдарын өстүрүшсө жана топ ичинде иштөөдө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшсө;

в) топ ичинде бири-бирин сыйлап, уга билсе. Бири-бири менен сылык мамиледе болушса; окутууда жоопкерчиликтүү мамиледе болушса, ийгиликке жетүүгө атаандаша билсе жана убакытты туура пайдаланышса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүү сабагы.

**Сабактын методу:** интерактивдүү ыкмалар

**Сабактын жабдылышы:** таяныч белгилер, ватман, маркер, көрсөтмө куралдар.

**Илимдер аралык байланыш:** тарых, адабият

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу.** Мугалим класска кирип, окуучулар менен учурашып, доскага датаны, өтүлө турган теманы жазып, журналга окуучуларды жоктойт

**2) Өтүлгөн теманы кайталоо, үй тапшырмасын текшерүү** (5 мүнөт).

**Мугалимдин сөзү:**

Балдар, биз өткөн сабакта эки сөз аралыгындагы үнсүз тыбыштардын артка карай ээрчишип өзгөрүүсүн үйрөнгөнбүз. Ошондой эле сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы тууралуу маалымат алганбыз. Кана, дагы бир жолу эсиңерге салып, үй тапшырманы текшерүү менен кайталап алып, жаңы теманы баштайлы. (Бул учурда класстагы окуучулар 3 топко бөлүнүшөт).

Мугалим 3 топтун лидерлерине атайын карточкаларды таратып берип, 5 минута убакыт берет.

**1-топко**

1. *Агала, көбайтты, чаабал, жогеле* деген сөздөрдү туура жазгыла.
2. Жогоруда берилген сөздөрдөн мисал келтирип, андагы үнсүз тыбыштар артка карай (жумшарып) өзгөрүп айтылышын аныктагыла?

**Туура жообу:**

1. *Ак ала, көп айтты, чаап ал, жок эле*.

2. Ушул эле сөздөрдөн мисал келтирип, андагы үнсүз тыбыштар артка карай (жумшарып) өзгөрүп айтылышы *ак ала, көп айтты, чаап ал, жок эле*.

Мында жанаша турган эки сөздүн биринчиси **к, п** үнсүз тыбыш менен аяктап, кийинкиси үндүү тыбыш менен башталса, эки сөздүн аралыгындагы үнсүздөр артка карай (жумшарып) ээрчишип айтылат. Бирок жазууда алгачкы калыбындагыдай эч өзгөрүүсүз калат.

**2-топко**

1. Төмөндөгү берилген сүйлөмдөгү айрым сөздөрдүн айтылышы менен жазылышындагы айырмачылыктарын белгилеп, эмне себептен экендигин айтып бергиле?

*Сөзүбүз куру болбосу үчүн өзүбүз көрүп-билип жүргөн фактыларга кайрылалы. Муну ардагер, сарамжалдуу Наскара уулу Эсенгулдун үйүнөн көрдүк.*

2. Айтылышы жана жазылыш түрүндөгү сөздөрдү таап аларга мисал келтиргиле?

**Туура жообу:**

1. ***Сөзүбүз куру*** *болбосу үчүн өзүбүз көрүп билип жүргөн фактыларга кайрылалы. Муну ардагер, сарамжалдуу Наскара уулу Эсенгулдун* ***үйүнөн көрдүк****.*
2. Берилген сүйлөмдөрдүн ичинен ***сөзүбүз куру, үйүнөн көрдүк*** деген сөздөрдүн жазылышы туура, ал эми айтылышында *үйүнөн гөрдүк,*

*сөзүбүз гуру* деп айтылат. Мындагы үнсүз тыбыштар артка карай ээрчишип айтылбайт. Анткени ортосунда үндүү тамгалар келген жок.

**3-топко**

1. *Чу койдум жол каржымды бөктөрүнүп,*
   *Сабымда **суup бүткөн** өңчөй күлүк.*
   *Жанымдан шуу деп өтөт, **селт дей** түшөм,*
   *Канымда **кайнап барат** жек көрүүлүк.*

   Берилген ыр саптарындагы асты чийилген сөздөрдүн, артка же алга карай өзгөрүшүн, же эч кандай өзгөрбөгөнүн аныктагыла?
2. Туура жазылган сөздөрдү катыштырып, чакан текст түзгүлө?

**Туура жообу:**

*Чу койдум жол каржымды бөктөрүнүп,*
*Сабымда с**уup бүткөн өңчөй** күлүк.*
*Жанымдан шуу деп өтөт, **селт дей** түшөм,*
*Канымда **кайнап барат** жек көрүүлүк.*


*Сууп бүткөн, селт дей, кайнап барат* бул сөздөр жазылышы боюнча б, п тыбышы аркылуу артка карай ээрчишип айтылды. Ал эми айтылышы боюнча *сууб бүткөн* болсо, эч кандай ээрчишип айтылбайт.

1. *Азыркы Мыкты баатыр: «Анжиянга барабыз», - деп **үч жүз** үйлүү элди **көчүрүп жөнөйт** экен. Алардын ичинен бир жигердүү жигит карыган атасын таштагысы **келбей,** сандыкка салып эч кимге **көрсөтпөй жүктөп** алат. Көч **жүрүп отуруп, бир канча күн** өткөндөн кийин кары киши баласынан: «Оо балам, эмне үчүн **кээ бир жерден** жымжырт болуп калдыңар?», - деп сураптыр. Белгиленген сөздөр жазылышы боюнча туура жазылды.*
2. Ар бир топ иштеп жатканда мугалим өтүлө турган жаңы темадагы мисалдардын таблицасын доскага илет. Убакыт бүткөндөн кийин 3 топко берилген тапшырмалардын жоопторун лидерлер чыгып жактап беришет.

**3) Жаңы тема (15 мүнөт)**

(Сабакка даярдалган таблица доскага илинет)

Орфографиянын төмөндөгүдөй принциптери бар:





**Мугалимдин сөзү:**

Балдар, биз силер менен бүгүн кыргыз тилинин орфографиясынын жана орфоэпиясынын эрежелерин үйрөнөбүз. Биз буга чейин 5-класста пунктуациялар боюнча сабак өттүк эле. Бүгүн кыргыз орфографиясына туура келген пунктуациялык эрежелерди, орфографиянын принциптерин, белгилерин, жазуу эрежелерин үйрөнөбүз.

**Орфография** деп адабий тилдеги сөздөрдү туура жазуу үчүн иштелип чыккан эрежелердин системасы, гректин **orphos (туура)**, **grapho (жазуу)** деген сөздөрүнөн алынган. Тарыхый фактыларга кайрылсак, негизинен, кыргыз орфография көп жылдан бери иштелип келе жатат.


2002-жылы КР ЖК Мыйзам чыгаруучу жыйынын токтому жана КР өкмөтүнүн токтому менен кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясы жана аны колдонууга киргизүү бекитилген болчу. Бирок бул мыйзамдар коомчулукка анча деле сиңип кеткен эмес. Ошол себептен кайрадан иштелип чыгып, акыркыларынан болуп 2008-жылдын 26-июнунда КР ЖК токтомунун негизинде кабыл алынган.

***Кыргыз орфографиясынын төмөндөгүдөй негизги эрежелери бар:***




**Кээ бир тамгаларды жазуу эрежелери:** баш тамгаларды жазуу эрежелери: мында сүйлөмдүн же энчилүү аттын башына келген созулма үндүүнүн биринчи тамгасы баш тамга менен, экинчиси кичине тамга менен жазылат.

**Жөнөкөй сөздөрдүн жазылышы:**







а) бириккен сөздөрдүн жазылышы: *быйыл, бүгүн, баягыда, мурдакүнү* ж.б,

б) кошмок создөрдүн жазылышы: *карамуртөз, кечкурун, былтыр* ж.б.

в) кошмок сөздөрдүн бөлөк жазылышы: *көз айнек, кол кап, тил кат* ж.б

г) кыскартылган сөздөрдүн жазылышы: *УИА, КТРдин, БУУга, КРдин* ЖОЖ, ЫМУ ж.б

## Дефисти жазуу эрежелери:

а) кайталанып айтылган сырдык создөр менен тууранды сөздөрдүн арасында да дефис коюлат: *пай-пай-пай, кобур-собур, күбүр-шыбыр* ж.б

б) цифра аркылуу берилсе дагы дефис коюлат: (*-ынчы* мүчөсүнүн ордуна) *2008-жыл, 16-ноябрь* ж.б. **Эскертүү:** Рим цифрасынан кийин дефис коюлбайт. М.: *XXI кылым*.

в) чамалама сандардын арасына дефис коюлуп жазылат: *кырк-элүү, жыйырма-отуз, беш-алты* ж .б.

г) адамдын илимий даражасын, адистигин, кызматын, наамын, чинин көрсөтүүчү татаал сөздөр, жандама аныктоочтуу создөр да дефис аркылуу жазылат: *механизатор-айдоочу, премьер-министир, врач-терапевт* ж.б.

## Ташымал:

а) Сөздөр бир саптан экинчи сапка муунга бөлүү тартиби боюнча ташылат: *бо-өк, ки-но, айтылган-дар* ж.б.

б) созулма үндүү бир гана муун түзгөндүктөн, бири-бининен ажыратып ташууга болбойт: *то-олордо* эмес *тоо-лордо*, *бекинүү-чү, заар-кануу* ж.б

в) ичкертүү, ажыратуу белгилери өзүнөн мурунку үнсүз тыбыштан бөлүп ташылбайт: *под-ъезд, консуль-тация* ж.б

г) Кишилердин кыскартылып алынган ысымы жана атасынын аты фамилиядан ажыратылып ташылбайт: *Т.М. Мамбетжунушовдун.*

## Өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жазылышы:

а) орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр, негизинен, орус орфографиясындагыдай эле жазылат: *жюри, бокс, аффикс, арбитраж, герб, банк* ж.б

б) орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден мурдатан өздөштүрүлүп, кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө баш ийдирилген

сөздөр айтылышы боюнча жазылышына жол берет: *белет, момпосуй, керебет, шапке, пол, панар, жаркөп* ж.б

в) аягы *-пп, -сс, -мм* кош үнсүздөрү менен аяктаган сөздөргө ушул өңдүү тыбыш менен башталган мүчөлөр айкашса, үч окшош үнсүз катар келбейт. Алардын бири түшүрүлүп жазылат: *киловатт+да// киловатта* ж.б

Негизинен, кыргыз орфографиясы көп жылдан бери иштелип келе жатат. Акыркыларынан болуп эсептелген эрежелер 2008-жылдын 26-июнунда КР ЖК токтомунун негизинде кабыл алынган.

Балдар, мындан сырткары тилдин орфографиясы белгилүү бир принципке багынат жана ал принципти негиз кылып алат. Азыр силерге карточкаларды таратып берем, ар бир принциптерден мисалдарды берем, ошого жараша өзүнөр эрежелерди чыгарасынар. Кластер түрүндө доскадагы таблицага илесиңер (Класс үч топко бөлүнүшөт).
**1-топко:**

1. **Фонетикалык принцип** *ата+лар=ата-лар, бала+лар=балдар, ат+лар=аттар, белет (билет), деректир (директор), китеби, ойно, сүйлө, алтоо, агыш, көгүш* ж.б.

**Жообу:**

Сөздөр оозеки кепте кандай айтылса, кандай угулса, ошондой жазууну талап кылган принцип **фонетикалык принцип** болот. Тактап айтканда, сөздөгү тыбыштар кулакка кандай угулса, ошондой жазууну талап кылат. Буга кыргыз тилиндеги мүчөлөрдүн жазылышын мисал кылып көрсөтүүгө болот. Уңгудагы тыбыштарга ылайык мүчөлөр бир нече вариантта өзгөрөт.

2. **Морфологиялык принцип:** *түңкү* эмес, *түнкү*; *кашты* эмес, *качты; ушту* эмес, *учту*; *өкөө* эмес, *экөө*; *бүгүңкү* эмес, *бүгүнкү*; *меммин* эмес, *менмин*; *наңга* эмес, *нанга*; *тумма* эмес, *тунма*.

   **Жообу:**

Сөздөрдүн ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап айтылышы эсепке алынбай, алардын уңгу түрүндөгү баштапкы формасын өзгөртпөй жазууну талап кылган принцип **морфологиялык принцип** болот**.** Кыргыз тилинде **уңгу сөздөрдү жазуу** ушул принципке багынат.
**2-топко:**

1. **Тарыхый принцип**. **Мисалы:** *керебет, чиркөө, болуш, ыстарчын, чыт, чайнек, самоор, бөлкө, сот, түрмө, меш, алиппе, мектеп, мугалим, адал, зээн, адабият, маданий*.

**Жообу:**

**Тарыхый принцип** сөздөрдү мурунку, болбосо алгачкы айтылышы боюнча жазууну талап кылат. Бул принцип кээде **традициялык принцип**

деп да аталып жүрөт

2. **Фонематикалык принцип. Мисалы:** *ава* эмес, *аба (аба ырайы)*; *таапер* эмес, *таап бер*; *сөссүз* эмес, *сөзсүз*; *наңга* эмес, *нанга*; *сугар, семир, ойно, укта, жумша, сүйлө, кызар, орно, балдар*.

**Жообу:**

Сөздөгү фонемалардын өзгөрүлүп айтылышына карабастан, бардык учурда бирдей жазуу принциби, башкача айтканда, сөзгө катышкан фонемаларды угулушундай жазбастан, фонемалык өзгөчөлүгүнө ылайык жазуу.

**3-топко**

1. **МОРФОЛОГИЯЛЫК-ФОНЕТИКАЛЫК ПРИНЦИП**

Кыргыз орфографиясы өзүнчө фонетикалык же өзүнчө морфологиялык принципке багынбайт. Ал кошмо принципке, б.а. морфологиялык-фонетикалык принципке багынат. Демек, кыргыз тилиндеги сөздүн уңгусу **морфологиялык,** ага уланууч мүчөлөр **фонетикалык принципке** негизделип жазылат. **Мисалы:** *мектеп+те+ги+лер+дин, кызмат+ка, окуу+чу+лар+ды* ж.б.

2. **ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛЫК ПРИНЦИП**

Бул принцип кээде **айырмалоочу** же **символикалык принцип** деп да аталат. Буга энчилүү ат менен жалпы атты айырмалап жазуу кирет. **Мисалы:** *бакыт – Бакыт, зарыл – Зарыл, ырыс – Ырыс, жума – Жума, жолдош – Жолдош, алтын – Алтын, күмүш – Күмүш, болот – Болот, жыргал – Жыргал, сонун* - *Сонун, кочкор – Кочкор, кул – Кул, эркин – Эркин.*

Окуучулар иштеп жатканда мугалим доскага таблица илет,

Топтор иштеп бүткөндөн кийин лидерлер доскадагы таблицанын жанына эрежелерди илип, жактап беришет. Жооптор тууралaнат жана кемчиликтери айтылып, толукталат.

**Мугалимдин сөзү*:***

- Балдар, биз бүгүн силер менен кыргыз тилинин орфографиясынын принциптерин, тыныш белгилерин, сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы боюнча бир топ маалыматтарды алдык. Азыр силер менен канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүбүз боюнча доскадагы таблицаны толтурабыз. Жана ага кыскача аныктама беребиз.

**Бөлүнгөн топтордон окуучулар чыгып командаларына балл топтошот.**

| **Тапшырма** | **Туура жазылышы** |
|---|---|
| *Балалар, толтур+ып, барган+лар* | *Балдар, толтуруп, баргандар* |
| *ААлам, Ак-дөбө,* | *Аалам, Ак-Дөбө* |
| *Кештурду, комусчу,* | *Кеч турду, комузчу* |
| *Үш жүз, кырк элүү* | *Үч жүз, кырк-элүү* |
| *Көрүмбөйт, кереез, тобокэл* | *Көрүнбөйт, керээз, тобокел* |
| *Боё-к, а-ары, К.-Ашыров (ташымал)* | *Бо-ёк, аа-ры, К.Ашыров.* |
| *Б.Г.У, Ысыккөл, эшэк, сеел* | *БГУ, Ысык-Көл, эшек, сээп* |
| *Кара мүртөз, көзайнек* | *Карамүртөз, көз айнек* |

**Сабакты бышыктоо:** Топторго төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет:


**1-топко:**

1. Кыргыз тилинин орфографиясынынын эрежелерин катыштырып, кластер түзгүлө?
2. Бүгүнкү күндө кыргыз тилинин орфографиясынын орду кандай деп ойлойсунар, жетишкендиктери жана кемчиликтерине өз пикириңер?

**2-топко:**

1. КР ЖК Мыйзам чыгаруучу жыйынын токтому 2002-жылы чыгарган кыргыз тилинин орфографиясынын редакциясы эмне үчүн кайра өзгөртүлгөн, 2008-жылы түзүлгөн орфографиянын жаңы эрежелери эмнеден улам өзгөртүлдү деп ойлойсунар?
2. Жөнөкөй сөздөр менен татаал сөздөрдүн окшоштуктарын жана айырмачылыктарын белгилеп Венндин диаграммасын толтургула

татаал сөздөр жөнөкөй сөздөр



**3-топко:**

1. Бүгүнкү сабакта силерге тааныш болбогон эмнелерди үйрөнө алдынар?

комментарий

| **Билем:** | **Билдим:** | **Билгим келет:** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

2. Үндүү жана үнсүз тамгаларды катыштырып сүйлөм түзгүлө

Теманы жыйынтыктоодо мугалим окуучуларга кайтарым-байланыш методунун негизинде «Мен бүгүн эмнени үйрөнө алдым?» - деген суроонун тегерегинде ой жүгүртүшөт.

**Окуучулардын билимин баалоо.** Топтордо иштеген окуучуларды лидерлер баалашат.

**Үйгө тапшырма берүү**: кыргыз орфографиясынын эрежелерин окуп, жаттоо жана **61-көнүгүү** берилет.

**Шарты**:

Тексттеги кара тамга менен басылган сөздөргө көңүл бөлүп, алардын жазылышында кандай ката келтирилгендигин таап, оңдоп жазгыла.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Асанкадырова Гүлжамал**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы – Зат атооч жана анын түрлөрү (5-класс 1 саат)**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Зат атооч жөнүндө маалымат алуу менен бирге берилген материал аркылуу окуучулар алган билимдерин тереңдетишет. Алган билимдери жазуу

жүзүндө кеңири пайдалануусу камсыз кылынат. Зат атооч жана анын түрлөрү боюнча кеңири маалымат алышат. Жак, чак, таандык жана жөндөмө категориясын үйрөнүшөт;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айтууга, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүүлөрү менен сабаттуу болууга көнүгүшөт. Кыргыз тилиндеги зат атоочту башка сөз түркүмдөрүнөн ажырата алышат жана синтаксистик кызматта ээнин милдетин аткара тургандыгын үйрөнүшөт. Көрүү жана угуу аркылуу эске тутумдарын өстүрүшөт. Топ ичинде иштөөдө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар патриоттуулукка, эл жерин сүйүүгө, улуттук баалуулуктарды сактоого тарбияланышат. Сабакта алган билимдерин бардык учурда колдонууга үйрөнүшөт. Топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлап, өз ара түшүнүүгө багыт алышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) кыргыз тилиндеги зат атоочтун эрежелерин жана анын түрлөрүн ажырата алышса; зат атооч жана анын түрлөрү боюнча кеңири маалымат алышса; жак, чак, таандык жана жөндөмө категориясын үйрөнүшсө;

б) окуучулар өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айтууга жана коргой алууга, ой жүгүртүүлөрү менен сабаттуу болууга көнүгүшсө; адабий тилдеги сөздөрдүн айтылыш эрежелерин жана жазууда пунктуациялык белгилерди туура жазууга үйрөнө алышса;

в) топ ичинде бири-бирин сыйлап, уга билсе; сылык болушса; окуутууда жоопкерчиликтүү мамиледе болушса; ийгиликке жетүүгө атаандаша билишсе жана убакытты туура пайдалана билсе.

**Сабактын тиби –** Кайталоо сабагы

**Сабактын методу:** интерактивдүү ыкма,

**Сабактын жабдылышы:** таяныч белгилер, ватман, маркер, көрсөтмө куралдар.

**Сабактын милдети:**

а) окуучулар билим алууда түшүнүгүн тереңдетүү;

б) маалыматтардагы негизги ойду толуктоо;

в) кичи топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлай билүү, өзүнүн иш-аракеттерин, көндүмдөрүн баалай билүү.

**Илимдер аралык байланыш**: тарых, адабият.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу** (окуучулар менен учурашуу, класстын тазалыгына көңүл буруу).

   **Өтүлгөн теманы кайталоо. Үй тапшырмасын текшерүү (5 мүнөт). Мугалимдин сөзү:**

   - Балдар биз өткөн сабакта сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткanbыз. Уңгунун кандай түрлөрү бар экен? Кандай сөздөрдү уңгу дейбиз? Мүчөлөр кандай болуп бөлүнөт экен? Үй тапшырмага сөздөрдү унгу жана мүчөгө ажыратуу боюнча кайталоо берилген. Класстагы окуучуларга сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратуу боюнча карточкалар таратылып берилет. (Бул учурда класстагы окуучулар 3 топко бөлүнүшөт, аларга тапшырма берилет (3 минута).

**1-топко:** У*ялаш, аталаш, кубанычтуу, жайлоого, балдарга, кечирип кой.*

**Туура жообу** уя-лаш, ата-лаш (сөз жасоочу мүчө).

*Кубаныч-туу, жай-ла-оо-го, бала-лар-га, кеч-ир-ип кой (*Сөздүн лексикалык маанисин өзгөртүүчү мүчө).

**2-топко:**

1. *Карын+ым, эрин+ым, оюн+ы, узун+ар, ойно+ла*

Берилген сөздөрдүн уңгусуна мүчөлөрдү улап, туура жазгыла?

Мүчө уланганда эмне үчүн уңгу өзгөрүп кетет?

**Туура жообу***: кардым, оюну, узар, ойнор.*

Айрым учурларда уңгуга мүчө уланган кезде, уңгу сөз өзгөрүп кетет. Анткени мүчөлөр дагы бир нече варианттарга өзгөрөт.

**3-топко:** 1. Уңгу жана мүчөлөр боюнча айтып бергиле?

2.Сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө мисал келтиргиле?

**Туура жообу:** 1. Сөз уңгу жана мүчөдөн турат. Сөздүн негизги морфемасы уңгу деп аталат. Ал өз алдынча сөз катары колдонулуу касиетине ээ. Сөздүн уңгуга уланган бөлүгү мүчө деп аталат.

2) **Жаңы тема (15 мүнөт)**

Бүгүн морфологиянын изилдөө объектисине кире турган сөз түркүмдөрү, алардын ичинен зат атооч менен таанышабыз. Кыргыз тилинде 12 сөз түркүмү бар. Анын ичинен 6 маани берүүчү сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч). Ал эми кызматчы сөздөргө байламта, бөлүкчө, жандооч, модалдык сөздөр кирет. Ошондой эле эки өзгөчө сөз түркүмү - тууранды жана сырдык сөздөр бар. Бүгүн сиздер менен зат атооч деген темага токтолобуз.

Көзүбүз менен көрүп турган жандуу жана жансыз заттар, айлана-чөйрөбүздү курчап турган нерселер **зат** болуп эсептелет. Зат атооч деп, заттардын, окуялардын, буюмдардын аттарын билдирип, ким? эмне? кимиси?

эмнеси? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү айтабыз. М.: *окуучу, китеп, стол* ж.б.

Зат атоочтордун өзүнө тиешелүү морфологиялык белгилери бар. Алар: жөндөлөт, жекелик жана көптүк санда колдонулат, таандык мүчөлөр менен өзгөрөт.

**Сабакты бышыктоо:** окуучулар өз алдынча иштешет. Зат атооч боюнча алган билимдерин **370-көнүгүүнү** иштөө менен далилдеп бере алышат. Ар бир топ бирден сүйлөм алып, көп чекиттин ордуна зат атооч сөздөрдү коюшат (3 минута).

Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан ылайык келүүчү эки-үч зат атоочту коюп, жөндөмө категориясына ажыратышат.

3-4 тапшырма берүү (ар бир тапшырмага 7мүнөттөн убакыт берилет, 21 мин.)

Төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет (7 минута):

**1-топко** зат атооч боюнча алган билимдерин тереңдетүү максатында кластер толтуруу;

**2-топко:** Зат атооч сөздөрдөн каалаган бир сөздү алып синквэйн түзүшөт.

**3-топко:** Өтүлгөн темага карата жана анда камтылган материалдар боюнча кроссворд толтурушат.

Тапшырма аткарылгандан кийин ар бир топтон лидерлер чыгып жооп беришет. Жооптор алынып, тапшырма толукталат.

Сабактын кийинки бөлүгүндө чачылган тамгалар тапшырмасы берилет:

**3 топ** Өзалдынча иштеп, энчилүү зат атоочтор катышкан кыскача текст түзүшөт (6 минута).

*Жооптор айтылгандан кийин мугалим толуктап, тактайт*

**Сабакты жыйынтыктоо**

Тапшырмалар берилгенден кийин, өтүлгөн тема боюнча суроо-жооптор айтылып, сабак жыйынтыкталат.

**Үйгө тапшырма берүү** 371-көнүгүү берилет.

**Окуучулардын билимин баалоо.**

Ар бир топтун лидерлери, окуучулардын билими бааланат. 3 топко зат атооч боюнча алган билимдерин билим кутучасына бышыктап толтурушат.

**Бактыбек кызы Кундуз**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Тил жана кеп

**Сабактын максаттары**:
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар тил жана кеп боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдешет жана кенен маалымат ала алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар логикалык ойлоосун өстүрүү менен бирге кептин тил менен болгон карым-катышын, тилдин кеп менен болгон карым-катышын билишет.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бир-биринин оюн угуп, өз ара түшүнүүгө, эне тилин сүйүп, барктай, сактай билүүгө тарбияланышат.

**Жогоркудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу**...

**а)** Окуучулар тил жана кеп боюнча алган билимдерин бекемдешсе, жана кененирээк маалымат ала алышса.

**б) өнүктүрчүүүлүк максаты**:

Логикалык ойлоосун өстүрүү менен бирге кептин тил менен болгон карым катышын, тилдин кеп менен болгон карым катышын билишсе.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты**:

Топтордо иштөөдө бир-биринин оюн угуп, өз ара түшүнүшсө, эне тилин сүйүп, барктай жана сыйлай билишсе.

**Сабактын тиби**: Жаңы билим берүү сабагы

**Сабактын методу:** Проблемалык жана интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, методикалык колдонмолор, ватман, маркер ж.б
**Илимдер аралык байланыш**: адабият, тарых.
**Сабактын формасы:** топтордо жана жекече иштөө.

**Сабактын жүрүшү**:

1. **Уюштуруу** (окуучулар менен саламдашуу, активдештирүүчү маанай түзүү).

## 2. Өтүлгөн теманы кайталоо, үй тапшырмасын текшерүү

"Тил" темасы кайталанат. Үйгө тилге байланыштуу ырларды, макал-лакаптарды таап, анын маанисин чечмелөө берилген.
( окуучулардын таап келген макал – лакап, ырларын доскага жаздыртуу аркылуу үй тапшырмасы текшерилет).

1- **окуучу:** Бардык тилде касиет бар ойлонсо,
Өз тилимде бирок обон салармын.
Эртең тилим жок болору чын болсо,
Анда бүгүн жан кыюуга даярмын.

**2-окуучу**: Чечен тилдүү алдыда, тил билбеген артында (учкул сөз).
**3-окуучу**: Тил - улуттун жан дүйнөсү.

Окуучулар жана мугалим бардыгы биргеликте маанисин чечмелеп, талкуулашат.

**Жаңы тема: Тил жана кеп**
**Мугалимдин сөзү**:

Тил - пикир алышуунун куралы, адамдар ортосундагы байланыш, баарлашуу, карым- катышты тейлөөчү каражат болуп эсептелет. Эгерде тил болбосо, өз ара пикир алышуу, биргелешкен эмгектин болушу мүмкүн эмес. Турмушта пикир алышуу, катнаш-байланыш жасоо да оозеки да, жазуу аркылуу да ишке ашырылат. Ошондуктан тил аркылуу берилип жаткан ой-пикир угуу жана көрүү аркылуу кабыл алынат. Натыйжада оозеки айтуу - сүйлөшүп жаткан белгилүү мезгилдин бир гана учурунда кызмат өтөсө, жазуу аркылуу берилген кеп узак мезгилге чейин сакталып, адам баласынын бир канча муундарын курал катары байланыштырат.

Балдар, билесиңерби? Кыргыз тили - элибиздин эң башкы белгиси. Кыргыз тили болгон үчүн кыргыз деген эл, кыргыз мамлекети жашап келүүдө. Эгемендүүлүккө жеткенден кийин мамлекеттик символикаларыбызды көтөрүп, Гимнибизди ырдап, Гербибизди кабыл алдык.

Эгемендүүлүккө жетишүүнүн миңдеген жылдык узак, коогалуу татаал сапарында, элибиздин биримдигин сактап жүргөндө, эркиндикке умтулуу идеясын, улуу сезимин жараткан кыргыз тили болгон. Демек, элибизди башка элдерден айырмалап келген, улутубуздун улуттугун сактап жана ташка тамга баскандай айырмалап келген кыргыз тилибиз. Эгерде түптүү, уюткулуу элибиз болбогондо, анда Кыргыз Республикасы деген мамлекет да, кыргыз эли да, башкаруучулар да болмок эмес. Биздин мухиттей чалкыган улуу мурастарыбыз, асыл дөөлөттөрүбүз, рухий кенчибиз, өзөктүү маданиятыбыз, каада-салттарыбыз, улуттук

көрөңгөбүз, дүйнө кабылдообуз кыргыз тили аркылуу бабалардан урпактарга улуу таберик катары жашап келди.

Эми, балдар, тилдин бүгүнкү күндөгү абалы жөнүндө эмне айта аласыңар? (Балдар өз ойлорун айтышат)

Ал эми кептин тил менен карым- катышы мында турат, балдар. Тил – колдонулуп, белгилүү бир коомдук милдет аткарганда гана тил боло алат. Ал эми тилдин колдонулушу, коомдук милдет аткарышы кеп аркылуу ишке ашырылат. Кепсиз тил эч качан өзүнчө колдонулбайт, тил катары да коомдук милдет аткара албайт.

Кеп оозеки жана жазуу түрүндө ишке ашат, башкача айтканда, тилдин тикеден-тике берилиши, жүзөгө ашырылышы болуп саналат. Силер эне тилиңерди канчалык сүйүп, туура сүйлөсөңөр, кеп ошончолук түшүнүктүү, уккулуктуу жана таасирдүү болот. Демек, тил менен кеп бири-бири менен өз ара ажырагыс бекем байланышкан. Тил менен кепти бекем ажыратып, өз-өзүнчө кароого болбойт.

**Сабакты бышыктоо**

Анда эмесе, балдар, бүгүнкү алган билимиңерди кеңейтүү максатында көнүгүүлөрдү иштейли. Ал көнүгүүлөр кызыктуурак болуш үчүн " Саякаттоо" методун колдонобуз. Менимче баарыңар эле ажайып кооз чет өлкөлөргө саякаттаганды жакшы көрсөңөр керек. Ал үчүн класс эки чоң топко бөлүнүшөт. Биздин дайым алып жүрчү нерсебиз, жүгүбүз тил жана кеп болмокчу.

(Доскада чоң ватманда саякаттоочу өлкөлөрдүн сүрөтү илинген).

1.Караколдон автобуска түшүп, Бишкекти көздөй сапар алыш үчүн, балдар, бизге берилген тапшымаларды так, туура аткарышыбыз керек. Сүрөттө ар бир сапардын (Каракол, Бишкек) жанында кутуча жайгашкан, ал кутучада тил жана кепке байланыштуу тапшырмалар түзүлгөн.

**Тапшырма:** Тил жөнүндө айтылган төмөнкү макал-ылакаптарды жана учкул сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп чечмелегиле.

**1-топко**: **1)** Тил маданияты - эл маданияты.
**2)** Тил - мамлекеттин күзгүсү.
**3)** Тил - акылдын жарчысы.
**4)** Жалган сүйлөп жашаганча, чындыкты айтып өлгөн артык.

**2- топко:** **1)** Тил - кылычтан өткүр.
**2)** Так сөздүн таасири күчтүү.
**3)** Жакшы сөз пилди да жолго салат.
**4)** Тилде бут жок, бирок алыска кетет.

Окуучулар өз ара талкуулашып, маанисин чечмелеп берет.

**Мугалим:**

Азаматсыңар, балдар! Ошентип аман-эсен борбор калаабыз Бишкекке да келип алдык. Кечке жолдо жүрүп чарчадыңар. Анда баарыбыз чогуу эне тил жөнүндө ыр айтып, маанайыбызды көтөрүп алалы.

*Улут болсом, тилим менен улутмун,*

*Анткени тил - ар улуттун улуулугун аныктаар,*
*Паспорту да, мандаты да, метиркасы улуттун.*
Эсенгул Ибраев

*Эне тилим, эне сүтүм, таалайым,*
*Ачык турган ак калпагың маанайым.*
*Кылымдардан кылымдарга кыярбай,*
*Сен өркүндөп, өсүшүңдү каалаймын*
С. Жусуев

Эми, Бишкектен Турцияны көздөй сапар алыш үчүн, балдар, төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарышыбыз керек.

**Тапшырма:** Белгилүү адамдардын тил жөнүндө айткан цитаталары кимге таандык экенин жана алар тилге кандай баа бергенин түшүндүрүп бергиле?

**1-топко**:

*Тил эң эле ыйык! Ал элпектикти, сулуулукту, тактыкты, уккулуктуулукту талап кылат. Ага кайдыгер кароого болбойт*
( А. Токомбаев)

*Тил улуттун - жан дүйнөсү.* (Д.С).

**2-топко**:

*Эне тилин кадырлабаган адам, элдин өзүн да кадырлабайт.* (Б.Ю).

*Кыргызды кыргыз кылган - кыргыз тили* (Ч.А).

*Өз тилин урматтоо - улутчулдук эмес* (Ч.А)

Сапар алдында эки топтун таймашуусу кызыктуу өтөт. Талашып- тартышып отуруп, кайсы белгилүү адамдарга тиешелүү экендигин табышат, маанисин чечмелеп, тилге кандай баа бергендиги жөнүндө айтылат. Ошентип кайрадан төгөрөктүн төрт бурчуна белгилүү болгон Турция өлкөсүнө келип түшүшөт. Өлкөнүн коoздугуна суктанып бүткүчөктү кайрадан дүйнөнү дүңгүрөткөн Нью-Йорк шаарына жол тартышат. Окуучулар кутучадагы тапшырмаларды караса, төмөнкүдөй экен.

1- **топко**: Кыргыз тилинде: “Баланын тили чыкты. Тили чыгыптыр”,- деп айтылат. Муну кандай түшүнөсүң? (кыскача эссе жазгыла).
2- **топко**: Л.Н. Толстойдун: “ Тилине ээ боло албаган адам, оюна да ээ боло албайт”,- деген сөздүн маанисин түшүндүргүлө.
(Окуучулар так, туура жооп беришет)

Акыры окуучулар **саякаттоо** менен чет өлкөгө чыгып, ортодогу ар кандай тоскоолдуктарды жеңип, берилген тапшырмаларды так аткарып, сабактын максатына жетишет.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоодо мугалим кайтарым-байланыш методунун негизинде класска “Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?” -

деген суроону берип, окуучулар үйрөнгөндөрүн айтып беришет.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Окуучулар Венндин диаграммасы аркылуу кеп менен тилдин мүнөздүү өзгөчөлүгүн жана окшоштуктарын айырмалашат

**Үйгө тапшырма берүү**
**Окуучулардын билимин баалоо**

**Бекбосунова Кайыркүл**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Сырдык сөздөр (9-класс)

**Сабактын максаттары**
**а) билим берүүчүлүк максаты**:

Сырдык сөздөр боюнча маалыматтарын тереңдетишет, жаңы билимдерди алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты**:

Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшүн үйрөнүшөт. Алар боюнча текст, сүйлөм түзө алышат. Сырдык сөздөрдүн орун тартиби боюнча айта алышат. Ар түрдүү маанидеги сырдык сөздөрдү интонация менен окуй алышат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Бири-биринин оюн уга билүүгө, эне тилин сүйүүгө жана сабаттуу жазууга машыгат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** сырдык сөздөр боюнча билим алса;

**б)** сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшүн үйрөнүшсө, алар боюнча текст, сүйлөм түзө алышса, сырдык сөздөрдүн орун тартиби боюнча айта алышса, ар түрдүү маанидеги сырдык сөздөрдү интонация менен окуй алышат;

**в)** бирин-биринин оюн уга билишсе, эне тилин сүйүп, сабаттуу жаза алышса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын жабдылышы:** таблицалар, маркер, ватман.

**Сабактын методу:** интерактивдүү методдор

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу**

**2) Өтүлгөн теманы кайталоо. Үй тапшырмасын текшерүү**

1) Киринди сөз деген эмне?
2) Киринди сөздөрдү катыштырып, мисал келтиргиле
3) Киринди сөздөрдү колдонууда (жазууга) кандай белгилер колдонулат?
4) Киринди сөздөр катышкан сүйлөмдөр оозеки кепте кандай окулат?

**Мугалимдин сөзү:**

- Туура айтасыңар. Сүйлөмдүн тутумунда турса да, сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан түз байланышпаган, б.а., алар менен синтаксистик ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу сыяктуу жолдор боюнча байланышпаган жана өзгөчө интонация аркылуу айланасындагы сөздөрдөн бөлүнүп обочолонуп турган, бирок айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн ар кандай мамилесин билдирүүчү модалдык мааниси бар сөздөр, сөз тизмектери кездешет. Мындай сөздөр жана сөз тизмектери сүйлөмдүн үчүнчү даражадагы мүчөлөрү кирет **киринди сөз** деп аталат.

Андан соң классты үчкө бөлүп, тапшырма берүү.

**1-топко** Киринди сөздөрдү катыштырып, текст түзгүлө.

**Киринди сөздөр:** *албетте, арийне, чындыгында, сөзсүз, кадиксиз, кандай болбосун, балким, мүмкүн, сыягы, калыбы* ж.б.

1- **топко** текст берилет, ошол тексттин тыныш белгилерин тууралап коюшат. Киринди сөздөрдү табышат.

**Текст:**

*Бүгүн алыскы тоолуу аймактарга саякатка чыгабыз. Аба-ырайы да, бактыга жараша, абдан сонун экен. Чынында, мындай аба-ырайында экскурсияга чыгуу, жаратылыштын кучагында болуу бир керемет эмеспи. Сыягы бул саякаттан кеч келчүдөйбүз. Баары тең ойдогудай, жадагалса атам жүргүнчү ташуучу унаасын айдоого уруксат алдым, оңдой берди болуп.*

2- **топ** Киринди сөз сүйлөмдүн ортосуна, аягына, башына келген текст түзгүлө.


Болжолдуу түрдө төмөнкүдөй текст түзүшөт.

*Болжолдуу түрдө ошондо бештер чамасында болчу. Чынын айтканда, атамдын ошондо кетип бара жатышы мага да сырдуу сезилген. Апам болсо бетин жаап ыйлаган сыягы ошондо эле атамдын келбетинин билген окшойт. Атам дайым бир жактан келгенде оюнчук, болду-болбоду, конфет ала келчү. Мен атамды дайым жүрөгүмө сактарым кадиксиз.*

Сабактын кийинки бөлүгүндө мугалим киринди сөздөр тууралууу кыскача жыйынтыктап, жаңы тема ‹‹Сырдык сөздөр›› жөнүндө болорун баамдап, Т-1 таблицаны илет.

**Жаңы тема:**

**1-таблица**




Сырдык сөздөр: апей,баа, а! э! и! о! мо-мо, баракелде, өш, ботом, катыгүн, ай-ий, ой, кокуй, рахмат, аттиңай, чү-чү, ой, кокуй, ой, чык, мый-мый ж.б.

Сырдык сөздөр өзү катышып турган сүйлөмдүн тутумундагын башка сөздөр менен грамматикалык байланышта болбогону менен, бүтүндөй сүйлөмдүн мазмуну, же ал сүйлөмдөгү белгилүү бир сөздүн, сөздөрдүн тобунун мааниси менен байланышта болот.

**М.:** *<u>Аттиңай</u>, комбайнын айдап, Касым эгинге кирсе кана.*

Сүйлөмдөн сырдык сөзү кайсы?

**Окуучулар:** - *Аттиңай.*

Ушул силер айткан ‹‹аттиңай›› тутумунда дагы башка сөздөр менен грамматикалык жактан байланышпайт. Ал эми маани жагынан байланышын өкүнүү, кайгыруу маанисиин билдирет.

**Окуучуларга суроо берүү:**

- Сырдык сөздөрдөн тышкары сүйлөмгө мүчө боло албаган дагы кандай сөздөр бар?

**Окуучулар:** каратма, киринди сөздөр.

- Туура айтасыңар, сырдык сөздүн да булар сыяктуу сүйлөмдөгү жайгашкан орду эркин. Жайгашкан орду эркин дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Окуучулар:**

- Сырдык сөз сүйлөмдүн ортосуна, аягына, башына келе берет.

Бирок ошондой болсо да, тилдин материалдарына караганда, сырдык сөздүн кадыресе көндүм болгон орду бар. Анын сүйлөмдүн башталышында ортосунда жана акырында орун алуусунда интонация жагынан да, маанисинин кеңейишин жана бошоңдошу жагынан да айырмачылыктары бар. Кадыресе көндүм болгон орду:

Сырдык сөз сүйлөмдүн эң акырынан орун алган учурлар да кездешет. Бул сырдык сөздүн толук көндүм болбогон орду болуп саналат. Мында, тескерисинче, сырдык сөздү чечмелөөчү сүйлөм башында келип, сырдык сөз аягына келет.

**Мисалы:** *Бул тыкчыңдаган кандай келин эле э, ботом?*

Сырдык сөздүн сүйлөм ортосунан орун алган учуру сейрек кездешет. Бул багытта орун алуу да сырдык сөздүн кадыресе толук көндүм болбогон орду болуп саналат. **Мисалы:***Ишенген келиндерибиз ушинтип отурса, ботом, жумуш качан бүтөт?*

**2-таблица**

Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү.

↓

Сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ар түрдүү ички сезимин, анын айлана-чөйрөгө, тыңдоочусунун кыймылына, сөзүнө карата болгон мамилесин билдирет.

↓

1. Кубануу, ыраазы болуу: бах,ох ж.б.

М.: Бах,тынчтык заманда суу да кандай тунук агат!

↓

2. Кубаттоо, мактоо: бай-пай, бали.
М.: Пай-пай, эмгек сүйгөн кишилер алп экен го!


↓

3. Таң калуу маанисинде: капырай, ботом, ой тобо
М.: Ботом, сен келдиңби?

↓

4.Өкүнүү, кайгыруу, кейүү: аттиңң ай, ий, ай.
М.: Олдо айланайын балам ай, балалуу өрдөктүн айбаты эмес эле шаңдуу куу турбайбы.

3-таблица




Адамга карата айтылуучу сырдык сөздөр аз

Тек-кандайдыр бир жакпаган ишти иштөөгө тыюу салуу маанисинде колдонулат:
М.: Тек,чукулашпай тынч отургула!

Же – кандайдыр бир жакпаган ишти иштөөнү токтотуп, жетишет деген мааниде колдонулат.
М.:*Ушул же жетишет, же калпты чактап сүйлөсөң боло.*

Алдей-алдей –баланы сооротууда колдонулат.
М.: Алдей-алдей, ак бөбөк,ак бешикке жат бөбөк.

Айда – бир нерсени иштөөгө чакырууну билдирет:Айда, кеттик!

4-таблица

2. Адамдынайбанатка карата болгонэрктикмамилесинбилдирүүчү сырдыксөздөр. Мындайсырдыксөздөрайбандардыкандайдырбиркыймыл-аракеттиүндөө, же алардычакыруу,тынчтыктакармоомаксатындаколдонулат.

а) Айбандардычакыруу, жакын келтирүүмаксатындаайтылуучусырдыксөздөр:

| | |
|---|---|
| Жылкыны чакыруу | Кыруу - кыруу |
| Койду чакыруу | Кыроой - кыроой |
| Эчкини чакыруу | Чүчү - чүчү |
| Мышыкты чакыруу | Мый -мый |
| Атты жемге чакыруу | Мо – мо, бо - бо |
| Тоокту чакыруу | Түтү - түтү |
| Тооктун балапандарын жемге чакыруу | Чыйпы - чыйпы |
| Күчүктү чакыруу | Күчү - күчү |
| Кушту чакыруу | Бөпү - бөпү |

б) Айбандарды айдоо, чочутуу максатында колдонулуучусырдык сөздөр

| | |
|---|---|
| уйду | өш-өш |
| атты | чү-чү |
| койду | кош-кош |

III. Турмуш-тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөр. Бул топко кирүүчү сөздөр адамдын турмуш-тиричилигинде ар кандай шарттарда колдонулат.

М.: Ассаламуалейкум! – Ваалейкумассалом. Кайыр! Кош! Рахмат Ылаппай!

Көп маанилүү сырдык сөздөр! –а!, э!, и!, ай!, ой!, эй!, ий!, ту!, баш!, баракелде!, ботом!, чиркин!,ж.б.

Булардын ичинен ‹‹а›› дегн бир эле сырдык сөз:


кекетүү


коркуу

чочуу

шылдыңдоо

мактоо






Классты үчкө бөлүп,тапшырмаларды берүү.

**1-топ** 34 беттеги 70-көнүгүү

**2-топ** 35 беттеги 72-көнүгүү

**3-топ** 36 беттеги 73-көнүгүү

**Окуучуларга өз алдынча тапшырмаларды берүү:**

**1- тапшырма.**

**1-топ** Сырдык сөз башына келген сүйлөм түзгүлө.

**2-топ** Сырдык сөз ортосуна келген сүйлөм түзгүлө.

**3-топ** Сырдык сөз аягына келген сүйлөм түзгүлө.

**2- Тапшырма.**

**1 топ.** 2-топтун сырдык сөз ортосуна келген сүйлөмдү алып, башына келтирип, кайра түзүү.

**2 топ.** 1-топтун сырдык сөз башына келген сүйлөмүн алып, сырдык сөздү ортосуна келтирип түзүү.

**3 топ.** 2-топтун ортосуна келген сүйлөм.

**3- Тапшырма.**

1. Суктануу иретиндеги сырдык сөздөрдү катыштырып, текст түзгүлө.
2. Кайгыруу иретиндеги сырдык сөздөрдү катыштырып текст түзгүлө.
3. Таңгалуу иретиндеги сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө (интонация менен окуу).

**4-тапшырма**

**1-топко:** Адамдарга карата айтылуучу сырдык сөздөрдү катыштырып, текст түзүү.

**2-топко:** Адамдын айбанатка карата болгон эрктик мамилесин билдирүүчү сырдык сөздөрдү катыштырып, текст түзүү.

**3-топко:** Турмуш-тиричиликке колдонулуучу сырдык сөздөрдү катыштырып, текст түзүү.

**4-тапшырма** (диалог берүү)

**I топ:**

- *Саламатсызбы?*
- *Оо, кайрадан сизби?*

-*Ооба, менмин.*

-*А-а, сиз кайда бара жатасыз?*

-*Бах, кандай сонун аба-ырайы, анын үстүнө жаз мезгили. Муну көрүп, үйдө олтура албадым, ошондуктан сейилдегени чыктым.*

- *Бах, сиз жаратылыш менен ушунчалык тыгыз экенсиз.*

-*Ооба, ушул көрүнүштү сүрөтчүлөр боек менен чагылдырса, мен аны сөздүн гүлүн тандап чагылдырам* ( көркөм окушат).

**II топ**

*Кеч курун. Мал кезүүдөн кайткан учур.*

-*Ээ, Аскат! (чакыруу).*

-*Апей, сага эмне болду мынчалык күйүгүп?*

-*Көрбөй тургансып сурайсың да, ботом. Тээ ары жактагы кызыл ат биздин*

*жылкы, ошону кармай албай жатам.*
*- Ай-ий-да бир топ узап кеткен экен. Жүр анда, кармашайын.*

**III топ**.
*Кичинекей Рамия куурчагы менен ойноп отурат:*
*- Алдей-алдей ак бөбөк, ак бешикке жат бөбөк.*
*Ары жактан апасы келет:*
*-Ээ ботом, дагы эле ойноп жатасыңбы?*
*-Ий апа, кичине ойной турайынчы.*
*Аңгыча эшиктен жыла басып, Рамиянын мышыгы келди.*
*Рамия:*
*-Мый-мый, мышыгым менин, - деп эркелетип кирди. Апасы аны көрүп элжиреп кетти. Жалгыз тиреги ушул кыз эмеспи.*

**Сабакты жыйынтыктоо:**
Кана, балдар, бүгүн эмнени үйрөндүңөр?
Өтүлгөн тема боюнча кластер түзүп, жыйынтыкташат.
**Үйгө тапшырма берүү**
**Окуучулардын билимин баалоо**

**Бекбосунова Кайыркүл**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Сан атооч (6-класс)

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**
Окуучулар сөз түркүмү боюнча билимин тереңдетишет. Сан атоочтун грамматикалык белгилери (морфологиялык, лексикалык, синтаксистик) жөнүндө маалымат алышат.
**б) өнүктүрүүчүлүк максаты**:
Окуучулар морфологиялык талдоого үйрөнүшөт жана сан атоочтун сүйлөмдөгү аткарган кызматтарын өздөштүрүшөт.
**в) тарбия берүүчүлүк максаты**:
Эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык сүйлөөгө, топтор менен иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга калыптанышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:**
а) сөз түркүмү боюнча билимин тереңдетишсе, сан атоочтун грамматикалык белгиси боюнча маалымат алышса;
б) морфологиялык талдоону үйрөнсө;
в) эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе;

**Сабактын тиби:** Кайталоо сабагы
**Сабактын методу:** айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк.
**Сабактын жабдылышы**: ар түрдүү сүрөттөр, билим таразасы ж.б.

**Сабактын жүрүшү**
**1)Уюштуруу**.

Саламатсыңарбы, балдар! Бүгүн биз силер менен сан атоочту кайталайбыз.

1) Классты эки топко бөлүп алуу. Эки топтун ар бирине алтыдан суроо берүү. Муну атайын тараза аркылуу жүргүзүү. Таразанын эки жагы болгон соң, кайсы топ суроого туура жооп берсе, ошол топко упай берүү, б.а., таразанын бир жагына таш салуу. **Суроолор:** эсептик сан, иреттик сан, топ сан, жандама сан, чамалама сан, бөлчөк сан боюнча түзүлөт.

2) Өз алдынча аткарылуучу жумуштар:

1.Кыргыз мамлекеттүүлүгүн даңазалаган желек, герб сыяктуу символдор бар. Ошол сыяктуу эле кыргыз сому да улуттук валютабызга кирет. ( Мугалим акчалардын сүрөтүн доскага илет).

1) 1 сомдо кимдин сүрөтү? **Балдар:** Абдылас Малдыбаев. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

2) 5 сомдо кимдин сүрөтү? **Балдар:** Бүбүсара Бейшеналиева. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

3) 10 сомдо кимдин сүрөтү? **Балдар:** Касым Тыныстанов. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

4) 20 сомдо кимдин сүрөтү? **Балдар:** Тоголок Молдо. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

5) 50 сомдо кимдин сүрөтү? **Балдар:** Курманжан Датка. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

6) 100 сомдо кимдин сүрөтү? **Окуучулар:** Токтогул Сатылганов. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

7) 200 сомдо кимдин сүрөтү? **Окуучулар:** Алыкул Осмонов. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

8) 1000 сомдо кимдин сүрөтү? **Окуучулар:** Жусуп Баласагын. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

9) 5000 сомдо кимдин сүрөтү? Сүймөнкул Чокморов. Ал жөнүндө мугалим маалымат берет.

Байкадыңарбы, балдар, кыргыз валютасында тогуз акча бирдиги бар экен. Кыргыз элинде 9, 7 сандары ыйык болуп саналат. **Мисалы:** *Жетинин бири кыдыр, жети осуят, тогуз коргоол, тогуздап мал берүү. Дагы* ***кырк*** *деген санызбыз ыйык. Кыздын* ***кырк*** *чачы уулу, желектеги* ***кырк*** *шоола, Манастын* ***кырк*** *чоросу.*

3) окуучуларды үч топко бөлүү:

**1-топко:** Макал

**2-топко:** Табышмактар

**3-топко:** Жаңылмачтар

Макал

*1) Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы.*

*2) Кыздын кырк чачы улуу.*

*3) Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.*

**Табышмак**

*1) Эки таяктын бири алдыга кетет, экинчиси артта калат.* ***Жообу:*** *бут.*

*2) Белбоодо беш ат, бешөө кашка ат.* ***Жообу:*** *тырмак.*

**Жаңылмач**

*Беш айры-куйрук, беш башка куйрук.*

4) Балдарга турмушка байланыштуу суроо берүү:

*1.Бир жылда канча күн бар?*

*2. Бир жылда канча ай бар?*

*3. Бир айда канча күн бар?*

*4. Бир суткада канча саат бар?*

5) Балдарды эс алдыруу иретинде суроолор берилет:

1. *Бир дегеним - биримдиктин белгиси.*
*Бир айтканым эки кылбайт эр киши.*
Биз дайым биримдиктүү болушубуз зарыл.

Кана, балдар, бул ыр сабынан сан атоочту тапкылачы.

2) *Эки деген - эринчээктин белгиси,*
*Эмгекке аяр болот эр киши.*

Бул саптарда бизди эмгекке чакырып жатат
*3)Үч дегениң - ал үзүлбөгөн чоң үмүт.*
*Үлгүлүү бол, китебиңе көз тигип.*

Мында тартиптүү болууга жана китепти көп окууга үндөйт.
*4) Төрт деген ал төр жайнаган төрт түлүк,*
*Түлүк жайын алган жакшы төп билип.*
*5) Беш деген болгон байлык береке,*
*Билек түрүп жароом зарыл керекке.*
*6) Алты деген алда күткөн ак тилек,*
*Ал иштөөнүн аракетин шар билет.*
*7) Жети деген жети жашың кубанычың*
*Жеңиш жолдо мөрөй алып чыгышың.*
*8) Сегиз деген сен басуучу секилер,*
*Семиз акыл сепилдерде жетилер.*
*9) Тогуз деген сенин колуң, куралың,*
*Так түйүлүп, тай үйрөтөөр убагың.*
*10) Он деген баа бүткөндүн чокусу,*
*Ондук менен өзгөрөт сан окуусу.*
6. Талдоо

Сан атооч сүйлөмдө  ээлик , баяндоочтук, аныктоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат.

1) ***Отуз*** *бешке так бөлүнөт.*
2) *Элүүнүн жарымы -* ***жыйырма беш***.
3) *Экөөбүздүн максатыбыз* ***бир.***
4) *Жетинин* ***бири*** *- кыдыр.*
5) *Мен сени издеп* ***эки*** *келдим.*

Сабакты бышыктоодо мугалим сан атооч боюнча класстер түздүрөт

**Үйгө тапшырма берүү**
**Окуучулардын  билимин баалоо**
**Сабакты жыйынтыктоо**

**Бекбосунова Кайыркүл**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Сүрөттөө (5-класс)**

**Сабактын максаттары**:

**а) билим берүүчүлүк максаты:** окуучулар кептин түрлөрү, анын ичинен сүрөттөө боюнча маалымат алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** жаратылышты, буюмдарды, адамдарды ж.б. сүрөттөй алышат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты**: эне тилин сүйүп, кыргыз тилинин орфографиясына ылайык туура сүйлөй алышат. Топтордо бири-биринин оюн угуп, сыйлоого үйрөнүшөт.

***Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:***

а) кептин түрлөрү, анын ичинен сүрөттөө боюнча маалымат алышса;

б) жаратылышты, буюмдарды, адамдарды, турак-жайларды сүрөттөй алышса;

в) эне тилин сүйүп, орфографиянын негизинде туура сүйлөшө алышса, топтордо иштөөдө бирин-бири сыйлай билишсе.

**Сабактын тиби**: Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу:** Саламатсыңарбы балдар! Бүгүн биз силер менен кептин түрлөрүнүн бири - сүрөттөөнү өтөбүз. Аны өтүүдөн мурун мурунку теманы кайталап алалы.

Классты үч топко бөлүү:

**1-топ.** Кептин кандай түрлөрү бар? Баяндоону кайсы учурда колдонобуз?

**2-топ.** Берилген текстти окуп, окуяны ирети менен баяндап бергиле. Кепте баяндоонун ролу кандай?

**3-топ**. Берилген сүрөт боюнча баяндоо түзгүлө.

Бул учурда мугалим доскага тирек сөздөрдү жазат. Ошол тирек сөздөрдү катыштырып, балдар оозеки баяндоо түзөт. Тирек сөздөр: *күз, мөмө-жемиш, талаа, сары жалбырак, жамгыр, түшүм, дыйкан, мектеп, окуучу, мугалим, окуу жылы, жаңы китеп, аба ырайы.*

**Кептин түрлөрү (Сүрөттөө)**

**Сүрөттөө** - заттын белгилерин ачып көрсөтүүчү кептин бир түрү

Мында жаратылыштагы көрүнүштөрдү, адамдарды, жаныбарларды, буюмдарды жана башкаларды сүрөттөөдөн аларга тиешелүү болгон белгилер,

сапаттар, өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт.

**Мисалдар:**

*Тоо тараптан кызарып күн чыгып келе жатат. Улам өйдөлөгөн сайын, сандык ачылып, ичинен кундуз чачылып жаткансып, нурун ай ааламга чачыратат. Анын жарык нурунан көз уялат. Кыбыр эткен жандыктын баары ойгонуп, кыймылга келди. Кызыл-тазыл гүлдөр таңкы сыдырым соккон желге билинер-билинбес дирилдейт. Тээ алыстан мөөрөгөн уйлар, маараган койлор биринен сала бири келе жатышат. Чөптөр суу тартып, баскан сайын шуудурайт* ( мазмунуна ылайык сүрөт илинет).

***Боз үй*** (сүрөт илинет)

*Жолоочу өтө чарчап, чаалыгып, бара жаткан эле. Басып бара жатып бет маңдайынан жумурткадай аппак чоң боз үйдү көрдү. Ага жетип барып ичине кирсе: тыкан жыйналып, түндүктөн тийген күн шооласы боз үйдүн ичин жарык кылып турат. Жарпыңды жазып, делебеңди козгоп кызыл-тазыл гүлдөр менен саймаланган туш кийиз илинген. Чыкдан жакта ак кардуу Ала-Тоону элестеткен, жээктери саймаланган ак калпак турат. Баары өз жайында жайгашкан. Эпчи жакта бир чанач илинип турган экен. Андагы кымыздын буркураган жыты каңылжаарга кирип, шилекейди агызды…*

**Адамды сүрөттөө** (А.Осмоновдун сүрөтү илинет)

*Көлдүн жээги. Анда бир адам турат. Анын үстүндө узун, боз плащ, башында шапке. Ал бирде чайпалып, бирде тынчыган көлгө өзүнүн сырын төккөндөй. Көл да ага жооп бергенсип, бирде муңайгансып, андагы адамдын кайгысын тең бөлүшкөндөй. Ал адам кээде жумшак кумга отура кетет. Кайра турат да ары-бери басат. Анын көздөрү көптү көрүп, көп кырдуу дүйнөнү катып тургансып ойлуу. Эриндери кыбырагансып, сүйлөгөндөй, бирок эч нерсе угулбайт. Сыдырым соккон таңкы жел анын плащын билинер-билинбес кыймылга келтирет. Айрым учурларда өзүнүн оор басыгы менен көлдүн жээгин аяр баскандай. Басып бара жатып тып токтойт да, кере-кере таңкы таза абадан дем алат. Дем алганда өзүнө күч алып, жыргап калат. Ал көлгө эчен ирет келген.*

**3) окуучуларды үч топко бөлүү**

**1-топ** 33-көнүгүүнү аткарышат.

**2-топ** 34-көнүгүүнү аткарышат.

**3-топ** Класстын ичин сүрөттөйт.

5) **1-топ** «Алтын куш» жомогундагы кушту сүрөттөйт.

**2-топ** «Кар ханышасы» мультфильминен ханышаны сүрөттөйт.

**3-топ** «Гүлчө кыз» аттуу мультфильминдеги хан сарайын сүрөттөйт.

6) Балдарды эс алдыруу максатында 35-көнүгүүдөгү ырды көркөм окуп, маанисин түшүндүрүү. Ал ырда кимди же эмнени сүрөттөп жатканын таптыруу (мында Манас жана Семетейдин Тайбуурулу сүрөттөлгөн жана алардын сүрөтү илинет).

7) **1-топ** «Асман»
**2-топ** «Суу»
**3-топ** «Жер»

Обондуу ырларды же болбосо ыр саптарын айтышат (мисалы: Г.Сатылганованын «Асман» аттуу обондуу ыры).

Топтордун аттары (Асман, Суу, Жер) жогорудагыдай. Ар бир топтон лидер чыгып, окуп берет.

**Сабакты бышыктоо.** Суроо-жооп менен бышыкталат.

1. Сүрөттөө менен баяндоонун айырмасы.
2. Сүрөттөө менен баяндоонун окшоштугу.
3. Сүрөттөө деген эмне? Мисал келтир!

**Үйгө тапшырма** 36-көнүгүүнү аткаруу.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Бойдоева Айжан**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Сан атооч боюнча кайталоо конференция сабагы**

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар сөз түркүмү боюнча түшүнүктөрүн бекемдешет. Сан атоочтун грамматикалык белгилерин жана башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланган өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Грамматикалык талдоонун түрлөрүнө машыгышат жана сан атоочтордун сүйлөмдөгү аткарган кызматтарын, составдык бөлүктөрүн

билишет.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Бири-биринин оюн угуп сыйлоого, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиянын эрежелерине ылайык сабаттуу жазууга үйрөтүү.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:**

а) сөз түркүмдөрү жөнүндө түшүнүктөрүн бекемдесе, сан атоочтун грамматикалык белгилерин жана башка сөз түркүмдөрүнө болгон айырмачылыктарын так үйрөнсө;

б) грамматикалык талдоонун түрлөрүнө машыгып, сан атоочтун сүйлөмдөгү кызматын жана аларды составдык бөлүктөргө так ажырата алса.

в) бири-биринин оюн угуп, сыйлоого үйрөнүшсө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөшсө, орфографиянын эрежелерине ылайык сабаттуу жаза алышса.

**Сабактын тиби:** Кайталоо сабагы.

**Сабактын формасы:** Конференция сабак.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод.

**Сабактын жабдылышы:** Ватман, маркер, карточкалар, таблица.

**Сабактар аралык байланыш:** Кыргыз адабияты, геометрия

**Сабактын формасы:** топтордо иштөө, акыл таймашы.

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу**

**2) Өтүлгөн темaны кайталоо.**

Саламатсыңарбы, балдар, бүгүн биз силер менен «кайталоо-конференция сабагын» өтөбүз. Адегенде үй тапшырманы текшерип алалы. Үйгө сан атоочторду катыштырып, сүйлөм түзүү берилген болчу. (Окуучулар өзүлөрү түзгөн сүйлөмдөрүн окуп, маанисин түшүндүрүп, сан атоочтун кайсы түрүнө кирерин жана сүйлөмдөгү аткарган кызматын айтышат.) Кана ким баштайт?

**1-окуучу:** *Бүгүнкү жарышта Аккула биринчи келди* (бышыктооч).

2. *Үчөө көпкө ойлонуп отурду* (ээ).

3.*Биздин өлкөдө жүздөгөн улут жашайт* (аныктооч).

4. *Күндүн энергиясынын алты миллиарддан бир бөлүгү гана жетет* (ээ).

5. *Биз он-ондон бөлүндүк* (бышыктооч).

6. *Асан сени издеп үч келди* (бышыктооч).

Бүгүнкү сабагыбызды адаттан сырткары формада өтөбүз.Тактап айтканда, сабак-конференция түрүндө өтөт. Ал үчүн биз сан атоочтун түрлөрүнө ылайык топторго бөлөбүз. Ар бир топ өзгөчөлүктөрүн билгендери боюнча презентациялашат. (Атайын убакыт берилет).

**1-топ:** Эсептик сан атооч. Кластер түзүү.

**2-топ:** Иреттик сан атооч. Синквейн түзүү.

**3-топ:** Жамдама сан атооч. Сүйлөм түзүү. Морфологиялык талдоо.

**4-топ:** Чамалама сан атооч. Сүйлөм түзүү. Синтаксистик талдоо.

**5-топ:** Бөлчөк сан атооч. Венндин диаграммасын түз.

**6-топ:** Топ сан атооч. Эрежесин айтып, мисалдарды келтиргиле.

Кана, балдар, аяктап калдыңарбы? Жоопторду угабыз.

**1-топ:** Эсептик сан атоочтун уюштуруучу мүчөсү жок. Ал башка түрлөрүнүн жасалышына негиз болот.

**Эсептик сан атооч** сүйлөмдө ээлик, баяндоочтук, аныктоочтук, толуктоочтук милдет аткарат**. Мисалы:** *Элүү онго так бөлүнөт. Алтымыштын жарымы – отуз.*

**2-топ:** Иреттик сан атооч.

**3-топ:** Жамдама сан атооч.

*Мен ошолордун бирөөмүн.*

**4-топ:** Чамалама сан атооч.

*Биздин өлкөдө жүздөн ашуун улут жашайт.*

**5-топ:** Бөлчөк сан атооч

**6-топ:** Топ сан атооч.

Сабактын кийинки бөлүгүндө алты топ биригип, үч топ болот.

**1-топ.** Сан атооч катышкан макалдарды

**2-топ.** Сан атооч катышкан жаңылмачтарды

**3-топ.** Сан атооч катышкан табышмактарды ойлоп жазып, түшүндүрүшөт. ( Атайын убакыт берилет).

1-топтун жообу төмөнкүдөй болушу мүмкүн.

**1-окуучу:** *Жакшы атка бир камчы,*
*Жаман атка миң камчы.*

**2-окуучу:** *Кыздын кырк чачы улуу.*

**3-окуучу:** *Кызга кырк үйдөн тыюу.* (Ар биринин маанилерин түшүндүрүшүп, сан атоочторду табышат).

2-топтун жообу төмөнкүдөй болушу мүмкүн.

**1-окуучу:**
*Үч күчүк үшүп,*
*Үнү бүтүп*
*Үнү бүтүп,*
*Үч күчүк үшүп.*

**2-окуучу:**
*Бир түп тыт*
*Бир түп турп*
*Турп тытты түртөт*
*Тыт турпту түртөт.*

**3-окуучу:** *Короодо беш кашка кой*
*Бешөө беш башка кой.*

**4-окуучу:** *Асманда эки айры куйрук*

*Бирөө ак кыска куйруктуу айры куйрук.*
*Экинчиси кара кыска куйруктуу айры куйрук*
*Ак кыска куйруктуу айры куйруктун жолун*
*Кара кыска куйруктуу айрыкуйрук торойт.*
*Кара кыска куйруктуу айры куйруктун жолун*
*Ак кыска куйруктуу айры куйрук торойт.*

Сабактын кийинки бөлүгүндө доскада илинген кагаздагы түшүрүлгөн акча бирдиги көрсөтүлөт. Кыргыз сому мамлекеттикти аныктаган герб, желек сыяктуу символ экендигин түшүндүрөт.

Сабактын кийинки бөлүгүндө «Суроо-жооп» тапшырмасы аткарылат. Мугалим суроолорду берет. (Туура жоопко бирден упай).

Сан атоочтордун грамматикалык түзүлүшү кандай? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?

**Мугалим:** - Бир жылда канча күн бар?

**Окуучу:** 365. Грамматикалык түзүлүшү татаал, анткени үч сандан турат.

- Бир жылда канча ай бар? (12)
- Бир жылда канча мезгил бар? (4)
- Бир жылда канча чейрек бар? (4)
- Бир айда канча күн бар? (30-31)
- Бир сабак канча мүнөт болот? (45)
- Бир күндө канча саат бар? (24)

Сабактын кийинки бөлүгүндө «Кел, ойночу санамай» оюнун ойнойбуз. (Окуучулар сан атоочту таап, маанисин айтышат.)

1. *Бир дегеним - биримдиктин белгиси, бир айтканын эки кылбайт эр киши.* (Окуучулар сан атоочту таап, түшүнгөнүн айтышат).
2. *Эки деген - эринчээктин белгиси, эмгекке аяр болот эр киши.*

   - Сан атооч кайсы? Биздин арабызда эринчээктер жокпу? Баарыбыз эмгекчилбизби?

3. *Үч деген ал үзүлбөгөн чоң үмүт, үлгүлүү бол китебиңе көз тигип.*

   - Демек, ар бирибиз келечекке карай чоң үмүт максаттар менен жашайбыз. Силердин максат эмне?

4. *Төрт деген ал төр жайнаган төрт түлүк, түлүк жайын алган жакшы топ билип.*

   - *Төрт түлүк* деген эмне?
   - *Төр жайнаган* дегенчи?

5. *Беш деген болгон байлык береке, билек түрүп жарооң зарыл керекке.*

- *Байлык, береке* дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Демек, бешке окусак, биз үчүн ошол байлык береке.

6. *Алты деген алда күткөн ак тилек, күтүүнүн аракетин чак билет*.

- Сан атооч кайсы? Жөнөкөйбү же татаалбы? Кана кандай тилектериңер бар? Жаштын тилегин берет дейт, тилектериңер кандай?

7. *Жети деген жети жашың кубанчың, жеңиш жолдо мөөрөй алып чыгарсың.*

- Сан атооч кайсы? «Жетинин бири кыдыр» дегенди кандай түшүнөсүңөр?

8. *Сегиз деген сен болуучу секилер, семиз акыл секилерге жетилер.*

- Сан атооч кайсы? Силер кандай секилерден өттүңөр? Ойлонгулачы.

9. *Тогуз деген сенин колуң курагың, топ түйүлүп тай үйрөтөр убагың.*

10. *Он деген баа бүткөндүн чокусу, ондук менен өзгөрөт сан окуусу.*

- Балдар силер билесиңерби?

«Манас» эпосу 3 бөлүмдөн турат.

1. «Манастын» 15 варианты бар
2. «Семетейдин» 14 варианты бар
3. «Сейтектин» 6 варианты бар

Бардыгы 35 варианты болду. Алардын көлөмү төмөндөгүчө.

- «Манас» беш жүз миң төрт жүз алтымыш сегиз (500 468) сап ырдан турат.
- «Семетей» беш жүз сексен жети миң үч жүз алтымыш сегиз (587 368) сап ырдан турат.
- «Сейтек» бир жүз кырк бир миң сегиз сексен сегиз (141 888) сап ырдан турат.

Бардыгы 1 миллион эки жүз отуз жети миң жети жүз он тогуз (1 237 719) сап ыр.

(Окуучулар сан атоочторду таап, грамматикалык түзүлүшүн айтып, түшүндүрүшөт).

**Мугалимдин жыйынтыктоо сөзү айтылат:** Сан атоочтор зат атоочтон айырмаланып, сан категориясы боюнча өзгөрбөйт. (көптүктүн –лар мүчөсү жалганбайт), себеби алар өзүнүн ички мааниси боюнча сандык түшүнүктү билдирип турат. Башка сөз түркүмдөрүнөн айырмачылыгы маанисинин абстракттуулугунда. Айрым учурларда эсептик санга -лар мүчөсү уланат. Мында көптүк маанини эмес, божомолдоо, чамалоо маанисин туюндурат.

**М.:** *Ажардын жашы – он үчтөрдө.*

*Элүүнүн жарымы – жыйырма беш.*

*Жыйырма беш бешке так бөлүнөт.*

Сан атоочтор зат ордуна колдонгондо жөндөмө, таандык, жак мүчөлөр менен өзгөрөт.

**М.:** *Бирдин иши – чөл, миңдин иши – көл. Группада жыйырмабыз.*

Башка сөздөр менен айкашып айтылып, татаал сөздөр жасалат. *Жети токоч, кырк аяк, беш манжа, үч бурчтук, төрт түлүк*.

Кайсыл топ жетишкендигин жеңишке упайларды санап, катышуусуна карата берилет.

**Үйгө тапшырма берүү:** беш сүйлөмдөн кем эмес (сан атоочторду катыштырып) текст түзүү.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Болотбек кызы Гүлзана**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Бышыктооч жана анын түрлөрү боюнча жалпы кайталоо.

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:** окуучулар сүйлөм мүчөлөрү боюнча, тактап айтканда, бышыктооч жана анын түрлөрү боюнча билимдерин терендетишет.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** окуучулар алган билимдерин пайдаланууга, синтаксистик талдоо жүргүзүү аркылуу машыктыруу; алардын логикалык ой-жүгүртүсүн өстүрүү; окуучулардын билимин жана билгичтигин чыңдоо.

в) **тарбиялык максаты:** Окуучуларды убакытты туура пайдаланууга жана өз оюн ишенимдүү билдирүүгө, тырышчаактыкка жана бири-бирине жоопкердүү болууга тарбиялоо:

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

1. Бышыктооч жана анын түрлөрү боюнча билимдерин терендете алышса;
2. Алган билимдерин пайдалана алса; синтаксистик талдоо жургүзүү аркылуу машыга алса; алардын логикалык ой-жүгүртүүсү өсө алса; окуучулардын билимин жана билгичтигин чыңдай алса;

3. Убакытты туура пайдалана алса; өз оюн ишенимдүү билдирүүгө, тырышчаактыкка жана бири-бирине жоопкердүү боло алса;

**Сабактын тиби**: өтүлгөн теманы кайталоо сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү усулдардын ыкмаларын колдонуу.

**Сабактын формасы:** Чакан топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Дидактикалык карточкалар, ватман, маркер ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу**

Саламатсынарбы, балдар! Бүгүнкү сабакка маанайынар жакшыбы?

Мен азыр силерге карточкаларды таратам, силер карточкадагы суроолорго жооп бергиле?

1. Бышыктоочтун түрлөрүн аныктагыла?
2. Орун бышыктооч деген эмне? Кандай суроолорго жооп берет? Мисал келтиргиле?
3. Себеп бышыктоочту тапкыла жана кандай милдет аткарат? Бардык аракетибиз эл  үчун жасалат.
4. Сүйлөм тутумунда себеп бышыктоочтун милдетин кандай сөздөр жана сөз тизмектери аткарат?
5. Мезгил бышыктооч деген эмне? Кандай суроолорго жооп берет? Мисал келтиргиле?
6. Мезгил бышыктоочту катыштырып сүйлөм түзгүлө?
7. Орун бышыктоочту тапкыла?
   Пахта талааларында жумуш көп болот.
8. Сан-өлчөм бышыктооч деген эмне? Кандай суроолорго жооп берет? Мисал келтиргиле?

   Туура, балдар! Азаматсыңар! Бүгүн биз кайталоо сабагын баштаардан мурун эки топко бөлүнөбүз.

   Топторго кроссворд таратылат.

   **1-тапшырма.**


   **1-топко**

   Тигинен: 2, 5, 4.

   Туурасынан: 1,3.

   1. Баяндоочтун тобуна кире турган айкындооч мүчө бул?
   2. Бышыктооч кандай суроого жооп берет?
   3. Бышыктооч өз ичинен канчага бөлүнөт?

4. Сүйлөм тутумунда кыймыл аракеттин ишке ашышынын түрдүү абалын, жөнүн, мүнөзүн, сыпатын билдирүүчү айкындооч мүчө бул?
5. Сүйлөмдө кыймыл аракеттин ал абалдын баштапкы жана багытталган ордун билдирүүчү айкындооч мүчө бул?





**2-топко:**

Тигинен: 2,4.

Туурасынан 1, 3, 5.

1. Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин, окуянын, кубулуштун болгон, болуп жаткан жана боло турган мезгилин билдирүүчү айкындооч мүчө бул?
2. Сүйлөмдө кыймыл-аракеттин болушун, анын орундалышын себебин билдирген айкындооч мүчө бул?
3. Себеп бышыктооч кандай суроого жооп берет?
4. Сүйлөмдө кыймыл-аракеттин санын, салмактык жактан, даражалык өлчөмүн бидирүүчү айкындооч мүчө бул?
5. Максат бышыктооч кандай суроого жооп берет?




**2-тапшырма:** доскада илинип турган көрсөтмө куралдар менен иштетүү.
**1-топко:** мезгил, орун, сыпат, өлчөм, максат бышыктоочторду катыштырып, «Окуучунун мектептеги орду» деген темада эссе жазуу тапшырмасы берилет.

**2-топко:** төмөнкү схема боюнча сүйлөм түзүү.
1.____.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.===========
2.________-----------------.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.============
3.________----------------.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.-.============

1. *Биз Бишкек шаарына окууга барабыз.*
2. *Сөз адамды аба сыяктуу курчап турат.*
3. *Нан, аба, суу адам баласы үчүн ушунчалык зарыл нерсе.*
4. *Сөздүн тазалыгы - пейлибиздин тазалыгы.*

**3-тапшырма:**
**1-топко:** Бышыктооч боюнча кластер түзүү.
**2-топко:** Аныктооч менен бышыктоочко Венндин диаграммасын түзүү.
**4-тапшырма:**

Карточкада катылган сөздөрдү таратып, бышыктоочтун кайсы түрүнө кирерин таап сүйлөм түзүү.

**1-топко:** *Станцияга, өч алуу үчүн, билим алуу максатында, ооругандыктан.*
***2-топко:*** *кубангандыктан, азыраак, ойдогудай, жакшы, мал багайын деп, оорудан, көчөдө.*

**Сабакты жыйынтыктоо:** окуучуларга стикер таратылат. Бүгүнкү сабакта эмнени үйрөнүштү, сабак кызыктуу өтүлдүбү, стикерге жазышат жана билим идишин толтурушат.

**Окуучуларды баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү**

**Даменова Перизат**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Жай сүйлөм**

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар сүйлөм жөнүндө түшүнүктөрүн терендетишет;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар жай сүйлөмдүн бир калыпта баяндоо менен айтыларын билишет. Грамматикалык талдоонун түрлөрүнөн маалымат алышат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты**:

Топто иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлоону үйрөнүшөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз эгерде окуучу….**

а) сүйлөм жөнүндө түшүнүктөрүн терендете алса. Сүйлөмдүн түрлөрүн

үйрөнсө;

б) жай сүйлөмдүн ойдун жайынча баяндалуусу менен айтыларын билсе жана грамматикалык талдоону жүргүзө алышса;

в) топто иштөөдө бири-биринин оюн сыйлашса.

**Сабактын тиби -** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** Проблемалуу метод жана интерактивдүү метод.

**Сабактын жүрүшү: 1.** Уюштуруу

**2.** Өтүлгөн теманы кайталоо

Кайталоодо классты 3 топко бөлүнүп, ар бирине карточкалар таратылат:

**1-топ үчүн:**

**1 суроо.** *Сүйлөм деген эмне? Ал эмнеден куралат?*


**2-суроо.** *Каалаган сөздүн топтому сүйлөм болобу? Мисал келтиргиле.*

**2-топ үчүн**:

**1 суроо**. *Нооруздан башталган Жаңы жылыбыз берекенин ырыс-ынтымактын, достуктун жылы болсун.*

Сүйлөмдүн бүткөн чегин аныктап, интонация менен окуп, тыныш белгилерин койгула.

**3.Топ үчүн: 1 суроо.** *Сүйлөм деген сөзгө кластер түзгүлө.*



**Жаңы тема: Жай сүйлөм**

Пикир алышуу учурунда адам өз алдына түрдүү максаттарды коет: турмушта болгон кандайдыр-бир окуя жөнүндө жайынча баяндайт. Же болбосо, угуучуга суроо берип, өзү билбеген нерсе жөнүндө ачык жооп алгысы келет. Же болбосо, өзүнүн буйрук, өтүнүчүн, ар түрдүү эмоциялуу ички сезимин баяндайт. Мына ушул өзгөчөлүккө ылайык бардык сүйлөмдөр айтылуу максатына карай жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм жана буйрук сүйлөм деп төрткө бөлүнөт. Бүгүнкү сабакта силер менен жай сүйлөм деген теманы өтөбүз. **Турмушта болгон ар түрдүү иштер, көрүнүштөр, окуялар, кубулуштар жөнүндө кабарлоо иретинде айтылган сүйлөмдөр <u>жай сүйлөм</u> деп аталат**. **М.:** *Азыр кыргыз тили сабагы өтүп жатат.* Жай сүйлөмдөр үчүн баяндоо интонациясы мүнөздүү, башкача айтканда, алар жайынча баяндалат. Жай сүйлөмдөрдүн аягына чекит белгиси коюлат. Мындай сүйлөмдөр тилибизде өтө кеңири колдонулуп, төмөнкүдөй ар түрдүү маанини туюндурат:

1. Бир нерсенин, же кыймыл-аракеттин абалын баяндайт:
   **М.:** *Ажар көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп отурат.*

**Мугалим**: - Бул сүйлөм кайсы чыгармадан алынган, билесиңерби?

**Окуучу**: - К.Баялиновдун «Ажар» повестинен алынган.

**Мугалим**: - Туура айтасынар, «Ажар» повестинен алынган. Бул сүйлөмдө Ажардын көзүнүн жашын төгүп отурган абалы кандай интонация менен берилди?

**Окуучу:** - Ажардын көзүнүн жашын төгүп отурган абалы жайынча кабарлоо интонациясы менен берилди.

**Мугалим**: - Мындай сүйлөмдөрдүн аягына кандай белги коюлат экен?

**Окуучу:** - Мындай сүйлөмдөрдүн аягына чекит белгиси коюлат.

1. Сүйлөмдө кабар берилген нерсенин сыпаттык, сандык белгисин көрсөтөт: ***Ысык-Көлдүн абасы жайда салкын.***
2. Каалоо, тилек, шарт, божомолдоо маанилерин берет:
   ***Эртең шайлоо участкасына бармакчымын. Мырзакул аны түшүндү окшойт.***

Андан соң окуучуларга суроо берилет:

**Мугалимдин сөзү:**

**1.** ***Жерге таң түштү.***

**2** . ***Бүгүн ким жок?***

***3 . Ураа! Каникул!*** Эми, балдар, бул сүйлөм кандай экенин айтып бергиле.

**Окуучулар:**
**1.** Жай сүйлөм
**2.** Суроолуу сүйлөм.
**3.** Илептүү сүйлөм
Балдар жооп берет андан соң, 277-көнүгүү аткарылат.

Балдар, эми бул тапшырманы аткаруу үчүн 2 топко бөлүнгүлө.

Класс 2 топко бөлүнөт. Карточка таратылат
**1 топтун суроосу:** *Кыш кетип, жаз белгиси келген кезде*
*Жаз кирип жан-жаныбар баскан кезде.*
**2 топтун суроосу**: *Жымыңдап көктө жылдыз багып коюп,*
*Күн менен түндүн күчү тенешкенде,*
Бул тапшырмада сүйлөмдүн ичинде тыныш белгилерин койгула. Тапшырмага 2 мин убакыт берилет. Убакыт бүткөндөн соң, окуучулар доскага чыгып, жооп беришет. Тема жыйынтыкталат. **Мугалимдин жыйынтыктоо сөзү:**

Балдар, бүгүнкү сабакка активдүү катыштыңар, азаматсынар. Бүгүнкү теманы да түшүндүнөр окшойт.

**Үйгө тапшырма берүү:** 280-көнүгүүнү аткаруу. Көчүрүп, анын ичинен жай сүйлөмдөрдүн ичинен таап, астын сызып койгула.

**Окуучулардын билимин балоо**. Топтор бири-бирине сын-пикир айтып баалашат. Алардын негизинде мугалим окуучуларга баа коет

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Буларкиева Мээрим**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Текст, анын мүнөздүү белгилери**

**Сабактын максаттары**:

| **Билим берүүчүлүк максаты:** | **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **Тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Текст жөнүндө түшүнүк алышат. Ал боюнча өз пикирлерин эркин айтып бере алышат; | Окуучулар текст боюнча алган билимдерин практикада колдоно алат. Текст түзүү аркылуу сүйлөө кеби өнүгөт; | Чакан топто иштөөдө бири-биринин оюн угуп, биргелешип иштөө менен ийгиликке жетүүгө болорун билишет; |

**Көрсөткүчтөр:**
**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...**

| | | |
|---|---|---|
| Текст жөнүндө түшүнсө, текст боюнча өз пикирлерин эркин, жеткиликтүү айтып бере алса; | Текст боюнча алган билимдерин практикада колдоно алышса. Текст түзүү аркылуу сүйлөө кеби өнүксө; | Чакан топто иштөөдө бири-биринин оюн угуп, биргелешип иштөө менен ийгиликке жетүүгө болорун билишсе. |

**Сабактын методу:** Изденүү, интерактивдүү методдор.

**Сабактын формасы:** Топтордо иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: окуу-методикалык колдонмолор, сүрөттөр, дидактикалык карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу** (окуучулардын санын тактоо, окуу материалдарын жайгаштыруу)

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо. Үй тапшырмасын текшерүү**

Үй тапшырмасын текшерип, өтүлгөн теманы кайталоодо класс эки топко бөлүнөт

**Мугалимдин сөзү:**

Балдар, бүгүн биздин сабакка тыйын чычкан менен коён конокко келишти жана алар силерге өздөрүнүн белектерин ала келишкен (доскага эки жаныбар жана алардын корзинасы илинет, анын ичиндеги жер-жемиштердин артына суроолор жазылат). Кана, балдар, чыгып белектерди алып кеткиле.

**1-топ үчүн:**

1. Тил дегенди кандай түшүнөсүң?
2. Кеп деген эмне ? Анын кандай байланышы бар?
3. Кептин кандай түрлөрү бар?

**2-топ үчүн:**

1. Оозеки жана жазуу кебин кандай түшүнөсүң?
2. Тил жөнүндө кандай ырларды билесиң?
3. Тил менен кепти бири-биринен ажыратып кароого болобу?

**Мугалимдин сөзү**:

Азаматсыңар, балдар! Ошентип биз өткөн сабакта кептин тил менен карым-катышы жөнүндө терең үйрөндүк.

Балдар, бизге келген коноктарду өзүбүздүн билимибиз менен

азыктандырышыбыз керек, андыктан активдүү катышабыз силер канча көп жооп берсеңер, аларга ошончо көп жемиштер илинип турат.

**Жаңы тема**:

Балдар, бүгүн силер менен өтчү темабыз –**Текст, анын мүнөздү белгилери.**

Кептин жазуу формасы жазуу аркылуу берилет. **Текст** - жазуу аркылуу иштелип чыккан кептин жыйынтыгы. Ал эми тексттин кичине бирдиги сүйлөм. Ага чек коюуга болобойт. Сүйлөм баяндалган окуяга байланыштуу ар кандай көлөмдө болот. Ал эми тексттин мүнөздүү белгилери экиден кем эмес сүйлөмдөн уюшулат. Алар биринин маанисин экинчиси толуктап, тактап улантат жана жыйынтыктайт.

**12-көнүгүү**. Эки топко эки карточка таратылат. Балдар, текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө.

**1-топ үчүн**: *Эң ардактуу кесиптин бири - мугалимдик. Мугалимдер балдарга тамгаларды үйрөтүп окутушат. Адамдардын бардыгы мугалимден билим алып, көп нерселерди үйрөнүшөт. Ошондуктан мугалимдик кесипти ар дайым алдыга коюп, аларды сыйлоо керек.*

**2-топүчүн**: *Айбанаттардын эң уйкучусу - аюу. Ал уктаганда опур-топурду ызы-чууну такыр укпайт экен. Ышкырган катуу шамал да аны такыр ойгото албайт. Ошондуктан аюуну аңчылар көбүнчө уктап жаткан жерден кармашат.*

Кана, балдар, убактыңар бүттү, берилген текстти окуп түшүндүрүп бергиле (доскадагы тыйын чычкан менен коёндун жанына туура жооп берген сайын окуучулар аларды жемиштерди чаптоо менен азыктандырышат).

**14-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып “Биздин класс” деген темада чакан текст түзүп, дептериңерге жазгыла.

*Класс, окуучу, кыздар, балдар, кенен, окуйт, жарык, үлгүлүү, тартиптүү, таза , терезе, чоң, сүрөттөр, гүл, парта, бүлдүрбөй, көздүн карегиндей, мыкты.*

Окуучулар жооп беришет (мүмкүнчүлүк болсо, бардык окуучунун түзгөн текстин окутабыз).

*Биздин класста үлгүлүү, тартиптүү кыздар жана балдар окуйт. Алар мыкты окушат жана ынтымактуу. Классыбыздын ичи жарык жана чоң. Парталарыбыз жаңы. Биз класс ичиндеги сүрөттөрдү терезедеги гүлдөрдү бүлдүрбөй, дайыма көздүн карегиндей сактайбыз.*

Андан соң эки топко атайын сүрөттөр таратылат. Ошол сүрөттүн негизинде чакан текст түзүшөт.

Кана, балдар, убактыңар бүттү.

Доскага эки топтон эки окуучу чыгып түзгөн тексттерин окуп беришет.

**Сабакты бышыктоо:** сабакты бышыктоодо доскага билим дарагы илинет жана эки топко эки башка түстөгү стикер берилет. Стикерлерге окуучулар текст боюнча түшүнгөндөрүн жазып даракты толтурушат, кайсы топ көбүрөөк жооп берсе, ошол топко көп упай берилет.

**Үйгө тапшырма:** Өздөрү каалаган темада текст түзүп келишет.

**Окуучулардын билимин баалоо**: Эки топ канча жемиш топтогонун санап, жеңилген топ жеңген топтун каалаган тапшырмасын аткарат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Замирбек кызы Гүлбарчын**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Атоочтук баяндооч**

**Сабактын максаты:**

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбиялык** |
|---|---|---|
| Окуучулар баяндооч боюнча алган билимдерин тереңдетишет. | Атоочтук баяндооч боюнча алган түшүнүктөрүн бышыкташат жана айырмалайт. | Туура жазууга жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлашууга тарбияланат. |
| **Көрсөткүчтөр: Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз Эгерде окуучулар…** | | |
| -Баяндооч боюнча алган билимдерин тереңдете алса; | -Атоочтук баяндооч боюнча алган түшүнүктөрүн бышыктаса, айырмалай алса; | -Туура жазса жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлаша алса; |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары

**Сабактын жабдылышы:** ватман, маркер, дидактикалык карточка

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу (саламдашуу, жоктоо, жагымдуу маанай тартулоо)**

**2.Өтүлгөн теманы кайталоо**

Кайталоо учурунда класс 3 топко бөлүнөт да, ар бир топко өзүнчө

суроолор жазылган карточкалар таратылат.

**1-топ:** *Күчүк багып ит кылдым,*
*Ал балтырымды канатты.*
*Жетим багып жетилттим,*
*Ал мерген болуп мени атты.*

**2-топ:** Табышмактын жандырмагын таап, түшүндүргүлө.

*Бир кыз бар жоолукчан,*
*Ичинде балдары бар от жаккан.*
*Күндүзү сыйрып ачылат,*
*Түнкүсүн кайра жабылат (*боз үй, түндүк)

**3-топ:** Макалдын тарбиялык мааниси

*Сүзөнөөк торпок мүйүзүн тозот,*
*Сөзгө чоркок муштумун созот*.

Окуучулар берилген тапшырмадан этиштик баяндоочторду таап, макал-лакаптардын тарбиялык маанисин түшүндүрүп айтып беришет.

Бүгүнкү өтө турган темабыз - атоочтук баяндооч.

Сүйлөмдө баяндоочтун милдетин атооч сөздөр аткарса, ал атоочтук баяндооч деп аталат. Атооч сөздөр – зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч ж.б.лар аткарат.

**Мисалы:**

*1.Эненин каргышы да –алкыш.*
*2. Таңдын белгиси да - ошол.*
*3. Билимсиз бала музоодон жаман.*
*4. Окугандын көзү төртөө*.

Окуучулар өз алдынча сүйлөм түзүп, талдашат. Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар3 топко бөлүнүп иштешет.

**1-топ:** Атоочтук баяндоочко класстер түзүү.

**2-топ:** Баяндоочу атооч сөздөн болгон макал – лакаптарга мисал келтиргиле.

Дүйнөнүн шамы-билим,
Жашоонун шамы-эмгек.

**3-топ:** Венндин диаграммасы

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү**. (Окуучулардын көзүн жумдуруп, атооч сөздөрдөн 15 сөз айтылат: *жакшыраак, он беш, меники, ден-соолук, лицей, китеп, ошол, акылдуу, төртөө, билимдүү, акылман, бул* ж.б. Балдар, эсине тутуп калган сөздөрдү жазып, байланыштуу текст түзүшот.

**Замирбек кызы Гүлбарчын**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Сүйлөм курамында баш жана айкындооч мүчөлөрдүн болушу

**Сабактын максаты:**

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбиялык** |
|---|---|---|
| Окуучулар сүйлөм мүчөлөрү боюнча алган билимдерин тереңдетишет, маанилерин түшүнүшөт жана бышыкташат; | Окуучулар сүйлөм курамында баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн аткарган милдеттерин түшүнүшөт, синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгышат; | Туура сүйлөөгө. Эне тилин сүйүүгө, бири-биринин оюн угууга тарбияланышат; |
| **Көрсөткүчтөр:** Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучулар… | | |
| Сүйлөм мүчөлөрү боюнча алган билимдерин тереңдетсе; маанилерин түшүнүп, бышыктай алса; | Сүйлөм курамында баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн аткарган милдеттерин түшүнсө, синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыкса; | Туура сүйлөө, эне тилин сыйлоого, бири-биринин оюн угууга тарбияланса; |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү
**Сабактын методу:** Проблемалуу метод, интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы:** Сабакка колдонулуучу таяныч белгилер
**Сабактын жүрүшү:**
**1.Уюштуруу (саламдашуу, тазалыкты кароо, классты активдештирүү)**
**2.Өтүлгөн теманы кайталоо.**
**Өтүлгөн теманы кайталоо үчүн суроолор**
Улуттук оюндар
1.Улуттук оюндар жашообузда кандай роль ойнойт?
2. Азыр улуттук оюндар ойнолобу?

3. Кандай түрлөрүн билесиңер?
(окуучулар өз ойлорун, билгендерин айтып беришет)

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

Сүйлөм мүчөлөрү

**Баш мүчөлөр** → Ээ, Баяндооч

**Айкындооч мүчөлөр** → Аныктооoч, Толуктооч, Бышыктооч

Ар бир сүйлөм мүчөсүнө токтолуп мүнөздөмө берүү. Алардын сүйлөм курамындагы орун тартибин аныктоо. Пикир алышууда жалаң гана баш сүйлөмдү пайдалансак, ой жеткиликтүү болбой калат. Ошондуктан ой толук, түшүнүктүү болуш үчүн айкындооч мүчөлөр кошулуп айтылат. Мындай жагдайда айтуучу же жазуучу үчүн да ой түшүнүктүү болуп, ал нерсе жөнүндө толук маалымат ала алабыз.

**Мисалы:** *Азыр Эрбол эрөөлдөгү жылкычы жоокерлерге кабар айтып жүрөт. Жакшы окуучу жакшы окуйт. Ак төөнүн карды жарылган күз келди. Т.Турсунбаева жай мезгилинде Сон-Көлдө туулган. Ал - студент.*

Жөнөкөй сүйлөмдөр тутумунда айкындооч мүчөлөрдүн бар экендигине же жок экендигине карай жалаң сүйлөм жана жайылма сүйлөм болуп бөлүнөт: **жалаң сүйлөм, жайылма сүйлөм. М.:** *Үн чыкты Алыста борсулдаган иттин үнү чыкты. Жер-тойгузат. Төө суусуз эки ай жүрө алат. От күйгүзөт (макал).*

Теманы бышыктоодо окуучуларды эки топко бөлүп, «Ак терек, көк терек» оюнун ойношот. Алар чуркабастан, ыр айтпастан, 2 топ бири-бирине суроо берүү менен оюнду ишке ашырышат. **Мисалы:** *Ырчы ырдайт* деген жалаң сүйлөмдү, жайылма сүйлөмгө айлантышат: *Ырчы созолонтуп ырдайт.* Кантип ырдайт? – созолонтуп – бышыктооч. Бир нече сүйлөмдөрдү куруу менен өтүлгөн тема бышыкталат.

**Үйгө тапшырма берүү**. Көркөм чыгармадан жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү таап келүү.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Зарылдыкова Айзада**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Диалог жана анын тыныш белгилери (5-класс)**

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар диалог жөнүндө маалымат алышат. Анын оозеки жана жазуу кепте кенири колдонуларын билишет.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар диалогдун тике жана кыйыр түрүндө колдонулушун, жазууда белгилеринин коюлушун жана оозеки кептеги абалын өздөштүрүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты**:

Окуучулар туура сүйлөөгө, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга үйрөнүшөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз эгерде окуучу…**

а) диалог жөнүндө маалымат алышса жана анын оозеки, жазуу кепте кеңири колдонуларын билишсе;

б) диалогдун тике жана кыйыр түрүндө колдонулушун, жазууда тыныш белгилеринин коюлушун жана оозеки кептеги абалын өздөштүрүшсө;

в) туура сүйлөөгө жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлашууга үйрөнүшсө.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары, айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк методдор.
**Сабактын формасы:** Чакан топтордо иштоо
**Сабактын жабдылышы:** Таблица, дидактикалык карточка, ватман, маркер, скотч.

**Сабактын журушу:**
1.Уюштуруу
2.Өтүлгөн теманы кайталоо.

Окуучулар топторго бөлүнөт, карточка таратылат.

**1-топ**: Төл сөз деп эмнени айтабыз? Ага мисал келтиргиле.

**2-топ:** Бөтөн сөз деп эмнени айтабыз? Мисал келтиргиле.

**3-топ:** Төл жана бөтөн сөзгө кандай тыныш белгилер коюлат?

(5 мүнөт убакыт берилет).

**1-топ:** Өз ара пикир алышуудагы өзүбүздүн сөзүбүз төл сөз деп аталат.

**2-топ:** Өз ара пикир алышуудагы башка бирөөнүн сөзү бөтөн сөз деп аталат. **Мисалы:** *Ал өлгөн аттын куу башын кармап: «Сенин ченемсиз күлүк экендигинди ким билди?» - деп кайгырып отуруптур.*

**3-топ:** Бөтөн сөз төл сөздөн кийин келсе, өзүнөн мурун кош чекит коюлуп, биринчи сөзү баш тамга менен тырмакчага алынып жазылат. **Мисалы:** *Соке каадасынча эриндерин жалана кыйкырды: «Чоң шаардан курс окуп, багың ачылды, башта тоодо кой кайтарчу элең».*

Бөтөн сөз суроо же илептүү сүйлөм болсо, бөтөн сөздөн кийин суроо же илеп белгиси коюлуп, бөтөн сөз тырмакчага алынат. **Мисалы**: «*Оо, катыгүн! Жаныбарды ким минип жүрөт? - деди Тоозак. - Мунун жазыгы эмне экен?».*

**Жаңы тема:**

Мугалимдин сөзү:

Диалог грektин **diologos – аңгеме** деген сөзүнөн алынган. Диалог оозеки кепте да, жазуу кебинде да кеңири колдонулат. Ал эки же андан көп адамдардын өз ара сүйлөшүүсү аркылуу уюшулат. Көркөм адабий чыгармада диалог түрүндө колдонулган тике сөз каармандардын өз ара сүйлөшүүсү аркылуу берилет. Анын ким тарабынан кандай жагдайга карата айтылгандыгын туюнтуу үчүн автордун сөзүнүн да катышышы мүмкүн. Демек каармандардын сүйлөшүүсү тике сөз, ага катышкан автордун сөзү төл сөз болуп эсептелет.

**Мисалы:**

- *Ой, боз бээ, сени жеймин! – дейт карышкыр.*

- *Эмне үчүн ? - дейт бээ.*

- *Курсагым ачка, - дейт карышкыр.*

- *Андай болсо, баткактан чыгарып жегин, - дейт бээ. Карышкыр макул болот да, баткактан тырышып жатып сүйрөп чыгат.*

- *Эми жейинби? - дейт карышкыр.*

- *Жок. Таманыма кат жаз, анан жегин,- дейт боз бээ.*

Мисалдардагы асты сызылгандар - тике сөз, калгандары автордун сөзү.

Кыргыз тилинде бөтөн сөз эки түрдүү колдонулат:

а) эч кандай өзгөртүлбөй, кыскартылбай сөзмө-сөз колдонулса, тике

сөз деп аталат.

б) бөтөн сөз өзгөртүлүп, өз сөзүбүзгө айландырылып, бирок андагы негизги ой сакталып берилсе, кыйыр сөз деп аталат. **Мисалы**: «Ырдай турган кишини тапкан экенсин», - деп акырын күлүп койду.

Тике сөз тексттин ичинде эки түрдүү жол менен келет.

1. Тике сөздү түздөн-түз тексттин ичинде берүү. Мындай учурда тике сөз дайыма тырмакчага алынып жазылат. **Мисалы**: *Ал арабадан секирип түштү да: «Жүрөгой, апа», - деп, мени колдон тартты.*
2. Тике сөздү тексттен болуп алып абзац менен жол башынан жазуу. Бул ыкма, негизинен, адабий чыгармада кеңири колдонулат. **Мисалы:** *«Балким менин мында иштегенимди билген го», - деп да ойлоду.*

Бирок автордун сөзү бардык учурда эле катышуусу зарыл эмес. Кээде каармандардын өз ара сүйлөшүүсү, ангемелешүүсү түрүндө да берилет.

- *Уюн уурдаткан ушул аял го, кандай дейсиң?*
- *Ошондой болуш керек!*
- *Анда азамат экен. Акыры уурунун изине түшкөн экен да, бирок баласын таштабай эмне үчүн көторуп келе жатат?*
- *Аны ким билсин. Деги өзү кандайдыр соо неме эмес, жана сельсовет атка минип, балаңды өңөрүп ал десе, унчукпай басып кетти…*

Текстте автордун сөзү катышкан жок. Ал жалан гана диалог түрүндөгү тике сөздөн курулду.

Диалог түрүндөгү тике сөздө тырмакча колдонулбайт. Анын ордуна ар бири жаңы солдон башталып, сызыкча аркылуу жазылат.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар 2 топко бөлүнүшөт да, көнүгүүлөрдү иштешет.

**1-топ: 165- көнүгүү** Текстти ролдорго болуп окугула. Жазылышына жана интонацияга көңүл бургула.

**2-топ: 166-көнүгүү**

Өзүңөр сүйлөшүп, диалог түзгүлө. Анын жазылышына жана интонациясына көңүл бургула. Буга атайын убакыт берилет. Бул учурда мугалим доскага кийинки тапшырманы оозеки иштетет.

**1-тапшырма:** Ата менен кыздын диалогу.

- *Шайтан араба сатып келдим. Көрчү.*
- *Кимге?*
- *Жеңишбекке да.*
- *Тим эле койбойсуңбу, ата.*
- *Тим койгонго болуп атабы, ыйлактап атса……*
- *Ыйлактаса, ыйлактап басылат эле да. Сураганын алып берип, жаман үйрөтүп ийдиң….*

**2-тапшырма:** Эже менен сиңдинин диалогу:

- *Москванын поезди станция менен түнкү саат 11:00 до өтөт эмеспи?*
- *Ооба, эже,11:00 до өтөт го, - дедим.*
- *Эмесе мен азыр эле жөнөшүм керек.*
- *Эмне үчүн?Сиздин бир эки күн туруп кетмек убадаңыз бар эле го? Эл сизди дегеле коё беришпейт, эже.*
- *Жок, менин абдан зарыл жумуштарым бар да, бүгүн кетпесем болбойт.*

*Ушуну менен Алтынай Сулайманова дагы Москваны көздөй жөнөп кетти.*

Берилген көнүгүүлөр боюнча окуучулардын жооптору алынат. Андан соң эки топтон төрт окуучу чыгып, түзгөн диалогун презентациялашат жана берилген тапшырмага синтаксистик талдоо жүргүзүшөт.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоодо мугалим класска «Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?» - деген суроону берип, окуучулар диалог боюнча үйрөнгөндөрүн айтып беришет.

**Үйгө тапшырма берүү жана аны аткаруунун жолун түшүндүрүү.**

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо жана күндөлүктөрүнө баа коюу**

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Кадырова Айжамал**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Сан атооч (6-класс)**

**Сабактын максаты:**

| **а) билим берүүчүлүк максаты:** | **б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **в) тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Окуучулар сөз түркүмдөрү боюнча алган билимдерин кайталашат. Сан атооч жөнүндө жалпы маалымат алат; | Окуучулар сан атооч сөздөргө мисал келтиришет, талдоого көнүгүшөт; | Бири-биринин оюн угууга, пикирин сыйлоого үйрөнүшөт; |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде ...**

| | | |
|---|---|---|
| Сан атооч жөнүндө кенен маалымат ала алышса; | Сан атооч мисалдарды туура келтирип, синтаксистик таалдоо жүргүзө алышса; | Бири-бирин сыйлап, анын пикирин уга билишсе; |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк метод.
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, карточкалар.
**Сабактын жүрүшү:**
**1)Уюштуруу**

Мугалим окуучулар менен саламдашып, катышуунун санын тактайт. Класстын тазалыгына көңүл бурат.

**2) Өткөн теманы кайталоо**

**1)** Сөз түркүмдөрү кайсылар жана алар кандай болуп бөлүнөт?
**2)** Зат атооч деген эмне?
**3)** Сын атооч деген эмне?
**4)** Зат атооч менен сын атоочтун өзгөчөлүктөрү кайсылар?

(Мугалим суроолорго кыска жоопторду угуп, жаңы тема өтүүгө даярданат)

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

Биз бүгүнкү сабакта сан атооч деген эмне жана анын негизги белгилерин өтөбүз.

Сан атооч деп заттын санын, эсебин, чамасын, болжолун көрсөтүп **канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө?** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү айтабыз. Доскага бир нече мисалдар жазылат.

**Мисалы:** *беш китеп, жүз сом, миң киши, экөө келди, биринчи келди, бештен ашуун* ж.б

Сан атоочтор түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал сан атоочтор болуп бөлүнөт. Бир эле сөздөн туруп, бир маанини берсе жөнөкөй (он, эки, алты ж.б.), ал эми эки же андан ашык сөздөрдөн туруп, бир маанини түшүндүрсө татаал (он тогуз, алтымыш беш, сексен беш) ж.б. сан атооч болот.

Алган билимдерин бышыктоо боюнча көнүгүү аткарышат.

**273-көнүгүү. Сан атоочторду таап, түзүлүшүн аныкташат**

***Күн менен жердин аралыгы***

*Күндүн диаметри 1400000 км, ал Жердин диаметринен 109 эсе чоң. Күн менен Жердин массасына караганда 1300000 эсе чоң. Күндүн үстүңкү бетинин температурасы 6000 градус. Мындай ысыктыкка ар кандай металл же таш бар бир секундага да туруштук бере албайт. Күндүн нуру секундасына 300000 км ылдамдыкта жылат. Мындай ылдамдыкта Жер менен Күндүн аралыгын 8 минутада гана басып жетүүгө болот. Окуучулар ордунан отурган бойдон эле 3 партаны 3 топ кылып, ар бир топко карточкалар берилди. Андан сан атоочторду таап, жөнөкөй же татаалдыгын айтуу тапшырмасы берилет.*

**1-топко**

***Жайлоо***

*Күзгүдөй мөлтүрөгөн тунук булак,*
*Сай-сайдан үн алышып турушат.*
*Ыр-ырдап токсон күнгө салсак дагы,*
*Үнүнөн танасыңбы турсаң тыңшап.*

*Мындагы айран, кымыз кең эмеспи,*
*Булактан агып жаткан кен эмеспи.*
*Дүркүрөп төрт түрдүү мал өсүп турса,*
*Кең жайлоо гана жыргал жер эмеспи.*

**2-топко**

***Мунара***

*Бөлмөдө беш бала тегерете отурушат. Ортосуна отургучту коюшат да, аны мунара деп аташат. Ал үйгө бешөө тең кезеги менен кирмей болушат. Биринчи болуп Эрмек келет.*

**3-топко**

**Трамплин**

*Айлыбызга таанымал,*
*Суучул балдар аталып.*
*Бийиги алты метрлик,*
*Трамплин жасадык.*
*Чыгып трамплинге,*
*Бир, эки, үч дедик.*
*Шукшурулуп төмөнгө,*
*Сууну карай күн дедик.*

Ар бир топтон бирден окуучу жооп беришет
**Үйгө тапшырмага** 274-көнүгүү берилет

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Кадырова Айжамал**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Сан атоочтун маанисине карай бөлүнүшү (6-класс)**

**Сабактын максаттары:**

| **а) билим берүүчүлүк максаты:** | **б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **в) тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Окуучулардын сан атооч боюнча алган билимин текшерүү, жөнөкөй жана татаал сан атооч жөнүндө билимдерин терендетишет; | Окуучулардын синтаксистик жана морфологиялык талдоо жүргүзгөнгө машыктыруу менен сан атоочтун сүйлөгөндө аткарган кызматын бышыктоо; | Эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык сүйлөөгө, бири-биринин оюн уга билүүгө тарбиялоо. |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар сан атооч деген эмне экенин билсе. Жөнөкөй жана татаал сан атоочторду бири-биринен айырмалай алышса; | Окуучулар синтаксистик жана морфологиялык талдоону талапка ылайык жүргүзө алышса, сан атоочтун сүйлөмдө аткарган кызматын түшүнүшсө; | Эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, бири-биринин оюн бөлбөй, уга билсе. |

**Сабактын тиби** - Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк, интерактивдүү методдун айрым стратегиясы.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, 6-класс үчүн кыргыз тили окуу китеби, карточка.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өткөн теманы кайталоо**
3) **Жаңы теманы түшүндүрүү**

**Жаңы сабак:** Саламатсынарбы? Маанайыңар жакшыбы? Кыздар бүгүн

абдан сулуу болуп калыпсыңар. Биз бүгүнкү сабакта жаңы тема өтөбүз, ошондуктан болгон оюңарды сабакка буруунарды эскертем.

а) Биз бүгүн «Сан атоочтун маанисине карай бөлүнүшү» деген жаңы тема өтөбүз.

Мугалим доскага датаны, сабактын темасын жазат.

**Мугалим:** Кыргыз тилинде сан атооч сөздөр берген маанилерине ылайык алтыга бөлүнөт.

1. Эсептик сан атооч
2. Иреттик сан атооч
3. Жамдама сан аточ
4. Чамалама сан атоочтор
5. Топ сан
6. Бөлчөк сан

Биз булардын ар бирөөнө бирден, кенен токтолобуз.

**Мисалдар.**

| **Эсептик сан атооч** | **Иреттик сан атооч** | **Жамдама сан атооч** | **Чамалама сан атооч** | **Топ сан** | **Бөлчөк сан** |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир, он, жыйырма, кырк, миң, миллион, эки жүз миллион, тогуз, жүз жетимиш миң. | Биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү, онунчу, жыйырманчы, кыркынчы, эки жүз элүүнчү | Бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө, сегизөө, тогузоо. | Ондой, жыйырмадай, кырктай, жүзгө жакын, отуз чакты. | Үч-үчтөн, беш-алтыдан, отуз-кырктан, жыйырма бештен, отуздан, элүүдөн. | Экиден бир, бештен үч, ондон эки, сегиз бүтүн жетиден бир. |

Доскага мисалдар жазылган таблица илинет. Окуучуларга ушул мисалдарды катыштырып, сүйлөм түзгүлө деген тапшырма берилет. Окуучулар бирден туруп, ар бир мисалга сүйлөм түзүшөт.

Кийинки тапшырма

-Мен ар бир партага экиден сөз (сан атооч) берем, силер ошол ар бир сан атоочту эсептик, иреттик, чамалама, топ сан жана бөлчөк кылып өзгөрткүлө.

| **1-топ** | **2-топ** | **3-топ** |
| --- | --- | --- |
| беш | эки | сегиз |
| кырк үч | жыйырма жети | жетимиш алты |

Окуучулар жооп беришет.

**Сабакты бышыктоо.** Тема боюнча суроолор берилип, жооптор алынат.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Карыпаева Жамал**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 7-класс үчүн)

**Сабактын максаттары:**

| **а) билим берүүчүлүк максаты:** | **б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **в) тарбия берүүчүлүк максаты:** |
| --- | --- | --- |
| Окуучулар ээ менен баяндоочтун ээрчишкен жана ээрчишпеген учурун үйрөнүшөт. Ээ жана баяндооч жөнүндөгү билимдерин дагы тереңдетишет, синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгышат; | Эске тутуу, кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү, сөз байлыгы өнүгөт. Ойлорун эркин билдире алышат; | Окуучулар топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, орфоэпия эрежелерине ылайык туура сүйлөөгө, эне тилин сүйүүгө тарбияланышат. |

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар ээ менен баяндоочтун ээрчишкен жана ээрчишпеген учурун үйрөнүшсө; ээ жана баяндооч жөнүндөгү билимдерин дагы тереңдетишсе, синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгышса; | Эске тутуу, кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү, сөз байлыгы өнүксө; Ойлорун эркин билдире алышса; | Окуучулар топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, орфоэпия эрежелерине ылайык туура сүйлөөгө, эне тилин сүйүүгө тарбияланышса. |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк, проблемалык жана интерактивдүү методдор

**Сабактын жабдылышы:** слайд, окуу китеби, ватман, скотч, маркер, дидактикалык карточкалар

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо**

Үй тапшырманы кайталоодо окуучулар 2 топко бөлүнүп, топко ат коюшат.

3) Төмөнкү карточкалардагы сөздөрдөн сызыкча коюлган жана коюлбаган сүйлөм түзгүлө (сөздөр баш аламан абалда болот)

**1-топ үчүн:**

*Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу ар бир адамдын алтын бешиги.*

*«Манас» эпосу - кыргыз элинин улуттук сыймыгы жана ар бир адамдын алтын бешиги.*

**2-топ үчүн:**

*Ааламды калемине багындырып, кыргыз элин дүйнө жүзүнө Ч.Айтматов тааныткан.*

*Ч. Айтматов ааламды калемине багындырып, кыргыз элин дүйнө жүзүнө тааныткан.*

4) Төмөнкү макалдарга тыныш белгилерин койгула

**1-топ үчүн:**

*Көз коркок, кол баатыр*

*Макал атасы сөз мата атасы бөз.*

**2-топ үчүн:**
*Жакшы жигит сыртта мырза, үйдө кул.*
*Гүл жакшысы кызыл, эр жакшысы жоомарт*

**5) Жаңы теманы түшүндүрүү**
Слайд көрсөтүлөт.
7) Топторго тапшырма берилет. Төмөнкү сүйлөмдөрдө ээ менен баяндооч кандай эрчишти, түшүндүрүп бергиле
**1-топ үчүн:**
*Сен баа үчүн эмес, билим үчүн окуйсуң да.*
*Балдар мектептен келди.*
**2-топ үчүн**

Ар дайым жол жүрөрдө, мен ушул жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам.
*Ал - менин сүйүктүү атам.*

8) Балдар, жаңы эле «8-Март айымдардын эл аралык майрамы» өтүп кетти, ошого карата ар бир топ бирден өз оюңардан чыгарып, эне жөнүндө төрт сап ыр жазып, андагы ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсүн түшүндүрүп бергиле.

9) «Жөргөмүштүн желеси» оюну ойнотулат. Окуучулар ээ жана баяндооч боюнча билгендерин айтышат

10) Аукцион ойнотулат. Окуучулар бүгүн үйрөнгөндөрүн аукционго коюп айтышат, эң акыркы сөздү ким айтса, ошол жеңүүчү болуп саналат.

**Окуучулардын билимин анализдеп баалоо**
**Үйгө тапшырма берүү аны аткаруунун шартын түшүндүрүү**
**Сабакты жыйынтыктоо**

**Касымакунова Касиет**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Жай сүйлөм

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар сабакта жай сүйлөм боюнча түшүнүк алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар өз көз карашына ээ болуп, аны эркин берүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүү көндүмдөрүндө ээ болот.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Бири-биринин пикирин угууга, сылык, маданияттуу болууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** жай сүйлөм боюнча түшүнүк алышса;

**б)** өз көз карашына ээ болсо, аны эркин бере билсе, өз көз карашын коргой алса, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүү жана жаза билүү көндүмдөрүнө ээ болсо;

**в)** бири-биринин пикирин угушса, сылык, маданияттуу болууга тарбияланышса;

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы:** Дидактикалык карточкалар, тексттер жана окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**

   Окуучулар менен учурашуу, алардын сабакка болгон даярдыгын текшерүү

2) **Өтүлгөн теманы кайталоо.** Мурунку сабакта өтүлгөн материалдарды кайталап калыбына келтирүүчү суроолор берилет.

**1.** Сүйлөм деген эмне?

**2.** Сүйлөм эмнелерден куралат?

**3.** Кандай тыныш белги коюлат?

**4.** Каалаган эле сөздөрдүн, сөз айкаштарынын топтому сүйлөм боло алабы? Эмне үчүн?

**Мугалимдин сөзү:**

Ошентип, биз өткөн сабакта сүйлөм боюнча терең билим алганбыз. Демек, сүйлөм толук маанилүү бүткөн ойду билдирет. Анын тутумундагы сөздөр жана сөз айкаштары бири-бири менен дайыма байланышта болот. Каалаган эле сөздөрү жана сөз айкаштары топтосок, сүйлөм боло албайт, себеби толук мааниге ээ эмес. Ар бир сүйлөм өзүнчө интонация менен

айтылып, араларына чекит коюларын билебиз. Бүгүнкү сабакта силер менен «Жай сүйлөм» деген теманы өтөбүз.

**Жаңы теманы түшүндүрүү:**

Сүйлөм айтылыш максатына карай, **жай, суроолуу, буйрук** жана **илептүү** сүйлөм болуп бөлүнөт. Сүйлөмдөгү ой жайынча гана баяндалса, **жай сүйлөм** болот. Жай сүйлөм бир калыптагы баяндоо интонациясы менен айтылат, жазууда болсо, аягына чекит (.) белгиси коюлат.

Эми, балдар, эң алгач силерге мындай тапшырма. (Доскага Кыргызстандын табиятын чагылдырган сүрөтү илинет). Доскадагы сүрөттү карап, чакан эки мүнөттүк эссе жазгыла жана эссеңерде, сөзсүз, жай сүйлөм катышсын.



Окуучулар эссе жазып жаткан учурда мугалим доскага билим дарагын илет.

- Кана, балдар, убактыңар бүттү, жазган эссеңерди окугула.

**Окуучу:** *Кыргызстан - абдан кооз өлкөлөрдүн бири. Асман тиреген тоолору, шаркырап аккан суулары бар. Мөлтүрөп чалкып жаткан Ысык-Көлү келген адамдардын көз жоосун алып турат.*

**1.** Текстте кандай сүйлөмдөр катышты?
Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?

**2.** Жай сүйлөмдө кандай белги коюлат?

**3.** Ошол белги коюлган жерде кандай интонация сакталат?

Демек, жай сүйлөмдө жазууда чекит белгиси коюлса, оозеки кепте ошол жерде пауза (тыным) сакталат.

Азаматсыңар, балдар! Анда эмесе доскада илинип турган билим дарагы боюнча үч топко бөлүнөбүз. Берилген тапшырманы туура жана так аткарган топтордун билимин баалап, билим дарагына алма стикерлерин чаптап турабыз.



**Окуучуларга дидактикалык карточкалар таратылат.**

**I топ үчүн:** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Сүйлөмдөгү ой кандайча баяндалганын айтып бергиле.

*Футбол дүйнөсүнөн*

*Футболдун мекени – Англия өлкөсү.*

*"Футбол"- англис сөзү. "Фут"- бут, "бол"- топ дегенди билгизет. Демек, бут тобу деген маанини берет. Албетте, футбол бут менен ойнолот. Топту кол менен дарбазачы гана кармайт.*

*Ал эми баскетболдун мекени- Америка Кошмо Штаты.*


**II топ үчүн:** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисинин түшүндүргүлө. Айтылыш максатына карай кандай сүйлөм?

*Ачууну токтоолук менен, жамандыкты жакшылык менен, жалганды чындык менен жеңе бил. Акылдуу адам өзүнө каалабаганды башкага да каалабайт. Билбеген адам баарына макул. Адептүүнүн көзү адилетти мурда көрөт.* ("Ой гүлдөрүнөн").

**III топ үчүн:** Берилген сүйлөмдөрдү катыштырып, жай сүйлөм түзгүлө. Кандай интонация менен айтылгандыгын түшүндүргүлө.

*Дарылады, жазды, бышырды, тилди, ташыды, окуду, сурады, китеп, окуучу, аңгеме, эрдик, эл, талаа, темир жол.*

**Сабакты бышыктоо** иретинде жалпы класска сүйлөм деген темага кластер түзүү тапшырмасы берилет.



**Үйгө тапшырма берүү: 89- көнүгүү**. Текстти окуп, жай сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла ээ жана баяндоочтун алдын сызгыла.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Кулматова Гүлназ**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Кептин түрлөрү. Баяндоо

**Сабактын максаттары:**

| **Билим берүүчүлүк максаты:** | **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **Тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Окуучулар кептин түрлөрү, анын ичинен баяндоонун мүнөздүү белгилери боюнча түшүнүк алышат; | Текст түзүү, көнүгүүлөр менен иштөө аркылуу сүйлөө кеби, ой жүгүртүүлөрү өнүгөт; | Окуучулар эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө жана топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлоого тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...**

| | | |
|---|---|---|
| Кептин түрлөрү, анын ичинен баяндоонун мүнөздүү белгилери боюнча түшүнүк алса; | Текст түзүү, көнүгүүлөр менен иштөө аркылуу сүйлөө кеби жана ой жүгүртүүсү өнүксө; | Эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, топтордо иштөөдө бирин-бири угуп, сыйласа. |

**Сабактын тиби**: Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу**: Изденүү жана интерактивдүү методдордун айрым стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы**: сүрөттөр, окуу куралдар ж.б

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу** (саламдашуу, жагымдуу маанай түзүү, классты активдештирүү).

**2) Үйгө берилген тапшырманы текшерүү**

Үй тапшырманы текшерүүдө класс эки топко бөлүнөт

**1-топко:** Төмөнкү план боюнча текст түзгүлө жана ага тема койгула.

1. *Тоо этеги.*
2. *Эс алууга балдар келишти.*
3. *Тоонун кооздугу, көрүнүшү.*

**2-топко**. Төмөнкү тексттин негизинде темага дал келгендей кылып план түзгүлө.

***Янтарь ташы***

*Янтарь ташынын ден соолукка пайдасы чоң. Башка баалуу таштардан айырмаланып, наристенин башына коюп, же жогору жагына илип койсоңуз, уйкудан сактайт. Зоб дартына чалдыгып калсаңыз, анда янтарь ташын мойнуңузга тагынып жүрсөңүз, дартыңызга даба болот.*

**Мугалимдин сөзү:**

Ошентип, биз өткөн сабакта текстке план койгонду терең үйрөнгөнбүз. Демек, тексттеги ойдун урунттуу учурларын көрсөтүү үчүн жөнөкөй, ал эми тексттеги айтылып жаткан ойдун майда-чүйдөсүнө чейин кеңири баяндоо үчүн татаал план түзүлөрүн билдик. Бүгүнкү сабакта силер менен "Кептин түрлөрү. Баяндоо" деген теманы өтөбүз.

**Жаңы тема**: Тилди турмушта колдонсок, бул **кеп** болот. Адамдар менен сүйлөшүүдө жана алар менен пикир алышууда кепти колдонобуз. Бизди бардык нерселер кызыктырат: табигаттын көрүнүшү, жандуу жана жансыз заттар, алардын касиеттери, белгилери ж.б. Биз алардагы өзгөрүүлөрдү билгибиз келет, алар жөнүндө ой жүгүртөбүз. Мына ушунун баарын айта турган ой-пикирдин мазмунун түзөт. Демек, ой-пикирдин мазмунуна карата кебибиз үчкө бөлүнөт: **баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү**.

**Баяндоо** - бул аңгеменин бир түрү. Мында кандайдыр бир окуя, же кокустук, же иштелген иштер жөнүндө кабар берилип, биринен кийин бири болгон кыймыл-аракеттер ирети менен көрсөтүлөт. Баяндоо оозеки же жазуу түрүндө берилет. Аңгеме, жомок, уламыштарда баяндоо кеңири колдонулат.

Азыр доскадагы сөздөрдү катыштырып, оозеки аңгеме түзгүлө.

Маселен, болжолдуу түрдө

***1-окуучу***: *Күз мезгили келип, талаа жумуштары башталды. Эл түшүмүнүн берекелүү болгонуна кубанышат.*

***2-окуучу***: *Күз - күрөш, жаз - жарыш. Элдин бардыгы эмгектенүүдө. Түшүмү берекелүү болгондор кубанып жатышат.*

***3-окуучу***: *Күз мезгили абдан кооз. Жалбырактар кызыл-тазыл түскө боёлуп, жаратылышка көрк кошуп турат. Кеч күздө канаттуулар жылуу аймактарга учуп кетишет.*

Азаматсыңар! Бүгүнкү өткөн тема түшүнүктүү болду окшойт. Анда эмесе, өткөн теманы бышыктоо максатында көнүгүүлөрдү иштейли.

Окуу китебиндеги көнүгүлөрдү иштөө, карточкаларды таратуу ж.б

Көнүгүлөрдү иштөөдө окуучулар эки топко бөлүнөт. Ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет.

**1-топ: 49-көнүгүү.** Башталган аңгемелерди андан ары оозеки уланткыла. Анда эмнелер жөнүндө сөз болду?

1. *Бир күнү энем экөөбүз тоодогу малчыларга жөнөдүк. Күн ачык, жайкалган көк шиберди аралап баратабыз. Бир маалда...*
2. *Жайында лагерде болдум. Биздин лагерь көлдөн он беш чакырым алыста токойдун ичинде эле. Лагердин жанынан кичинекей суу агып өтчү. Бир күнү...*

**2-топ:**

1. *Бүгүн дем алыш. Биздин класстын окуучулары спорттук аянтчага чогулушту. Футбол ойномок үчүн эки командага бөлүндүк...*
2. *Биздин үй-бүлө чоң жана ынтымактуу. Бир күнү баарыбыз чогулуп тоого эс алууга бардык. Атам менен апам...*

Ар бир топтон экиден окуучу доскага чыгып жооп беришет.

**Мугалимдин сөзү:**

Бардыгыңар азаматсыңар! Ал эми азыр дагы эки топко тапшырма берели. Биргеликте иштегиле.

**1-топ:** Сүрөткө көз жүгүрткүлө, төмөнкүдөй суроолорго жооп бергиле

Сүрөттө кандай кокустук жөнүндө сөз болот? Кыймыл-аракет эмнеден башталат? Андан кийин эмне болду? Акыры кандайча бүттү? Бул кокустуктун каарманы ким? Аңгемеге кандай тема койсок болот?

**2-топ.** Сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө. Оюңарды ырааттуу баяндагыла.

Ар бир топтон сабакка пассивдүү катышкан окуучуну сурайбыз.

**Сабакты** суроо-жооп менен **бышыктоо** кайтарым байланышынын негизинде ишке ашырылат. Мугалим: “ Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?” - деген суроо берет. Окуучулар болсо билгендерин ирети менен, бири-бирин кайталабай, айтып чыгышат.

**Үйгө тапшарма берүү** Өзүңөр каалаган темада чакан аңгеме жазып келгиле.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Күндөлүктөрүнө баа коюу**
**Сабакты жыйынтыктоо**

**Курманбекова Кайыргүл**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматтары

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар атоочтук жана чакчыл түрмөктөр боюнча түшүнүк алышат, алардын грамматикалык белгилерин үйрөнүшөт;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматтарын билишет, грамматикалык талдоонун түрлөрүнө машыгышат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) атоочтук жана чакчылдык түрмөктөр жөнүндө түшүнүк алса, алардын грамматикалык белгилерин үйрөнсө;

б) атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматын билсе жана грамматикалык талдоо жүргүзүүгө машыкса;

в) бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша алса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Айтып-берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк метод
**Сабактын жабдылышы:** окуу китептери, методикалык колдонмолор, дидактикалык карточка, ватман, маркер ж.б.
**Сабактын жүрүшү:**
1.**Уюштуруу.**
**2.Өтүлгөн теманы кайталоо**

(Мурунку теманы кайталоодо класс үч топко бөлүнөт, ар бир топко төмөнкүдөй тапшырмалар).

**1-топ үчүн:** Берилген сөздөрдү каратма сөз катары колдонуп, сүйлөм түзгүлө, алардын жазууда жана оозеки кептеги абалына байкоо жүргүзгүлө. **Мисалы:** *Эжей, балдар, Айжан, Каныкей, окуучулар, ата-эне* ж.б.

**2-топ үчүн:** Каратма сөз катышкан ырлардан билесиңерби, билсеңер аткарып бергиле?

**Мисалы:**

*Ысык-Көл (Узакова Айгүл)*

*Ыргалып жээкте толкуну,*
*Ырахат берген бейпага.*
*Ырдатып турган жүрөктү,*
*Ысык-Көл, сендей көл кайда.*

*Сени эңсеп келип кеткендер,*
*Серүүндөн келер бир кайра,*
*Сергитип ийген көңүлдү,*
*Сезимтал сендей көл кайда.*

*Күмүштөй күндөн нур алып,*
*Күнөстөйт кумуң шыкалып.*
*Гүлдөтүп коөр өмүрдү,*
*Ысык-Көл жанга кулазык.*

*Байыртан калган белегим,*
*Башкага бергис түнөгүм.*
*Ызаттап сүйүп, ыр сунар,*
*Ысык-Көл - мөлтүр чүрөгүм.*

*Айлуу түн акак себелеп,*
*Айдарым жерге термелет.*
*Ырыска шерик мекеним,*
*Ысык-Көл - бүтпөс керемет.*

3-топ үчүн: Берилген тексттеги каратма сөздөрдү таап, тыныш белгилерин тууралап койгула.

*1. Сен да мендей турбайсыңбы о тоң талаам? 2. Рахмат сага боордош жер! (Ч.А.) 3. Ой эссиз акылыңдан адашпа. 4. Кызды кое бергиле иттер кое бергиле азыр! (Ч.А.) 5. –Амансыңбы куттуу талаам?*

*6. – Аманчылык. Келдиңби, Толгонай Былтыркыдан да өзгөрө түшүпсүң го.*
*7. Өмүр өтүп жатпайбы жер энем арадан дагы бир жыл өттү Бүгүн менин сыйынуу күнүм.*
*8. – Билем келериңди күтүп жаткам Толгонай Бул жолу сен баланы да ээрчитип келмек эмес белең*
*9. – Ооба Бирок бул сапар да жалгыз келдим.*
*10. – Демек сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да Толгонай*
*11. –Жок айта албадым.*
*12. –Айтор эртеби-кечпи акыры бир күнү ал угат да Толгонай.*

**Жаңы тема: Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматы**

Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн грамматикалык табиятын туура түшүнүү үчүн, алды менен ошол түрмөктөрдү уюштуруучу өзөк болуп эсептелген атоочтук жана чакчылдардын ар бир конкреттүү учурдагы лексика-семантикалык бүтүндүгүн түшүнө билүү зарыл. Анткени алар бардык учурда эле түрмөктөрдү уюштура бербейт. Атоочтуктар жана чакчылдар сүйлөм тутумунда өз алдынча туруп эле, сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен толук маанилик катыш түзөт жана сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсүнүн милдетин аткарат:

№1

1**. Айтылган** сөз – атылган ок (аныктооч).
**2 . Сүйлөгөн** сөздү угууга сүйө турган эл керек (аныктооч ).
3**. Суусаганга** жеке бер, **суранганга** бекер бер (толуктооч).
4. **Бербестин** ашы - бышпас (аныктооч).
5**. Көрбөс** төөнү да көрбөйт (сүйлөмдүн ээси).
6. Мал – **баккандыкы,** дүйнө-мүлк**– тапкандыкы** (баяндооч)

№2. **Чакчылдарга карата:**
1. Ойлобой сүйлөгөн **онтобой** ооруйт (сыпат бышыктооч).
2. Уяты чыккан **урушпай** тынышат (сыпат бышыктооч).
3. Ак кыз **уялып,** унчукпай калды (себеп бышыктооч).
4. Урманбет **келип**, шашып кайра кетти (мезгил бышыктооч).

Атоочтук жана чакчылдар ажырагыс бир бүтүндүктөгү сөз

тизмектеринин негизги уюштуруучу өзөгү катары эсептелет да, кепте «атоочтук түрмөк», «чакчыл түрмөк» деп аталган синтаксистик татаал конструкциялар пайда болот.

1. *Чекесиндеги киргил терин жеңинин учу менен анда-санда сүртүп коюп, мурдун шор-шор тартып, чөп жыйнап, боолук салып, кара тоголок бала кемпирге кол кабыш кылып жүрдү.*

Келтирилген мисалдагы бир эле сүйлөмдө -ып формасындагы чакчыл аркылуу төрт чакчыл түрмөк уюшулган. Алардын ар бири **өз-өзүнчө кол кабыш кылып жүрдү** деген фразеологиялык сөз тизмегиндеги этишти баяндооч менен маанилик жактан ыкташа байланышып, кантип? же кандайча? деген суроого жооп берип, бир өңчөй сыпат бышыктоочтун милдетин аткарып турат.

№3 **Чакчыл түрмөктөр:**

1. чекесиндеги + терин (аныктооч);
2. терин+сүртүп коюп (тике толуктооч жана сыпат бышыктооч);
3. жеңинин учу менен+сүртүп коюп (сыпат бышыктооч);
4. анда-санда+сүртүп коюп: (сыпат бышыктооч) деген сыяктуу **сөз айкаштарына** ажырайт.

| №4. **Атоочтук мүчөлөр**: | **Чакчыл мүчөлөр**: |
|---|---|
| -ган, -ар, -оочу, -уучу ж.б. менен аяктаган сөз тизмеги атоочтук түрмөк болот. | -ып, -а, -ганча, -гыча ж.б. менен аяктаган сөз тизмеги чакчыл түрмөк болот. |

Грамматикалык табияты – сөз өзгөртүүчү категорияларына ээ эместиги, демек, өзүнөн кийинки зат маанисиндеги сөз менен маанилик жактан ыкташуу формасында байланышы.

1. Ай кара**ган** адам ачкадан өлөт. 2. Бүгүн бүт**өр** ишиңди эртеңкиге калтырба. 3. **Атка бергис** кунан бар. 4. **Элин сүйбөс** адамдын эртеңи болбойт.

Грамматикалык табияты - этишке мүнөздүү болгон категориялардын форма көрсөткүчтөрү менен өзгөрбөстүгү, сүйлөмдө кыймыл-аракетке карата ыкташуу формасында байланышы. Чакчылдарга мүнөздүү болгон мына ушул белгилер алардын сүйлөмдө дайыма бышыктоочтук кызмат аткарышын шарттап турат.

**Мисалы:** ***Төөгө минип****, эчкиге жашынба (аныктооч).*

***Батийна коноктордон айбыгып***, *үйгө кире калды (бышыктооч.)*

Атоочтук түрмөктөрдүн чакчылдардан айырмаланып, өзүлөрүнө тиешелүү болуп айтылган аныкталгычтардын түшүрүлүп, алардын эсебинен заттык мааниге өткөн учурлары аз болбойт.

Мындай шартта атоочтук түрмөктөр зат атоочтор сыяктуу эле сүйлөмдүн, негизинен, бардык мүчөсүнүн милдетин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат:

*№5.*

1**. Маңдайы жарылган** – баатыр, **таңдайы жарылган** - чечен (сүйлөмдүн ээси).

2. **Оозу оорубагандын** таңдайы жоорубайт (аныктооч).

3. **Сөз тапканга** колко жок (толуктооч).

4. Жигиттин эки сүйлөгөнү**- кадырынын кеткени** (баяндооч).

Атоочтук түрмөктөрдүн бышыктоочтук функцияда грамматикалык жактан өзгөчө түзүлүштө келерин эсиңерге түшүргүлө:

№6.

**1.*Биздин үйдү көчүрүп кеткенден+кийин,*** *убактылуу бир алачык жасап алганбыз*.

2.***Үйгө жете берер+де***, *Башарындыкынан келаткан Беккул менен Эшпайга жолуктум.*

3. ***Кызыл-Коргондон чыга берген+кезде****, Ады корбашынын жигиттери алдынан тосту.*

4. ***Урманбеттин ырайымсыз түрүн көргөн+соң****, Ыбыке чочуп, унчукпай калды.*

Мындай учурларда атоочтук түрмөктөр сүйлөмдүн калган бөлүгүнөн интонация аркылуу бөлүнүп айтылат да, жазуу кебинде алар, жогоруда көрсөтүлгөндөй, үтүр аркылуу ажыратылат.

Окуучулар үч топко бөлүнүшөт. Ар бир топко төмөнкүдөй карточкалар таратылат. Карточкаларда аралашкан макалдарды мааниси боюнча бириктирип, макалды чечмелешет, синтаксистик талдоо жүргүзүшөт.

**1-топ үчүн:** *Ачылба**ган** сандыкты таш ачпаса, тил ачат.*
*Жети күн жаа**ган** жаандан, желип өткөн суу артык*.

**2-топ үчүн:** *Ат ая**ган** жер карайт, куш ая**ган** көк карайт.*

*Эр жигиттин эки сүйлөгөнү – кадырынын* кеткени.

**3-топ үчүн:** *Ичи оорубагандын кудай менен иши жок. Тузду даам татканга бер, кызды издеп тапканга бер.*

**269-көнүгүү**

*Кедей бечара буркурап ыйлаган бойдон, Апендиге барат. Апенди, анын арыз-арманын уккандан кийин, соттун чечимин буздурат. Казы үч күндөн кийин, кайра сот болорун айтат. Сот болор күнү келе тургандын баары келип, Апенди келбейт. Аны күтө беришип, аябай тажашат. Акыры тарап, кетмей болушканда, Апенди келет. Тегирменден эшекке ун артып келатып, кечүүдөн өтүп бара тканда, эшектин жүгү оой баштайт.*

**270 – көнүгүү**

*Эттен өткөн таяктан сөөктөн өткөн сөз жаман. Казынын кыйноосуна чыдабай, Касым онтоп жиберди. Командирдин буйругун угушканда, жигиттер мылтыктын кароолун гана көздөрүн кадады. Ушунун анығын билип келем деп, Бейшемби көлгө кеткен. Калыс жүргөндү калкы сыйлайт. Топтун ичинде казысын челкейтип, Шапактан чыккан Байзак болуш менен Ыбыке жүрөт. Ашуунун орто ченине келген кезде, Элебес минген тору бышты кашайып туруп алды. Касым миңбашы, тишин кычырата шамшарына кол сермеди. Солдатка жазылгандан кийин, Урманбет көлгө токтоосуз жөнөп кетти. Ат сыйлаган жөө баспайт .*

**Үйгө тапшырма берүү**

**Окуучулардын билимин баалоо**: сабакка активдүү катышкан окуучуларга баа коюу.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Мамбетжанов Улан**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү**

**Сабактын максаттары**:

**а) билим берүүчүлүк максаты**:

Окуучулар зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү боюнча маалымат алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Көптүк санды уюштуруучу –лар мүчөсүнүн кандай шартта өзгөрүү себептерин үйрөнүшөт жана сөздөрдү составдык бөлүктөргө туура ажыратууга машыгышат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетишти деп эсептейбиз**, **эгерде окуучу**…

**а)** зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү боюнча маалымат алса;

**б)** *–лар* мүчөсүнүн өзгөрүүчү себептерин билишсе жана сөздөрдү составдык бөлүккө туура ажырата алса;

**в)** топтордо иштөөдо бири-биринин оюн угуп, өз-ара сыйлашса.

**Сабактын тиби**: Интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы**: таблица, дидактикалык карточкалар, ватман, маркер ж.б.

Кайталоо учурунда класс үч топко бөлүнүп, карточкалар таратылат.

**1 топко**: Энчилүү жана жалпы заттар дегенди кандай түшүнөсүңөр? Аларга мисал келтиргиле.

**2 топко**: Энчилүү заттар кандай жазылат? Эрежелерин айтып бергиле. Мисал келтиргиле.

**3 топко**: Берилген ырдын жазылышындагы каталарды таап, оңдогула.

*Керилген Чалкан-Чалкан , кең Тян-Шань,*
*Жыргаган Ала-тоо элиң да шаң.*
*Ысыккөл , Ысыката, Жалал-абад,*
*Ыратту утуш-тушуң бары арашан.*

Ар бир топтордон лидерлер чыгып, тапшырмаларды презентациялашат, кемчиликтерин толукташат.

**Жаны тема:**

**Мугалимдин сөзү**:

- Балдар, биз силер менен буга чейин энчилүү жана жалпы аттар боюнча өткөнбүз. Силер билесиңер энчилүү аттар дайыма баш тамга менен жазылат. **М.:** *Бишкек шаары, Нарын, Ысык-Көл* ж.б.у.с.

Ал эми жалпы ат болсо бир түрдүү заттарга жалпы жонунан берилет. **М.:** *тоо, таш, адам, мал* ж.б.у.с.

Биз бүгүн силер менен зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшү жана көптүк санда -*лар* мүчөсү менен өзгөрүшү боюнча маалымат алабыз.

**Жазгыла**:

Зат атоочтор жекелик жана көптүк санда айтылат. Көптүк маанини -*лар* мүчөсү жасайт. **М.**: Алма деген сөзгө *–лар* мүчөсүн уласак, *алмалар* болуп көптүк маанини билдирип калды.

Кээ бир сөздөр *–лар* мүчөсүнүн жардамысыз эле көптүк маанини билдирип турат.

**Мисалы:** *Чөп чабылды* десек, мында *–лар* мүчөсүнө улабасак деле көптүк маанини билдирип турат. Буга *эгин орулду, мал жайлоого чыгарылды, окуу башталды, оюн бүттү* ж.б.у.с. толуктап турат.

Демек, көптүк сан заттардын көп (экиден кем эмес) экендигин билгизет да, атайын мүчөлөрдүн же экиден ашык экендигин туюндуруучу сөздөрдүн айкашы аркылуу берилет.

1. Морфологиялык жол
2. Синтаксистик жол.

Кыргыз тилинде зат атооч сан категориясы боюнча 12 вариантта өзгөрөт:

***-лар, -лер, -лор, -лөр.***
***-дар, -дер, -дор, -дөр.***
***-тар, -тер, -тор, - төр***

Эгерде сүйлөм үндүү тыбыштар менен же ***р, й*** тыбыштары менен аяктаса ***-лар, -лер, -лор, -лөр*** мүчөлөрү уланат.

Эгерде сөздүн аягы жумшак үнсүз менен бүтсө, ***р, й*** тыбышы менен аяктабай турган учурда – ***дар,-дер, -дор, -дөр*** болуп өзгөрөт.

Эгерде сөз аягы каткалаң тыбыштар менен бүтсө, ***-тар, -тер, -тор, -төр*** болуп өзгөрөт.

Заттын көптүк мааниси ***–лар*** мүчөсү аркылуу берилет.

Уңгунун акыркы тыбышы.

| Үндүү же ***р, й*** тыбыштары менен бүтсө | Жумшак үнсүз ***(р, й*** тыбыштарынан башка) менен бүтсө | Каткалан үнсүздөр менен бүтсө |
|---|---|---|
| !<br>-лар<br>-лер<br>-лор<br>-лөр | !<br>-дар<br>-дер<br>-дор<br>-дөр | !<br>- тар<br>- тер<br>- тор<br>- төр |

Классты үч топко бөлүп алабыз. Үч топко өз алдынча тапшырмаларды беребиз.

**1 топко: 353-көнүгүү. Текстти көчүрүп жазгыла. Көптүк сандагы зат атоочту таап, уңгу мүчөгө ажыраткыла.**

Бардык жерлерде элдер эмгектенип жашайт.

*Эмгексиз жашоо жок. Бир жерде жашылча-жемиштерди өстүрүшөт. Кай бири эгин айдашат. Ал эми шаарларда завод-фабрикалар , ишканалар, базарлар бар. Адамдар ар кандай кесипте эмгектенишет.*

**2 топко: 354 көнүгүү. Текстти окуп, көптүк сандагы зат атоочторду тапкыла. Алар кайсы мүчөнүн жардамы менен уюшулганын жана кандай вариантта өзгөрөрүн айтып бергиле.**

*Кара чыйырчыктар алыс жактардан учуп келишти. Тоолордун, талаалардын, деңиздердин үстүнөн учуп өтүп абдан чарчашат. Аларга чек ара жок, кайда болсо кете беришет. Бирок кара чыйырчыктар туулуп-өскөн жерлерин унутушпайт.*

**3 топко: 355- көнүгүү. *–лар* мүчөсү кандай учурда *–дар, -тар* формаларына өтөрүн түшүндүрүп, мисалдар келтиргиле.**

Топтор берилген тапшырмаларды өз алдынча аткарышат. Берилген тапшырмалар боюнча жооп беришет. Андан соң топторго карточкалар таратылат. Карточкаларда өз алдынча иштөөгө тапшырмалар болот.

**1 топко:** берилген сөздөрдөн -лар мүчөсү кошулбай айтылган сөздөрдү тапкыла.

**М.:** *бир киши, тоо, трактор, көл, кош терек, бир канча адам, короо-короо кой, көп караан, билим, асман, жылдыз, ай* ж.б.

**2 топко**: Көптүк мүчөсүз турган зат атоочторду жекелик сан же көптүк сан деп морфологиялык планда кароого болобу? (болбойт).

**М.:** *Биздин үйгө көп киши келди. Андан бери көп күн өттү.*

**3 топко**: Көптүк сан 12 вариантта өзгөрөт. Ага дагы *-ңар,-ңер, -ңор, ңөр* мүчөлөрүн кошуп 16 вариантта өзгөртүп койсок болобу?
Эмне себептен болбойт?

**М.**: *атаңдар, атаңар, энеңдер, энеңер, жеңеңдер, жеңеңер.*

Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратабыз. *–дар* мүчөсү көптүктү уюштура алабы?

**Үйгө тапшырма берүү. 356-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү көптүк санда өзгөрткүлө.**

Көптүк сандын -*лар* мүчөсү кандай вариантта өзгөрдү? Эмне үчүн?

*Окуучу, мугалим, мектеп, көл, тоо, эл, стол, көчө, машина, дос, тууган, эже, терек, доска, бор, мелдеш, концерт.*

Окуучулардын билимин баалоо, күндөлүктөрүнө баа коюу. Топтор боюнча берилген тапшырмалардын жыйынтыгын чыгаруу. Окуучулардын суроолоруна жооп берүү

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Муканбет кызы Мадина**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы – Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жана алардын түзүлүшү (8-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучуларга жалаң жана жайылма сүйлөм боюнча жалпы түшүнүк берүү.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулардын кабыл алуусун, эске тутуусун жана реакциясынын тездигин өнүктүрүү.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Окуучуларды туура сүйлөөгө, бири-биринин оюн угуп, аларды сыйлоого тарбиялоо.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:**

а) жалаң жана жайылма сүйлөм боюнча жалпы түшүнүк алса;

б) жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү өздөштүрө билсе;

в) бири-биринин оюн угуп, туура сүйлөөгө тарбияланышса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк түшүндүрүүчүлүк, интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы:** Лозунгдар, схемалар, дидактикалык карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу**

**2.Өткөн теманы кайталоо.**

Саламатсыңарбы, балдар? Бүгүнкү сабакка болгон маанайыңар кандай?

Кана эмесе, сабагыбызды баштайлы. Өткөн теманы «Акыл чабуулу» методунун жардамы менен кайталайбыз.

1. Жөнөкөй сүйлөм деп эмнени айтабыз?
2. Жөнөкөй сүйлөмгө мисал келтиргиле.
3. Кандай сүйлөм татаал боло алат.

**Окуучулар:**

- Бир гана сүйлөмдөн түзүлсө, анда ал жөнөкөй сүйлөм болот. **М.:** *Мен сабакка келдим.*

Эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөн турса, анда алар татаал сөйлөм болот.

**Мугалим:**

Азаматсынар, балдар!
Анда келгиле, бүгүн күнгө кайсы күн?
Баарыбыз доскага көңүл болобуз!
Жаны теманы түшүндүрөрдөн мурун үч топко бөлүнүп алалы.

**1-топ**: «Айкөл» тобу.
**2-топ:** «Мурас»тобу.
**3-топ:** «Манас тобу.

**Мугалим:**

- Балдар, бүгүнкү биздин сабагыбыздын темасы - «Жалан жана жайылма сүйлөм».

Жөнөкөй сүйлөмдөр тутумунда айкындооч мүчөлөрдүн бар экендигине же жок экендигине карай жалаң жана жайылма сүйлөм болуп экиге бөлүнөт. Баш мүчөлөрдөн гана, башкача айтканда, ээ менен баяндоочтон гана түзүлгөн сүйлөмдөр жалаң сүйлөм деп аталат. **М.:** *Момун таарынбайт* (Ч.А). *Ажар чочуп кетти*. *Журогу туйлай баштады* (К.Б). Бул жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ээси – *Ажар, жүрөгү* деген сөздөр, ал эми баяндоочтору *чочуп кетти, туйлай баштады*. Демек, мындай сүйлөмдөрдө айкындооч мүчөлөрү катышпайт, жалаң баш мүчөлөрдөн гана жасалгандыктан, **жалаң сүйлөм** деп аталат.

Баш мүчөлөр менен айкындооч мүчөлөрдүн катышынан түзүлгөн сүйлөмдөр **жайылма сүйлөм** деп аталат. **М.:** *Абыш терин жең учу менен шыпырды. Төө суусуз эки ай жүрө алат*. Бул сүйлөмдөгү ***Абыш, төө*** деген сөздөр сүйлөмдүн ээси, ал эми ***шыпырды, жүрө алат*** деген сөздөр сүйлөмдүн баяндоочтору болуп саналат.

Демек, бул сүйлөмдөрдө баш мүчөлөрдөн тышкары толуктооч жана бышыктоочтор катышты. Ошондуктан мындай сүйлөмдөрдү, тагыраак айтканда, ээ жана баяндоочтон тышкары айкындооч мүчөлөрдүн бирөө эле

катышса, **жайылма сүйлөмдөр** деп атайбыз.

- Түшүндүңөрбү, балдар? Эми силер менен окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштейбиз.**118-көнүгүүнү** окуп, **1-топтогу** окуучулар жалаң сүйлөмдөрдү, **2-топ** жайылма сүйлөмдөрдү аныктагыла жана алардын эмне үчүн жайылма же жалаң экендигин түшүндүргүлө. **3-топтогу** окуучулар болсо, **119-көнүгүүдө** берилген жалаң сүйлөмдөрдү жайылма сүйлөмдөргө айландыргыла. Бул тапшырманы аткаруу учун 5 минут убакыт берилет.

Тапшырма аткарылып жаткан убакта мугалим доскага «тамгаларга саякат» таблицасын илет. Көнүгүү боюнча жооптор алынат. Кемчиликтери толукталат. Окуучулар оюнга көңүл бөлүшөт, берилген номерлер боюнча алфавитте кайсы тамга жазылганын таап, тамгалардан куралган сүйлөмдөрдүн жалаң жана жайылма экендигин аныкташат.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. А | 2. Б | 3. В | 4. Г | 5. Д | 6. Е | 7. Е | 8. Ж | 9. З |
| 10. И | 11. Й | 12. К | 13. Л | 14. М | 15. Н | 16. Н | 17. О | 18. о |
| 19. П | 20. Р | 21. С | 22.Т | 23.У | 24.У | 25. Ф | 26. х | 27. ц |
| 28. ч | 29. ш | 30. ү | 31. ь | 32. ң | 33. э | 34. ю | 35. я | 36. ы |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 21 | 1 | 2 | 1 | 12 | 2 | 1 | 30 | 22 |
| 1 | 13 | 5 | 36 | 22 | 18 | 18 | 21 | 23 |
| 23 | 21 | 23 | 9 | 33 | 12 | 10 | 1 | 11 |
| 8 | 24 | 20 | 18 | 1 | 13 | 1 | 22 | |

Окуучулар өз алдынча иштеп, катылган сүйлөмдү таап чыгышат.

**Мугалим**:

Азаматсынар, балдар! Бул жерде *Сабак башталды*. *Төө суусуз 2 ай жүрө алат* деген сүйлөмдөр катылган. Туура таптыңар.

Андан кийин мугалим ар бир топко тапшырма берет.

1) **«Айкөл» тобу:** Жалаң сүйлөм боюнча кластер түзгүлө.
2) **«Мурас» тобу:** Жайылма сүйлөм боюнча кластер түзгүлө.
3) **«Манас» тобу:** Венндин диаграммасын түзгүлө.

Убакыт бүткөн сон, окуучулар өз тапшырмаларын айтып беришет. Андан соң окуучулар сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүшөт. Сүйлөмдөгү жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү табышат.

Балдар менен 3 мин грамматикалык оюн ойнотулат. «С» тыбышы менен башталган жалаң сүйлөм катышкан жөнөкөй сүйлөм түзгүлө. Оозеки

жооптор алынат 5-6 жолу кайталанат.
**Сабакты бышыктоо:** Өтүлгөн тема боюнча суроолор аркылуу бышыкталат.
**Үйгө тапшырма берүү**
**Окуучулардын билимин баалоо:** топторду жана анын мүчөлөрүн баалоо менен ишке ашат.
**Сабакты жыйынтыкто**

**Мүсүрбаева Элнура**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Орун багыныңкы сүйлөм

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча, тактап айтканда, орун багыныңкы сүйлөм боюнча түшүнүк алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучуларды алган билимин эркин айта билүүгө, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүүгө көнүктүрүү.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топто иштөөдө бири-бирин сыйлоого, өз ара түшүнүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиялык эрежелери боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…**

а) багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү, орун багыныңкы сүйлөм боюнча түшүнүк алышса;

б) алган билимин эркин айта билип, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу бере алышса;

в) топто иштөөдө бири-бирин сыйлап, өз ара түшүнсө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Проблемалык жана интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, методикалык колдонмолор, схема, таблица ж.б.

**Сабактын формасы:** класстык сабак.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу.**

**2. Өтүлгөн теманы кайталоодо** класс эки топко бөлүнөт.

**I топ үчүн:**

1. Багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?
2. Баш жана мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдүн ордун аныктагыла. Тыныш белгисин койгула. Үтүр кайсы жерге коюлду?

*Мен чоң үйгө келгенде кубанып кеттим. Чогулган эл Сабырлар келгенден кийин жемиш үзүүнү башташты.*

**II топ үчүн:**

1. Мезгил багыныңкы сүйлөм деген эмне? Ага бир нече мисал келтиргиле.
2. Баш жана мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдүн ордун аныктагыла. Тыныш белгисин койгула. Үтүр кайсы жерге коюлду?

*Күркүрөп мотор айланды тетигин Сырга басканда. Сапарчылар мейкинге чыкканда майдалап кар жаады.*

Ар бир топ өз алдынча иштеп жатаканда, мугалим доскага таблицаны илет:

| № | Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1 | ***Мезгил*** | *Сапарчылар мейкинге чыкканда, майдалап кар жаады.* |
| 2 | ***Орун*** | *Билим кайда болсо, өнөр да ошол жерде болот.* |
| 3 | ***Шарттуу*** | *Асмандан жамгыр төгүлсө, чөптүн гүлү ачылат.* |
| 4 | ***Карама-каршы*** | *Ал канчалык аракет кылса да, минген аты баспай койду.* |
| 5 | ***Сыпат*** | *Кош кубаныч жүрөгүм толкутуп, Кычан түндүн далайына чейин уктабады.* |
| 6 | ***Салыштырма*** | *Тоого адам алысты көргөндөй, окуган адам дүйнөнү тең тааныйт.* |
| 7 | ***Себеп*** | *Жол тайгак болгондуктан, Бектемир жай гана бастырып келе жатты.* |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | ***Максат*** | *Курман тоого барып келгени үчүн, энеси кам көрө баштады.* |
| 9 | ***Сан-өлчөм*** | *Адам канчалык көп окуса, ал ошончолук көптү билет.* |

Ар бир топтон чыгып, өз тапшырмаларын презентациялап беришет. Кемчиликтер болсо, калгандары толуктап, түшүндүрүшөт.

Андан кийин мугалим жалпы окуучулар менен доскадагы таблицага көңүл бөлүшүп, андагы орун багыныңкы сүйлөм боюнча жаңы теманы түшүндүрөт.

**3. Мугалимдин сөзү:**

Орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун ордун билдирет. Кайда? каерде? кайдан? кайсы жакта? деген суроолорго жооп берет.

**Мисалы :**

*Токтогул ырчы кайсы жерде болсо, ыр менен күлкү ошол жерде болот. Каерде ыр менен күлкү болот? – Токтогул ырчы кайсы жерде болсо* - орун багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын –са мүчөсү менен аяктап, ага *кайда, каерде, кайдан, кайдан, кайсы жерде*; баш сүйлөмгө *ошол жерде, ошерде, ошол жерден* деген сөздөр кошулуп айтылат: *Тартип **кайда** болсо, жеңиш **ошол жерде** болот.*

Окуу китебиндеги көнүгүүлөр иштелет.

1. **215-көнүгүү.** Текстти окугула. Орун багыныңкы сүйлөмдү тапкыла. Ал кандай суроолорго жооп берди? Баш сүйлөм менен кандайча байланышты? Текстте багыныңкы сүйлөмдүн башка түрү барбы?

*Аскер кишиси тизме окуганда, Чаргындын аты аталбай калды.*

- *Ой Жолдош! Мен эмне үчүн жокмун? – деди Чаргын.*

*Аскер кишиси токтоо гана жылмайды:*

- *Айылыңа кете бер.*

- *Кетпеймин! – деди, Чаргын ызаланып.* - *Жолдошторум Элебес, Шамбеттер **кайда** баратса, мен да **ошол жакка** барамын. Жолдошторумдан бөлүнүп кала албаймын.*

*Жылдыз толгон кез. Күндүзгү уу-дуу жок. Пристанга келген эл **каяктан** келишсе, баары **ошол жакка** кетип баратышат.*

Сабактын кийинки бөлүгүндө класс топторго бөлүнүп, төмөнкүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат:

2. **I топ үчүн:**

1. Жөнөкөй сүйлөмдүн биринчисине кайда? каерде? кайдан? каерде?

кайдан? Экинчисине ошол жерде, ошерде, ошол жерге, ошол жерден деген сөздөрү кошуп жазып, орун багыныңкылуу татаал сүйлөм түзгүлө.

- *Токтогул ырдап жатат. Ыр менен күлкү болот.*
- *Мен айылдан келдим. Сен да айылга барасың.*

  **Мисалы:** *Нурланбек кайда иштесе, Таалай да ошол жерде врач болуп иштейт.*

2. Орун багыныңкы сүйлөмгө карата баш сүйлөмдү ойлоп таап, татаал сүйлөм түзгүлө. Тыныш белгисин койгула.
   - *Адистер кайдан келишсе ...*
   - *Кайсы жерде кыйын иш болсо ...*
   - *Менин балдарым кайсы жерде иштешсе…*

**II топ үчүн.**

1. *Булут жылды. Көлөкө да жылды.*
2. *Мергенчилер барат. Тилек экөөбүз да барабыз.*
3. *Билим кайда болсо ...*
4. *Биз каякка барсак ...*
5. *Мен кайдан болсо эле ...*

   Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги 219-көнүгүү аткарылат.

**219- көнүгүү**. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө:


а) грамматикалык түзүлүшү боюнча;

б) жөнөкөй сүйлөмдүн түрү боюнча;

в) татаал сүйлөмдүн түрү боюнча.

*Байыркы кыргыз тилинде «Манас» сүйлөгөн, Семетей менен Айчүрөк сыр чечишкен. Бул тилде кыргыздардын жомоктору, эпостору жаралган. Токтогул менен Тоголок Молдонун насыят ырлары ырдалган. Эл кайда болсо, биз да ошол жакта болобуз. Мен күүдөн, күчтөн тайган кезде, ал менин жакшылыгымды унутпас. Токтогул кезекти шакиртине бергенде, Атай анын катар күүлөрүн аткарды.*

4. Синтаксистик талдоо жүргүзүп бүткөндөн кийин, Венндин диаграммасын түзүү тапшырмасы берилет (доскага ватман илинет).



Венндин диаграммасын түзүп бүткөндөн кийин китептеги 220-көнүгүү аткарылат

**220-көнүгүү**. Көрсөтүлгөн тартип боюнча орун багыныңкы татаал сүйлөм түзгүлө, анын түзүлүшү жөнүндөгү айтып бергиле.

1. … кайда …са+ ошол жерде …
2. … кайдан ...са + … ошол жерде...
3. …каякта …са + …ошол жакта…
4. … каякта …са+ …ошол жерде…

**Үлгү:** Тартип кайда болсо, ошол жерде ийгилик болот.

Көнүгүүнү аткаргандан кийин, мугалим таблицаны илет.

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Х | к | ш | ү | ө | к | а | й | д | а | н | о | ш |
| к | а | й | д | а | о | а | п | р | с | т | к | е |
| а | я | с | р | б | п | м | е | л | к | ч | а | р |
| я | к | т | а | к | к | а | е | р | д | е | б | д |
| к | б | о | ш | о | л | ж | е | р | д | е | н | е |
| к | а | о | ш | о | л | ж | е | р | д | е | | |

Окуучулар таблицада катылган сөздөрдү ордунан табышат. Кайсы топ көп сөз тапса, ошол топ жеңүүчү болуп табылат. Табылган сөздөрдү катыштырып, орун багыныңкы сүйлөм түзүшөт.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоодо мугалим кайтарым-байланыш методунун негизинде класска «Биз бүгүн эмнени үйрөндүк», - деген суроону берип, окуучулар үйрөнгөндөрүн айтып беришет.

**Үйгө тапшырма берүү** (223- көнүгүү ).

**Окуучулардын билимин жана топторду баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Бир тутумдуу сүйлөмдү кайталоо (8-класс)

**Сабактын максаты:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Бир тутумдуу сүйлөм боюнча (жактуу, жаксыз, атама) түшүнүктөрүн тереңдетишет. Алардын түзүлүштөрүн жана грамматикалык белгилерин үйрөнүшөт;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн бири-биринен болгон өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт жана аларга толук синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлап, өз ара түшүнүүгө багыт алышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...**

а) бир тутумдуу сүйлөм жана алардын түзүлүштөрү боюнча (жактуу, жаксыз, атама) түшүнүктөрүн тереңдете алса, грамматикалык белгилерин үйрөнсө;

б) бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн бири-биринен болгон өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшсө жана аларга толук синтаксистик талдоо жүргүзө алса;

в) топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлап өз ара түшүнүүгө багыт алышса.

**Сабактын тиби:** Алган билимди бекемдөө, кайталоо сабагы

**Сабактын методу**: проблемалуу жана интерактивдүү методдордун айрым стратегиялары

**Сабактын формасы**: Сабак-конференция

**Сабактын жабдылышы**: дидактикалык карточкалар, схемалар, мультимедиялык жабдуулар, слайд.

**Сабактын журушу**:

**1. Уюштуруу**

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо**

**Мугалим:**

- Саламатсыңарбы, балдар? Кутман күнүңөр менен! Бүгүнкү сабакка болгон маанайыбыз жакшыбы? Сабакты адаттан башка түрдө өтөбүз. Ал

үчүн азыр силер бир тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрүн бөлүп алып,

1. Белгилүү
2. Белгисиз — сүйлөм боюнча презентациялап бересиңер.
3. Атама

Бул тапшырманы класстер түрүндө түшүндүрөсүңөр. Ар бир топтон лидер чыгып, презантациялап бергенден кийин, мугалим алардын кемчилигин толуктоо максатында слайддардын жардамы менен белгилүү, белгисиз, атама сүйлөмдөр жөнүндө маалымат айтылат.

**№ 1 слайд**

Ээси катышпай, баяндоочтун тобунан түзүлгөн, белгилүү жактуу, бирок ээнин кайсы сөз экендигин аягындагы жак мүчөлөрдөн белгилүү болгон бир тутумдуу сүйлөм.

1. Сүйлөмдөрдүн баяндооч мүчөлөрдүн тобун уюштурат.
2. Сүйлөмдүн тизмегиндеги грамматикалык ээ катышпайт.
3. Ээнин кайсы сөз экендигин аягындагы жак мүчө аркылуу белгилүү болот.
4. Бирок ээни катыштырбай айтуунун зарылдыгы жок (стилдик жактан курулушу жагынан өзгөрүүгө учурайт).

**№2 слайд**

5. Баяндоочтун төмөнкүдөй түзүлүштөрү бар:

--- II жактын жекелик түрүндөгү -сың мүчөсү уланган этиштер болот.

**М.:***Аргымакты жаман деп,*
*Бууданды кайдан табасың.*
*Агайыңды жаман деп*
*Тууганды кайдан табасың.*

--- Баяндоочтун милдетин I жактын көптүк түрүнүн -быз, -к мүчөлөрү уланган этиштер аткарат.

**М.:***Барабыз деген соң барабыз.*
*Кана эмесе, кеттик.*

--- Баяндоочтун милдети I жактын жекелик түрүнүн -мын мүчөсү уланган этиштер болот.

**М.:***Кырга кылыч көмдүм,*
*Кылычымды түндө көрдүм.*

--- Баяндооч буйрук этиштен, буйрук ыңгай этиштен болот.
**М.:***Кара жерге кар жааса,*
*Карды көрүп, этин көр.*
*Кар бетине кан тамса,*
*Канды көр да, бетин көр.*

**№3 слайд**

Белгилүү жактуу — Грамматикалык ээси катышпаган, баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин аткаруучусу жок белгисиз болгон сүйлөм.

1. Дайыма белгисиз кимдир-бирөө тарабынан аткарган кыймыл-аракет жөнүндө кабар берилет.
2. Ал кыймыл-аракет ким тарабынан аткарылган мааниси берилбейт.
3. Ошондуктан грамматикалык ээ ачык көрсөтүлбөйт.
4. Мында болгон же болуучу кыймыл-аракет жөнүндө кабар берилет.

**М.:** *Бүгүнкү чогулушта эмгектин алдынкыларына баалуу белектер тапшырылат.*

**№4 слайд**

Баяндооч төмөнкүдөй формада болсо:

- III жактын жекелик же көптүк сандагы учур, келер чак формасындагы этиштер болот.

**М.:** *Бедени бизде үч жолу чаап алышат.*

- Баяндоочтун милдетин капыскы өткөн чактын -<u>ыптыр</u> мүчөсү жалганган III жактагы жекелик сандагы этиштер аткарышат.

**М.:** *Минип жүрүп атын издептир.*
*Араба менен тоого жетиптир.*

- Адат өткөн чактын -<u>чу</u> мүчөсү уланган III жактын жекелик,көптүк сандагы этиштер аткарышат.

М.: *Башка урууудан жылкы тийип келип турган балбанды баатыр деп аташчу.*

- III жактын көптүк сандагы терс формадагы татаал учур чак этиштерге суроо уландысы -<u>бы</u> жалганып айтылат.

**М.:***Күн сайын радиодон берип жатышпайбы.*
*Ал жөнүндө ачык эле айтып жүрүшпөйбү.*

**№5 слайд**

Атама сүйлөм — Көз алдыга көрүнгөн нерсени, табияттагы көрүнүштү, мезгилди атап көрсөткөн сүйлөм.

1. Структуралык негизин түзгөн, баш мүчө көбүнчө атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон, же зат атоочтун сөз айкашы болот.
2. Бир сөз же сөз айкашы турса да, сүйлөмдүн негизги белгилери болгон предикативдүүлүк категориясына жана кабарлоочу интонацияга ээ.
3. Башкача айтканда, жеке сөздөн же сөз айкашы тууралуу атама сүйлөм дайыма баяндоочу интонация менен айтылат.
4. Башкача айтканда, чындыгында болуп жаткан көрүнүш, окуя тууралуу кабар берет.
5. Атама сүйлөм өзүнүн кийинки сүйлөм менен бирге алганда, анын мазмуну учур чакка туура келери байкалат.

**М.:** *Түн. Айлана караңгы.*

**№6 слайд**

*Грамматикалык белгилери*:

- Бир тутумдуу сүйлөмдүн баш мүчөсү көбүнчө этиш болсо, атама сүйлөм көбүнчө зат атоочтон, же зат атоочтук сөз айкаш болот.
- Атама сүйлөм көбүнчө кабар берүүчү интонация менен айтылат.

**М.:** *Даңктуу май айы! Музыканын шаңдуу үнү угулат.*

* Бир тутумдуу сүйлөмдүн баяндагыч базасында уюшулса, атама сүйлөм уюшулат. Сөз же сөз айкашын ээ же баяндооч деп кароого болбойт. Ал жалпы жонунан баш мүчө деп аталат.

* Атама сүйлөм кыска келип, ыкчам айтылат.

* Көбүнчө алды менен атама сүйлөм айтылат. Андан кийин келген сүйлөмдөр атама сүйлөмдүн мазмунун чечмелеп толуктайт.

**Атама сүйлөмдүн уюшулушу**:

1. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочтор.

**М.:** *Күүгүм. Тоо башында булуттар көчүп, ызгардуу шамал болуп турат.*

* Бардык эле зат атоочтор атама сүйлөм боло бербейт. Көбүнчө мезгилдик маанисиндеги сөздөр, орундук маанидеги сөздөр болот.

2. Көпчүлүк учурда атама сүйлөм жайылма түзүлүштө болгондуктан, анын семантикасы конкреттешип, бир кыймылды кеңейтет.

**№7 слайд**

- Атама сүйлөмдүн аныктоочу:

**М.:** *Жылдыздуу түн. Короодогу гулдөгөн сирень буркурайт.*

- Тактоочтор:

**М.:** *Азыр көктөм учуру. Бардыгы талаа жумуштарына кеткен.*

3. Атоочтук сөз айкашынан атама сүйлөм уюшулат.

**М.:** *Капчыгайдын оозу. Аска беттеринде арчалардын бутактары көрүнөт.*

4. Атама сүйлөмдүн негизин түзгөн зат атоочту атоочтук этиштер да аныктайт.

**М.:** *Таза аба. Жайылган мал. Айлана бүт жашылга бөлөнгөн.*

5. Фразеологизимдер да уюштурат.

**М.:** *Көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн. Үчөө шашыла үйгө бет алышты.*

6. Атоочтук, чакчыл, кыймыл-атоочтук түрмөктөр да байланышып айтылып, уюшулат.

**М.:** *Мал кызуу төлдөп жаткан кез.*

**№8 слайд**

Кандай мааниде колдонулат:

а) Мезгилдик мааниде:

**М.:***Май айы.Салкын аба жемиш бактарынын гүлдүү бутактарын дирилдетет.*

б) орундук маани:

**М.:** *Клиника. Масадыктын кабиненти. Сыртта кезек күткөндөр арбын.*

в) Зат, окуя, кубулушту атоо:

**М.:** *Кол чабуулар. Кайрадан Айдараалынын көйрөн күүсү аткарылды.*

г) Эмоционалдык маанидеги атама сүйлөм.

**М.:** *Жамийланын ошондогу сулуулугу ай. Ичтен ой-санаа сызып, муңайым жүзү анын канчалык таза экенин билдирип турат.*

Сабактын кийинки бөлүгүндө ар бир топко дидактикалык карточка таратылат, андагы берилген сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзөт.

**I топ** үчүн белгилүү жактуу сүйлөм берилет.

**М.:** *Келечекте кыргыз тилинин өнүгүшүнө салым кошот.*

Берилген сүйлөмдүн белгилүү жактуу экенин далилдегиле.

**II топ** үчүн белгисиз жактуу сүйлөм берилет.

**М.:** *Адамдын бактысы үчүн жаралса керек*.

Берилген сүйлөм белгисиз сүйлөм экенин далилдеп бергиле.

**III топ** үчүн атама сүйлөм берилет.
**М.:** 1917-жылы. *Жер томсоруп гана турат*.
Берилген сүйлөм атама сүйлөм экенин далилдеп бергиле.
Топтор иштеп жатканда мугалим кийинки тексттерди даярдайт.

Белгилүү жактуу сүйлөм

| |
|---|
| *Мен кыргыздын кулунумун.* |

Белгисиз жактуу сүйлөм

| |
|---|
| *Тил - жүрөктүн ачкычы.* |

Атама сүйлөм

| |
|---|
| *Март. Көпкөк асман.* |

Окуучулар тапшырмаларын айтып беришет.

**Мугалим:**

Азыр баарыбыз доскага карайбыз, өзүнөр жактап жаткан темаларына ылайык баштапкы эки сүйлөмүн жаздым, ошол маанини сактап, 6 сүйлөм түзүп текстти уланткыла.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоодо мугалим «кайтарым-

байланыш» методунун негизинде класска «Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?» - деген суроону берип, окуучулар үйрөнгөнүн айтып беришет.

**Үйгө тапшырма берүү.**
**Окуучулардын билимин баалоо**
**Сабакты жыйынтыктоо**

**Нурбек кызы Мээрим**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөм (9-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багынынкы сүйлөмдүн түрлөрүнүн ичинен шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр боюнча билим алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча сүйлөм түзүп, синтаксистик жана морфологиялык талдоо жүргүзүү менен билимдерин өнүктүрүшөт.

в) **тарбиялык максаты:**

Окуучулар топ менен иштөөдө бири-биринин оюн сыйлап, адабий тилдин нормасына ылайык туура, сабаттуу жазууга тарбияланышат.

**Сабактын максатына жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) окуучулар багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүнүн ичинен шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр боюнча маалымат ала алышса;

б) окуучулар багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча сүйлөм түзүп, синтаксистик жана морфологиялык талдоо жүргүзө алышса;

в) окуучулар топ менен иштөөдө бири-биринин оюн сыйлап, адабий тилдин нормасына ылайык туура, сабаттуу жазууга тарбияланышса.

**Сабактын методу:** интерактивдүү метод.

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүү сабагы.

**Сабактын жабдылышы**: доска, бор, 9-класстын окуу китеби, ватман, карточкалар, скотч, стикер ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

1. **Уюштуруу.** Саламдашуу, класстын тазалыгына көңүл буруу, балдарды жоктоо.
2. **Хй тапшырмасын текшерүү:**

   Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү: мезгил жана орун багыныңкы сүйлөм.

   Классты эки топко болуп, аларга карточкаларды таратуу.

**1-топ үчүн:**

1. Мезгил багыныңкы сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз?
2. Кандай суроолорго жооп берет?
3. Мисал келтиргиле.

**2-топ учун:**

1. Орун багыныңкы сүйлөм деген эмне?
2. Кандай суроолорго жооп берет?
3. Мисал келтиргиле.

Окуучулардан жоопторун угуп бүткөн сон, мугалим жаңы теманы түшүндүрөт.

**Жаны теманы түшүндүрүү:** Шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

**Мугалимдин иш-аракети:**

Шарттуу багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун шартын билдирет: эмне болот? кандай болгондо? эмне болбой? деген суроолорго жооп берет. Мисалы**:** ***Сүрөт элге жакса****, мен өзүмдү бактылуу деп эсептеймин.* **Эмне болсо** мен өзүмдү бактылуу деп эсептеймин? – ***Сүрөт элге жакса*** - шарттуу багыныңкы сүйлөм.

Багыныкы сүйлөмдүн баяндоочу этиштин төмөнкүдөй мүчөлөрү аркылуу түзүлөт:

1. **Шарттуу ынгайдын -<u>са</u> мүчөсү:** ***Дыйканчылык көп болсо****, жердин гүлү ачылат.*
2. **– <u>бай</u> (-<u>ба</u>+<u>й</u>)** мүчөсү: ***Ынтымак болбой****, иш болбойт.*

Ал эми карама-каршы багынынкы сүйлөм баш жана багыныңкы сүйлөмдөр бири-бирине каршы мааниде колдонулат. Эмне болсо да? Эмне болгону менен? Эмне болгону болбосо? Кантсе да? деген суроолорго жооп берет. **Мисалы:*****Эл уйкуга кирсе да****, электр шамы жаркырап куйуп турат.* – Эмне болсо да электр шамы куйуп турат? – *Эл уйкуга кирсе да* - карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

Багыныкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөнкүдөй мүчөлөр менен аяктайт:

1. Шарттуу ыңгайдын **-са** мүчөсү, кээде ага да, дагы, далее байланыштары кошулуп айтылат: ***Күн төбөдон эчак оосо да,*** *анын ысыгы али кайта элек.*
2. **–<u>ган</u>** түрүндөгү атоочтук мүчөгө **менен** деген жандооч кошулуп айтылат: *Мен көзүмдү жумган **менен**, өткөн күндөр көз алдымда тартылып турду.*
3. **-ба+сын** мүчөсү: *Кандай кыйынчылык алдыга келбесин, биз аны жеңип чыгабыз.*

**Сабакты бышыктоо:**

Класска эки топко бөлүнгөн бойдон, аларга жарыштыруу максатында тапшырмалар берилет.

**Карточкада камтылган тапшырмалар**. Төмөндөгү сүйлөмдөргө тыныш белгилерин коюп, алардын коюлуш максаттарын түшүндүрүү менен багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүн табуу.

**1-топ үчүн:**

1. *Жашыныз жаш көрүнсө да сөзүңүз көптү көргөн кишиникиндей.*
2. *Биз илгерки кишилерден болсок да күн санап өсүп бара жаткан жаштарданбыз*
3. *Капсалаң болбой жут болбойт кара өзгөй болбой эл болбойт*
4. *Тоскоолдук болбой улуу иштер жаралбайт*
5. *Мээнетиң катуу болсо тапканың таттуу болот*

**2-топ үчүн:**

1. Шагылы болбой зоо болбойт шайыры болбой эл болбойт
2. Асмандан балкып күн тийсе шооласы жерге төгүлөт
3. Мен бой тартып калган кезде атамдын малы жок болсо да кадырлап салам айтуучулар көбөйө баштады
4. Мүнөзү катуу болсо да ал адилеттүү адам эле
5. Канча жаным кыйналса кардыгып калбайт добушум

Доскага ар бир топтон эки-үчтөн окуучу чыгып, тапшырмаларын жазышат. Кийинки тапшырма ар бир топтун лидерлерин доскага чыгарып, шарттуу белгилер боюнча шарттуу жана карама-каршы багынынкы сүйлөмдөрдү катыштырып, сүйлөм түзүшөт.

***( )- багыныңкы сүйлөм.***

***[ ] - баш сүйлөм***

**( ), [ ] .** **( ) да, [ ].**

Лидерлер тапашырмаларын аткарган соң, доскага сүйлөм жазылат, ага синтаксистик жана морфологиялык талдоо жүргүзүлөт.

1. *Ашуу тез ачылса, бир жумадан кечикпей дыйкандар кош чыгарышат.*

2. *Сен билимди кайдан алсаң, мен да ошол жактан аламын.*
3. *Кумурсканын өзү кичине болсо да, кайраты тоо аңтарат.*
4. *Жемиш бөтөнчө сонун чыкканы менен, Ашымакундун тилеги ордунан чыккан жок.*

Ар бир топтон окуучулар чыгып талдашат. Кайсы топтогулар мыкты талдаса, упай ошолорго берилет.

Тапшырмалар аткарылып бүткөн сон, эки топко бирдей тест окулат. Окуучулар тезден кол көтөрүп, жооп берүүлөрү шарт.

**Тест**

1. Шарттуу багыныңкы сүйлөм…

а) – **са** формасы аркылуу уюшулат;
б) сүйлөмдүн ээсинин шартын билдирет;
в) сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгай аркылуу уюшулат;
г) баш сүйлөмдөгү ойдун ар кандай шартын билдирет.

2. ***Ынтымак болбой, иш болбойт.*** Бул кайсы багыныңкы сүйлөмдүн түрү?

а) орун багыныңкы сүйлөм;
б) мезгил багыныңкы сүйлөм;
в) шарттуу багыныңкы сүйлөм;
г) себеп багыныңкы сүйлөм;

3. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм …

А) татаал сүйлөмгө;
Б) оң маанидеги сүйлөмгө;
в) баш сүйлөмдө айтылган ойго;
Г) баш сүйлөмдүн структурасына.

4. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм:

а) *Талант үйгө келсе, үйдүн ичи караңгы.*
б) *Адам зарын адам гана укпаса, башка эч ким укпайт.*
в) *Асмандан балкып күн тийсе, астындагы кар эрий*т.
г) *Дыйканчылык көп болсо, жердин гүлү ачылат*.

5. *Жакшы менен жанашсаң, жетесин мураска*. Сүйлөмдүн мааниси боюнча мүнөзү:

а) татаал;
б) себеп багыныңкы;
в) шарттуу багыныңкы;
г) орун багыныңкы сүйлөм.

6. ***Миң кишинин атын билгиче, бир кишинин сырын бил.*** Багыныңкы сүйлөмдүн түрү:
а) карама-каршы;
б) мезгил;
в) максат;
г) шарттуу.

**Үйгө тапшырма берүү:**

238-көнүгүү. Калтырылып кеткен тыныш белгини өз ордуна коюп, анын эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Сүйлөмгө грамматикалык түзүлүшү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

**Окуучулардын билимин баалоо:** Топтордун лидерлери өз тобунан балдарын баалайт жана активдүлүгүнө жараша мугалим тарабынан да бааланат.

**Сабакты жыйынтыктоо:** кайтарым байланыш методунун негизинде «Бүгүнкү сабакта эмнени үйрөнө алдыңар?» - деген суроо берилип, билгендери тууралуу жооп беришет.

**Нурбек кызы Мээрим**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Кептин түрлөрү. Баяндоо.

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар кептин түрлөрү боюнча ( баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү ) маалымат ала алышат.

**б ) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Кептин түрлөрүн турмушта колдоно билүүгө үйрөнүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдо, бири-биринин оюн өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) кептин түрлөрү боюнча ( баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) маалымат ала алса;
б) кептин түрлөрүн турмушта колдоно билсе;
в) топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** Жаны билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.
**Сабактын жабдылышы:** Таблица, дидактикалык карточкалар, ватман, маркер, скотч, стикер ж.б.
**Сабактын журушу:**

1. **Уюштуруу.**
2. **2. Өтүлгөн теманы кайталоо. Үй тапшырмасын текшерүү**


(Класстагы окуучулар 2 топко бөлүнөт, ар бир топко төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет):


1. Текст деген эмне?
2. Тексте кандай план түзүлөт (жөнөкөй, татаал).

**Жаны теманы тушундуруу**

**Мугалимдин созу:**

Биз бардыгыбыз ой-пикирибизди баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү аркылуу түшүндүрөбүз. Мына ушулардын бардыгы кептин түрлөрүнө кирет. Бүгүнкү сабакта силер менен баяндоо кебин өтөбүз (таблица илинет).






Баяндоо турмушта болуп жаткан, болуп өткөн жана боло турган окуяны, жаратылыштын кубулушун, көрүнүштөрдү ирети менен кабарлоо болуп саналат. **Мисалы:**

*Ушул жерде дагы бир Башарын деген бай орус бар. Мунун Кызыл-Кыяга келип түшкөнүнө көп жыл болсо керек. Жылыга жетимиш-сексен ую тууйт. Элебестин келини Жаныман ушунун уюн саайт экен.*

*Кызыл-Кыя өрөөнүндө мындан башка да ар кайсы коктуда, сайларда бал челек салган бирин-экин орустар болгон. Деген менен, бул өрөөндо Башарындан ашып түшкөн бай жок.* (М.Э.).

Бул текст эки абзацтан тургандыгына карабастан, башынан аягына чейин бир гана баяндоо кеби аркылуу уюшулду. Демек, баяндоо чыгармаларда өтө кеңири колдонулат. Оозеки кепте жайынча интонация менен (баяндоо интонациясы аркылуу) айтылат.

Анда азыр окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштеп көрөлү:

Теманы түшүндүрүп бүткөн соң класс 2 топко бөлүнөт, топторго текст таратылат.

(Текстти окуп чыгышып, анда эмнелер жөнүндө баяндалды жана окуяны ирети менен баяндап беришет).

**1-топ учун:** «Кызык экен билип ал!»

**2-топ учун:** «Компьютер биздин досубузбу же касыбызбы?»

Топтор өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскага төмөндөгүдөй

сөздөрдү жазат: *бала, жылан, тоо, айыл, чоң ата, кун, жаан, суу*.

Балдар жогорудагы текстти баяндап, айтып беришет.

Ошондон кийин жалпы класс доскадагы сөздөргө көнүл буруп, баяндоо иретинде чакан текст түзүшөт.

Бул учурда мугалим ватманга атайын даярдалган сүрөттү *(балдар, жол, сфетофор, имараттар, машина, дүкөн)* илинет.

(Бул сүрөттөрдү бири-бирине байланыштырып, оозеки, эч даярдыксыз 2-3 окуучу доскага чыгып, баяндап айтып беришет).

Доскадагы сүрөттөрдү курап, текст тузгондон кийин жооп беришет, калгандары өз алдынча кошумчалап турушат.

Сабактын кийинки бөлүгүндө класстагы окуучулар 3 топко бөлүнүшөт. Ар бир топко жазуу иштерин жүргүзүү боюнча А-4 өлчөмүндөгү барак берилет. Топтордогу окуучулар биргелешип, теманын максаттары жана милдеттерине шайкеш келген чакан аңгеме түзүүлөру керек.

**1-топко:** «Курбулар жайлоодо»

**2-топко:** «Зоопаркта»

**3-топко:** «Көл жээгинде»

**Иштөө тартиби:**

1. Биринчи окуучу аңгемени баштоо үчүн бир сүйлөм же чакан абзац жазып, баракты жанындагы окуучуга узатат.
2. Ангеменин сюжетин аны жаза баштаганга чейин талкуулоого болбойт.
3. Ангеменин түзүлүшү, башталышы жана аягы болуш керек.

**Сабакты бышыктоо:**

«Акыл чабуул» усулун колдонуп, мугалим класска ийгиликтүү кызматташуу эрежелерин иштеп чыгууну сунуштайт. Ишти баштоо учун мугалим доскага бир нече эрежени жазат («Топто айтылган ойлорду дилгирлик менен уга жана түшүнө билүү», «Топтун пикирин сыйлоо» жана «Кайтарым байланыш» методунун негизинде «Биз бүгүн эмнени үйрөнө алдык?» деген суроону жазып, окуучулардын ойлорун угуп, оз ара талкууланат.

**Үйгө тапшырма беруу:**

Өзунун досун катыштырып, баяндоо иретинде чакан аңгеме түзүп келүү.

**Окуучулардын билимин баалоо:**

Ар бир окуучуга « Мен бүгүн кандай жооп бердим?» деген суроо менен

өздөрүнүн оюн угуп, мугалим кошумчалап айтып баалайт.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Нурбек кызы Мээрим**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Багынынкы байланыштагы кошмо сүйлөм**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багынынкы байланыштагы татаал сүйлөм жөнүндө маалымат алышат. Анын тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөм, алардын өз ара байланышуу жолдорун үйрөнүшөт.

**б) онуктукруучулук максаты:**

Окуучулар багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тен байланыштагы татаал сүйлөмдөн жана жөнөкөй сүйлөмдөн болгон айырмачылыктарын билишет. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилердин коюлушун, оозеки кептеги абалын өздөштүрүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилин сүйүүө, адабий тилдин нормасына ылайык тура сүйлөөгө, кыргыз орфографиясынын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга машыгышат. Адептүүлүктүн үлгүлөрүнө тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** Багынынкы байланыштагы татаал сүйлөм жөнүндө маалымат алса, анын тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөм, алардын өз ара байланышуу жолдорун үйрөнүшсө;

**б)** Багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдөн жана жөнөкөй сүйлөмдөн болгон айырмачылыктарын билишсе, баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилерин жана оозеки кептеги абалын өздөштүрүшсө,

**в)** Эне тилин сүйсө, адабий тилдин нормаларына ылайык туура сүйлөсө, кыргыз орфографиясынын эрежелери боюнча сабаттуу жазса, адептүүлүктүн үлгүлөрүнө тарбияланышса.

**Сабактын тиби:** Жаны билимди беруу сабагы.

**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк метод жана

интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби, окуу-методикалык колдонмолор, ватман, скотч, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо.**

1. Татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Мисал келтиргиле.
2. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар? Тең байланыштагы татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Мисал келтиргиле.
3. Тең байланыштагы татаал сүйлөм өз ичинен канчага бөлүнөт? Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай жолдор менен байланышат?

**Жаны теманы түшүндүрүү:**

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн бири айтылып жаткан ойду жыйынтыктаса, экинчиси ага көз каранды болот. Мына ушул өзгөчөлүккө ылайык багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумунда баш сүйлөм жана багыныңкы сүйлөмдөр болот.

Мисалы: *Жоо кеткен сон, кылычынды ташка чап* деген сүйлөмдөгү айтылып жаткан ой *кылычыңды ташка чап* деген бөлүгүндө жыйынтыкталды. Ошондуктан бул бөлүк **баш сүйлөм** болот. Ал эми *жоо кеткен соң* деген бөлүк баш сүйлөмгө көз каранды болуп турат. Ошондуктан бул **багыныңкы сүйлөм** болот. Баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн араларына жазууда үтүр белгиси коюлса, оозеки кепте ошол белги коюлган жерде пауза (тыным) болот. Анда, төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп көрөлү:

1. *Булут кайда жылса, көлөкө да ошол жакка жылат.*
2. *Жакшы адамды тапсан, өмүр бою кол үзбө.*

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу баш сүйлөм менен бирдей формада байланышса дагы , алар ар кандай мааниде колдонулат.

**Мисалы**:

1. *Тартип кайда болсо, жемиш ошол жерде болот.*
2. *Акындар сайрап ырдаса, элдин көөнү ачылат.*
3. *Ал жумуштан үйгө келсе, бөлмөнүн ичи капкараңгы экен.*

Жогорудагы сүйлөмдөрдө баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөм шарттуу ыңгайдын *–са* мүчөсү аркылуу байланышса дагы, берген маанилерине карай ар башка болду. Биринчисинде баш сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдун ордун, экинчисинде айтылып жаткан ойдун мезгилин билдирет.

Кээде тескерисинче, багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен ар түрдүү формада байланышса да, берген мааниси боюнча багыныңкы байланыштагы сүйлөмдүн бир эле түрү болот. **Мисалы:**

1. *Лыжачылар тумшукту айланышкандан кийин, алды жактан Чон-Төр көрүндү.*
2. *Ал сөзүн бүткөн убакта, студенттер кызуу кол чабышты.*
3. *Окуучу жооп бергенче, эшиктен атасы кирип келди.*

Жогорудагы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору ар турдүү формада болгондугуна карабай, бардыгы баш сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдун мезгилин көрсөтүп, мезгил багыныңкы сүйлөм болушту. Мына ушундай өзгөчөлүктөргө байланыштуу багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн бир нече түрлөрү келип чыгат (алардын ар бири өзөнчө саат катары өтүлөт).


Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат:
**164-көнүгүүнү** окуп, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү табуу. Баш жана багыныңкы бөлүктөрүн ажыратуу (оозеки).
**166-конугууну** көчүрүп жазып, татаал сйлөмдун бөлүктөрүн үтүр менен ажыратуу. Баш жана багыныңкы бөлүктү аныктап, кайсы бөлүктө ойдун жыйынтыкталгандыгын аныктоо.

***Батийна үйдон чыкса, мамыда эки жылкы байланып туруптур… Жайыт от болгондуктан, Орто-Сай айылынан малы жакшы эттенди. Ынтымак бар жерде ырыс да бар. Шагылы болбой зоо болбойт, шайыры болбой эл болбойт. Ишиң калганча, ашың калсын.***

**167-көнүгүүнү** окуп, кайсынысы тең байланыштагы жана кайсынысы багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм экендигин аныктоо (оозеки).

Андан кийин окуучулар менен төмөнкүдөй өз алдынча тапшырмалар аткарылат. Мында классты топторго бөлүп алса да болот.

**1-топ:** Тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө кластер тузуу.




**2-топ:** Баш сүйлөмдөгү айтылган ойго карата багыныңкы сүйлөмдү таап, толуктагыла.

1.

2 . *Мен барамын*

*Ал келгенде,*
*Ал келгенден кийин,*
*Ал келгенге чейин,*
*Ал келгенге дейре,*
*Ал келгенден сон,*
*Ал келген учурда,*
*Ал келген мезгилде,* *мен барамын.*
*Ал келген убакта,*
*Ал келген кезде,*
*Ал келсе,*
*Ал келгенче,*
*Ал келгиче,*
*Ал келери менен,*

*Ал келер замат,*

**3-топ:** Берилген сүйлөмдөр грамматикалык түзүлүшүнө карай жөнөкөй сүйлөмгө киреби же татаал сүйлөмгө киреби? Аны кантип далилдей аласынар?

*1. Окуучулар тамактангандан кийин, мугалим кызыктуу окуяны айтып берди.*

*2. Тамактангандан кийин кызыктуу окуяны айтып берди.*

*3. Башын көтөрүп, Жанар Айшаны тике карады.*

Окуучулар топ-топ болуп, өз алдынча иштеп жатканда, мугалим доскага төмөндөгүдөй кийинки тапшырманы даярдайт. Берилген сүйлөмдөр тең байланыштагы татаал сүйлөмбү же багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмбү? Аны эмне менен далилдей аласыңар?

1. *Бул-адамдын ачуусу келе турган жорук, бирок Данияр таарынчу эмес.*
2. *Бул адамдын ачуусу келе турган жорук болгону менен, Данияр таарынчу эмес.*
3. *Мына эми мен бир топ тажрыйбалу болдум, ошондо да кээде тарткандарым ойдогудай чыкпай калат.*
4. *Мына эми мен бир топ тажрыйбалуу болсом дагы, кээде тарткандарым ойдогудай чыкпай калат.*

Ар бир топ өздөрүнүн тапшырмаларын презентациялап беришет. Кемчиликтерин толукташат. Андан кийин жалпы класс доскадагы сүйлөмдөрдү окуп, кимдин кайсы чыгармасы экендигин эске түшүрүү менен, биринчи, үчүнчү сүйлөмдөрдүн байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм экендигин, экинчи, төртүнчү сүйлөмдөрдүн багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр экендиктерин аныкташып, анын себептерин түшүндүрүшөт. Кемчиликтерин мугалим толуктап, тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн өздөрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүн айтып берет.

**Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо:**

1. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?
2. Тен байланыштагы татаал сүйлөм менен багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн өздөрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле жана ар бирине мисал келтиргиле.
3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү эмне үчүн баш сүйлөм жана багыныңкы деп билебиз? Мисал келтиргиле.
4. Баш жана багыныңкы сүйлөм кандай жолдор менен байланышат? Жазууда аларга кандай тыныш белгилер коюлат?

**Үйгө тапшырма берүү** жана анын аткаруунун жолдорун тушундуруу:

**170-көнүгүү.** «Манас» эпосунан тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн ар бирине төрттөн мисал жазып келүү.

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо, күндөлүктөрүно баа коюу**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Нурлан кызы Зарина**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Багыныңкы сүйлөм боюнча жалпы кайталоо

**Сабактын максаттары**:

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар багыныңкы сүйлөм боюнча түшүнүктөрүн тереңдетишет; анын түрлөрү боюнча билимдерин бышыкташат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар алган билимдерин пайдаланууга машыктыруу; алардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. Окуучулардын билимин жана билгичтигин чыңдоо.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты**:

Эне тилин сүйүүгө, туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга топто бири-биринин пикирин угууга жана тырышчаактыкка тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) багыныңкы сүйлөм боюнча түшүнүктөрүн тереңдетишсе; анын түрлөру боюнча билимдерин бышыкташса.

б) алган билимдерин пайдаланууга машыктырса; алардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрсө. Окуучулардын билимин жана билгичтигин чыңдаса.

в) Эне тилин сүйүүгө, туура сүйлөөгө , сабаттуу жазууга топто бири-биринин пикирин угууга жана тырышчаактыкка тарбияланышса.

**Сабактын тиби -** өтүлгөн теманы кайталоо сабагы.

**Сабактын методу:** интерактивдүү ыкмалар

**Сабактын формасы**: топтордо иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, ватман, таблица, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

**1)Уюштуруу**

- Саламатсыңарбы, балдар! Кутмандуу күнүңөр менен, маанайыңар жакшыбы?

Балдар, багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билеситңер?

Окуучулар жооп беришет.

-Туура, балдар, азаматсыңар? Бүгүнкү тема багыныңкы сүйлөм боюнча жалпы кайталоо. Өтүлгөн теманы класстер тузүү менен кайталоо.

**1-топ:** багыныңкы сүйлөм анын түрлөрү боюнча кластер түзөт.

**2-топ:** шарттуу жана максат багыныңкы сүйлөм боюнча мисал келтирип, Венндин диаграммасын түзүшөт.

3-топ: багыныңкы сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө кандай формадагы мүчөлөр кирерин мисал аркылуу келтирип кластер түзөт?

Топтор өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскада төмөндөгүдөй катылган сөздөрдү илип чаптайт.

(3 топ тең сандарда катылган создөрдү таап, эрежелерди айтып, мисал келтирип түшүндүрүп айтып беришет)

1-топ үчүн:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 1 | 2 | 1 |
| 8 | 7 | 5 | 8 | 0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 3 | 1 | 1 | 3 |
| 1000 | 6 | 90 | 8 | 6 | 7 |

2-топ үчүн:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 4 | 1 | 1 | 3 |
| 8 | 6 | | 6 | 70 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 5 | 7 | 4 |
| 40 | 6 | 20 | 70 | 6 |

3-топ үчүн:

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 2 | 4 | 7 | 1 | 4 | 5 | 1 | 1 |
| 8 | 60 | 50 | 6 | 70 | 9 | 6 | 20 | 1000 | 6 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 5 | 3 | 2 |
| 30 | 20 | 30 | 11 |

**2-тапшырма:** Ар бир топко чакан сүйлөмдөрдү таратуу. Топтор багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрүнө кирерин жана кандай формадагы мүчолөр коюлуп

жазылгандыгын түшүндүрүшөт.

**1-топ үчүн:**

1. *Быйыл кышында жалгыз эчки сатып алышкан экен. Анысы да эгиз тууп коюп, кактап саагандан тартынышат имиш.*
2. *Хандар алышкан казынасын толтура алышпай эчен жылдап алтын кубалашкан болчу*.

**2-топ үчүн:**

1. *Алдагы чеңгел менен далысына бир аткыган болсоң, көсө ээгине жайкал сакал чыгат беле ыя?*
2. *Чындап иштегим келсе барбы, алдагы бир үймөк кызылыңды бат эле сапырып коөт элем.*

**3-топ үчүн:**

1. *Алар туюп калбасын деп эч кимге айтпадым.*
2. *Башкага кеткиче өзүбүз үзүрүн көрө туралы деп кичине чоңу болуп, эки бодо, төрт-беш майда жандыктын изин тазаладык.*

Топтор сүйлөмдөр менен иштеп жатканда, мугалим доскага төмөндөгүдөй сөздөрду жазат. Мындан топтор бир бирден тема тандап алып, багыныңкы сүйлөмдөрдү катыштырып чакан текст түзүшөт.

*Манас-кыргыз рухунун туу чокусу. Тогузунчу май, менин өлкөм, алтын ата-эне, мугалим ардактуу кесип.*

Бул учурда мугалим доскага төмөндөгүдөй тапшырмаларды жазат.

**1-топ:** берилген схема боюнча баш сүйлөмдүн маанисин карап, багыныңкы сүйлөмдү тапкыла?

1.

2. мен барам.

**Үлгү:** *Сен келгенде мен барам.*

**2-топ: Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү.**

*Жоголгон байлыктын орду толсо да,*
*Жоголгон убакыттын орду толбос.*

3-топ: төмөндөгү схема боюнча багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна мүчөлөрдү улап сүйлөм түзгүлө?


-ганда
- бай
Б.С. –гыча баш сүйлөм *мен көрдүм.*
- ганча

Үлгү:

1. *Ай чыкканда мен көрдүм.*
2. *Оюңду айтпай иш бүтпөй калды.*

Андан кийин мугалим доскага мурдатан даярдалган таблицаны илет. Окуучулар менен талкуу өткөрөт.

**Багыныңкысүйлөм**




**Сабакты жыйынтыкт**

**Үйгө тапшгырма берүү, аны аткаруунун жолдорун түшүндүрүү**

**Окуучуларды баалоо:** күндөлүктөрүнө баа коюу.

**Өмүрбекова Мээрим**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Атоочтук баяндооч**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк максаты | Өнүктүрүүчүлүк максаты | Тарбия берүүчүлүк максаты |
|---|---|---|
| Окуучулар баяндооч боюнча алган билимдерин тереңдетишет. Атоочтук баяндооч боюнча түшүнүк алышат. | Атоочтук баяндоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билишет, талдоого үйрөнүшөт. | Туура жазууга жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлашууга тарбияланат. |
| **Көрсөткүчтөр: Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучулар…** | | |
| - Атоочту баяндооч боюнча түшүнүк алышса; | - Атоочтук баяндоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билишсе, талдоого үйрөнүшсө; | -Туура жазса жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлаша алса; |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы
**Сабактын методу:** интерактивдүү методдун айрым стратегиялары

**Сабактын жабдылышы:** ватман, маркер, дидактикалык карточка
**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо**

Кайталоо учурунда класс 3 топко бөлүнөт да, ар бир топко өзүнчө суроолор жазылган карточкалар таратылат.

**1-топко:**
*Күчүк багып ит кылдым,*
*Ал балтырымды канатты.*
*Жетим багып жетилттим,*
*Ал мерген болуп мени атты.*

**2-топко:**
Табышмактын жандырмагын таап, маанисин түшүндүргүлө.
*Бир кыз бар жоолукчан,*
*Ичинде балдары бар от жаккан.*
*Күндүзү сыйрып ачылат,*
*Түнкүсүн кайра жабылат* ***(боз үй, түндүк).***
Боз үй, түндүк, уук, керege дегендерди билесиңерби? Айтып бергиле.

**3-топко:**

Макалдын тарбиялык маанисин түшүндүргүлө жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла.

*Сүзөнөөк торпок мүйүзүн тозот,*
*Сөзгө чоркок муштумун созот.*

Окуучулар берилген тапшырмадан этиштик баяндоочторду таап, макал-лакаптардын тарбиялык маанисин түшүндүрүп айтып беришет.

**Жаңы теманы түшүндүрүү**.

Бүгүнкү өтө турган темабыз - **Атоочтук баяндооч**.

Сүйлөмдө баяндоочтун милдетин атооч сөздөр аткарса, ал **атоочтук баяндооч** деп аталат. Атооч создор – зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч ж.б. милдетин аткарат.

**Мисалы:** 1.*Эненин каргышы да –**алкыш***(зат атоочтун болушу).
2. *Таңдын белгиси да* - ***ошол***(ат атоочтун болушу).
3. *Билимсиз бала музоодон* ***жаман*** (сын атоочтун болушу).
4. *Окугандын көзү –* ***төртөө*** (сан атоочтун болушу).

Окуучулар өз алдынча сүйлөм түзүп,талдашат. Сабактын кийинки бөлүгүндө алар 3 топко бөлүнүп иштешет. Тапшырмалар берилет.

**1-топко -** Атоочтук баяндоочко кластер түзүү.

**2-топко -** Баяндоочу зат атоочтон болгон макал – лакаптарга мисал келтиргиле.

*Дүйнөнүн шамы-билим,*
*Жашоонун шамы-эмгек.*

**3-топко -** Венндин диаграммасын түзүү



**Окуучулардын билимин баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү** (Окуучулардын көзүн жумдуруп, атооч сөздөрдөн 15 сөз айтылат. *Жакшыраак, он беш, меники, ден-соолук, лицей, китеп, ошол, акылдуу, төртөө, билимдуу, акылман, бул* ж.б. Балдар, эсине тутуп калган сөздөрдү жазып, байланыштуу текст түзүшөт.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Өмүрбекова Мээрим**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы - Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр**

**Сабактын максаттары**:

| **Билим берүүчүлүк максаты** | **Өнүктүрүүчүлүк максаты** | **Тарбия берүүчүлүк максаты** |
|---|---|---|
| Окуучулар бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү боюнча маалымат алышат. Айрым жөндөмөлөрдө турган сөздөрдүн маанисине карай бирде толуктооч, бирде бышыктооч болорун түшүнүшөт. | Сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарган сөздөрдү ажырата алат, грамматикалык талдоонун түрлөрүнө машыгышат. | Орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга, туура сүйлөөгө тарбияланышат. |
| **Көрсөткүчтөр: Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучулар…** | | |
| - Окуучулар бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү боюнча маалымат алышса, айрым жөндөмөлөрдө турган сөздөрдүн маанисине карай бирде толуктооч, бирде бышыктооч болорун түшүнүшө алса. | - Сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарган сөздөрдү ажырата алса, грамматикалык талдоонун түрлөрүнө машыгышса. | - Орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга, туура сүйлөөгө тарбияланышса. |

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо.**

Мурунку теманы кайталоодо окуучулар 3 топко бөлүнүп, ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет.

**1-топ үчүн:** Эмне үчүн айкындооч мүчөлөрдү аныктооч, толуктооч, бышыктооч деп үчкө бөлөбүз? Түшүндүргүлө.
**2-топ үчүн:** Тике жана кыйыр толуктооч дегенди кандай түшүнөсүңөр? Мисалдарды келтиргиле.
**3-топ үчүн:** Берилген сүйлөмдөгү асты белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдөгү кызматын аныктагыла.
*Жакшы окуучу жакшы окуйт.*
*Жаңы көйнөк кийип, жаңы эле кирди.*
*Илбирстин тырмагы, карышкырдын тиши-курал.*
*Эки окуучу эми келди.*

**Жаңы тема**:

Бүгүнкү өтө турган темабыз, айкындооч мүчөлөрдүн бир түрү - бышыктооч. Балдар, «бышыктооч» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр? (ар ким өз оюн айтат).

Мына, өзүңөр айткандай, бир нерсени көргөндө же укканда, аныктап, бышыктап сурап алабыз. Демек, бышыктооч - кыймыл-аракет менен байланышта болуп, анын ар түрдүү кырдаалын, мезгилин, ордун, сан-өлчөм, сапатын, себебин, максатын билдирип турат. Ал канча? кайда? кантип? эмне үчүн? эмне максат менен? деген суроолорго жооп берет.

Дагы бир эске алуучу нерсе, аныктоочко берилген суроо бышыктоочко да берилет. Аларды кайсы учурда аныктооч, кайсы учурда бышыктооч болорун төмөнкүдөй аныктайбыз. **Мисалы***: Биздин класста үч окуучу үлгүлүү. Ал сени издеп үч келди*. Канча келди? ***Үч*** - бышыктооч, себеби кыймыл-аракет менен байланышып турат. Биринчи сүйлөмдө *окуучу* деген зат менен байланышып, аныктоочтун милдетин аткарды.

Демек, балдар, өзүңөр көргөндөй бышыктооч сүйлөмдүн баяндоочу менен катышып, анын ар кандай белгилерин көрсөтөт. Бышыктооч кыймыл-аракеттин ар түрдүү белгилерин билдиргенине карай 6 түргө бөлүнөт: **себеп, сыпат, өлчөм, максат, орун, мезгил бышыктоочтор**

Бышыктоочтун милдетин жөнөкөй жана татаал формадагы түрдүү сөз түркүмдөрү (жөнөкөй бышыктооч, тутумдаш бышыктоочтор, зат атооч, сан атооч, тактооч, жана чакчыл түрмөктөр) аткарат:

**Мисалы:***Апамдай мээримдүү жан дүйнөдө жок чыгар. Сабагыбыз саат сегизде башталат. Аларды айландыра курчап, элүүдөй чор тамандар отурушат.*

Ошондой эле, айрым жөндөмөдо турган сөздөр, анын ичинен барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү бышыктооч болуп кетет. Тактап айтканда, жогоруда айтылган үч жөндөмө орун бышыктоочтун милдетин аткарат. **Мисалы:***Сыртта мени классташым күтүп турат. Быйыл кичүү иним мектепке барат. Үйдөн чыгып, досумдукуна ойногону жөнөдүм.*

Балдардын теманы канчалык денгээлде түшүнгөнүн текшерүү максатында классты үч топко бөлүп, ар бир топко тапшырма берилет.

**1-топко** сүрөт берилет. Ал боюнча мезгил, орун, сыпат, өлчөм, максат бышыктоочторду катыштырып, текст жазышат.

**2-топко:** дагы бир эске алуучу нерсе, кээде бир эле жөндөмөдө турса да, бирде бышыктооч, бирде бышыктооч болбойт. **Мисалы:**

1. *Мен туулуп өскөн* ***айылыма*** *ыраазымын*.

   Эмнеге? – ***айылыма*** - толуктооч

2. *Мен туулуп өскөн* ***айылыма*** *барам.* Кайда? - ***айылыма*** - орун бышыктооч.

Демек, алардын сүйлөмдө колдонулуш маанисине көңүл буруубуз керек.

**3-топко** Схема боюнча сүйлөм түзүү тапшырмасы берилет

*1.Асан кечээ келди.*

*2.Жайлоодо кызыл гүлдөр көп.*

*3.Бүгүн кызыктуу сабак өттүк.*

Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

*Эненин көөнү- балада, баланын көөнү –талаада.*
*Адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат.*
*Эмгек менен эл көгөрөт.*
*Жакшыны сөз тарбиялайт, жаманды таяк тарбиялайт*.

**Окуучулардын билимин баалоо**
**Үйгө тапшырма берүү**
**Сабакты жыйынтыктоо**

**Орозакунова Мунара**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы – Тактоочтор (7-класс)

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар тактоочтордун маанилик түрлөрү боюнча, тактап айтканда, мезгил тактооч боюнча алган билимдерин тереңдетишет.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучуларга керектүү билимдерди тааныш эмес кырдаалда пайдалана билүү жөндөмдүүлүктөрүн жана логикалык, стандарттык эмес ой-жүгүртүүлөрүн өнүктүрөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топто иштөөдө бири-бирин сыйлоого, өз ара түшүнүүгө адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфография эрежелери боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

**а)** Тактоочтордун маанилик түрлөрү баюнча, тактап айтканда, мезгил тактооч боюнча алган билимдерин тереңдетишсе;

**б)** Керектүү билимдерди тааныш эмес кырдаалда пайдалана билүү жөндөмдүүлүктөрүн жана логикалык, стандарттык эмес ой-жүгүртүүнүн өнүктүрсө;

**в)** Топто иштөөдө бири-бирин сыйлап, өз ара түшүнсө; адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышса;

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Проблемалык жана интерактивдүү методдор.
**Сабактын жүрүшү:**
**1) Уюштуруу**
**2) Өтүлгөн теманы кайталоо**

Үй тапшырмасын кайталоодо класс 2 топко бөлүнөт.

1-топ үчүн:

1) Тактооч деген эмне? Ага бир нече мисал келтиргиле
2) Табышмактардан тактооч катышкан сөздөрдү тапкыла.
3) *Дүйнөдө бир чырак бар, жарык күйгөн,*
   *Майы жок, билеги жок илгертеден.* (Күн)

4) *Жыл мезгилин ылгабас,*
*Кыштыр-жайдыр кургабас.* (Арча)

5) *Күзүндө соргок,*
*Жазгысын март,*
*Жутканын кайра берет.* (Ороо)

**2-топ үчүн;**

1. Тактоочтордун маанилик түрлөрү. Ага бир нече мисал келтиргиле.
2. Табышмактардан тактооч катышкан сөздөрдү тапкыла.
2. *Күндүз тизип койдум,*
   *Түндө бузуп койдум*
3. *Эртең менен эрте туруп,*
   *Кол жетпес жерге таш ыргыттым.* (Күндүн жарыгы)
4. *Итче отуруп, адамча жуунат.* (Мышык)

Окуучулар топ-топ болуп иштеп жатканда, мугалим доскага төмөнкү таблицаны илет.

Таблица

Ар бир топ карточкадагы суроолорго жооп берет. Андай кийин баары досканы карап, таблицага көңүл бурушат.

**Жаңы тема: Мезгил тактооч.**

**Мугалимдин иш-аракети:**

Тактоочтор маанисине карай төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт. (Таблицада). Алардын мезгил тактоочу боюнча сабак өтөбүз.

**Мезгил тактоочтор**

Кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп, качан? кайсы убакта? качантан бери? канчага чейин? кайсы кезде? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

1. *Эзелтен энчисине басылгандай, үйгө кирсе, дайым ирегеге барып отурат. Эми да ошол.* 2. *Байкуш чор тамандар башында чыгымдарын төлөй албай кор болушса, эми кайырчыдан бетер көрүнгөндөн кийим сурап кор болушту.*

Жогорудагы *эзелден басылгандай, дайым олтурат, башында төлөй албай, эми сурап* деген айкалыштагы тактоочтор кыймыл-аракеттин мезгилин билдирип **качантан? качан?** деген суроолорго жооп берип, мезгил бышыктоочтун милдетин аткарат.

Окуу китебиндеги көнүгүүлөр иштелет.

**65-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна берилген тактоочтордун ылайыктуусун коюп көргүлө. Аларды табууда эмнеге таяндынар, кантип ылайыкташтырдыңар?** Түшүндүрүп айтып бергиле.

*Топ таш көбүнчө... бөлмөнүн ичинде ойнолот.*

*Томук жашырмай кыргыз элине... кеңири таралган. ... макулдашуу*

*боюнча томукту алаканга же манжалардын арасына катууга болот.*
*... эшик кыйч ачылып, сыртынан бирөө кирди. ... жарк этип жадырап кирсе, ... суз, көзүндө санаа. Сабыр кебин улады:- Ата-энелердин чогулушуна ... чакырган элек, сиз ... келдиңиз. Кеңешти угуп ... биз менен болуңуз! Сайдагы чоң суу дагы жылдагыдан ... кирди. Дайранын иреңи бузулуп ... ташкындап, каптап кирди.*

**Пайдаланылуучу сөздөр:** *илгертен, кечкурун, азыр, бир күнү, күн мурунтан, мурунтан, мурун, кечээ, мындан, ары, бүгүн, адегенде эле, эрте.*

Төмөнкү берилген этиш сөздөрүнүн ар бирине мезгил кырдаалын билдире турган төрттөн тактоочторду айкалыштырып жазгыла. Тактоочторду этиш сөзү менен ой келди эле айкалыштырдыңарбы же атайын тандадыңарбы? Сүйлөп бергиле.

***Үлгү:*** кече
күзүндө
жайды-жайлай
эртең менен
} жардам беришти

***Мисалды аткар.*** ***1-топ***

1. ....
2. ....
3. ....
4. ....

} кабыл алынган

***2-топ***

***1. ....***
***2. ....***
3. ....
***4. ....***

} далил болот

Ар бир топ карточкадагы суроого жооп беришет. Командадан бир гана окуучу эмес, 4-5 окуучу жооп берсе жакшы боллот. Андан кийин окуучулар доскага карап, плакаттагы таблицаны окуп, тактооч менен этишти айкалыштырышат:

| ***Мезгил тактоочтор*** | ***Этиш сөздөрү*** | ***Тактоочтор этиш менен айкалышта*** |
|---|---|---|
| *Кечкисин, мурда, бүрсүгүнү, жайында, эртең, күндүз, жайлата,* | *Кездешебиз, баргыла, толук, келатат, бүттү, эс алчу, тыным болду,* | *Кечкисин кездешебиз* |

| | | |
|---|---|---|
| *жана, элем, күндүр-түндүр, бир паста, эчак, быйыл, өйүздө, анан, алда качан, кечкурун, күздөй* | *аткарат, жазып бүтөт, аяктайлы, жеткирер, чечилет* | |

Андан соң топторго мезгил тактоочторду катыштырып текст түзүшөт.

**1-топ үчүн:** «Убакыт»

**2-топ үчүн:** «Аба-ырайы»

Топтор текст түзүп бүткөндөн кийин көркөм окушуп, андагы мезгил тактоочторду айтып беришет.

**Сабакты бышыктоодо**мугалим кайтарым-байланыш методунун негизинде класска «Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?» деген суроону берип, окуучулар үйрөнгөндөрүн айтып беришет.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Үйгө тапшырма берүү**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Орозакунова Мунара**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы - Уңгу жана мүчө (5-класс)

**Сабактын максаттары*:***

**а) билим берүүчүлүк максаты**:

Окуучулар уңгу, мүчө жана алардын мүнөздүү белгилери боюнча түшүнүк алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты**:

Сөз составы боюнча уңгу жана мүчөгө ажырата алышат.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Эне тилин сүйүүгө, туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга, топто бири-биринин пикирин угууга, сылык болууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

**а)** уңгу, мүчө жана аларга мүнөздүү белгилерди айтып бере алса;

**б)** сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажырата алса;

**в)** эне тилин сүйүп, туура сүйлөсө, топто бири-бирин угуп, сылык мамиледе болсо.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.
**Сабактын формасы:** Аралаш сабак.
**Сабактын жабдылышы:** ватман, дидактикалык карточкалар, стиккер
**Сабактын жүрүшү:**
**1) Уюштуруу**
**2) Өтүлгөн темаларды топтордо иштөө менен кайталоо.**

Класс топторго бөлүнөт.

**1-топ үчүн:**
Синоним деген эмне?
Бирден мисал келтиргиле.
**2-топ үчүн:**
Омоним деген эмне?
*«Жай»* деген сөздү омоним кылып колдонуп, сүйлөм түзгүлө
**3-топ үчүн:**
Антоним деген эмне?
Бирден мисал келтиргиле.
**Жаңы тема: Уңгу жана мүчө**
**Мугалимдин иш-аракети:**

Сөз уңгу жана мүчөдөн турат. **Уңгу** - сөздүн маанилүү бөлүгү.**Мисалы:** *бүркүт, суу, өмүр, жер* ж.б.**Мүчө** - уңгуга уланган бөлүк.**Мисалы:** -*чы*, -*лар*, -*га*:*мал*+*га*=*малга* (*мал*-уңгусу, -*га* - мүчөсү)

Мүчө сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү сөздөрдү байланыштыруу үчүн колдонулат.Уңгу өз алдынча туруп, бир маанини билдирет. Ал эми мүчө өз алдынча турганда эч кандай маанини бербейт.

**Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө:**
**1-тапшырма**:

Карточкаларды таратуу. Топ менен иштешет. Сөздөрдү уңгу, мүчөгө

ажыратышат.
*Жаман жолдош жоого алдырат.*
*Жаман сөз доого калтырат.*
*Жамандын сөзү баш чиритет,*
*Жакшынын сөзү таш эритет.*
*Билим өмүрдү узартат.*

**2-тапшырма:**
1-уңгусун, 2-мүчөсүн улашат.
Топ менен иштешет.
*Биз тоо кандай бийик!*
*дин ошол тоолордо аркар, кулжа, лар бар.*
*Көр жанды суктандырган Ысык-Көлү бар.*

**Сабакты бышыктоо:** Доскада 3 топ үчүн 3 башка түстөгү стикер алмалар баракта чапталып турат. Ал стикерде уңгусу жок мүчө, мүчөсү жок уңгулар катышкан сүйлөмдөр жазылган Окуучулар жоопторун жазып, ватмандагы билим дарагына чапташат. Ошентип, билим дарагы бышкан мөмөлөргө толот.

**Үйгө тапшырма берүү**, аны аткаруу жолун түшүндүрүү
(§58 127-бет. 365-көнүгүү)
Окуучулардын билимин анализдеп баалоо, күндөлүктөрүнө баа коюу.

**Сабакты жыйынтыктоо**


**Сагынбекова Асель**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**


## Сабактын темасы - Атоочтук баяндооч (Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 7-класстары үчүн)

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар баяндооч боюнча алган билимдерин терендетишет. Баяндоочтун түрлөрүн үйрөнүшөт. Сүйлөмдө баяндоочтун милдетин зат

атooч, заттанган сын атооч, сан атооч, ат атооч сөздөр аткарарын билишет.
**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, эске тутуу, кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүшөт, өз оюн кенен, жеткиликтүү берүүгө үйрөнүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтор менен иштөөдө бири-биринин оюн угуп, бири-бирин сыйлашууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк.
**Сабактын жабдылышы:** таблица, методикалык колдонмо, ватман, маркер ж.б
**Сабактын жүрүшү:**
**1) Уюштуруу**
**2) Өтүлгөн теманы кайталоо**

Өтүлгөн теманы кайталоодо класс 3 топко бөлүнөт.

**1-топ үчүн:** Сүйлөмдүн баяндоочу учур чактан болгон беш сүйлөм жазышат.
**2-топ үчүн:** Сүйлөмдүн баяндоочу өткөн чактан болгон беш сүйлөм түзүшөт.
**3-топ үчүн:** Баяндоочу келер чактан болгон беш сүйлөм түзүшөт.

Ар бир топтон окуучулар чыгып, тапшырмаларын жактап беришет, кемчиликтери толукталат.

**Жаңы тема:** Балдар, баяндоочтун сүйлөмдө алган орду чоң. Ал көндүм болгон түз орун тартип боюнча сүйлөмдүн эң акырынан орун алып, сүйлөмдө айтылып жаткан ойду жыйынтыктап, сүйлөмдүн бүткөн чегин билдирип турат. Жыйынтыктуу ой айтылбаган сүйлөм болбойт. Анын бардыгынын эле деп айтса болот – **жыйынтыктоочу мүчөсү баяндооч** болуп эсептелет.

Сүйлөмдө баяндоочтун милдетин зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч сөздөр аткарса, **атоочтук баяндооч** деп аталат.

**Мисалы:** *Эненин көөнү* - ***балада,***
*Баланын көөнү* - ***талаада.***

(Окуучулар маанисин түшүндүрүп беришет)

Бул сүйлөмдүн баяндоочтору *(балада, талаада )***зат атоочтук баяндооч**.
*Билимсиз бала музоодон* ***жаман****. Бүгүн күн кечээкиден* ***жылуу***
*(жаман, жылуу)* бул сөздөр **сын атоочтук баяндооч**.
*Окугандын көзү –* ***төртөө***
(Окуучулар маанисин түшүндүрүп беришет).
*Төртөө* - бул сан атоочтук баяндооч.

*Биздин тагдырыбыз* - ***ушунда****.*

Бул сүйлөмдүн баяндоочу **ат атоочтук** болуп саналат

**Көнүгүү иштөө**

**224 - көнүгүү.** Ар бир топ өз алдынча тапшырмаларды аткарышат.

Сүйлөмдү көчүрүп жазып, көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюшат.

**225-көнүгүү.** Суроолорго жооп беришет. Жоопторун дептерлерине жазып, баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмү аткарганын аныкташат.

1. Силердин класскомуңар ким?
2. Саламат быйыл канчада?
3. Силердин мектебиңер кандай?
4. Классыңар канчанчы кабатта?
5. Сенин досун ким? Ал канчада?

Окуучулар берилген тапшырма боюнча жооп беришет. Кемчиликтери толукталат.

Класс топторго бөлүнүп, ар бир топко өзүнчө тапшырмалар берилет.

1- **топ үчүн**: Зат атоочтор, сын атоочтор сүйлөмдүн баяндоочу болгондой кылып 5 сүйлөм түзгүлө.

2- **топ үчүн:** Сан атоочтор жана ат атоочтор сүйлөмдүн баяндоочу болгондой кылып 5 сүйлөм түзгүлө.


3- **топ үчүн:** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө. Баяндоочун таап, кайсы сөздөн жасалганын айтып бергиле.

*Бөлмөнүн ичи* ***кызыл- тазыл****. Адамдын көркү –* ***адеп.***

*Эненин мээрими күндөн* ***жылуу****. Мекендин топурагы –* ***алтын****.*

*Бардык элдин тилегени* - ***бейкуттук****. Келечектин ээси –* ***силер****.*

Жалпы окуучулар этиштик баяндооч менен атоочтук баяндоочко Венндин диаграммасын түзүшөт. Бир жагына этиштик баяндооч боюнча алган маалыматтарын жазышат. Экинчи жагына атоочтук баяндооч деген эмне? Ага мисалдарды келтиришет. Ортосуна окшоштуктарын жазышат.



**Сабакты** суроо жооп менен **бышыктоодо** мугалим “Кайтарым байланыш” методунун негизинде “Биз бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүк?” - деген суроо коет.

Окуучулар атоочтук баяндооч боюнча билгендерин айтышат.

**Үйгө тапшырма берүү:** Чыгармалардан үзүндү алып, атоочтук баяндоочторду табуу, кайсы сөз түркүмүнөн экенин аныктоо.

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Сатыбалдиева Махабат**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**бүтүрүүчүсү**

## Сабактын темасы - Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр

**Сабактын максаттары:**

**а)билим берүүчүлүк максаты:**

Үндүүлөр боюнча алган билимдерин тереңдетишет, эринчил жана эринсиз үндүүлөр боюнча маалымат алышат.

**б)өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Эринчил жана эринсиз үндүүлөрдүн жасалуу жолдорун үйрөнүшөт жана үндүүлөргө фонетикалык талдоо жүргүзүүгө машыгышат.

**в)тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга калыптанышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) Үндүүлөр боюнча алган билимдерин тереңдетип, эринчил жана эринсиз үндүүлөр боюнча маалымат алса;

б) Эринчил жана эринсиз үндүүлөрдүн жасалуу жолдорун үйрөнсө;

в) Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн уга билсе, бири-бирин сыйласа.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** Проблемалык- изденүүчүлүк метод.

**Сабак аралык байланыш:** адабият, жаратылыш.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, дидактикалык материалдар, көрсөтмө куралдар, карточкалар, эринчил жана эринсиз үндүүлөр деген

таблица илинет.

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу;**

**2) Өтүлгөн теманы кайталаоо**

**Үйгө берилген тапшырманы текшерүү:**

Мында класс 3 топко бөлүнөт

**1-топ үчүн:** 1) Кыргыз тилинде канча тыбыш, канча тамга бар*? (36 тамга, 39 тыбыш).*

2) Булардын ортосундагы айырмачылыкты түшүндүрүп бергиле. Эмне үчүн тамганын саны 36 болсо, тыбыштар 39.

**2-топ үчүн:** 1) Жоон үндүүлөргө кайсылар кирет? 2) Булар кандайча жасаларын түшүндүрүп бергиле жана мисалдар келтиргиле.

**3-топ үчүн:** 1) Ичке үндүүлөргө кайсылар кирет? 2) Алар кандайча жасаларын түшүндүрүп бергиле жана мисалдар келтиргиле.

Бул тапшырманы аткаруу үчүн класска *(3 минут)* убакыт берилет, ар бир топтон лидерлер чыгып, жооп беришет.

Ошондон кийин мугалим төмөнкү ырларды окуп, ар бир куплеттеги үндүү тыбышты окуучулар аныктап, ошол үндүүгө мүнөздөмө беришет. **М.**: «а» тыбышы: үндүү, тилге карай жоон, жаакка карай кең, эринге карай кең, эринге карай эринсиз, үндүн созулушуна карай кыска үндүү.

*«А» адегенде амандаш,*
*ачык көңүл саламдаш.*
*Адам катары бирдейбиз,*
*айланайын замандаш.*
*«О» о кадимки дөңгөлөк,*
*оңго солго дөңгөлөп.*
*Оймок, орок, оюнчук,*
*ойлоп турсам эң керек.*
*«Ө» өнү болсо эки,*
*мен кадимки «ө» болом.*
*Ушуну билбей адашкан,*
*көп балдарга таң калам.*
*«У» улууларды сыйлагын,*
*улгаясың сен дагы.*
*улууну көрсөң учураш,*
*Урматтайт аны эл дагы.*
*«Ү» үйрөнсөм да китептен,*
*үйрөтөмүн бөбөккө.*
*Үлгү болом ар дайым,*

*Үйдө, тышта бөлөккө.*
*«Э» эмитен билип ал,*
*«Э» нин жөнү башкараак.*
*Эл, эне, эмгек дегендер,*
*«Э» менен башталат.*
*«И» ийнелик, ийнелик,*
*Иш кылгандан ийменип.*
*Кыш келгенде карды ачып,*
*Жатып калат ийменип.*
*«Ы» ызаа кылба кичүүнү,*
*Ыракмат айткан улууга.*
*Ыркыратпай үндөгөн,*
*Ынтымактуу болууга.*

**Жаңы теманы түшүндүрүү**:

Үндүү тыбыштар эриндин катышына карай эриндүү жана эринсиз болуп бөлүнөт. Эриндүү үндүүлөрдү айтканда *(ө, о, у, ү)* эки эрин алга карай жүткүнүп чормоет, кана анда баарыбыз чогуу айтып көрөлү. *(Окуучулар эринчил үндүүлөрдү айтып эриндин абалын байкашат.)* Эринсиз үндүүлөрдү айтканда *(а, э, и, ы)* эрин алга карай жүткүнбөйт. Келгиле, эринсиз үндүүлөрдү айтып көрөлү. Ушул жерден мугалим эринчил үндүүлөрдү айткандагы эриндин абалын, мисалы, *о, ө, ү, у* жана эринсиз үндүүлөрдү айткандагы эриндин абалынын тартылган сүрөтүн окуучуларга көрсөтөт.

Кыргыз тилиндеги үндүүлөр жоон, ичкелиги боюнча гана эмес, эриндүү жана эринсиз болушуна карата да окшошуп ээрчишет. Мисалы: *тон+чон=тончон, үй+дөн=үйдөн, түлкү+лөр=түлкүлөр.*

Андан соң доскага таблица илинет, андан жалаң эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү өзүнчө, эриндүү жана эринсиз үндүүлөр катышкан сөздөрдү өзүнчө бөлүп жазышат.

*Тааныш, көмүр, аңгеме, турник, эгин, партизан, курорт, окуучу, мугалим, карышкыр, өчүргүч, оюнчук, фабрика, уруксат, өндүрүш, казык, жоолук, алачык, процент, офицер, футбол, кесип, акылман, техника* ж.б.

Жогорудагы таблицаны иштеп чыккандан кийин окуу китебиндеги 256-көнүгүүнү иштешет.

Шарты: **Макалдарды окуп маанисин түшүндүрүп жана эринсиз үндүүлөр катышкан сөздөрдү тапкыла.**

1) *Эл үмүтүн эр актар,*
   *Эр атагын эл сактар.*
2) *Баатыр элден чыгат,*

*Байлык жерден чыгат.*

3) *Жигит элин сагынат,*
*Булбул ырын сагынат.*
4) *Акылы бар билимди,*
*Акылы жок кийимди самайт.*
5) *Дарак жемиштен, адам акылынан таанылат.*

Классты үч топко бөлүп, өз алдынча иштетүү. Доскага көлдүн формасы менен тартылган бирдей **3** ватманды илип, **1-топ үчүн** жалаң эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү берилген **балык** формасындагы карточкаларга жазып чыгышат**. 2-топ үчүн** жалаң эринсиз үндүүлөр катышкан сөздөрдү таратылган **кайык** формасындагы карточкаларга жазып чыгышат.**3-топ үчүн** эриндүү жана эринсиз үндүүлөр катышкан сөздөрдү **ак чардак** формасындагы карточкаларга жазып чыгышат.

Андан соң чаташкан сөздөрдөн кураштырып текст түзүп, ага тема коюшат жана үндүүлөрдү аныктап, мүнөздөмө беришет.

*Күз, ысык, жалбырактар, саргаят, жемиш, эгиндер, кыскарат, узарат, октябрь, канаттуулар, ноябрь, жылуу, учуп, кирет, кетишет күн, мезгили, жаайт, асман, түн, чачат, көпкөк.*

Ар бир топ бирден сөз алып, ошол сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзөт.

М: **1-топ:** «саргаят» деген сөзгө:7 тамга 8 тыбыш, үндүүлөр: а тилге карай: жоон, жаакка карай: кең, эринге карай: эринсиз, үндүн созулушуна карай – кыска.

**Өтүлгөн теманы бышыктоодо** Венндин диаграммасын түзүшөт (эриндүү жана эринсиз үндүү).

**Окуучулардын билимин баалоо.**
**Үйгө тапшырма берүү.**
**Сабакты жыйынтыктоо**

**Сатыбалдиева Махабат**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**бүтүрүүчүсү**

## Сабактын темасы - Кемтик сүйлөм

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулардын атама сүйлөм боюнча алган билимдерин бышыктоо менен, кемтик сүйлөм боюнча түшүнүк алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Кемтик сүйлөмдөрдүн түзүлүшү, семантикасы жана аткарган милдеттери боюнча маалымат алышат.

3) **тарбия берүүчүлүк максаты:**

Топтордо бири-бирин угуп, өз ара сыйлаша билишет.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) кемтик сүйлөм боюнча түшүнүк алса;

б) кемтик сүйлөмдөрдүн түзүлүшү, семантикасы жана аткарган милдеттерин айырмалашса;

в) топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.
**Сабактын жабдылышы:** Дидактикалык карточкалар жана методикалык колдонмолор.
**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу;**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо, үйгө берилген тапшырманы текшерүү.**

Үй тапшырманы текшерүүдө класс 3 топко бөлүнөт, доскада илинген ватмандагы конверттерде катылган суроолорду ар бир окуучу чыгып, тандап алып берилген суроосуна жооп берет, ошонун негизинде канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүн аныктап алабыз. (Бул үчүн классака 3 минута убакыт берилет).

**I топ үчүн:**

Атама сүйлөм деген эмне? Грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай түрдө колдонулат (жалаң, жайылма) мисал келтиргиле.

3) Атама сүйлөмдүн семантикасы, айтылыш максаты түрдүүчө болот. Ушул өзгөчөлүгүнө карай атама сүйлөмдөр бир нече түргө бөлүнөт, кайсы түрлөрү санап бергиле.(1.Зат, окуя, кубулуш. Мезгилдик.Орундук.
3. Заттын сандык кыймылдык атоо иретинде. 4. Табышты, элести атоо (тарс-тарс). 5. Эмоциялык. )

**II топ үчүн:**

1. Атама сүйлөмдү уюштурууну негизин кайсы сөздөр түзөт? (атооч сөздөр, зат атооч).

2. Бир тутумдуу сүйлөмдүн башка түрлөрү сыяктуу атама сүйлөмдөр

да, татаал сүйлөм түзүлүшүндө кездешет кайсы учурда?

(Поэзиялык чыгармаларда, табышмактарда)

3. Атама сүйлөм түзгүлө.

**I II топ үчүн:**

1. Жаз жана түн деген сөздөрдү катыштырып текст түзгүлө.
2. *Капчыгай. Эки өйүзүндө тең карагай четин, арча калың өскөн.* Атама сүйлөмдүн кайсы түрүнө кирет? (Зат, окуя, кубулуш)
3. Поэзияда жалаң жана атама сүйлөмдөн уюшулган татаал сүйлөмдөр барбы? Мисал келтиргиле.

М.: *Белен – белен, белен ат, бели жоон күрөң ат, аштан тойдон калбаган, арам өлгөн күрөң ат* (үбөлүк.)

Класс иштеп жаткан учурда мугалим доскага числону, теманы жазат. М: (бирдин айынын он жетиси, күнгө дүйшөмбү. Тема:)

Демек, балдар атама сүйлөм деп кубулуштардын, окуянын, мезгилдин, орун-мейкиндиктин аттарын жалпы атоо иретинде айтылган бир тутумдуу сүйлөмдөр болуп эсептелет. Атама сүйлөм боюнча жакшы маалымат алыптырсыңар, эми биз бүгүн силер менен өтө турган темабыз – Кемтик сүйлөм.

**Жаңы тема:**

**Мугалимдин сөзү:**

Кемтик сүйлөмдөр оозеки кепте жана көркөм адабий чыгармаларда көп кездешет. Алар ойду кыскача, эркин жана көркөм баяндоого мүмкүнчүлүк берет. Мисалы:

- *Окуучулар кайда кетишти?*
- *Китепканага.*

Бул диалогдук кептин экинчи сүйлөмүндө ээси да, баяндоочу да айтылган жок. Ошондой болсо да, ээси «окуучулар», баяндоочу «кетишти» деген этиш сөз экендиги алдындагы толук сүйлөм аркылуу белгилүү болуп турат.

Демек*, китепканага* деген – кемтик сүйлөм болуп эсептелет. Кана эмесе, кемтик сүйлөм кандай деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Өзүңөр эреже чыгарып көргүлөчү? *(окуучулар кемтик сүйлөм тууралуу эреже чыгарышат.)* Мугалим алардын айткандарын толуктайт. Туура айтасыңар, балдар. **Сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнүн бирөө же экөө айтыблай калган, бирок анын кайсы сөз экендиги контексттен, жалпы жагдайдан белгилүү болуп турган сүйлөмдү <u>кемтик сүйлөм</u> деп айтабыз.** Эгерде кемтик сүйлөмдү контекст менен, өзүнөн мурунку сүйлөм менен байланыштырбай, алардан бөлүп

карасак, берилип жаткан ой таптакыр түшүнүксүз болуп калат. Мисалы: «Андан бери айдалбаптыр» деген сүйлөмдү өзүнчө бөлүп алсак, толук түшүнүк ала албайбыз. Эми ушул сүйлөмдү контекст менен бирдикте алып көрөлү*: Илгери бир кездерде Ак-Сайда кошчулар эгин эккен экен. Андан бери айдалбаптыр* (Ч.А.) Мында, биринчиден көптөн бери айдалбай жаткан жер Ак-Сай талаасы экендиги алдыңкы сүйлөмдөн белгилүү болуп турат. Экинчиден, жогоруда аталган кемтик сүйлөмдү өзүнөн мурунку толук сүйлөм менен бирдикте алганда, Ак-сайдын көптөн бери айдалбай жаткандыгы тууралуу ачык маалымат берип турат. Демек, кемтик сүйлөмдөр дайыма өзүнөн мурунку толук сүйлөмдөр дайыма өзүнөн мурунку толук сүйлөмдөр менен байланышта айтылат.

Кемтик сүйлөмдөр **монологдук кепте** *(бир киши тарабынан айтылган кепте)* көп кездешет. Мисалы: *Бала андан ары кетти. Суу жээгине түштү.Ошо бойдон токтобостон сууга кирди.* (Бул кимдин кайсы чыгармасынан алынгандыгы окуучулардан сурап койсо да ашык болбойт). Туура айтасыңар, Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен алынган. Бул үч жөнөкөй сүйлөм маани жагынан бири-бири менен байланыштуу. Үч сүйлөмдүн тең грамматикалык ээси *бала* деген сөз, бирок буга карап үч сүйлөмдө тең ээни катыштырып айтсак, алар стилдик жагынан начарлайт. Ошондуктан грамматикалык ээ 1-сүйлөмдө гана айтылды (Мугалим үч сүйлөмгө тең бала деген грамматикалык ээни катыштырып сүйлөмдөрдү окуп берет).

Кемтик сүйлөмдөр **диалогдук кепте** (эки же бир нече кишинин сүйлөшүүсү) да көп кездешет. Диалогдук кептеги кемтик сүйлөмдөрдө, адатта, өзүнөн мурунку сүйлөмдө колдонулган сөздөр кайталанбайт, ошол себептүү алар түзүлүшү жагынан көбүнчө кыска келет. Мааниси жагынан болсо, угуучуга кандайдыр бир маанилүү, жаңы нерсе тууралуу кабар берет. **Мисалы:**

- *Алар кайра качан келишет?*

- *Бүрсүгүнү кечинде.*

Бул диалогдогу 1-сүйлөм - толук сүйлөм. Ага жооп катары айтылган 2-сүйлөм - кемтик сүйлөм болуп эсептелет. Демек, диалогдук кептеги кемтик сүйлөмдөрдү да өзүнөн мурунку толук сүйлөмдөн бөлүп кароого болбойт. Бөлүп алсак, алар кандайдыр бир тыянактуу ойду билдире албай калат.

Диалогдук кептеги кемтик сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн айрымдары айтылбай калган учурлары

кездешет. **Мисалы:** (ушул жерден мугалим төмөнкү таблицаны илет да, ошонун негизинде түшүндүрөт ).

- *Бүгүн чогулуш болобу?*⇦ Бул кемтик сүйлөмдөрдө ээси түшүрүлүп
- *Болот.* } колдонулду.
- *Тарбиячы кайда кетти?*
- *Окуучуларга кетти.*

- *Силерге ким керек эле, балдар?*

Бул кемтик сүйлөмдөрдө баяндооч түшүрүлүп айтылды → { -*Директор.*
-*Класста канча окучу бар?*
- *Отуз.*

-*Сен эрежени билесиңби?* } ← Бул кемтик сүйлөмдө толуктооч түшүрүлүп айтылды.
- *Билем.* (эрежени)

Дагы бир эске алуучу нерсе, диалогдун тутумундагы толук сүйлөм да, кемтик сүйлөм да жаңы солдон башталып жазылат. Алардын ар биринин алдына сызыкча коюлат. Мисалы:

- *Сиздерде ылайыктуу жумуш табылабы?*
- *Табылат.*
- *Ата, биздикин көздөй чоңдор келе жатат.*
- *Келе берсин* (Ч.А.)

- Балдар, кемтик сүйлөм тууралуу маалымат ала алдыңарбы? Анда азыр төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарабыз. Мен силерге азыр текст таратып берем, силер диалог иретинде сүйлөшөсүңөр кемтик сүйлөмбү же толук сүйлөм экендигин аныктайсыңар.

*1) - Аныңды кое тур, окуунун бизге кереги эмне?*
*Дүйшөн кандай дээрин билбей, көзү алаңдай түштү.*

*- Баса, туура айтат! – деп, бери жактагылар да жабыла козголо берди. Биз жер кетмендеп, жер менен эле оокат кылган дыйканбыз. А биздин балдар окуу окуп эл сурап, өкмөт болот беле?*

*- Силер балдарды окутууга каршысыңарбы? – деп сурады.*

*- А каршы болгонду сен зордойсуңбу? Азыр элдин өз эрки, боштондукка чыкканбыз.*

*- Силер жер, суу бөлүп берген кеңеш өкмөтүнүн бала окутсун деп*

*мөөрүн баскан ушул кагазына каршы чыгасыңарбы?*

*- Мейли эмесе, кылар ишиң болбосо, окутсаң окутарсың – деп койду.*

*- Мен силерди жардам бергиле деп жатам. Тээ тиги байдан калган жаман атканаиы оңдойлу көпүрө салыш керек, отун керек…*

*- Ой, жигит, кое турчу! – Сатымкул кераяк дагы да чырт түкүрүнүп, жумулган көзүн ымдап-ымдап алды.*

*- Тигини кара, ушулар да жыйындын четине келчү болуп алыптыр…*

**Ч.Айтматов «Биринчи мугалим»**

2) - *Эмне, Шаке? Эмнеге кыйкырдың? – деди.*

*- Көрдүңбү, Бөкө! Тигине!.. Тигине түз эле мени көздөй чуркап келе жатып токтоп калды, - деп сөөмөйү менен корумдун арасындагы белгисиз бир жандыкты көрсөттү.*

*- Ал эмне экен? – деди Бөлөк.*

*- Билбедим, Бөкө, мени көздөй бет алып келе жатып, токтоп калды, - деди.*

*- Кантебиз, жүргүн, жакындап барып абайлап көрөлү, - деди Бөлөк.*

*- Аюу турбайбы, - деди.*

*- Эмне кылабыз Бөкө эми? – деди Шарше*

*- Бөлөк да токтой калып, ар жагын дагы акырындап басып келе жаткан аюуга тура калды.*

*- Жок айланайын Шаршеке, коркпо, коркпосоң ого бетер өнүгөт.*

**Кусеин Эсенкожоев «Саякатчы бала».**

*3) Көрүшпөгөнүбүзгө канча жыл болду… Жыйырма бешпи, отузбу… Азыр кандай болду экен?*

*- Кандай болмок эле. Кайра жашарды дейсиңби?!*

*- Капастан чыкты деп эбак эле уктум эле, андан кийин дайыны жок… Кайсы бир жерде иштеп жүрөт дейби… Аны көргөн киши бар бекен деги?*

*- Мен аябай эле издедим, бирок жолуктура албадым… Кайран талант, болбогон жерден күйүп кетти. Болбосо бу күндө мыкты акындарыбыздан болмок. Аны келечектин чоң таланты деп мен дайыма айтчы эмес белеем.*

*- Азыр бирдеме жазар бекен?*

*- Ал эмне кечикти? Чогулуп атканыбызды билбейби ал?*

*- Э, Мамбет, кээде тагдыр дегенге да ишенгим келет. Сабыр ошондой болот деп үч уктаса кимдин түшүнө кириптир.*

*- Өзүнөн көрсүн. Жел жүрбөй чөптүн башы кыймылдабайт.*

*- Анча эле эмне күйпөлөктөйсүң… Бөрү жеди дейсиңби… Келатат көрөр көзүң… Гүл терет имиш а киши…*

Класс окуп чыгышат андан соң мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү: демек, балдар, толук жана кемтик сүйлөмдөр өз ара маанилик жактан ажырагыс тыгыз байланышта болот. Ошол себептүү биринин маанисин экинчиси толуктап турат.

**Үйгө тапшырма берүү:** «Бүгүн сабактан эмнелерди билдим?» деген темада кат жазуу

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Сулайманова Жазгүл**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: **Өткөн чак**

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Этиш боюнча билимдерин терендетип, этиштин өткөн чагы жана анын түрлөрү жөнүндө түшүнүк алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Этиштин чактарын оозеки кептеринде туура таба билүүгө жетишишет, этиштерди составдык бөлүкчөлөргө так ажырата алууга машыгышат.

**а) тарбия берүүчүлүк максаты :**

Окуучулар өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билүүгө, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаны билим берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор.

**Сабактын жабдылышы:** Дидактикалык карточкалар, методикалык колдонмолор, ватман, маркер.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу.**
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо.**

Үй тапшырмасын кайталоодо « Акылга чабул» методун колдонобуз.

Окуучулар келер чак боюнча түшүнгөндөрүн доскадагы ватманга жазышат.

**Мисалы:**

**1-окуучу:** Келер чак кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин боло тургандыгын билдирет.

**2- окуучу:** Маанисине карай экиге бөлүнөт: айкын келер чак, арсар келер чак.

**3-окуучу:** Айкын келер чакта кыймыл-аракеттин келечекте болору же болбосун ишенимдүү көрсөтүлөт.

**4-окуучу:** Айкын келер чак *-а (-й)* жана жак мүчөлөрдүн этишке жалганышы аркылуу жасалат. **Мисалы:** *Жакында биз айылга бар+а+быз.* ж.б.

**Жаны тема - Өткөн чак**

**Мугалимдин сөзү:**

Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгүн көрсөтөкөн этиштин чагы **өткөн чак** деп аталат.

Этиштин өткөн чагын уюштуруучу мүчөлөр: **-ды , -ган, -ыптыр, -чу**. Булар өзү жалганган сөздөргө жаны лексикалык маани киргизе албайт.Ал жалганган этиш сөздөр сүйлөп жаткан мезгилден мурда болуп өткөн кыймыл-аракеттин ар кандай кырдаалдарын билдирет. **Мисалы:** *Баруу* деген сөздү алсак, ***барды-барган-барыптыр-барчу*** ж.б. Келтирилген **мисал -ды, -ган, -ыптыр, -чу** мүчөлөрүнүн жардамы менен өзгөргөн этиштер сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарып, кыймыл-аракеттин өткөн убакта болгондугун билдирип турат, бирок бири-биринен өздөрүнүн ички семантикалык өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланат.

Этиштер кээ бир кызматчы сөздөр менен айкашып, сүйлөмдө татаал баяндоочтун милдетин аткарат. **Мисалы:** *Бул түнү ай батып, асманда кара булуттар удургуп,сыдырым жел* ***согуп турган эле****.*

Өткөн чакты уюштуруучу мүчөлөрдүн өздөрү жалганган этиштерге киргизген ар кандай семантикалык өгөчөлүктөрүнө жараша төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1. **Айкын өткөн чак**

Айкын өткөн чакты **–ды (-ди, - ду, -дү)** мүчөлөрү уюштурат. Бул мүчө жалганган этиш сөз сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарып, кыймыл аракеттин жакында гана болуп өткөндугун, болгон окуянын аныктыгы сүйлөөчү үчүн шексиз экендигин билдирет; бул мүчө уңгу жана туунду этиштерге тегиз жалгана берет. Айкын өткөн чак кыймыл-аракеттин ар кандай кырдаалдарын көрсөтөт:

Составында *кечээ, азыр, жана* сыяктуу мезгил тактоочтор катышкан сүйлөмдөрдүн баяндоочунун милдетин **–ды** мүчөсү жалганган этиш сөздөр аткарса, кыймыл-аракеттин жакында гана болуп өткөнүн билдирет.

**Мисалы:** *Шаардан азыр келдим (кел-ди-м).*

*Кечээ жамгыр жаады (жаа-ды)*

Эгерде **–ды** мүчөсү уланган этиш татаал баяндоочтун составында көмөкчү.

**2. Жалпы өткөн чак.**

Өткөн чактын бул түрүнө атоочтукту уюштуруучу ***–ган*** мүчөсү жалганат. Бул мүчө өзүнүн аткарган милдети жагынан ар тараптуу. Анткени ал уланган сөз атоочтук катары сүйлөмдө айкындоочтук, ээлик милдетти аткарат. **Мисалы:** *Сайраган булбул. Сайраган* - сүйлөмдүн ээси.

**2. Капыскы өткөн чак.**

Чакчылдарды уюштуруучу ***–ып*** мүчөсү болжолдогуч ***–дыр*** (каткалан варианты ***–тыр***) менен айкашып, өткөн чактын капыскы формасын уюштурат. Бул мүчө уланган этиш сөз сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарганда, окуянын өткөндө болгондугу сүйлөөчүнүн эсинен чыгып кетип, сөз болуп жаткан мезгилде гана капысынан эсине түшө калгандыгын, болбосо, кыймыл-аракеттин, окуянын II-III жактарга тиешелүү болуп, Сүйлөп жаткан I жак үчүн капысынан гана белгилүү болгондугун билдирет.

Сүйлөөчү качандыр бир убакта болуп өткөн окуяларды же бирөөдөн уккан кабарларды да капыскы өткөн чак формасында айта бериши мүмкүн.

**Мисалы:** *Илгери биздин элдин Көк Чунак деген айгыры карышкырдын көкжалын **чайнаптыр*** ж.б.у.с. улап кетсек болот.

Эгерде капыскы өткөн чактын мүчөсүнүн толук варианты, жогоруда көрсөтүлгөндөй, чакчыл ***–ып*** жана болжолдогуч ***–дыр*** мүчөлөрүнүн айкалышуусу менен жасалса, анын экинчи варианты бул татаал мүчөнүн экинчи компонентинин башкы тыбышынан түшүп калышынын натыйжасында ***(-ып-ыр-ыпыр)*** жасалат.

***-ба+ыптыр,*** суроолу формасы ***ыптырбы//-ыптырбы же –ыптыбы?*** формалары аркылуу жасалат.

**Мисалы:** *Элге тынчтык **бербептир.***

*Сен аны билипсиң , **алданыпсың**.*

*Ысымын, жашын **жазыптырбы?***

**4. Адат өткөн чак**

Адат өткөн чак этиштик негиздерге ***-чу*** мүчөсү жалганып, анын

сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарышынын натыйжасында жасалат.

**-чу** мүчөсү уланган этиш сөздөр бир кезде болгон окуянын, кыймыл-аракеттин узак убакытка чейин созулгандыгын, анын өнөкөт болуп кеткендигин көрсөтөт.

**Мисалы:** *Түнкүсүн ал оюктан араң бүлбүлдөгөн жарык шооласы көрүнчү .*

Адат өткөн чакты уюштуруучу ***–чу*** мүчөлөрүнүн эки гана варианты бар**: *–чу, -чү.***

Атооч сөздөргө жалганып, алардан кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасоочу төрт варианттуу ***(-чы, -чи, -чу, -чү)*** мүчөсүнүн морфологиялык составы аткарган милдети жагынан кыргыз тилинде эки башка мүчө.

***-чу*** мүчөсү уланып турган этиштик негиз «экен, эле» көмөкчүлөрү менен айкашса, байыркы өткөн чактык маанини, же окуяны сүйлөөчү өзү катышпай, кимдир бирөөлөр тарабынан билгендигин көрсөтөт.

**Мисалы:** *Тынчтык кезинде бул заводдо кырк беш миң адам **иштечү** эле.*

**Көнүгүү иштетүү**

**476-көнүгүү.**

**Өткөн чакты билдирүүчү этиш сөздөрдү атап, кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалганын жана кайсы түрү экендигин аныктоо.**

Андан кийин класс төрт топко бөлүнүп ар бир топко конверт таратылат, конверттин ичинде тамгалар берилет, алар тамгалардан этиштин өткөн чагын уюштурган сөздөрдү табышат. Тапкан сөздөрүнө сүйлөм түзүшөт.

Окуучулар тапкан сөздөрүн айтышып , сүйлөмдөрүн окуп беришет

Андан кийин ***А, Б, В, Г, Н, Р, П, Ж, С, Т, Д, К, М*** тамгаларын ар бирин өзүнчө карточкага жазып, окуучуларга тамгаларды көрсөтпөй тандатуу керек. Ар бир топ өзүнө келген тамгасына текст түзүшөт, б.а., жалаң тандаган тамгасынан башталган сөздөрдү жана ошол тамгадан башталган өткөн чакты уюштуруучу сөздөрдү катыштырып чакан текст түзүү.

**Сабакты бышыктоодо** кайтарым байланыш методун колдонуу менен окуучуларга «Бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүк?» - деген суроо менен кайрылуу.

**Үйгө тапшырма:** 477- көнүгүү.

**Окуучулардын билимин балоодо** ватманга пирамида тартып, окуучулар жооп бергенде, улам бир перамиданын баскычын жогорулатуу**.**

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Таалайбек кызы Асель**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**бүтүрүүчүсү**

**Сабактын темасы: Сын атооч (5-класс)**

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Сын атоочтун морфологиялык белгилеринен, синтаксистик кызматынан, лексикалык маанисинен кеңири түшүнүк алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Ой-пикирин так, даана айта билүүгө көнүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Алынган мисалдар аркылуу топтордо иштөөдө адептүүлүккө, ынтымактуулукка тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучулар…**

а) Сын атоочтун белгилери жөнүндө кеңири түшүнүк алышса;

б) Ой-пикирин так, даана айта алышса, сабаттуу жаза билишсе;

в) Адептүүлүккө, ынтымактуулукка тарбияланышса.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, кызыл алма дидактикалык карточкалар.

**Сабак аралык байланыш:** адабият.

**Сабактын жүрүшү:**

**1) Уюштуруу иши**

**2) Өтүлгөн теманы суроо**-жооп иретинде бышыктоо. Үйгө берилген тапшырманын үстүнөн иштөө.

**3) Жаңы тема:**

- Саламатсыңарбы, балдар?

- Балдар, бүгүн айдын канчасы? Жуманын кайсы күнү? *(Доскага число жана жаңы тема жазылат)* – Бүгүн силер менен жаңы тема өтөбүз. Сын атооч жөнүндө билгениңер барбы? *(окуучулар жооп беришет.)* - Азаматсыңар, балдар! Эми сын атоочко колумдагы кызыл алма аркылуу аныктама берели. *(Суроолор берилет ооз эки түрдө, окуучулар жооп*

*беришет.)*

1) *«Алма»* деген сөз кайсы сөз түркүмүнө кирет? Демек, биз зат атоочко мүнөздөмө беребиз.

2) Кандай алма? ***Кызыл алма.*** Заттын өңү түсүн билдирди.

3) Кандай алма? ***Тоголок алма.*** Заттын формасын билдирди.

4) Кандай алма? ***Чоң алма.*** Заттын көлөм-ченемин билдирди.

5) Кандай алма? ***Таттуу, ширин, кычкыл алма.*** Заттын даам-татымын билдирди.

6) Кандай алма? ***Сулуу алма.*** Заттын сын-сыпатын билдирди.

Демек, сын атооч деген эмне экен? Өзүңөр аныктама берип көргүлөчү? (*окуучулар жооп беришет.)*

Заттын өңү түсүн, сын-сыпатын, көлөм-ченемин, формасын, даам-татымын билдирип турган сөздөр сын атооч д.а. – Анда суроосу кандай болуп калат? *(кандай? кайсы?)*

Сын атоочтун өзүнө тиешелүү белгилери бар. Алардын бири морфологиялык белгиси – сын атоочтун даражалар менен өзгөрүшү. Сын атоочтун төрт даражасы бар. М.: Силерге түшүнүктүү болуш үчүн алманы алалы.

I Жай даража - *кызыл алма.*

II салыштырма даража – *кызылыраак алма.*

III күчөтмө даража – *кыпкызыл алма.*

IV басаңдатма даража – *кызгылт алма.*

- Түшүндүңөрбү? – Кана, эми өзүңөр кол көтөрүп, мисал келтирип көргүлөчү? *(окуучулар кол көтөрүп жооп беришет.)*

Сын атооч түзүлүшү боюнча жөнөкөй *(алгыр)* жана татаал (*орто бойлуу, ак көңүл)* болот. Накта маанисинде турганда жөндөлбөйт, жакталбайт, таандык мүчөлөр менен жана көптүк санда өзгөрбөйт. Сын атооч сүйлөмдө аныктоочтук же баяндоочтук милдет аткарат. Мисалы: *(Доскага талданган даяр сүйлөм илинет.) Асан кызыктуу китепти окуду. Ысык-Көл кышта жылуу, жайда салкын.*

Суроолору: Асан эмне кылды?

- *окуду* – сүйлөмдүн баяндоочу.

Ким окуду? – *Асан* – ээси.

Кандай китеп окуду?

- *Кызыктуу* – сүйлөмдүн аныктоочу.

Кызыктуу эмнени окуду?

- *китепти* – сүйлөмдүн толуктоочу.

- Демек, бул сүйлөмдө сын атооч кайсы болду? (*окуучулар жооп беришет.) –* Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарды? *(окуучулар жооп беришет).*

Бүгүн сабакта адаттагыдай эле топтордо иштейбиз.
**1 – топ** – «Ак калпак»

**2-топ** – «Акылман»

**3 – топ** – «Келечек». Ар бир командага карточкалар таратылып берилет. Карточкада мындай тапшырма бар.

**1 –топ** – «Ак калпак» тобу «Жайлоо» деген темада чакан эссе жазгыла. Тирек сөздөр: *кооз, салкын, укмуштуудай, жапжашыл, кызыл-тазыл.*

**2-топ** – «Акылман» тобу «Ысык-Көл» деген темада чаккан эссе жазгыла: Тирек сөздөр: *таза, тунук, мээлүүн, шаңдуу*.

**3-топ** – «Келечек» тобу «Менин апам» деген темада чакан эссе жазгыла. Тирек сөздөр: *мээримдүү, сулуу, акылдуу, өнөрлүү*.

Бул тапшырманы аткарыш үчүн 5 минут берилет. (*окуучулар жазышкан эсселерин окушуп, андагы сын атооч сөздөрдү таап айтып беришет.)*

- Бүгүнкү тема түшүнүктүү болуп жатабы, балдар?
- Эми дагы топ менен иштейбиз.

3 топко 3 текст *(мурда даярдалган)* таратылып берилет. Окуучулар тексттерди окуп, түшүнгөнүн айтышат жана андагы сын атооч сөздөрдү табышат.

***Чекир Ажы (өз аты Ыйса) –***

*XIX кылымдын орто чени, XX кылымдын башында жашап өткөн. Жети-Өгүздүн Чоң-Кызыл-Суусунда төрөлгөн.*

*Орто бойлуу, кең далылуу, толмочунан келген, өтө акылдуу киши болгон. Дөөлөс уруусунун кулуну катары анын каада-салтын бек тутуп, уруусун даңазалап, бийик көтөргөн. Эл ичинде калыстык менен маселелерди чечкендиктен, жогорку кадыр-баркка ээ болуп, өз убагында сабаттуу, чарбакер алдыңкы көз караштагы адам болгон. Ошол кездеги жергиликтүү бийликтин өкүлү болгондуктан, айылдаштары кеп-кеңештерин угуп сыйлашкан. Замандаштары анын көзү көк болгондуктан, эки жолу ажыга баргандыктан, Чекир ажы атап калышкан.*

***Светлая Поляна***

*Жети-Өгүз районундагы Оргочор жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айылдын мурунку аты – Сүттүү-Булак. 1911-жылы негизделген. Айылда төөлөс уруусунун чулумкашка уругу жана бугу урууларынын өкүлдөрү жашашат. Айыл атынын орусча аталышы жергиликтүү болуп отурукташып жашап калышкан орус элинин койгон аты. Светлая Поляна – «ачык талаа»*

*болуп которулат. Жердин өзгөчөлүгүнө карата коюлган. Сүттүү – Булак болуп аталып калышы жөнүндө көп санжыра уламыштар бар. 1) Айылдын жогорку жагынан чыккан булак сүткө окшоп, ак, тунук болуп чыккандыктан, айылдын атын Сүттүү-Булак деп коюшкан. 2) Дагы бир варианты боюнча булактын үстүндө, Кызыл-Жардын алдындагы булакта күндө эртең менен Сүтак сайрап турган. Ал мезгилде ошол жерге көп кишилер келген эмес, эл жашабаган жер болгон. Ошондуктан Сүттүү -Булак аталган.*

### *Чоң-Кызыл-Суу*

*Чоң-Кызыл-Суу - Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Светлая Поляна жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. 1920-жылы негизделген. Калкынын саны – 385. Негизинен төөлөс уруусунун айтамга, чулумкашка, меркит, керейит уруктары жана саяк, бугу урууларынын өкүлдөрү турушат. Айыл Чоң-Кызыл-Суунун сол жээгинде, 200 метр бийиктикте жайгашкан. Капчыгайдын оозуна жакын таза, минералдуу Жылуу-Булак чыгат. Чоң-Кызыл-Суу ушул жерден кызыл түскө өтөт, ошол себептен суунун, айылдын, капчыгайдын, өрөөндүн аттары аталып калган.*

Бул убакыттын ичинде, мугалим сабакты бышыктоо үчүн суроолорду даярдайт. Окуучулар тексттерди окушуп, сын атооч сөздөрдү таап, оозеки айтып беришет.

- Эми бүгүнкү алган билимиңерди текшерип көрөлү?

**Сабакты бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Сын атоочко кандай мүнөздөмө бере аласыңар?
2. Сын атооч кандай мүчөлөр менен өзгөрөт экен? Мисал келтиргиле?
3. Сын атоочтун даражалар менен өзгөрүшү сын атоочтун кайсы белгисине кирет?
4. Жөнөкөй жана татаал сын атоочко мисал келтиргиле.
5. Сын атооч кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?
6. Сын атооч жөндөлөбү? Жакталабы? Таандык мүчөлөр менен өзгөрөбү? Көптүк санда өзгөрөбү?

**Жыйынтыктоо:** - Кана, балдар, бүгүнкү сабакка түшүндүңөрбү? Демек, сын атооч заттын өңү-түсүн, сын-сыпатын, көлөмүн, формасын, даамын билдирип, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү экен. – Түшүнбөй калган жерлериңер барбы? – Бүгүнкү сабак боюнча суроолоруңар барбы?

**Үйгө тапшырма берүү** §69, 410 – көнүгүү.

## Окуучулардын билимин анализдеп, баалоо
## Сабакты жыйынтыктоо

**Тыныстанова Мадина**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

### Сабактын темасы - Тыныш белгилердин негизги эрежелери

Сабактын максаттары:

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар тыныш белгилердин негизги эрежелери, коюлуш максаттары жөнүндө кеңири маалымат алышат, аларды мисалдар аркылуу толук өздөштүрүшөт.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** Окуучулар логикалык ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын, сөз байлыгын өстүрүшөт, сүйлөмдөргө тыныш белгилерди туура коюуга жана оозеки кепте интонацияны сактоону өздөштүрүшөт;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:** Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга жана пунктуациялык сабаттуулугун арттырууга көнүгүшөт.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ...**

**а)** окуучулар тыныш белгилердин негизги эрежелери, коюлуш максаттары жөнүндө кенири маалымат ала алышса, аларды мисалдар аркылуу толук өздөштүрүшсө;

**б**) логикалык ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын, сөз байлыгын өстүрө алса; сүйлөмдөргө тыныш белгилерди туура коюуга үйрөнүшсө жана оозеки кепте интонацияны сактоону өздөштүрсө;

в) топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жаза алышса жана пунктуациялык сабаттуулугун арттыра алса;

**Сабактын тиби:** Жаны билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк.
**Сабактын формасы:** Чакан топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, слайддык материалдар, ватман, маркерлер.

Сабактын жүрүшү:

•Уюштуруу.

- Саламатсынарбы, балдар! Кутмандуу күнүңөр менен! Маанайынар жакшыбы?

Балдар, кандай тыныш белгилерди билесинер? (Окуучулар жооп беришет).

-Туура, балдар! Азаматсынар! Бүгүнкү тема - тыныш белгилердин негизги эрежелери.

**Жаны тема:** Тыныш белгилери (чекит, суроо белгиси, илеп белгиси, үтүр, кашаа, сызыкча).

**Мугалимдин сөзү:**

Кыргыз тилиндеги тыныш белгилер жазма түрүндөгү баяндалган ой пикирге так жана туура түшүнүүгө жардам берет. Эгер сүйлөмдө керектүү тыныш белгилери коюлбаса, же туура эмес коюлса, окуганда анын маанисин түшүнө албай кыйналабыз. Ошондуктан жазууда тыныш белгилери дайыма туура коюлууга тийиш. Кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн тыныш белгилерине чекит, суроо белгиси, илеп белгиси, үтүр, кашаа, сызыкча ж.б кирет.

**1-слайд.**

| |
|---|
| Чекит белгиси (.) дайыма жайынча айтылган сүйлөмдөрдүн аягына коюлат да, сүйлөм жайынча интонация менен окулат. **Мисалы:** *Жан кыйналбай, жумуш бүтпөйт. Кыргыз тил сабагы башталды.* Демек, чекит белгиси жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөргө коюлат. |

**2-слайд.**

| |
|---|
| Илеп белгиси (!) илептүү сүйлөмдөрдүн аягына коюлат жана мындай сүйлөмдөр оозеки кепте күчтүү интонация менен айтылат. **Мисалы:** *Жашасын элдердин ортосундагы достук!* Буйруу маанисиндеги сүйлөмдөр күчтүү сезим менен айтылса, аягына илеп белгиси коюлат: *Асанов, тур ордундан!* Каратма сөз же сырдык сөз сүйлөмдүн башына келип, күчтүү сезим менен айтылса, ошол сөздөн кийин илеп белгиси коюлат: *Майсалбек! Алда айланып, согулуп кетейин балам ай!* (Ч.А) *Бах! Көлдүн кереметин карачы!* |

**3-слайд.**

| |
|---|
| Суро белгиси (?) суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлуп, сүйлөм суроо |

интонациясы менен айтылат: *Бүгүнкү сабакка даярсынарбы? Ч.Айтматовдун акыркы чыгармасын ким окуган?*

**4-слайд**

Үтүр белгиси (,)бир өнчөй мүчөлөрдүн арасына коюлат. **Мисалы:** *Чыдамкай, токтоо,эмгекчил адам баарын жеңет.* Бир өнчөй мүчөлөрдү **да** байламтасы байланыштырып, бир нече ирет кайталанып келсе, үтүр ар бир байламтадан кийин коюлат, ал эми эн акыркы **да** дан кийн коюлбайт: *Туз да, талаа да, ой да, жылга да, жыбыт кар жамынган.* Бир өнчөй мүчөлөрдү **ары** байламтасы байланыштырып, бир нече ирет кайталанып келсе, үтүр ар биринин алдына коюлат: *Ал билимдүү, ары откүр, ары уюштургуч жигит.* Эгерде бул байламта бир нече жолу кайталанбай, эки бир өнчөй мүчөнү байланыштырса, үтүр коюлбайт: *Анын сөзү чечкиндүү ары маныздуу болду.* **Же** байламтасы байланыштырып, бир нече жолу кайталанса, ар бир байламтадан мурун үтүр белгиси коюлат: *Быйыл Асан, же Омар, же Салый мыктылардын конкурсуна катышат.* Оозеки кепте үтүр белгиси коюлган жерлерде пауза (тыным) менен айтылат. Кээде сүйлөмдүн же сөздүн маанисин ачыгыраак, толугураак түшүндүрүү үчүн кошумча сүйлөм же сөз колдонулат, жазууда алар кашаага алынып жазылат . *Отурунуз, тартипти сактаныз (ал Калкабай уулунун атын атайы атабады). Класста Асеманын (старостанын) окуусу мыкты.* Тике сөз жалпы тексттен бөлүнбөй , анын ичинде берилсе, тырмакчага алынып жазылат: Мугалим: «Алардын аты-жөнү ким?», - деди. Цитаталар да тырмакчага алынып жазылат.

Демек, биз жазууда тыныш белгилерин колдонууда, атайы жогоркудай эрежелерди билип, сабаттуу жазуубуз зарыл. Тыныш белгилери, алардын коюлушу тууралуу маалымат ала алдынарбы? Анда, көнүгүүлөрдү иштейли. Окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат. 1,2,3 деп саноо менен класс 3 топко бөлүнүп, ошондой эле ар бир топко озүнчө тапшырмалар берилет.

**1-топ:** **381-көнүгүү.**

**2-топ:** **382-көнүгүү.**

**3-топ:** **383-көнүгүү**.

Топтор өз алдынча иштеп жатканда, мугалим сабактын кийинки бөлүгүнө керектөлүүчү текст слайд менен сунушталат.

**№5 слайд**

*Биз жерден көтөрүлдүк. Баары далдаала көрүнүп турду: айдоо аянттары, айылдар, шаарлар. Баары тен тааныш. Алды жакта көрүнгөн шаарлар, кыштактар булар: Кара-Балта, Сокулук, Ак-Суу, Кайыңды. Мына Зууракан Кайназарова жашаган айыл. Ал азыр дүркүрөп өсүүдө. Самолөттун жолу даңгыр. Анын жолу - асман. Аска да, суу да — бардыгы тоскоол боло албайт.* (Ж.Б).

Ар бир топтон лидерлер чыгып, берилген тапшырманын аткарылышын түшүндүрүшөт. Ошондон кийин жалпы клаас доскада даяр текстти окуп, тыныш белгилердин кайсы эрежеге ылайык коюлганын оозеки түшүндүрүп беришет.
Окуучуларды саноо жолу аркылуу 3 топко бөлүү.

**1-тапшырма**. Карточка менен иштөө.

3 топко 3 текст берилген, аларга тыныш белгилерди коюшат.

**1- топ үчүн: К.Баялиновдун «Көл боюнда» повестинен үзүндү**

*Күтүлбөгөн жерден Жапардын али үйгө кирип келишине Айымбүбү шашып кел кагылайын кел деп ордунан тура калды. Ачкыл ичүүгө келген чыгар. А бетим эми тузу жок ачкылды уялбай ага кантип берем деп Айымбүбү кысылды. Тышка чыкты Жапар кеткен жок отурат чыдай албай Айымбүбү кайта үйгө кирди. Атайын ачкыл ичейин деп кирген чыгар Кантип бербей коеюн берейин.*

**2-топ үчүн:**

*Күүсү жанбас заман жок күчү кайтпас адам жок дегендей Ополдун күбүлдөгү басылды. Жангечтинин тиш кайрап ызырынуусу жанды Кылычың канчалык курч болбосун көптү чаап бүтө албайсын мокойт . Жалганды чындай кылган тилин канчалык бал болбосун көптү узакка алдай албайсың айыбың ачылат сыңарындай Жангечти Ополдун кылычы мокоду.*

**3-топ үчүн: Комуз**

Түрк элдеринде улуттук тартма кылдуу чертме жана какма аспаптардын кобус камыс кобуз деп аталышы комуздун эн байыркы музыкалык аспап экендигин далилдейт. Комуздун эки четки кылы четкиге карай квинтага же квартага толгонот.

Комуз элдик кылдуу музыкалык аспап. Ал сүйрү чабылып, жалпы узундугу 75см. Улуттук аспапыбыз комузду унутпайлы.

Ар бир топтон лидерлер чыгып, карточкаларга жооп беришет. Текст

боюнча суроолор:

**I топко**: Бул тексттин тарбиялык мааниси эмнеде?

**II топко**: Бул чыгарма кимдин калеминен жаралган? Чыгарма менен тааныш белеңер?

**III топко**: Кыргыздын "эн" белгиси комуз жөнүндө дагы кандай маалыматтарды билесинер?

**2-тапшырма**

Чакмактын ичиндеги чачыранды тамгалардын арасынан тыныш белгилердин аттарын табуу. Ал табылган тыныш белгилер жөнүндө окуучулар айтып беришет.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| к | ч | ш | е | с | ы | з | ы | к | ч | а | з |
| а | с | э | ю | ь | у | у | г | к | д | у | и |
| ш | У | р | ү | т | ү | р | о | в | н | м | л |
| а | ф | х | ч | р | й | ө | о | б | я | т | е |
| а | ч | е | к | и | т | а | л | о | ң | ж | п |

**3-тапшырма**

Схема боюнча иштөө.

**I топ үчүн: ______**: "_____________", - ________.

**Үлгү:** *Ч.Айтматов: "Адамга эн кыйын күн сайын адам болуу", - деп айткан.*

**II топ үчүн:** "____________________,

____________________",- __________.

**Үлгү:** *" Билимдүүлөргө дүйнө жарык,*

*Билимсизге дүйнө караңгы", - деген макал бар.*

**III топ үчүн: _________(_________ ) : "___________ ", - ________.**

**Үлгү:** Айгүл (Анараны карап) : "Сенин келгениң жакшы болду", -деди.

**4-тапшырма**

Тыныш белгилери туура эмес коюлган тексттерди таратуу. Аларды тууралашат.

**I топко:**

Арстан жүгүрүп келип, уйгө кирди.

- Эмнеге чакырдың, энеке?

-Кат окуй аласыңбы, кагылайын?

-Окуй алам.(Кат түгүл энеке), Тимур жана анын командасы, деген китепти

да окуп чыктым.

Баланын бул сөзүнө Бурулча жакшы тушунө албаса да, анын сөзүн коштомокчу болуп:

- Ал кандай китеп.Чоңбу!-деди.

-Чоң! Энеке. Ал эң эле, кызык китеп.

**К.Баялинов « Көл боюнда» повестинен**

**II топко:**

... Сен тигил кыздын калыңына келген кулсун. Сени алып келген кыздын күйөөсу! (ашкан баатыр). Ал жигиттин "Кызыл буурул" деген аты? "Ак чакыр" деген мылтыгы бар.

Кыздын атасы: (Ошол экөөнү бересиң, аларды бербесең, үч кул бересиң), -деген. Жигит ат менен мылтыкты бербестен, үч кул алып келип берди. Ошонун үчүнчүсү - сенсиң.

**А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесинен**

**III топко:**

Турумбек маркум "Ой, Чаргын, тетиги кыздар ойногон чатырдын төбөсүндө кызарганды карачы?"- деди. Мен ал жакка карап алып: (Ой сенин күйкөн) дедим. Экөөбүз учкашкан бойдон чаап бардык. Турумбектин куйкөсү! Таранып коюп, чатырды төбөсүнө конуп отурат. Чатырдын эшиги ачык. Куурчак ойноп отурган кыздыр күйкөгө карап, кыткылыктап күлүшөт. Анда эң кичинеси ушул Гулнар, ушул Зарыл, ушул Мыскал бар!

**Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романынан**

**Сабакты жыйынтыктоодо** окуучулар "Тыныш белгилери" боюнча класстер түзүшөт.

**Окуучуларды баалоо.**

**Үй тапшырма берүү**

**Уланбекова Нурайым**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Ээ менен баяндоочтун ээрчишкен, ээрчишпеген учурлары (7-класс)

**Сабактын максаттары:**

| а) билим берүүчүлүк максаты: | б) өнүктүрүүчүлүк максаты: | |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар ээ менен баяндоочтун ээрчишкен жана ээрчишпеген учурлары боюнча билим алышат, түшүнүктөрүн тереңдетишет. | Окуучулар синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгышат. Сөз байлыктарын өстүрүшөт. | Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлап, өз ара түшүнүүгө багыт алышат. Эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө машыгышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ...**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар ээ менен баяндоочтун ээрчишкен жана ээрчишпеген учурлары боюнча билим алышса, түшүнүктөрүн тереңдетишсе. | Окуучулар синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгып, сөз байлыктарын өстүрүшсө. | Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, сыйлап, өз ара түшүнүүгө багыт алышса. Эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө машыгышса. |

**Сабактын тиби:**Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү ыкманын айрым стратегиялары

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, презентация, карточкалар, сүрөт, баалоо үчүн медалдар, алма.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу** (окуучуларды 2 топко бөлөбүз)
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо:**

Саламатсыңарбы балдар? Бүгүнкү сабакка болгон маанайыңар жакшыбы? Анда сабакты баштайлы.

(Өтүлгөн теманы кайталоо максатында мугалим кыскача презентация-оюн ойнотот). Окуучулар ээ менен баяндоочтун арасына сызыкчанын коюлушу жөнүндө презентация оюн ойношот.

**Мугалимдин сөзү:** Азаматсыңар, балдар! Демек, ээ менен баяндооч бирдей формада колдонулса, б.а. баяндоочтун милдетин да атооч сөздөр аткарса, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат. Мындай кырдаалда оозеки кепте ээ менен баяндоочтун тобунун ортосунда ажыратуучу тыным болот, тактап айтканда, ээнин тобунан кийин тыным жасалып, андан соң баяндоочтун тобу айтылат.

(Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Мугалим 2 топко 2 карточка таратып

берет. Окуучулар карточкадагы сүйлөмдү сызыкчалуу жана сызыкчасыз кылып өзгөртүшөт).

**Берилген макалдарга тыныш белгилерин коюп, маанисин түшүндүрүп беришет.**

**1-топ:** *Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон «Манас» ар бир адамдын алтын бешиги.*

**2-топ:** *Ааламды калемине багындырып, кыргыз элин дүйнө жүзүнө Ч.Айтматов тааныткан.*

Окуучулардан жооптор алынып, такталат.

**Жаңы тема:**

-Азаматсыңар! Балдар, биздин бүгүнкү өтө турган темабыз силер билген эле ээ менен баяндооч жөнүндө болмокчу. Темабыз «Ээ менен баяндоочтун ээрчишкен жана ээрчишпеген учуру» деп аталат.

(Жаңы тема боюнча слайд-презентация көрсөтүлөт.)

Ээ менен баяндооч дайыма грамматикалык байланышта болот. Эгерде сүйлөмдүн ээси кайсы жакта, санда (кээ бир учурда түр) турса, баяндооч да ошол сан, жакта турушу керек. Кыскасы, ээ кайсы формада колдонулса, баяндооч да ошол формада ээге о кшошуп, аны ээрчип турушу керек.

**Мисалы:** *Сен бул жерге ар качан башкача болуп келчүсүң. Биз жакшы окуйбуз.*

Бул сүйлөмдөрдө ээ менен баяндооч жак, сан боюнча ээрчишти, окшошту. Бул **толук ээрчишүү** деп аталат.

Кээ бир учурларда ээрчишпей калган учурлар да кездешет. Жак боюнча ээрчишпей, сан боюнча ээрчишип, же тескерисинче болуп калган учурлар кездешет. **Мисалы:** *Асмандан жылдыздар жымыңдады.*

Бул сүйлөмдө жак боюнча ээрчишип, сан боюнча ээрчишкен жок.

Кээ бир учурда ээ менен баяндооч жак, сан боюнча ээрчишпей жөн гана маанилик жактан ээрчишкен учурлары да болот.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучуларга шариктин ичине берилген карточка таратылып берилет. Карточкадагы сүйлөмдөрдү окуп, ээрчиштиби, жокпу айтып беришет. Башаламан берилген сөздөрдөн темага байланыштуу кылып, сүйлөм түзүшөт.

Жооптор алынат, такталат, толукталат.

**Сабакты бышыктоо.** Кайтарым-байланыш методунун негизинде мугалим окуучуларга “Бүгүнкү сабакта эмнени үйрөнө алдыңар?” - деген бир гана суроо менен кайрылат. Окуучулар түшүнгөндөрүн айтып беришет.

**Үйгө тапшырма берүү:** Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү жана

ээрчишпеген учуру боюнча берилген сүрөттөр боюнча текст түзүп келишет.

**Окуучулардын билимин баалоо.** Чогултулган алмалар боюнча чечим чыгарылат. Жакшы жооп берген окуучуларга медаль тагылат.

**Сабакты жыйынтыктоо**


**Уланбекова Нурайым**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**


## Сабактын темасы: Атоочтуктар (6-класс)

**Сабактын максаттары:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар атоочтуктар боюнча алган билимдерин бекемдешет жана атоочтуктардын касиеттерин, сүйлөмдөгү ордун аныктоого үйрөнүшөт.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучулар морфологиялык талдоого үйрөнүшөт, ошондой эле этиштик жана атоочтук ээлерге ажырата билүүнү үйрөнүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Окуучулар өз ара сыйлашууга, бири-биринин оюн угууга, топтор арасында иштөөгө тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

**а)** атоочтуктар боюнча алаган билимин бекемдей алышса, атоочтуктардын касиеттерин, сүйлөмдөгү ордун аныктап үйрөнө алышса;

**б)** окуучулар морфологиялык талдоого үйрөнүп, этиштик же атоочтук экенин ажырата билишсе;

**в)**өз ара сыйлаша билип, бири-биринин оюн угуп, топтор арасында иштөөгө тарбияланышса.

**Сабактын тиби —** Алган билимди бекемдөө сабагы
**Сабактын методу:** Айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк, проблемалык методдор.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, ватман, маркер.
**Сабактын жүрүшү**:
**1) Уюштуруу** (окуучуларды топторго бөлүү)
**2)Өтүлгөн теманы кайталоо**

Өтүлгөн теманы кайталоодо класстагы окуучуларды 3 топко бөлүп алат. Ар бир топко дидактикалык карточкалар таратылат.

**1-топ:** Чакчыл деп эмнени айтабыз жана мисал келтиргиле.

**2-топ:** Чакчылдардын мүчөлөрү жөнүндө эмнени айта аласың?

**3-топ:** *Ал каткырып күлдү. Акшырая карады.*

Мындагы чакчылдарды карап, таап чыккыла.

**Жаңы тема: Атоочтуктар**
**Мугалимдин сөзү:**

- Балдар, силер айткандай эле атоочтуктар биздин тилибизде эң кеңири колдонулат. Атоочтук деп белгилүү бир убакытка тушташ кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтүүчү этиштин грамматикалык туунду формалары аталат.

Атоочтуктар затты кыймылдык белгиси боюнча көрсөтүү, аныктоо зарылдыгынан келип чыккан. ***Мисалы:*** *Мына майрам, мына кызык тамаша, ыр* ***ырдаган*** *ырчысы, комузун* ***черткен*** *комузчусу, бий бийлеген бийчиси, кыягын тарткан кыякчы.*

Атоочтуктар этиштик жана атоочтук касиетке ээ. Этиштик касиети төмөнкүлөр:

1) кыймыл-аракетти билгизет. ***Мисалы:*** *Куш* ***аяган*** *киши көк карайт, ат* ***аяган*** *киши жер карайт. Кепти* ***угар*** *жерге айт, сууну* ***сиңер*** *жерге төк.*

2) мамиле, чак категорияларына ээ.

3) этиштик касиетин сакташып, өздөрү менен бирге айтылган сөздөрдү жөндөмүнүн тигил же бул формасында болушу талап кылынат, башкача айтканда, аларды башкарышат.

Атоочтук касиеттери төмөнкүлөр:

1) Сын атооч сыяктуу, заттын белгисин билдиришип, аныктоочтук милдет аткарышат. **Мисалы:** *айдалган жер, окуган киши.*

Атоочтуктар менен сын атоочтор заттын жалпы эле белгисин билдирип, аныктоочтук милдет аткарганы менен экөө бири-биринен да айырмаланат.

Атоочтуктарга сөз озгөртүүчү мүчөлөр аныкталгычы түшпөсө да жалганат, алардын атооч маанисиндеги касиетке ээлигинин негизги белгиси ушунда. Мындай учурда да алар жондөмөлөрдү башкаруу жөндөмдүүлүгүн сакташат, заттанган түшүнүк катарында кыймыл-аракеттин атын же анын процессин билдиришет. **Мисалы:***Күндүн* ***жаагany*** *уламдан улам калыңдады.*

Атоочтуктар заттык мааниде колдонулган учурда заттанган түшүнүктү же кыймыл-аракеттин атын, процессин билдирет. Бирок ошондон да, этишке мүнөздүү болгон чактык жана башкаруу жөндөмдүүлүгүн сакташат. Синтаксистик негизги функциясы да өзгөрөт. Башында алар, негизинен, аныктоочтук, баяндоочтук милдет аткарышса, заттык мааниде колдонулганда ээ жана толуктоочтук милдет аткарышат. **Мисалы:** *Көп* ***<u>жашаган</u>*** *адам билбейт.*Атоочтуктарды уюштуруучу грамматикалык каражаттары бар: ***-ган, -ар, - бас, -оочу, -уучу, - а, -э, -й.***

Ошондой эле атоочтуктар өткөн чактык, келер чактык, учур чактык формада болот.

Мугалим окуучуларды топ-топторго бөлүп алат. Ар бир топко бирден төрт сап ыр берилет. Ырдан атоочтуктарды таап, түрлөгө ажыратышат.

**1-топко:** *Асманда пайда болду <u>батпас</u> жылдыз,*
*Шул күндү тилегенбиз кечээ күндүз.*
*Учкучтар бар <u>жалтанбас</u>, баатыр бизде*
*Бардык ишти ырдаган акын бизде.*

*( Барпы)*

**2-топко:** *Адам <u>жүрбөс</u> ач белде,*
*Кузгун <u>учпас</u> уу чөлдө,*
*Бенде <u>келбес</u> азапка.*
*Кырк кулактуу казанга,*
*Чал Куйрукту салды эми.*

*( Төштүк)*

**3- топко:** *Ак куржунга <u>артарга</u>*
*Эсенканга <u>тартарга</u>*
*Эптүү, жайлуу мал экен.*

*( Манастан)*

Топтор өз алдынча иштеп жатканда, мугалим доскага эки ватман илет да, **таяныч сөздөр** стратегиясын колдонуу менен бир канча сөздү жазат. (*аракет, жаркыраган, иче турган, кабыл алуучу).* Окуучулар ырдагы атоочтуктарды табышат, мугалим туура эмес жоопторго толуктоо киргизет. Кемчиликтер толукталат. Мугалим балдардын көңүлүн доскадагы ватманга бурат. Ал эки ватманга сүйлөм жаздыртып, эки команданы жарыштырат. Кайсы топтун упайы көбүрөөк болсо, жеңишти аларга ыйгарат. Топтордун лидерлери жооп беришет. Каталары оңдолот.

Сабактын кииийнки бөлүгүндө окуучулар атоочтук сөз алып ага

синквейн түзүшөт.  Бул учурда мугалим упайларды эсептейт.  Синквейндин жооптору алынып, кемчиликтер толукталып, такталат.

**Сабакты бышыктоо:**

Кайтарым-байланыш методунун негизинде б*из бүгүн эмнени үйрөндүк?* деген бир гана суроо берүү менен бышыкталат. Окуучулар өздөштүргөн материалдарын айтып беришет.

**Үйгө  тапшырма берүү**

Атоочтук деген теманы окуп келүү жана көнүгүү берилет.  Көнүгүүнүн аткарылышынын жолун түшүндүрүп берет.

**Окуучулардын билимин баалоо**

Окуучулардын сабактагы иш-аракеттери анализденип, күндөлүктөрүнө баа коюлат.

**Уланбекова Нурайым**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Бөлүкчөлөр (7-класс).**

**Сабактын максаттары:**

| **а) билим берүүчүлүк максаты:** | **б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** | **в) тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Окуучулар бөлүкчөлөр боюнча маалымат ала алышат. | Сүйлөмгө же сөзгө кошумча маани берүүчү бөлүкчөлөрдү сүйлөм ичинде туура жазууну, оозеки кепте туура колдонууну өздөштүрүшөт. | Топтордо иштөөгө жана бири-биринин оюн сыйлоого тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу …**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар бөлүкчөлөр боюнча маалымат ала алышса. | Сүйлөмгө же сөзгө кошумча маани берүүчү бөлүкчөлөрдү сүйлөм ичинде туура жазууну, оозеки кепте туура колдонууну өздөштүрүшсө. | Топтордо иштөөгө жана бири-биринин оюн сыйлоого тарбияланышса. |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк, проблемалык методдор.

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, чыгармалардан алынган кыскача тексттер, ватман, маркер, баалоо үчүн медалдар, бөлүкчөнүн түрлөрү боюнча таблица.

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу** (Окуучуларды 3 топко бөлүп алабыз).
2) **Өтүлгөн теманы кайталоо, үй тапшырмасын текшерүү**.

- Саламатсынарбы, балдар! Сабакка даярдыгыңар жакшыбы?

Мугалим окуучулардан үй тапшырманы суроо максатында ар бир окуучуга тапшырмасынан бирден сүйлөм окутат. Аны биргеликте текшеришип, такташат.

Бөлүнгөн ар бир топко карточка таратып берет. Окуучулар даярданып жатканда, мугалим партанын үстүнө байламталар жазылган карточкаларды аралаштырып коет. Доскага даяр ватманды илет. Өтүлгөн теманы кайталоодо мугалим окуучулардан тез иштөөлөрүн талап кылат.

**1-топ:** 1. Байламта деген эмне?
2. Эмне үчүн байламта деп атайбыз?

**2-топ:** 1. Берилген сүйлөмдөн байламтаны тап?
*Жаштар эмгектенишет жана алар эмгектен коркушпайт.*
2.Байламталардын канча түрү бар?

**3-топ:** 1. Мекен, жана, да (*сүйлөм түзүп, кайсы сөз менен же сүйлөмдү байланыштырды?)*
*2. Эрежеси.*

Ар бир топтун лидерлери чыгып, карточкадагы суроолордун жоопторун айтышат. Окуучулар менен мугалим бирдикте жоопторду тууралап,

кошумчалашат. Андан соң мугалим ар бир топтон окуучуларды доскага чакырып, аралашкан карточкаларды доскада жазылып турган байламталардын тиешелүү топторуна илүүсүн айтып түшүндүрөт. Доскага чыккан окуучуга өз топтору жардамдашат.

**Жаңы тема: Бөлүкчөлөр** (*доскага таблица илинет.)*

Сабактын кийинки бөлүгү байламталар менен бөлүкчөлөр аралаш камтылган кыскача текст менен башталат.

**Мугалимдин сөзү:**

-Балдар! Силерге азыр улуу төкмө акын атабыз Жеңижоктун 7 түн, 7күн мактап ырдаган, жаратылыштын баа жеткис байлыгы болуп саналган жер эненин боорунда өнтөлөп өскөн баласы суу жөнүндө кыска текст окуп беремин. Бул тексттен өзүңөргө тааныш жана тааныш эмес сөз бөлүктөрүн, байламталарды жазып отургула.

*Ырас, жер каймактагандан берки «он сегиз миң ааламдагы» бардык жан-жаныбарлар менен өсүмдүк, макулук менен пенде да ушул аккан көк кашка мөлтүр сууга милдеттүүбүз... Ошол үчүн аны дал ошо кирсиз суунун өзүндөй абийир менен, ынсап менен, ыйман менен, этияттык, билгичтик менен пайдалануу керек. Аккан суунун бир учу дүйнө менен ашталса, экинчи учу теңир таанышы менен алгоолошот экен.*

Окуучулар байламталарды айтып беришет, өздөрүнө тааныш болгон бөлүкчөлөрдү айтышат.

**Мугалим:**

-Ооба, туура айтасыңар, балдар. Силер айткан сөздөр байламталарга кирбейт. Кызматчы сөздүн түрүнө кирүүчү бул сөздөр **бөлүкчөлөр** деп аталат.

**Класска суроо: -** Мурда бул жөнүндө уктуңар беле? Окуучулар жооп беришет.

- Балдар, **бөлүкчөлөр** өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маанини билдирбейт. Качан гана сүйлөм ичинде кезиккенде же сөз менен сөз биригип келгенде гана, ага кошумча маани берет. Бөлүкчөлөр кылган кызматы жагынан байламталардан айырмаланат. Байламталар сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырса, бөлүкчөбүз болсо кошумча маани гана берет. Бөлүкчөлөр маанисине карай бир канча топторго бөлүнөт.

6) **Чектегич бөлүкчө** *(гана, эле).* Булар затты, кыймыл-аракетти башкалардан бөлүп, ажыратып чектеп көрсөтөт.

**Мисалы:** *Асманда ай **гана** жаркырайт.*

7) ***Күчөткүч* бөлүкчө (***абдан, аябай, өтө*). Сөздүн маанисин күчөтүп

көргөзөт.

**Мисалы:** *Биз жеген алма* ***абдан*** *таттуу экен.*

8) ***Аныктагыч-тактагыч*-бөлүкчө** *(да,деле, так, нак).* Сөздүн маанисин аныктап, тактап көрсөтөт.

**Мисалы:** *Биздин жайкы эс алуубуз* ***так*** *биз ойлогондой өттү.*

9) ***Салыштырма* бөлүкчө***(куду, кадим).* Бир нерсени экинчи бир нерсеге салыштыруу, окшоштуруу маанисин берген бөлүкчөлөр.

**Мисалы:** *"****Кадим*** *эле атасынын өзү, жоош болуп", - деди аял.*

10) ***Ырастагыч*-бөлүкчө** *(ырас, ооба, да).* Сүйлөөчүнүн макулдугун, колдогонун билдирген маанидеги мүчөлөр.

**Мисалы:** *«****Ооба,*** *биздин келечегибиз ар бирибиздин колубузда", - деди Бектурган карыя.*

11) ***Таңгыч*-бөлүкчө** *(эч, турсун, тургай, турмак).* Айтылуучу ойду жокко чыгаруу, макул болбоо.

**Мисалы:** ***Эч*** *болбосо, мен да учкуч болом.*

12) ***Сурама*-бөлүкчө** *(ыя, ээ, и).* Суроиретинде колдонулат.

**Мисалы:** ***Ыя,*** *балам саатың канча болду?- деп сурады чоң апа жол жээгинде турган баладан.*

13) ***Божомолдогуч* бөлүкчө** *(го).* Айтылуучу ойго сүйлөөчүнүн көзү жете бербегендигин, жөн гана божомол түрүндө айткандыгын билдирүүчү бөлүкчөлөр.

Сабактын кийинки бөлүгү көнүгүү иштөө, текст түзүү менен улантылат. Көпчүлүк учурда топторду жарыштыруу менен жүргүзүлөт. Ар бир топтон лидерлер чыгып, катышып турган карточкалардан 5тен тандашат. Өздөрү тандап алган карточкадагы бөлүкчөлөр боюнча кыскача текст түзүшөт. Ар бир топ бөлүкчөлөрдө коюлуучу тааныш белгилерин колдонуусу зарыл.

***1-топ:*** *Ооба, куду, жана, эч, нак.*

***2-топ:*** *Тургай, аябай, эң, да, ырас.*

***3-топ:*** *Ыя, өтө, эле, турсун, го.*

Окуучулар түзгөн тексттерин окуп беришет жана бөлүкчөнүн кайсы түрүнө кирерин аныкташат. Биринчи бүткөн бир окуучуга медаль тапшырылат. Жалпы классты 3 топко бөлгөн боюнча

**1-топко:** бөлүкчөлөр боюнча кластер.

**2-топко:** синквейн.

**3-топко:** байламталар менен бөлүкчөлөргө диаграмма түзүү тапшырмасы берилет. .

Окуучулар иштеп жатышканда, мугалим доскага, бөлүнгөн 3 топ үчүн

плакатка жазылган кемитилген текстти илет. Класстер, синквейн, диаграммалар текшерилгенден кийин, ар бир топтон окуучулар чыгып маркер менен орду бош жерлерге тиешелүү бөлүкчөлөрдү жазып, тыныш белгилерин коюшат.

**1-топ:** *Асан менен Арген окуу жылы аяктап, жайкы эс алуу убактарында жайлоого барууну чечишти. Бүгүн алар күндүн суугуна____ ____ карабай жолго чыгышты. Бардык керектүүнү алышты. Күн бир аз жаады ____ ___ нерсе болбогондой ачылып кетти. Автобус зымырап отуруп, ____ ____ бейиштин багына киргендей болуп, ____ кооз эки тоонун ортосуна багыт алды.*

**2-топ:** _____ *бул жер чындыгында* _____ *кооз болчу. Арген кенедейинен шаарда өсүп, орусча тарбияланып өскөндүктөн, мындай жерди биринчи көрүшү* _____. *Эки жакты, сулуу, кооз жерлерди карап карыянын таягын кулатып алганын* _____ *байкабай калды.*

-_____ ____, *балам, таягымды алып берип койчу-деди карыя.*

-_____ _____ *деп чочуп кетти Арген... Муну уккан Асан тартына түшүп, досунун этиятсыз чочуп, карыянын сөзүнө түшүнбөгөндөй кулак сыртынан кетиргенине уялып, досун ыңгайсыз абалдан чыгаруу максатында.*

-______ , *ата, мен алып берейин, кечириңиз, - деп шыпылдай калып, тоголонуп кеткен таякты алып берди.*

-_____ , *балам ,кимдин уулу болосуң?*

-_____ *Аскербектин, чоң ата.*

-_____, *кагылайын,* ____ ____ *атаңдын өзүнө окшош экенсиң, ошол үчүн сурадым* ____ *деди карыя.*

**3-топ:** *Асан сыймыктана жылмайып* _____ *койду. Автобус көптөн күткөн жайлоого учура жете келди. Асан менен Арген үйдөгүлөр менен учурашышты* ____ *Аргендин сурануусу боюнча түз* _____ *маңдайдагы калың карагайлуу бетти көздөй жүгүрүштү. Токойдун ичи* ____ *кооз, не бир түркүн өсүмдүктөр* _____ *жаныбарлар* ______, *деги койчу, бардыгы* ______ *кооз...*

Окуучулар текстке тиешелүү бөлүкчөлөрдү кошушат. Жооп беришет. Аныкташат.

**Сабакты бышыктоо.** Балдар, бүгүнкү сабакта эмнени үйрөнө алдыңар? Баары түшүнүктүү болдубу? Баары кол көтөрүшөт, баштарын сылашат, бул «азамат» дегенди түшүндүрөт.

**Үй тапшырма берүү.** Сабак аяктаган соң, үйгө тапшырма берилип, аткаруу жолу түшүндүрүлөт.

**Окуучулардын билимин баалоо.** Күндөлүктөргө баа коюу. Жооп берген топтордун баракчаларына жылдызчалар чапталат. Сабакка эң жакшы

катышкан, жакшы жооп берген окуучуларга жана топторго тиешелүү медалдар тагылат.

**Шаршеева Нурай**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Жалаң сүйлөм ( окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн)

**Сабактын максаттары**:

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| Жалаң сүйлөм боюнча маалымат алышат. Структурасы боюнча ээ жана баяндоочтон гана түзүлөрүн билишет. | Жөнөкөй сүйлөмдүн башка түрлөрү сыяктуу эле жалаң сүйлөмдөр да татаал сүйлөмдөрдү түзүүдө курулуш материал болорун билишет. | Топтор менен иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга үйрөнөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорку максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…**

| | | |
|---|---|---|
| Структурасы боюнча грамматикалык ээ жана баяндоочтон гана түзүлгөн сүйлөмдөр жалаң сүйлөм экенин билсе. | Жалаң сүйлөмдөр татаал сүйлөмдөрдү түзүүдө курулуш материал болорун түшүнсө… | Топтор менен иштөөдө бири-биринин оюн, угуп, өз ара сыйлаша билсе |

**Сабактын тиби:**Жаңы билимди өздөштүрүү.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор

**Сабактын жабдылышы**:

**1) Уюштуруу учуру** (саламдашуу, классты активдештирүү, жагымдуу маанай түзүү)


**2) Өтүлгөн теманы кайталоо:**

Окуучулар топторго бөлүнөт, ар бир топко дидактикалык карточкалар тапшырылат.

**1-топ үчүн**: Сүйлөмдөрдү эмне үчүн жай, суроолуу деп бөлөбүз?

Түшүндүргүлө жана мисал келтиргиле.

**2-топ үчүн:** Жай сүйлөм менен суроолуу сүйлөмгө Венндин диаграммасын түзгүлө.




**3-топ үчүн:** Жай, суроолуу жана илептүү сүлөмдөрдү катыштырып, каалаган тема боюнча чакан текст түзгүлө. Алардын кандай интонация менен окула тургандыгын түшүндүргүлө.

**Жаңы теманы түшүндүрүү**:

- Баш мүчөлөр бонча эмнелерди билесиңер?
- Ээ деп эмнени айтабыз?
- Баяндооч деп эмнени айтабыз?

Доскага сүйлөмдөр илинет.

**Мисалы:** *Сабак башталды.*

*Окуучулар ырдашты.*

*Актыгы кардай, каралыгы көөдөй, учканы октой, отурганы мыктай.*

*Ырыс алды- ынтымак* ж.б.

(окуучулар сүйлөмдүн маанисин да түшүндүрүп беришет).

Ушул берилген мисалдар аркылуу жыйынык чыгаруу.

**Эреже:** Структурасы боюнча грамматикалык ээ жана баяндоочтон гана түзүлгөн сүйлөмдөр **жалаң сүйлөм** деп аталат.

Жалаң сүйлөмдүн структурасын түзүүчү грамматикалык негиздери – ээ жана баяндооч – мүчөлөрү, түзүлүшү боюнча ар түрдүү.

- Баш мүчөлөрүнүн экөө тең жөнөкөй жана татаал түзүлүштө боло берет.

***Көнүгүү иштөө***

Көнүгүү иштөөдө балдарга карточкалар таратылыт. Карточкалардын ичинде бир нече сөздөр берилген. Ушул сөздөрдү колдонуп жалаң сүйлөм түзүшөт.

**Мисалы:** *Акылай , топ, ырдады , гүлдөдү, алма, бакыт, китеп, ойноду, окуу* ж.б

Бүткөн соң, ар бири жазганын окуп беришет.

Эмне үчүн жалаң сүйлөм экендигин түшүндүрүшөт.

**332- көнүгүү.** Текстти окуп, андан жалаң сүйлөмдөрдү табышат.
**Мисалы:** *Жаз келди. Асман ачык. Бак-дарактар жашылдана баштады. Күкүк таңшыды. Жазында элдин баары жерлерин айдатып,үрөндөрүн себишти. Балдар кубанды. Аба ырайы күндөн-күнгө жылып баратты.*

**Жыйынтыктоо:**

***"Кайтарым-байланыш"*** методунун негизинде "Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?" – деген бир гана суроо беришет. Окуучулар үйрөнгөндөрүн айтып беришет.

**Окуучулардын билимин баалоо:**

***Үйгө тапшырма берүү***:

**333-көнүгүү.** Анда көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп жазышат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Шаршеева Нурай**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**4-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Кептин түрлөрү. Сүрөттөө**

**Сабактын максаттары:**

| **Билим берүүчүлүк максаты:** | **Өнүктүрүчүлүк максаты:** | **Тарбия берүүчүлүк максаты:** |
|---|---|---|
| Окуучулар кептин түрлөрү боюнча жалпы маалымат алышат. Анын ичинен сүрөттөө жөнүндө билишет. | Сүрөттөөнүн түрлөрүн ажырата алышат. Өзүлөрү түзгөн текст аркылуу сүйлөө кеби өнүгөт. | Берилген тапшырмалар аркылуу сүйлөө маданияты калыптанат. Офографиялык жактан сабаттуу жазууга машыгышат. |

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...**

| | | |
|---|---|---|
| Кептин түрлөрү боюнча жалпы маалымат алышса. Анын ичинен сүрөттөө жөнүндө билишсе, түрлөрүн ажырата алышса | Өздөрү түзгөн текст аркылуу сүйлөө кеби, сөз байлыгы өнүксө. | Берилген тапшырмалар аркылуу сүйлөө маданиятын калыптандырышса. Орфографиялык жактан сабаттуу жазууга машыгышса. |

**Сабактын тиби**: Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы.
**Сабактын методу**: Кайтарым байланыш, интерактивдүү методдор.
**Сабактын формасы**: Топтордо иштөө.
**Сабактын жабдылышы**: Сүрөттөр, ватман, стикер, окуу методикалык колдонмолор.
**Сабактын жүрүшү**:
1. ***Уюштуруу (***классты активдештирүү, жагымдуу маанай түзүү).

- Саламатсыңарбы, балдар? Маанайыңар жакшыбы? Бүгүн сабак силер үчүн майрам сабагы болуш керек, себеби сабакта мыкты катышкан окуучулар бүгүн:

1. "Эң мыкты окуучу"
2. "Мыкты окуучу"
3. "Мыкты топ" деген атайы даярдалган грамоталарды алышат.

2. **Өтүлгөн теманы кайталоо** (өтүлгөн теманы кайталоодо класс үч топко бөлүнөт)
**1-топ үчүн**: Берилген сүрөт боюнча тема коюп, ырааты менен баяндап аңгеме түзгүлө.
**2-топ үчүн**: Берилген план боюнча тема коюп, аңгеме түзүп, баяндап айтып бергиле.

1. *Карыя, анын уулу*
2. *Карыянын уулуна айткан кеңеши*
3. *Уулуну кайтарган жообу*
4. *Карыянын сөзү.*

**3-топ үчүн**: Аңгемени окуп, андан ары уланткыла. Темасын койгула.

1. *Биздин класс чоң жана жарык. Класста бардыгы жыйырма окуучу окуйт...*
2. *Жаратылыш бизге көрк берет. Анын байлыктары - биздин мүлкүбүз...*
3. *Биздин үй бүлө чоң. Үйдө чоң энем, чоң атам, ата-энем жашайт...*

Ар бир топтон окуучулар чыгып тапшырмаларды жактап беришет.
Окуучулардын тапшырмасы төмөнкүдөй болушу мүмкүн.

***Атанын кеңеши***

*Илгери бир карыя жашаган экен. Анын уулу болуптур. Атасы уулуна мындай дейт:*

*-Балам, жашоонун сырын бил. Сенин алдыңдан эл кыя өтпөй саламдашсын. Ар бир айылда бирден үйүң болсун, өтүгүң күндө жаңырып турсун.*

*Уулу атасынын сөзүн ойлонуп угат да:*

*-Ата, ар бир айылга үйдү кантип салам? Күндө өтүктү кайдан алам? Канткенде адамдан эл кыя өтпөйт?*

*Карыя күлөт:*

*-Анын жарасы жеңил балам! Ар бир айылда күйүмдүү досуң болсо, үйүң болгону ошол. Өтүгүң күндө жаңырып турсун десең, кечкисин тазалап кой. Ишке таң заарынан жөнө, ошондо сени көргөн эл адынан кыя өтпөй ийилип салам берет.*

Азаматсыңар, балдар! Ошентип биз өткөн сабакта кептин түрлөрү анын ичинен баяндоону өткөнбүз. Демек, **баяндоо** деп турмушта болуп жаткан, болуп өткөн, жана боло турган окуяны жаратылыштын кубулушун ирети менен кабарлоо экен.

**Жаңы тема**:

**Сүрөттөө -** заттык белгилерин ачып көрсөтүүчү кептин бир түрү. Мында жаратылыштагы көрүнүштөрдү, адамдардын келбетин, жаныбарларды ошондой эле буюмдарды сүрөттөөдө аларга тиешелүү болгон белгилер, сапаттар, өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт. Сүрөттөө эки түргө бөлүнөт: **иштиктүү сүрөттөө** жана **илимий сүрөттөө**. Сүрөттөөнүн бир нече түрлөрү бар:

**Турак жайды сүрөттөөдө** бөлмөнүн көрүнүшү, чен-өлчөмү, бөлмөдөгү буюмдар, алардын жыйналыш тартиби ж.б ирет-ирети менен толук баяндалат.

**Көркөм сүрөттөөдө** салыштырмалуу метафора сыяктуу көркөм сөз каражаттары кеңири колдонулуп, бөлмөнүн көрүнүшүн элестүү жана көркөм берүүгө өзгөчө көңүл бөлүнөт.

**Жаратылышты сүрөттөө.** Табигат, дүйнөдөгү жандуу, жансыз заттардын бардыгы жаратылышты түзөт. Аны сүрөттөп жазуу жаратылышты сүрөттөө адамдын көңүл буруусун, байкагычтыгын, билгичтигин, кыраакылыгын өстүрүүгө жардам берет.

**Кыялданып сүрөттөө**. Жаратылышты, турак-жайды, буюмдарды, кыймыл-аракетти ж.б жөн гана болгонун болгондой сүрөттөбөстөн, адам өзү каалагандай кыялданып, апыртып, фантастикалык жол менен да сүрөттөйт.

**Адамдан келбетин сүрөттөө - а**дамдын сырткы келбетин, кебете-кешпирин сүрөттөп жазуунун татаал турлөрүнүн бири.

**Иштиктүү сүрөттөөдө** адамдын негизги белгилерине: бетинин түзүлүшүнө, андагы (так, мең) боюнча, көзү башана, чачына, жашына;

**Көркөм сүрөттөөдө** адабий чыгармалардагы каармандардын сырткы келбетин көркөм каражаттар аркылуу чагылдырууга көңул бурулат.

**Буюмдарды сүрөттөөдө** анын аты, кандай буюм экендиги, мааниси, эмнеден жасалгандыгы, кандай бөлүктөрдөн турары, формасы, өңү-түсү

көлөмү ж.б саналып сүрөттөлөт.

Сабактын кийинки бөлүгүндө өз алдынча тапшырмалар берилет. Класс үч топко бөлүнөт.

***1-топ үчүн***: Берилген сүрөт боюнча адамдын келбетин сүрөттөп жазгыла.

***2-топ үчүн***: Берилген сүрөт боюнча буюмдарды сүрөттөп жазгыла. сүрөттөөнүн кайсы түрүн колдонгондугуңарды аныктагыла.

Ар бир топтон лидерлер чыгып тапшырмаларын окуп беришет. Окуучулардын жообу төмөкүдөй болушу мүмкүн:

**1-топтун жообу:**

Келиндин мүчөсү келишкен, алыстан караганда аркар сыны бар, аркасында кундуздай жалтылдаган эки өрүм кара чачы, көлөкөдө өскөн кайыңдын шагындай самсаалап турат. Кызыл жүздүү, кырдач мурун, кыйгач каштуу, кара көздүү. Ак жибек көйнөк, кызыл тукаба бешмант, кызыл жибек жоолук, бутундагы кара туфлий, артындагы чач учтук баскан сайын шуртулдап сулуунун көркүн чыгарып турат. Ийилип турган розанын кызыл гүлү кандай болсо, бул келин дал ошондой.

**Сабакты бышыктоодо** доскага жалпы бир сүрөт илинет. Ал сүрөттө жаратылыш, буюмдар, жаныбарлар жана адамдар камтылган. Окуучулар сүрөттөн өзүлөрүнө жаккан бир көрүнүштү алып сүрөттөп, оозеки айтып беришет. Окуучулардын жообу төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

**1-окуучу**:

*Көлөкөлөп отурган байдын койчусу. Өзү отуз бештерден ашып калган. Алыстан караганда байкалбаган, берекесиз сакалы бар, жапалдаш сары жигит. Асыл буюмун жоготконсуп башын жерге салып шылкыйып отурат.*

**2-окуучу:**

*Таң аппак аткан. Тизмектелген Ала-Тоонун чокуларына күн алтын нурун чачыратып турат. Кара корум шагылда түндө баскан тумандап бошонуп, алтын нурга куюлуп, жаркырап көз уялтат. Бирок төмөн жак-карагайлуу өзөн бою, биликтүү шам жакканда, үйдүн коңулдарына түшкөн жарыктай иңирип, үрөң-бараң көрүнөт.*

**Окуучулардын билимин баалоо**

Сабакта мыкты катышкан окуучуларга эң мыкты окуучу, мыкты окуучу, мыкты топту аныктап, грамоталарын тапшыруу.

**Үйгө тапшырма берүү**

Окуучуларга өзүлөрүнүн жашаган жайын, жана эң жакын адамын сүрөттөп жазып келүү берилет.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Бейшеналева Нурайым**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

# Сабактын темасы: Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө жалпы маалымат (11-класс)

**Сабактын максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк максаты:**

Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө маалымат алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:** публицистикалык стиль, анын оозеки жана жазуу формасы, чөйрөсү,түрлөрү (отчет,макала, маалымат) боюнча түшүнүк алышат;

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:** топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлоого, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө тарбияланышат.

**Сабактын методдору:**Айтып берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын жабдылышы:**слайддык материалдар, карточка, ватман, маркер, доска.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу.**

**2. Үйгө берилген тапшырманы суроо:**

Жазма жана оозеки стилде текст жазып, түшүндүрүп беришет.

Өтүлгөн теманы суроо-жооп менен бышыкташат.

1. Стиль деген эмне?
2. Оозеки стиль менен жазуу стилинин айырмасын айтып бергиле.
3. Жазуу стили ичара кандай болуп бөлүнөт?

**Жаңы теманы түшүндүрүү:**Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө жалпы маалымат.

**Мугалимдин сөзү:**

- Адабий тилдин өнүгүшүндөгү стилдер жөнүндө маалымат берилет. Азыркы кыргыз тилинин сөздүк курамындагы сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн пайда болуш доору менен булагы, жасалыш ыкмасы, колдонулуш чөйрөсү гана эмес, стилистикалык колдонулушу боюнча өзгөчөлүгү чоң. **Мисалы:***чоң-зор-килейген*. Бул мисалдагы *чоң* деген сөз жалпы лексикада колдонулса, *зор* деген сөз жазма тилде, ал эми *килейген, олчойгон* деген сөздөр оозеки кепте пайдаланылат.

Адамдар белгилүү бир мазмунду берүүчүн ал тууралуу жөн-

жайынча гана айтып койбостон, ага карата өз мамилесин, ички сезимин (канаттануусун, кубаттоосун, жакшы көргөнүн, жактырганын, эркелетүүсүн, кубангандыгын, суктануусун, буларга карама-каршы жек көрүүсүн, керкээрленгенин, какшыктоосун, кагуусун, карасаноосун ж.б.) билгизүүүчүн да аракет жасашат. Мисалы көркөм чыгармада эмоция менен айтылган жакшы көрүү сөздөрү: *энекебай, жеңекебай, кулунум, чырагым, жалжалым, ботом, алтыным, эркем, күнүм, айым, медерим, каралдым* ж.б.

Ватмандагы көркөм чыгармадан алынган сөздөр мисал катары көргөзүлөт.

*"-Энекебай,*
*Кайратымдан жазбадым*
*Мен мурунку мен эмесмин, башкамын..."* (Ж.Т. "Энеме").
*"-Жамийлам, жаным, калкатайым, кызыл гүлүм, Жамалтай!"*
*"-Бүркүтүм, шаңшыган бүркүтүм!" (Ч.А. "Жамийла").*
*"-О, кагылайын, кагылайын, кубатым, ырысым..."* (Т.К.).

*"Э, сен, "кыйратарсың"деп күлүшүп,*
*"Аман бол, кайран Бакем" дешкен болду.*
*Турмуштун арзан баалуу бир затындай,*
*Эч кимге билинген жок анын жогу*. (А.О. "Ким болду экен").
*"Жогол үйдүн көгөргөн чечек, - деп шилиге бир муштады".* (М.Б.)

**Мугалимдин сөзү:**

- Кыргыз адабий тилинин стилдерин изилдөө иштери XX кк. 60-жылдарынан башталган. Изилдөө иштеринин алгачкы этабында кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын чыгармаларынын тили лингвистикалык планда талдоого алынган. Кыргыз адабий тилинин стилистикасы жана стилдеринин түрлөрү жөнүндө толук илимий маалымат А.Турсуновго таандык. Окумуштуу кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарындагы стилдерди 5ке бөлүп карайт. Алар - **илимий стиль, иш кагаздарынын стили, публицистикалык стиль, сүйлөшүү стили жана көркөм стиль**(ушул жерден атайын даярдалган таблица илинет). Бул стилдер коомдо аткарган кызматы, ички белгилери жана тилдик каражаттарынын ар түрдүүлүгү менен биринен экинчиси кескин айырмаланат. Кыргыз адабий тили ар кандай тармактарда колдонулат. Мисалы, адабий тилибизде газета-журналдар чыгат. Мындагы материалдардын тили жалпы жонунан публицистикалык стиль деп аталат да, өзүнө тиешелүү тилдик өзгөчөлүктөрү бар. Ушул сыяктуу эле илимий эмгектердин мазмуну боюнча башкача стилде (илимий) жазылат, мунун да өзүнө тиешелүү тилдик бөтөнчөлүктөрү бар. Көркөм адабиятта чыгармалар стили боюнча башкача, анда тилдик башка

ыкмалар колдонулат. Иш кагаздары да стили боюнча жогоруда саналгандардан айырмаланып турат.

**Бүгүнкү сабакта биз силер менен публицистикалык стиль жөнүндө түшүнүк алмакчыбыз.**

Публицистикалык стилге коомдук темада жазылган газеталык, журналдык статьялардын адабий сын макалалардын агитация-пропагандалык материалдардын жана жалпы эле газетага жарыяланган ар түрдүү кабарлардын, кыскача макала очерк, фельетондордун стили кирет. Мына ушул стиль аркылуу коомдун алдында пайда болгон проблеманы чечүү милдеттери ишке ашырылат. Бул милдеттерди аткарууда массалык маалымат каражаттарында жарыяланган публицистикалык материалдардын мазмуну учурдун талабын так чагылдырып, далилдүү логикага таянышы керек.

Натыйжада масса көтөрүлүп жаткан проблеманын зарыл экенинине ишенет жана аткаруу үчүн киришет. Ансыз публицистикалык чыгарма өзүнүн актуалдуулугун жоготуп алат.

Публицистикалык материалдар арналышы боюнча кыргыз адабий тилинин башка стилдеринин материалдарынан айырмаланат. Мисалы, арыз бир гана адамга (жетекчиге), ал эми илимий китеп кайсы бир адистикте иштеген же окуган адамдардын тобуна, ал эми публицистикалык материалдар жашы, көз карашы, кесиби, улуту, кызмат абалы, кызыгуулары, билим деңгээли ар түрдүү болгон адамдардын тобуна арналат.

Публицистикалык стиль адабий стилдердин башка түрлөрү сыяктуу жазма жана оозеки формада жашайт. Текст кандай формада аткарылгандыгына карабай, берилүүчү маалыматтын жалпы мазмуну экөөндө тең сакталат. Пайдаланган каражаттар боюнча өз ара айырмаланышат. Публицистикалык чыгармада коомдогу маанилүү маселелер сөз болот. Анын тейлөө чөйрөсүөтө кеңири. Ошондуктан публицистикалык материалдар саясий коомдук экономикалык, маданий жана башка багыттарды камтыйт. Демек публицистикалык стилдин көтөргөн жүгү коомдун турмушунда өзгөчө мааниге ээ болгондуктан ал өзүнүн агитациялык жана пропагандалык иштеринде өзгөчө каражаттарды талап кылат. Ошентип публицистикалык стиль бүгүнкү күндө газетада, радио уктурууларда жана теле берүүлөрдө, коомдук саясий журналдарда колдонулган тексттердин стили болуп саналат.

*Түшүндүңөрбү, балдар, эми кийинки слайддарга көңүл буруп окуп көрөлүчү.*

**№1 слайд**

(Окуучулардын бири үн чыгарып, интонацияны сактоо менен телерадиодо сүйлөп жаткан сыяктуу үн, тон менен окуп берет).

*Кыргыз публицистикасы оозеки түрүндө болсо да, байыртадан бери жашап жана өнүгүп келе жатат. Элибиздин оозеки чыгармачылыгындагы Жейренче чечен жана Акыл Карачач бекеринен акылмандыктын жана чечендиктин үлгүлүү өкүлдөрү катары эсептелбейт. Чабышкан тараптарды табыштырганда, кун бычымын белгилегенде, элди достукка чакырганда, деги эле элибиздин турмушунда эриш-аркак жашаган жакшылык жана жамандык иштеринде чечендердин кеби чечүүчү мааниге ээ болгон. Алардын кебин эл жөн эле муюп угуп койбостон, кептин мазмунуна жана учурдагы жүйөөсуно карата өзүнүн активдүү позициясын жарата алган.*

**№2 слайд (муну да бир окуучу окуп берет)**

*XIX кылымда элибиздин саясий тарыхына өздөрүнүн таасирин тийгизген Алымбек датка, Курманжан датка, Ормон хан, Шабдан сыяктуу инсандарды эл бекеринен ээрчибеген, бөтөн элдердин өкүлдөрү алардын суроо-талаптары жана акылман чечимдери менен жөн жерден эле макул болбогон. Алар өз доорлорунун публицисттери болушкан.*

**№3 слайд (муну да бир окуучу озун диктор катары сезип окуп берет)**

*Кыргыз публицистикасын кыргыз сөз чеберлери Ч.Айтматов баш болгон кийинки мууну улаган. Натыйжада бул стиль жалаң эле сөз чеберлеринин гана интеллектуалдык мейкиндиги болбой калды. Илимпоздор мисалы, Б.Алымов, С.Байгазиев, А.Муратовдор өздөрүнүн заманбап публицистикалык чыгармалары менен кыргыз жаштарынын жаңы муунун тарбиялоого өз салымдарын кошо алышты.*

**Мугалимдин созу уланат:**

Кыргыз элинин эгемендүүлүкко ээ болушу демократиялык коом түзүүчүлүк, чарбалык идеологиялык багыттагы, жаңы мазмундагы публицистикалык чыгармалардын жазылышын шарттады. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына ж.б. иш-чараларга арналган публицисткалык чыгармалар элибиздин улуттук сезимин арттырууга, Кыргызстанды курууга болгон көз карашын бекемдөөгө чоң салым кошту.

Демек, публицистикалык стиль табиятында коомдун жашоосу, андагы өзгөрүүлөр менен жарыш жашайт. Бул стиль коомдук аң-сезимди улуттук нукка бура алат. Ар бир адамдын жүрөгүнүн тереңиндеги актуалдуулук улуу сезимди жаратат. Коомдун ар бир мүчөсүнүн, анын ичинде сиздердин да, кымбаттуу окуучулар, келечекке болгон зор ишенимиңерди арттырат деп ойлоймун.

Публицистикалык стилдин төмөндөгүдөй түрлөрү бар. Алар менен

төмөнкү слайдда таанышабыз.

**№4 слайддын материалы сунушталат:**

Расмий публицистикалык стилдин түрлөрүнө хроника, отчет, билдирүү, интервью, баш макала, лицензия, комментария ж.б. кирет. Маалымат (информация) көлөмү чакан, турдүү окуялар жана кубулуштар жөнүндө фактыларга негизделип берилген кабар. Ал документалдуулугу, маалыматтарынын тактыгы, расмийлүүлүгү жана ойду туюнтуунун бейтараптуулугу менен өзгөчөлөнөт. Акыркы белгиси - ойду туюнтуунун бейтараптуулугу - маалыматтын авторунун, маалыматтын мазмунуна карата эмоциясын билдирбөөсү каралышы зарыл.

Макала - кандайдыр бир проблемага арналган саясий темадагы стиль. Ал тематикасынын масштабдуулугу, тилинин ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт жана массаны баш макала сыяктуу белгилүү бир идеологиялык багытка барууга багыт берген публицистикалык чыгарма болуп саналат.

Отчет - кандайдыр бир аткарылган иш-чара, же чечилбеген проблема боюнча жасалган билдирүү. Анын көлөмү ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, эл депутатынын өзүнүн шайлочуларынын алдында, алардын өтүнүчтөрүнүн, талаптарынын аткарылышы боюнча чыгып сүйлөшү - отчеттун үлгүсү болот.

Кана, жаңы тема боюнча түшүнбөгөн жерлериңер барбы, болсо суроо бергиле.

Анда азыр төмөндөгүдөй өз алдынча иштерди аткарабыз. 1, 2, 3 деп саноо менен класс 3 топко бөлүнөт. Ар бир топко төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет.

**1-топ учун:** Кандайдыр проблемага арналган макала жазгыла.

**2-топ учун:** Телеберүүгө көлөмү чакан, фактыларга негизделген маалымат (информация) жазгыла жана аны өзуңөрдү диктор катары сезип окуп бергиле.

**3-топ үчүн:** Өзүңөрдү депутат деп эсептеп, шайлоочулардын алдындагы отчетуңарды түзгүлө.

Бул учурда мугалим доскага туура эмес формада жазылган текстти сунуш кылат. Ар бир топтон лидерлер чыгып, берилген тапшырманын аткарылышын презентациялашат. Тексттерди окуу учурундагы интонациянын сакталышына да көңүл бурулуусу керек. Ошондон кийин жалпы класс доскада жазылган текстти окуп, анын каталарын таап, мазмунуна карата макала отчет же маалымат экендигин аныкташат.

Оозеки кептеги жана жазма речтеги айырмачылыктарды теренден таануу үчүн оюн уюшулат. Мугалим балдарга ар кандай фигуралардан турган чиймелери бар барактарды таратат. Окуучулар экиден жуп болуп бөлүнүп, баракта берилген чиймени биринчи окуучу экинчисине ыраатты менен айтып,

түшүндүрөт. Ал эми угуп жаткан окуучу түшүнгүнүн таза баракка чагылдырып, чийип чыгат. Оюндун жыйынтыгында кимдики туура чийилгенине маани берилет. Муну менен оозеки кептеги сүйлошүүдө маалымат канчалык денгээлде жеткиликтүү болот, аныктап алууга мүмкүн. Эгерде ушул эле оозеки речти жазуу турундо чагылдырса, бир топ реалдуу жана тапшырма так аткарылмак. Окуучулар ушуну түшүнүшөт.

Мындан кийин жогорудагы бөлүнгөн 3 топко кезектеги тапшырма берилет. Мугалим балдарга кыскача текст окуйт. 1-топ текстти оозеки стилде айтып берет, бул учурда 2-топ окулган текстти публицистикалык стилге ылайыктап жазып чыгат. Ал эми 3-топ көркөм стилге таянып, тапшырманы иштеп чыгат.

**Сабакты бышыктоо:**

Мына балдар, бүгүн биз кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарындагы пайда болгон стилдер жөнүндө, анын ичинде публицистикалык стиль тууралуу сөз кылдык. Кана, бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүңөр?

**Хйгө тапшырма берүү**: Каалаган текст алып, аны публицистикалык стилге айландыргыла.

**Окуучулардын билимин баалоо:** Сабакка активдүү катышкан окуучуларга тиешелүү баалар коюлат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Рыскелдиева Айпери**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

## Сабактын темасы: Стилистика, анын милдети жана изилдөө обңектиси. Сүйлөшүү стили.

**Сабактын максаттары:**

**а)билим берүүчүлүк максаты**:

Окуучулар, анын милдети жана изилдөө обњектиси тууралуу маалымат алышат.

**б) өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Оозеки жана жазма стилдердин айырмачылыктарын билишет, өз кебинде пайдаланууга үйрөнүшөт.

**в) тарбия берүүчүлүк максаты:**

Адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазууга тарбияланышат.

**Сабактын методдоруу:** Интерактивдүү методдор.

**Сабактын тиби:**Жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын жабдылышы:**китеп, барак, доска, таблица, бор, карточка.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**

**2. Уй тапшырмасын суроо:**

64-көнүгүү. "Кекчил буура" текстинен башка тилдерден кирген сөздөрдү таап, айтып беришет.

Башка тилдерден кирген сөздөр тууралуу суроолор берилет.

1. Кыргыз тилинин лексикасына кайсы тилдерден сөздөр кирген?

2. Орус тилинен кирген сөздөр кандай болуп бөлүнөт?

3. Монгол тилдеринен кирген сөздөрдүн башка тилдерден кандай айырмалчылыгы бар?

**Жаны тема:** Стилистика, анын милдети жана изилдөө обњектиси.
Сүйлөшүү стили.

**Мугалимдин сөзү:**

Стиль түшүнүгү тилдин коомдук кызматы менен тыгыз байланышта каралат. Тилдик ал кызматта-пикир алышуу, кабарлоо жана таасир этүү болуп саналат. Стилдер, алардын түрлөрүн окуп үйрөтүүчү илим стилистика деп аталат. Кыргыз адабий тилинде илимий, иш кагаздар, публицистикалык, сүйлөшүү жана көркөм стилдер бар. Мына ушулардын ичинен биз бүгүн "Сүйлөшүү стилинин түрлөрүн" өтөбүз. Азыркы кыргыз тилинин сүйлөшүү стили адабий сүйлөшүү кеби жана жөнөкөй сүйлөшүү кеби деп экиге бөлүнөт.

**№1 слайд көрсөтүлөт**

***Адабий сүйлөшүү кеби****расмийлүүлүк белги басымдуулук кылган жайларда - чогулуштарда, окутуу процессинде, митингдерде ж.б.у.с. чөйрөлөрдө кеңири колдонулат. Сүйлөшүү кебинде адабий тилдин нормалары так сакталышы керек, т.а. сүйлөөчүөзүнүн кебинде диалектилик, жаргондук тилдик фактыларды колдонбоого аракет кылат*.

**№2 слайд**

*Жөнөкөй сүйлөшүү кеби колдонулуу чөйрөсү жана ишке ашырылышы боюнча адабий сүйлөшүү кебинен айырмаланат. Т.а., жөнөкөй сүйлөшүү кеби диалогдук пикир алышууда коп колдонулат. Демек, сүйлөшүү кеби диалогдун жана монологдун негизинде түзүлөт. Сүйлөшүү стилине турмуш-тиричилик диалогу, интеллектуалдык диалогу, дискуссия, диспут, монолог жана эпистолярдык чыгармалар: достук каты, туугандык кат, ашыктык кат жана башкалар кирет.*

**№3 слайд**

*Турмуш-тиричилик диалогунда сүйлөөчү жана угуучу тараптар болот да, алар пикир алмашуунун жагдайына ылайык кепке катыша берет. Бул стилде угуучуга ойду туюнтуу толук эмес формада. Аны синтаксистик жактан үзүк-үзүк берүү абалында ишке ашырылат. Бирок экинчи тарап биринчи тараптын оюн маалыматтын булагына, кеп жагдайына, контекстке жана пикир алмашууда керектелген каражаттардын жардамына таянуу менен, толук алууга жетише алат.*

**Мисалы,** студенттердин төмөнкүдөй диалогу кепте атайын соз болбосо да, эки тарапка түшүнүктүү болгон бир топ сөздөрдүн көмүскөдө калышы менен ишке ашат:

-*Качан келдин?*

-*Кечинде.*

-*Мага эмне алып келдин?*

-*Баарын коңшу кыздар жеп коюшту.*

Диалогдо болжол менен *үйдөн, алып келгендеримди, жатаканадеген* сыяктуу сөздөр пайдаланылбаганы менен, аларды эки тарап тең көмүскөдө пайдаланды.

**№5 слайд:**

*Монолог суйлөөчүнүнөзүнө кайрылган, башка бирөөнүн кептик реакциясын талап кылбаган кебинин бир формасы болуп саналат. Монолог диалогдон кепке биринчи тарап гана катышканы, анда ой пикир кеңири берилгендиги, башка бирөөго кептин арналбагандыгы жана ага карата жооп талап кылынбагандыгы менен айырмаланат. Ал көркөм чыгармаларда акын жазуучулар тарабынан көп колдонулат.*

*Жыйынтыктап айтканда, сүйлөшүү стили оозеки жана жазуу формасында жашайт.*

Кана балдар, сүйлөшүү стили жөнүндө түшүнүк ала алдыңарбы? Сурооңор болсо бергиле.

Окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат.

Сабактын кийинки бөлүгүндө төмөнкүдөй өз алдынча тапшырмалар аткарылат. Класс 1, 2, 3 деп саноо менен топторго бөлүнөт. Ар бир топко ар

башка тапшырмалар сунушталат.

**1-топ учун:**

-Стилдин кандай түрлөрүн билесиңер?

-Сүйлөшүү стили дегенди кандай түшүндүрөсүңөр?

**2-топ учун:**

-Адабий сүйлөшүү кеби кайсыл учурларда колдонулат?

-Жөнөкөй сүйлөшүү кебине мисал келтиргиле

**3-топ үчүн:**

-Чыгармалардан диалогдорду таап, аларга талдоо жүргүзгүлө.

-Монолог жөнүндө эмнени билесиңер?

Топтор өз алдынча даярданып жатканда мугалим кийинки тапшырманы доскага даярдайт.

Көркөм чыгармадан алынган 2 текст доскага илинет. Автордун сөзүнөн диалог менен монологду бөлүүүчүн тапшырма берилет.

Окуучулар тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, стиль жана стилистика боюнча кластер түзүшөт.

**Сабакты бышыктоо:**

Кайтарым байланыш методунун негизинде "Биз бугун эмнени уйрондук?" - деген бир гана суроо берилип, окуучулар түшүнгөндөрүн кыскача айтып беришет.

**Хйгө тапшырма берүү:**

Оозеки жана жазуу стилинин айырмачылыгын билип келүү. Стилистика, анын милдети жана изилдөө обьектиси.

**Окуучулардын билимин баалоо:**

Хй тапшырмасын аткарган, сабакка активдүү катышкан окуучуларга баа коюлат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

## Мазмуну:

**Койлубаева А.**

Уңгу, мүчө. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр.........................................................

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөм

Үндүүлөр системасын кайталоо

**Түмөнбаева Ж.**

Сөздүн составдык бөлүктөрү, сөз түркүмдөрү, зат атооч боюнча кайталоо сабагы............................................................................................................................

Фонетика бөлүмүн кайталоо. Машыгуу, көнүгүү сабагы................................................

**Абылаканова А.**

Сын атоочтун күчөтмө даражасы...........................................................................................

**Алекова Б.**

Каратмасөз.................................................................................................................................

Эсептик сан атооч.......................................................................................................

**Алмазбек к. Ж.**

Багыныңкысүйлөмдүнтүрлөрү. Мезгил жана орун багыныңкысүйлөм……………..........

**Антонова А.**

Расмий эмес иш кагаздары, анын түрлөрү..........................................................................

**Асанкадырова Г.**

Зат атооч жана анын түрлөрү.............................................................................................

Орфографиянын эрежелери.................................................................................................

**Бактыбек к. К.**

Тил жана кеп......................................................................................

**Бекбосунова К.**

Сырдык сөздөр.....................................................................................................................

Сан атооч................................................................................................................................

Сүрөттөө................................................................................................................................

**Бойдоева А.** Сан атоочбоюнчакайталоо конференция сабагы…………………………..

**Болотбек к Г.** Бышыктооч жана анын түрлөрү боюнча жалпы кайталоо..........................

**Даменова П.** Жай сүйлөм.....................................................................................................

**Буларкиева М.** Текст, анын мүнөздүү белгилери................................................................

**Зарылдыкова А.** Диалог жана анын тыныш белгилери……………………………......

**Кадырова А.** Сан атооч.........................................................................................................

**Кадырова А.** Сан атоочтун маанисине карай бөлүнүшү.......................................................

**Карыпаева Ж.** Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү................................................................

**Касымакунова К.** Жай сүйлөм...............................................................................................

**Кулматова Г.** Кептин түрлөрү. Баяндоо.................................................................................

**Курманбекова К.** Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматтары.................................................................................................

**Мабетжанов У.** Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү........................................................

**Муканбет к. М.** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жана алардын түзүлүшү........................

**Мүсүрбаева Э.** Орун багыныңкы сүйлөм.............................................................................

**Мүсүрбаева Э.** Бир тутумдуу сүйлөмдү кайталоо.................................................................

**Нурбек к. М.** Шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөм............................................

**Нурбек к. М.** Кептин түрлөрү. Баяндоо.................................................................................

**Нурбек к. М.** Багынынкы байланыштагы кошмо сүйлөм.........................................................

**Нурлан к. З.** Багыныңкы сүйлөм боюнча жалпы кайталоо....................................................

**Өмүрбекова М.** Атоочтук баяндооч.........................................................................................

**Өмүрбекова М.** Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр...............................................
**Орозакунова М.** Тактоочтор.......................................................................................
**Орозакунова М.** Уңгу жана мүчө.................................................................................
**Сагынбекова А.** Атоочтук баяндооч.............................................................................
**Сатыбалдиева М.** Эриндүү жана эринсиз үндүүлөр.........................................................
**Сатыбалдиева М.** Кемтик сүйлөм………………………………………………………
**Сулайманова Ж.** Өткөн чак……………………………………………………………
**Таалайбек к. А.** Сын атооч…………………………………………………………
**Тыныстанова М.** Тыныш белгилердин негизги эрежелери…………………………………..
**Уланбек к. Н.** Ээ менен баяндоочтун ээрчишкен, ээрчишпеген учурлары............................
**Уланбек к. Н.** Атоочтуктар.........................................................................................
**Уланбек к. Н.** Бөлүкчөлөр..........................................................................................
**Шаршеева Н.** Жалаң сүйлөм.......................................................................................
**Шаршеева Н.** Кептин түрлөрү. Сүрөттөө........................................................................
**Бейшеналиева Н.** Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө жалпы маалымат
**Рыскелдиева А.** Стилистика, анын милдети жана изилдөө обңектиси. Сүйлөшүү стили.